# Ала Тоо

АЙ САЙЫН ЧЫГА ТУРГАН АДАБИЙ-КӨРКӨМ
ЖАНА КООМДУК-САЯСИЙ ЖУРНАЛ

КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН ОРГАНЫ

№ 2

ФЕВРАЛЬ

1989

## МАЗМУНУ

ПРОЗА

**Сейит ЖЕТИМИШЕВ.** Эл арасында, роман 3

ПОЭЗИЯ

**Кармышак ТАШБАЕВ.** Жер боорунда, ырлар . . . . . . . . . . 53

ПРОЗА

**Эмил ӨМҮРАКУНОВ.** Жыландар ханышасы, повесть (Баш сөзүн жазган Н. Байтемиров) . . . . . . . . . 58

АДАБИЙ МУРАС

**Абдыганы ЭРКЕБАЕВ.** Молдо Кылыч . . . . 94

**МОЛДО КЫЛЫЧ.** Поэмалар . . . . . . 95

ТАРЫХ. САНЖЫРА. ЭЛ КАЗЫНАСЫНАН

**Айдарбек КӨЧКҮНОВ.** Н. Я. Бичурин Енисей кыргыздары тууралуу . . . . 112

**Н. Я. БИЧУРИН.** «Байыркы мезгилде Орто Азияда жашаган элдер тууралуу маалыматтардын жыйнагы» . . . . . . 114

ОЧЕРК, ПУБЛИЦИСТИКА

**Муса САПАЕВ.** Аянычтуу айыл абалы . . . 120

ФИЛОСОФИЯ. МИФОЛОГИЯ. ДИН

**Сатыбек АЛИЕВ.** «Манастагы» мифтик түшүнүктөр . . . . . . . . 136

ӨНӨР

ОЧЕРК, ПУБЛИЦИСТИКА

*Муса Сапаев*

# *Аянычтуу айыл абалы...*

Те, белгисиз доорлордун уюлуна катылган башаттан сансыз мезгил аяр басышта келген «буудан» улам арышын ылдамдатып, текирең таскакка сала, анан жоргосун чайкап, мына төрт аягын кере таштап келаткан чуркоосунда таноолору демиге кара терге түшүп марага жакындап баратат. Бул мара адамзаттын аң-сезимдүүлүктү эсепке ала баштаган мезгилден берки марасы — эки миңинчи жыл. Эки миң жылдын ичинең марага чейинки «көз ирмем» адам деген инсанаттын кайдан, кантип, каякка баратабыз деген суроосуна жооп берүүгө, жалпы эле өнүгүү, өсүү, калыптануу багытындагы бир жыйынтыктуу бүтүмгө келерине бараандуу себеп болору бышык. Мына ушул мараны көздөй элибиздин ат жалында ойногон шайдоот мүнөзүн калыптандырган, таштан-ташка урунуп, шаркырап аккан ак шапата тоо суулары, күлкү коштогон күмүш күбөк булактары, кыр-кырда кырмызы гүл жайнап, бетегеси белден сырттары, ак аскар тоолору, аяк-башына көз жетпеген түздүктөрү курчаган айылдарыбыздын бешене тагдырына сарасеп салуу кезмети келип, пайнабы жок убадачылыкты четке кагып, нукура демократиянын күчү менен жаңылануга багыт алуудабыз. Анан да, кайра куруунун күжүрмөн кубаты: айкындык, маалымдуулук, адилеттиктин шарданасы ого бетер буга дем берип, чечкиндүү жана кебелбес чындыкты талап кылып турган чагы.

Айылым Дароот-Коргон айтылуу Алай өрөөнүндө. Мен ушул айылда туулуп-өстүм, ушул айылда жашап жатам. Айыл Ош шаарынан үч жүз чакырым алыстыкта, Чыйырчык, Талдык, Катын-Арт деген түтөктүү бийик ашууларды ашып, далай жол басып жетебиз. «Жердин аты — элдин аты» деген экен бир белгисиз даанышман, бул сөзгө ал кандай маанини камтып кеткенин айтпаптыр, кыязы өздөрү талдап түшүнсүн деген го. Мен бул ылакаптын мааниси жөнүндө кийинки кезде көп ойлоно турган болдум, ой учугун табуу кыйын.

Ашуулардын аттарына эле токтололучу: Чыйырчык — бул чымчыктын аты эмес, тетиги койдун чыйыры менен белеске чык деген маниде болсо, Талдык — арыдык, чарчадык, талыдык деген сөздөн улам жаралган. Ал эми Катын-Арт деген ашууда басмачылардан качкан бир киши атка жүктөлгөн отунга кошо аялын таңып, жашырып кордуктан сактап калат. Ушундан улам «Отун арт», отунга кошуп катын арт» деген макал эл ичинде айтылып кеткен. Ошентип, Дароот-Коргонго чейинки бирде демиге өр тартып, бирде чың ылдый кеткен жыландай ийри-муйру жолдо баратканда тарых көз алдына бир катар элестеп, орошон ойду мажбурлай талпынтып, кээде денени дүркүрөтө кейиштүү аралап өтөт. Алай өрөөнү кыйла кызыктуу, далай таң каларлык жер: бир тарабы Памир, экинчн тарабы Алай тоолору менен курчалып турган коон-

дун бир тилиминдей, узундугу эки жүз чакырымга жакын түздүк, бир дагы аймак менен түздөн-түз туташпайт — жалаң ак мөңгүлүү ашуу менен, жалаң асман мелжиген аскалуу тоо менен сепилдей айландыра курчалып барып биригет. Мына ушул өзгөчөлүк жалпы эле айылдарыбыздын өнүгүп-өсүш тагдырына сарасеп салууга оңтойлуу бир жагдай түзүп бергенсийт.

Тэ, көөнө заман, айылда «төрөлүп» айылда «торолот» да анан андан калаа өсүп чыгат. Кыскасы, айылдан токоч алып, акылын жөнөтүп турган жерди калаа деп атап коюшат. Жүрүп олтуруп калаа айылды тоотпой «сенин келечегиң жок, сен жоюласың, илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктери менен — өнөр жайлык жол менен биз сени турмуштан чанабыз» деп маселе козгойт. Бирок бара-бара өз түйшүгүнө өзү чалынып, ойлору чаташып, төбөсүн көк түтүн» чала баштаганда: «Ээ, жок, сен да керек экенсиң, бирок капа болбо колдойбуз, коргойбуз, жардам беребиз, өнүктүрөбүз, өстүрөбүз биздей эле, калаадай эле турмуш шарттуу, маданий-каадалуу аймакка айланасың, мына ишенбесең» деп айылдын «далысын» таптайт. Бул мындан ондогон жыл мурда болгон иш. Андан кийин калаа айылдын көңүлүн эчен курдай жубатпады, эчен курдай сооротподу!?

«Эң оболу матерналдык-техникалык базаны түзөлү, бул үчүн айыл чарбасын ар тараптан өнүктүрөлү: талаачылыкты, мал чарбасын кирешелүү тармакка айландыралы. Ошондуктан, эң негизгиси — азыр планды аткаруу маселеси, колдон келсе милдеттенмени да өтөөсүнөн үзгүлтүксүз чыгып туралы, анан, «шаар менен айылдын ортосундагы социалдык-экономикалык жана маданий турмуш-тиричилик айырманы жоюу улуу ийгиликтердин жыйынтыгы болот... Эмгектенүү адам үчүн рахаттуу алектенүүгө айланат» деген убада айтылат. Бул бир миң тогуз жүз алтымыш биринчи жылдын октябрь айы эле. Ал эми бир миң тогуз жүз сексен сегизинчи жылдын июнь айынын аягында болуп өткөн XIX партиялык конференцияда азык-түлүк проблемасын чечүү маселеси кайрадан биринчи планга коюлгандыктан, «шаар ушул кезге дейре айылдан алган карызын кайтарып берсин, айыл жергесин гүлдөтүп өстүрүү биздин бүгүнкү күндөгү биринчи даражадагы ыйык парзыбыз» деген ойлор айтылды. Эмесе сөз оңуту ошол айыл тууралуу болсун.

Республикалык газета-журналдар ден-соолук жөнүндөгү маселеге кайрылганда айрыкча бир жашка чейинки балдардын чарчап калышы миң балага эсептегенде шаарга салыштырганда айылда көп болуп жаткандыгы тууралуу далай жолу жазышты. Бул өксүк Алайга да таандык. Маселе, райондук, чарбалык жыйындарда да далай ирет көтөрүлөт, анан келип эле дүкөндө балдардын атайын тамактарынын жетишсиздигине, сүт кухняларынын жоктугуна, эгер болуп калса начар иштеп жаткандыгына, медициналык тейлөөнүн тиешелүү деңгээлде эмес экендигине төңкөө менен чектелет, жыйында «катуу каралган» кездерде айтылган абал бир аз оңоло түшөт, анан кайра унутулат. А негизинен канааттангыдай жылыш байкалбайт. Анткени, проблема айыл адамынын жалпы социалдык-маданий шарты менен мүнөздөлөт. Айыл жергеси оор түйшүктүн очогу бойдон кала берүүдө, ал түгүл дагы оорлошууга карай ыктап баратат. Айыл адамы — демек, бул негизинен малчы же дыйкан. Ал эми мекемеде иштегендер сезон сайын айыл чарба жумуштарына тартылып турат. Ошондуктан алар көп учурларда бала-бакырасына, үй-бүлөсүнө жардам бере албайт, мал кыштатуу, сакмал, айдоо, себүү, кыркым, сугат, тоют даярдоо, жайлоого көчүп чыгуу, көчүп келүү, короо-сарайларды оңдоо, куут, кышка карата даярдануу баары кыска мөөнөттө бүтүш керек, баары шашылыш, бири-бирине байланыштуу. Тиричилик менен алектенсең муну ким бүтүрөт? Анан үй тиричиликтеги зарыл түйшүктүн баары аялдын мойнуна жүктөлөт: таң заардан туруп малын карайт, уй саайт, отун жарат, күл чыгарат, от жагат, тамак даярдайт, үй жыйнайт, баланы карайт, кир жууйт, малдын кыгын чыгарат, дүкөнгө чуркайт, огород менен алышат, тандырга нан жабат, анан алыстан суу ташыйт. Бизде кышында чана менен, жазында кол араба

менен — көбүнчө эшекке жүктөлгөн күбүркөйлөр менен суу алып келишип, флягаларды толтуруп салат, антпесе болбойт. Убаралангангa жараша үч-төрт күнгө жеткидей суу ташыйт, дем алыш, эс алуу дегенди билбейт. Үч маал тамакка олтуруу айылдагы аялдар үчүн эс алуу катары. Чоңойгон балдары кол кабыш кылбайбы деген суроо туулат. Алардын да колдору бошобойт, анткени мектептин түйшүгү үй-бүлөнүкүнөн кем эмес, сабак бүттүбү, эжекеси же агайы тамактанып кайра мектепке кел дейт, аларга да тагылган ар кандай кошумча тапшырма, чарбанын жумуштары болот. Биздин айылда мектептен үйгө чейинки аралык алыс, бир кыштактан экинчи кыштакка баруу керек, көпчүлүк убакытты окуучулар жолдо өткөрөт, анан сабакка даярдануу деген да болуш керек эмеспи. Ушинтип айылда түйшүк оор. Түйшүктүн оордугу, бош убакыттын жетишсиздиги бул өз кезегинде маданий сабаттуулуктун жетишсиздиги. Ошентип убагында эс алуу, сейилдөө, спорт дегендерден айылдыктын түшүнүгү болбойт. Ал го ал болсун, андан да бир жагынан шарты туура келбегендиктен, экинчи жагынан жакшы маани бербегендиктен айылдыктар туура жана рационалдуу тамактанууну билбейт. Аялдар болсо бойдогу баланын ден соолугу эненин ден соолугуна жараша болоруна көңүл бөлүүгө чамасы жетпейт. Ооруканага келгенден кийин жалпы ден соолугунун бошоңдугунаң кыйналып төрөйт, баласынын да салмагы төмөн, арык. Үйүнө келет. «Баланы ар түрдүү витаминдүү жашылча ширелери, сүт оокаттары менен тамактандыруу керек» дейт айылды кыдырган чакылдаган медсестра. Буларды кайдан табасың? Өрөөн боюнча беш чарбанын ортосунда бир гана Дароот-Коргондо жашылча дүкөнү бар. Атыбыз Орто Азия, андагы сатылган кечигип, эскирип кеткен жашылчанын баасы Сибирдин базарыңан айырмасы жок. Ал эми жайлоодогу малчы үчүң жашылча-жемиш дегениң анда-мында Москва, Ленинграддан белекке алынып келген базарлыктай эле бар. Ушинтип баланы ыйлай-сыктай бир жашка жеткиресиң, бирок маселе аны менен эле чечилип калбайт, бир жаштан кийин да бала тез-тез ооруп турат, көбүнчө жугуштуу оорулар менен. Мунун биринчи себеби, врачтардын айтуусу боюнча жанагы флягадагы сууга байланыштуу. Дароот-Коргонду аралап аккан сууну Дара суусу дейт, ал Теңизбай ашуусунан башталат. Жай айлары Теңизбайдан Дароот-Коргонго жеткенче сууну бойлой он бир, он эки жерге кой короо жайгашат, демек, сууну мал тынымсыз кечип турат, кыштакка келгенден кийин суу эки арыкка бөлүнөт, эл мына ушул арыктан суу ташып ичет, ал эми арыктын абалы жөнүндө айтпай эле коелу. Демек, суу чакага сузуларга чейин эле кыйла даражада булганч болот, бала деген бала эмеспи ары-бери чуркайт, ойнойт, чаңкап келип идиштеги суудан чөмүч менен сузуп ичет да, дагы чуркап кетет, муну эч кайсы күч менен токтото албайсың. Анын үстүнө идиште сакталып турган суу бир суткага чейин гана ичүүгө жарактуу, сакталган суу убакыт өткөн сайын сапатын жогото берет, санитардык-гигиеналык талапка жооп бербей калат. Ошентип эл мурда ташылып келинип идиштерге толтурулган сууну он, он беш күндөн сактап пайдаланат.

Айылдыктардын, айрыкча малчылардын негизги оорусу тиш ooру. Жашы отуздан ашкандан кийин тиши бүтүн айылдыкты кездештирүү өтө кыйын. Кырктын тегерегиндегилер тишинин жарымынан ажырайт, бул да жанагы сууга байланыштуу. Тоо суусу көбүнчө мөңгүнүн, кардын суусу, демек, организм үчүн керектүү, айрыкча тиш үчүн керектүү фтор жетишпейт. Экинчиден, жогоруда айтылгандай айылдыктар да, жайлоодогулар да көбүнчө эскирген сууну пайдаланат. Тоо-ташты аралап жүргөн адам демигет, оозду ачып дем алат, тоонун муздак абасы тишти какшатат, ысык-суктан да тиш бузула баштайт, анан, албетте, бийиктиктин табигый таасири да оңой эмес. Тиш оорусу, бөйрөк, ашказан ж. б. ооруларды пайда кыларын көп эле окуп жүрөбүз, ошентип организмдин жалпы начарлашы башталат.

Бийик жердин абасы кескин өзгөрүлүп турат. Күн ачыкта тердетсе, күн бүркөлөр менен чыйрыктырат. Кышында ызгаардуу суук, ушундан улам шарты анча эмес айылдыктар көбүнчө тизе, бел, жамбаш сыяктуу

муун ооруларына чалдыгат. Өпкөсүнө суук тиет, дарылануу керек. Бирок айылда врач деген болбойт. Болсо да «чала сабат» бирөөлөрдү эптеп эле айлык үчүн кызматка алышат. Дары-дармек жетишпейт. Дары мындай турсун иод, марганцовка, зеленка жок айлан куруйт. Курорт, санаторияга баруу керек. Бара албайсын. Себеби? Мына ушул темада мен районубуздагы атактуу чабандардын бири, Ош областтык партия комитетине эки жолу мүчө болуп шайланган, райондук советтин бир нече жолку депутаты, бир топ орден, медалдардын ээси Сүйүндүков Бөрү аке менен аңгемелешип калдым.

— Бир миң тогуз жүз кырк сегизинчи жылы жай айында колума таяк кармадым эле, — дейт жашы пенсияга жакындап калган Бөрү аке. Чабан болуп иштегениме мына кырк жылдан ашты, бир жолу да курорт же санаторияга, же айылдан аттап чыгып саякатка бара албадым.

— Коомдук иштерге активдүү катышып аркы-беркини кыйла ажырата түшүнүп калган адам минтип ден соолугун чыңоого чамасы келбей жатса, анда башкалар кантет? — деген суроону бердим.

— Чамабыз чарк, кол байлануу, чолоон тийбесе кантесиң? — деди ал туталана. — Чарбанын конторуна барып табелди карасаң малчынын өз убагында отпускага чыкканын, дайыма сегиз сааттан иштеп дем алыш берилгенин көрөсүң, а иш жүзүндө такыр андай эмес. Жумуш көбүнчө кара күч менен бүткөндүктөн күн-түн дебей иштейсиң. Ансыз болбойт. Албетте, жардамчы чабан бар, бирок бирибиз таңдан каш карайганга чейин кой менен жайытта болобуз. Экинчибиз короонун түйшүгүнөн чыга албайбыз. Шыпырып тазалоо, отун-суу, жем-чөп дегендей, кыскасы, токсон түйшүк, ал эми ала жаздан кышка дейре жардамчы да колго тийбей калат, бирде сугатка десе, бирде чөп чабыкка деп, дагы башка жумуштарга алып кетет. Ошентип «отпуска» учурунда да өзүн иштөөгө туура келет. Бул биринчиден. Экинчиден, айыл адамынын түйшүгүн билесиң го, там-таш салуу керек, короо-жайыңды иретке келтирүү керек, убактыңды алат. Турмуш-тиричиликке зарыл буюм-тейим, кийим-кечекти убагында таппай далай түйшүктөнүп, алыскы шаарларга чейин жол кезүүгө мажбур болобуз. Мисалы, балдардын кийими, өтүк, чырак шише сыяктуу дагы башка майда-барат. Жанагы сен айткан курортко чарбанын активи же колхозго тийди-качты аралашкан айрым бир шылуун адамдар барбаса, башканын барышы кыйын...

— Курорт-санаторияга же саякатка барып келиң деген сунуш болдубу?

— Болду, көбүнчө борбордук курортторду сунуш кылышат. Социалисттик өлкөлөргө барып келгиле дешет, а бизге мынабу өзүбүздүн Жалал-Абад эле керек. Үйгө жакын кабарлашып турганга. Дал ушул ашказан, суук тийген оорулууларды дарылай турган жер экен. Путевка болсо көздү жуумп туруп барат элем, бирок Жалал-Абадга барууга чарбага жылына бирден ашык путевка бөлүнбөйт имиш...

Эми аксакалдардан кийинки муундар ден соолугун чыңоого, маданий аң-сезимин көтөрүүгө, жалпы эле жашоо, дүйнө деген философияны аңдаштырып билүүгө кандай умтулат деп Чоң-Алай совхозунун белгилүү чабаны А. Куттугалиев жана Кашка-Суу асыл тукум кой заводунун алдыңкы чабаны А. Турдумаматов менен көпкө аңгемелештим. Экөөнүн тең чабан болуп эмгектенгенине жыйырма сегиз жыл болуптур. Бирөөсү да курорт, санаторияга, же саякатка бара элек, алар да Бөрү аке айткан сөздүн дал өзүн айтты. Эми бул көрүнүш жалаң эле малчыга таандыкпы? Жок, жалпы көрүнүш. Чоң-Алай совхозунда малчылыкта, талаачылыкта, механизатор болуп миңден ашык адам эмгектенет. Совхозго жылына курорт, санаторияга, дем алуу үйлөрүнө араң эле отуздай путевка келет.

Ден соолуктун айынан путевка болсо Жалал-Абадга, Ысык-Атага, Чолпон-Атага барат элек дешет, а бирок дал ушул санаторияларга путевка аз берилет, бирок ошол эле учурда бул жерлерде ар кандай күмөндүү жол менен арзан наркта (териштирип келсең малчынын эсеби-

нен) путевка алган, жарым-жартылай дарыланып, калган убактысын сайран куруу менен өткөргөндөрдүн арбын экендиги таң калтырат.

**«Айыл адамы кандай тамактанат?»** — деген суроого айылга барып келген шаардыктар: **«Жалаң эле эт жейт экен»**, — деп жооп берет. Айылдыктар берешен эл болот, меймандос эл болот, мейман келсе ары-бери ойлонбой өзү союп жебеген бир соолугун көтөрө чабат да жакшылап сыйлайт, мына ушундан улам негизсиз жерден айылда эт арбын деген пикир айтылып жүрөт. А элдин бар тамагы — нан, чай, кант, май. Май да саан уй болсо болот. Кээде эти жок картошка бышырат, кээде гана менчик малынан соет. Жаз-кышы ушул. Айран, сүт такай боло бербейт. Кызыгы ушунда, себеп дегенде, мисалы, биздин Дароот-Коргондо жайында бир саан уюнду батырыш тозок. Тегерете айдоо жер, кыяны тос, көпүрөнү тос деген буйрук болот. Мындайда талаа күзөтчүсү адамдын кыйыны, ошого кудай берет, анын ишмердикти көрсөтө турган бир эле өнөрү бар — элдин уюн тындырбай камай берүү.

Коркутуп-үркүтүп, акты жазам деп «бирдеке үмүтөтөт», ага да канагаттанбайт, кыскасы — ишмер. Анан аргасы кеткен эл ат кечип өтө албаган Кызыл-Суу деген чоң дайрадан агызып-кулатып дегендей аркы өйүздөгү чакан токойго уюн айдап өтүүгө аргасыз болот. Токойдун четинде дале жанагы күзөтчү даяр, дагы камайт. Кыскасы, сазайыңды колуңа берет, буга чыдаш кыйын. Ошентип уйдун ээси уюн эптеп жок кылып жаны тынат, анан наристеге нан чайнап берүүдөн башка арга калбайт. Сүт кухнясы болсо кыйын эле болсо оң беш, жыйырма үй-бүлөнү бир күн оору, бир күн соо болуп араң тейлейт. Наристеге да, анын ата-энесине да каймак бере турган уйдун тагдыры жанагыдай. Башка айылдарда да абал мындан дурус эмес.

Азыркы заманда бардык билимдүү өлкөдө «жашоонуң сапаты», «ден соолукту коргоо системасы» деген адамдын жашоо-турмушун комплекстүү камтыган түшүнүк ишке ашырылып жатат. Анткенн, ар кандай оору-сыркоо бул бир учурдук эле көрүнүш эмес, анын тукум куучулук адаты бар. Ошондуктан адамзаттын түбөлүктүү генетикалык калыптанышы жөнүндөгү маселе ар бир аң-сезимдүү адамды терең ойлондура турган ири маселе. Ден соолугу чың үй-бүлөдөн чымыр денелүү бала төрөлөт, сергек мүнөз баладан өнүккөн коом калыптанат...

Эс алуу!

Ушул сөз адамзаттын бардык умтулуусунун туу чокусу, каймагы. Жөнөкөй жана катардагы эле иш сыяктуу сезилген бул жагдай иш жүзүндө жогорку тарбия-таалимге, акыл-эс, баам-парасатка, а эң негизгиси — өндүрүмдүү эмгекке таянып гана ишке ашат, ырахат табат. Илимий-техникалык прогресс, чиеленген мамлекеттик саясат, коомдун өнүгүү багытын тандап алуу эгер чын-чынына келсек дал ушул адам үчүн маданияттуу жана ырахаттуу эс алууну камсыз кылуунун куралы, адамдык нукуралыктын өнүгүүсүнө жол издөө. Мына ушул саамалыкты самап бараткан айыл «Алибек алына жараша» дегендей, ар жердин өзгөчөлүгүнө, колдо бар шартына, ички өз ара адамдык карым-катнаштарына жараша эс алат, көңүл ачат. Кыргызда тээ атамзамандан бери карай келаткан жана да азыр айыл жергесинде кеңири салтка айланган эс алуу — бул дасторконду тегерете чайга олтуруу мезгили. Кылымдар бою Орто Азия элинде тамактануу учуру адамдарга эс алуунун негизги түрү болуп келүүдө. Ошондон бери карай, жаңылыктарды алмашуу, акыл насаат айтышып өнөр-кесип үйрөнүү жана да ата-эне менен бала-бакыранын осуя аттуу маеги мына ушул жай, шашпай пияланы чайпалта чай ичип олтуруу менен айкалыша жүрүүдө. Ал эми бүгүнкү гезит-журнал адабият, кино, телевидениенин, жалпы эле маданий өнүгүүнүн чекти жана чектөөнү билбеген таасири шаардык менен айылдык жаштарга бирдей эле өкүмчүл сунушун тануулоодо. Дүйнө-жашоого ушул кабылдоо менен калыптанган көз караштан андаштырган, багыт издеген азыркы замандын жаңы өкүлү анын дурус да, буруш да жактарын анча талдай бербей массалуу маданияттын жолуна түшкүсү келет. Ал гана эмес буга бөгөт коюуга жарамдуу бийик руханий байлыкты айыл

турмушунун күнүмдүк көрүнүшүнө айландыруу колубуздан келбей тургандыгына көшөрө көнүп бүткөндүгүбүз жаңылыкпы?

Айыл жаштарынын негизги таянычы түшүнүксүз жана чуулдаган музыкалар жазылган магнитофон. Кечке жуук айылдык дүкөндүн айланасында же жөн эле кимдир бирөөнүн үйүнүн жанында, көчөнүн боюнда топтолуп, өткөн-кеткенден ой келди сүйлөп, ыктуу жана ыксыз сөздөр менен тамашалашып топтолушуп турган жаштарды күн кур эмес жолуктурам. Алар түн жарымына чейин көчө кыдырышат, бул жылуу кезде — жаз айларында. Ал эми кышында мекеме-гараждардын караолканасында, тамекинин коюу көк түтүнү каптаган бош бөлмөлөрдө карта ойноп таң атырышат. Кээ бир айылдарыбызда бильярд бар. Анысы да эски, таштары талкаланган, баркыты жыртылган. Ага да карабай алагүү балдар ошону менен алек. Ар айылда бирден китепкана да бар, китептер жетишерлик эле, жетишпейт деп айтууга негиз жок. Бирок эл китепканаларга анчалык барышпай турган болушту. Азыр бардык эле жерде китепти менчикке сатып алып үйдө байлык катары сактоо салтка айланган. Ушул муктаждыкты канааттандыруу маселеси да ойдогудай эмес. Айылыбыздагы китеп дүкөндө китеп аз сатылып, аз өтөт (башка айылдарда бул да жок). Себеп? Эмне, эл китеп сатып албайбы? Алмак, бирок элдин көңүлүнө жаккан адабий жана илимий-техникалык китептердин сатылганын көрө элекмин. **Анткени, жергиликтүү соода уюму үчүн китепти шаардык базадан тандап алуу да, ташуу да, сатуу да такыр эле майда, жүдөткөн ашыкча түйшүк. Бир машина китеп саткандан көрө бир түргөк баркыт сатуу керек, — дейт соода уюмунун жооптуу кызматкери.** Коом китептен түшкөн бир сом жыйырма тыйын менен эмес, андан алынган акыл-билим менен өнүгө тургандыгын түшүнүү биз үчүн жат нерсе. Биздин Дароот-Коргондун универмагы — чарбалык, бут кийим жана башка дүкөндөрү бир жерде жайгашкан. Ушул жерде бөлүмдөн-бөлүмдү кыдырып жүргөн жаштарды көп жолуктурам, алар эчтеке деле сатып алышпайт, тааныш болсо «эмне кылып жүрөсүңөр?» деп сурап калам, «жөн эле жүрөбүз» дейт, жөн эле жүрүү да айылда эс алуунун бир түрү.

Өрөөндүн кооз жерлерин кыдырып, табигаттан ырахат алууга кызыккандар бизде да чекеден, а бирок максатты ишке ашыруу кыйын. Себеп дегенде буга кенен убакыт керек, жок эле дегенде бир күн бүтүндөй. Айыл чарба жумушу сезондуу, күн сайын эртеден кечке дем алышсыз иштөөгө туура келет, анын үстүнө кыштактарга жакын кооз жерлер да тарып баратат, бут ээленген, мал жайылып булгүнгө учураган, анан да техника болбосо азыркы заманда кайда жете аласың. Демек, саякат атайын уюштурулуу керек. Бирок колхоздо аны ойлонгон адам жок. Ушинтип айылдыктар кайсы бир капчыгай-төрдүн атын айтып, барсак болмок, эс алсак болмок эле деген арманда жүрүп кышка жетебиз.

Дасторкон үстүндөбү, аш-тойдобу, **кайда болбосун адамдардын өз ара сүйлөшкөнү, ой толгоосу, аңгеме маегинин багыты, маңызы ошол элдин ан-сезими, түшүнүгү кандай, канчалык даражада экендигин даана билдирет эмеспи.** Айыл адамын ушул өңүттөн андасак негизинен мансаптык мааниде көп сүйлөшөрү назар салган адамга даана сезилет: «Баланча чоң кызматка көтөрүлөт экен, тигил жакында түшөт, анын ордун баягы чоңдун тууганы алат» ж. б. Илгери эмгекти даңктоо, талантты данктоо, чебер өнөрдү даңктоо деген болоор эле, бул райондук гезитте эле болбосо турмушта анча таарипи болбой баратат. Анан кимдир бирөө жөнүндө узун сабак аңгеме куруу — айылдыктар бирөөнү сындоого, кемчилигин аныктоого, ал гана эмес тууроого өтө маш келет — ал эми өзүнө баа берип, өзүнүн жүрүш-турушун талдоо дегенге караманча эле чоркок. Өкүнүчтүү жагы — ушул пейил жаштар арасында да кенен тарап калды. Адабият, искусство, маданият жөнүндө маектешүү, мындайча айтканда, азыркы замандын закондуу багытын айыл өздөштүрө албай жатат. «Кемигнне да, керкисине да» таандык бул теманы баяндоо бир далай сөз. Дароот-Коргон чоң кыштак, клуб бар (башка айылдарда клуб да жок), күн сайын кино коюлат. Шаардык кинотеатр-

лар «жарабайт» деп ыргытып салган эски киноленталарын жалдыратып жүрүп айылга берет. Сызылган, кыркылган, үзүлгөн бул леталардан кыштын кычыраган суугунда (Алайда жети ай кыш болот) тизени-тизеге койгулап, калтырап олтуруп кино көрөбүз. Кинонун сөзүнө да, өзүнө да түшүнүү кыйын. Ушуга да ыраазы болобуз, биз ыраазы болор себептер деле бир далай. Мисалы, он жыл илгери болгон катуу жер термелүүдө биздин клубдун жарылып-жарылып барып кулап калбаганына ыраазы болобуз. Кулап калса кинону көрүү эмес атын укпай калмакпыз. Анан да биздин бийик ашууларды ашып шаарлардан келген артисттерге абдан ыраазыбыз. Алар шаарда толтура албаган планын толтурганына ыраазы, биз аларды көргөнгө ыраазыбыз. Дүкөнгө кээде чай түшсө ыраазыбыз, май түшсө ыраазыбыз. Көзгө басар жалгыз уюбуз тууса буга да ыраазыбыз! Айылда агартуу ишин өнүктүрүү жөнүндө «эр төштүктөй» эле узун сөздөр далай жылдардан бери айтылып келатат. Алгачкы жылыштарды үмүттөндүргөн чечимдер бар, ошого ыраазы болобуз! Ыраазы болбоско арга канча!?

**Мени ойлондурган спорттун улуттук түрү.** Айрыкча мыкты аттардын тандалып тапталышына өбөлгө түзгөн, жигиттик камбылдыкка, шайыр-шайдоот мүнөзгө тарбиялаган ат чабыш, тыйын эңмей, көк бөрү ойнуна айыл чарба жумуштарына тоскоол болот деп, жыгылат экен, башы-көзү жарылат экен деп уруксат бербей коюу туура эмес. Эгер башкарган адамы болсо, жөндүү уюштурулса, эрежеси так сакталса жакшынакай эле өтөөрүн көп эле көрүп жүрөбүз. Демек, бул дале «ач кулактан, тынч кулак» деп аракетсиздикке биротоло көнүп алгандыгыбыздан, жалпы эле мажирөөлүгүбүздөн болуп олтурат, чындаса колдоң келе турган эле нерсе. Жөнөкөй, кызыктуу, маданияттуу оюндардын бири — ордо. Ар бир айылда жайы-кышы пайдалана турган жабык ордо стадиондорун куруп, чемпионат уюштурса ал оюн тез эле дүркүрөп өнүгүп кетмек.

Бирок социалисттик мелдеште Союздун ардак грамотасын, республикабыздын кызыл туусун жеңип алган, жай-кышы бел чечпей иштеп төрт түлүк малды күтүрөтө күткөн эл үчүн жупуну клуб, стадион, эс алуучу жай курууга чарбаларыбыздын экономикалык да, инсандык да дарманы келбей олтурат. **Ошентип мал дегениң адамдардан каражатты да, убакытты да, күчтү да — бардыгын ылгабай алат. Бирок берүүгө келгенде дым-дарек, чечилбес табышмак болуп, мал адам үчүн эмес, адам мал үчүн жашап жатат.** Менимче, бүгүн ачык айтып, ак сүйлөө учурунда бул маселени тереӊ ойлонууга тийишпиз!..

Айылдарыбыз тоо арасында, кышы узакка созулуп, аязы катуу болот. Ошондуктан кыштан биротоло камдуу чыккыдай отуң камдоо айыл адамынын көңүлүн өйүткөн бирден-бир орчундуу маселе. Айталы, өткөн кышта биздин дароот-коргондуктар областыбыздың борбору Оштон соода уюмуна акыс-кукус көмүр жүктөп келе калган машиналарды күтүп, тизмеге жазылган кырк-элүү адам селолук совет менен Жумушчулар кооперациясынын кеңсесинин ортосунда күтүрөп далай күн жүрүштү. Өчөшкөндөй жаз да кечигип туруп алды. Ала жаздан ташбиштүү машакатка түшүп жүрүп камдаган анча-мынча чапкан көңү да, тоо-тоолордон токой чарба кызматкеринен жашынып жүрүп эптеп жыйнаган отундары да түгөнүп такыр айласыз абалда калышты. Ошентип жүрүшүп азан-казан үй-бүлөлөр жүлүндөй отко жүзүн тосушуп, көк муштум болуп кыштан араң чыгышты. Бирок муну ойлогон район жетекчилери болбоду. «Айылда эптеп күн көрө беришет» дедиби, анысы да белгисиз. Кыштакта жашагандардын жаккан отуну негизинен өздөрү баккан малдын кыгынан жасалган көң. Андан көрө ушул кыкты жер семирткич катары пайдаланса кандай сонун болор эле деп ойлоп кетесин .Бул пестидциддерден азап чеккен бүткүл адамзаттын самаган тилеги. Башка аймактарда жетишерлик кыкты кайдан табарын билбей башы маң, а биз «колдо бар алтындын баркы жок» дегендей өзүбүздүн областыбыздан чыккан көмүрдөн өксүп, көң жагып, далай акча коротуп жер семирткичтерди алыскы шаарлардан ташып келүүнү оной олжо деп жүрүп атабыз. Мындан элге да кыйын, жерге да кыйын, табигатка болсо андан

салакалуу болуп жатканын маектеше келсең түшүнбөгөн адам жок. Ооба, кыштакта жашаган ар бир үй-бүлөгө кыштан кыйналбай-кысталбай чыксын үчүн кеминде 6,7 тоннадан көмүр жеткирип берүү керек, азыр Алай районуна бөлүнгөн жалпы фондулук көмүрдү үй башына бөлүштүрө келсең эки тоннага жетип-жетпейт. Бу дагы айыл адамына болгон камкордукпу? Деги эле айыл адамдарына эмне керек? Алар эмнеге муктаж? Айыл адамдарынын ой-күйүн социологиялык жактан так изилдеп, алардын турмуш тиричилигин жакшыртуу үчүн ким белсенип иштеп, ким катуу киришиши керек? Кайрадан отун проблемасына кайрылалы. Болуптур, көмүр берилсин дейли, газ жеткирилсин дейли. Бүгүн ошентели. А эртеңчи? А турмуш бир ордунда турбайт, өсөт, өнүгөт. Ошондуктан бу сыяктуу түйшүктөрдү жеңилдетүүдө, жалпы эле айыл абалын оңдоого киришүүдө биз бүгүн ишти эки миңинчи жылдын жетишкендиктеринин өңүтүнөн баштоо туура болуп жүрбөсүн?..

Ал эми айылдык аялдардын ташбиштүү түйшүгүн жеңилдетүү үчүн үй тиричиликке керектүү универсалдуу электр приборлорун кеңири өндүрүп чыгарып, жер-жерлерди камсыз кылуу зарыл нерсе эмеспи. Бир кездерде коомдук тамактануу жайларын, турмуш тиричилик комбинаттарын иштетүү менен айылдык турмуштун көп маселелерин чечүүгө болот деген пикир азыр өзүн толук актаган жок. Ал гана турсун тиричиликке таандык бардык түйшүктү үй-бүлөнүн өз күчү менен бүтүрүүгө умтулуусу биздин эле эмес, тейлөө жагынан бир далай жетишкен башка өлкөлөрдө да байкалууда. Ошондуктан электрлештирилген универсалдуу ашкана машиналарды, нан бышыра турган, идиш-аяк жууган, кургаткан, уй саачу, чарбалык жумуштарды аткаруучу электр машиналарын чыгарууну союздун көрсөтмөсүн күтпөй эле республиканын өзүндө ишке ашыруу керек го?..

Республикабыз электр энергиясын иштеп чыгуу боюнча өлкөдө алдыңкы орундарда экендигин дайыма баса белгилейбиз, аны менен мактанып, сыймыктанабыз. Анаң негедир айылдыктар пайдаланган бир киловатт энергиянын баасы төрт тыйын! Көпчүлүк республикаларда айылдыктар киловатына эки тыйындан төлөсө, Алайга коңшулаш Жерге-Тал районунда (Тажик ССРи) бир эле тыйындан төлөйт. Ошентип электр энергиясынын кымбатка турушу аны тиричилик муктаждыкка пайдаланууда көмүргө салыштырганда бир кыйла чыгымдуу болуп, кайрадан эле көмүргө, карагай, арча, кайың, чырканакты кыюуга умтулууга түрткү болууда... Демек, жаратылышты коргоо маселеси айыл адамынын социалдык шартына жана экономикалык мүмкүнчүлүгүнө түздөн-түз байланыштуу экендигин эске алышыбыз керек.

Айталы, эмне үчүн айылдыктардан алда канча мыкты шартта жашап жаткан шаардыктар үчүн такай пайдаланууга шаардын сыртынан «дачалык» жер бөлүнүп берилет да, ал эми айылдыктарга жайында менчик малын багуу үчүн туруктуу жайыт бөлүнүп, ал жерге боз үй, чатырдын ордуна чакан үй куруп алууга, электр энергиясы менен камсыз кылууга уруксат берүүгө болбосун? Эгер анткенде жерлерди үй кызматындагы аялдар балдары, неберелери менен бөжүрөшүп татынакай турмуштун очогуна айландыраар эле. Албетте, антсе болмок, бирок дагы эле айыл адамына болгон мамилебиз ага жол бербей жатат. Закон өздүк чарбаны өнүктүрүүгө кеңири жол берди. Малды багып өстүрүү, жемишти бышырып ысырапка учуратпай жыйып алуу, албетте, чон жумуш, бирок мына ушул байлык качан керектөөчүлөргө сапаттуу жеткенде гана, ал акчага айланганда гана, турмуш-тиричилик маселелерди чечүүгө кызмат өтөй баштаганда гана өз маанисине ээ болот эмеспи. Бирок дале болсо элдин колундагы жашылча-жемиштерди сатып алууну уюштурууга али да анча көңүл бөлүнбөй жатат. Ал эми айылдарыбыздын негизги үй-бүлөлүк бюджетин камсыз кылган менчик малдардын сатылышын уюштуруу жагы такыр эле көмүскөдө калууда. Баарыдан да мал базарына баруучу жолдор менен базардын тегерегинен такай бутташып-чатышкан ар кандай «закондун» өкүлдөрүнөн малын сатуучулар качан кутулар экен?

Тээ, көөнө заманда, мындан эки жарым, үч миң жыл илгери эле байыркы Египеттин фараондору мезгилине жарашкан чыйыр жолдордун ташын тердирип, уңкул-чуңкулун тегиздетип, ал гана эмес шыпыртып турчу экен, ошол кезде эле адамдар кандай жерге, кандай элге бара жаткандыгын жолдун абалына карата бааларын алар түшүнүшкөн.

Алай өрөөнүнүн тарыхы да өтө узак. Кээ бир алыскы төрлөргө, жыл бою мөңгү, муз кетпеген кардуу капчыгай-даралларга барып жолдун эски соктуларына назар салсаң бабалардын ташты базган менен талкалап өткөнүн көрөсүң, дагы бир жерде тоодой таштарды кынап жол салганын, да бир заңгел асканын жаракасына арчаны кагып, үстүнө шак таштап чебердик менен жолго айландырганына кумарланасың. Бекерннен байыркылар «нан кадыры менен жол кадыры бирдей» деген эмес да.

Мына ушуларды эстегенде адамзаттык өнүгүүнүн азыркы кубатынын айыл жолдоруна көңүл бөлүүгө чама-чаркы келбей жаткандыгы таң калтырат. Биздин Дароот-Коргон Алай өрөөнүндөгү эң чоң кыштак, өрөөндүн маданий борбору катары эсептелет. Кыштакты кап ортодон жарып өткөн кара жолдун абалын канааттандырарлык деп эле коелу, ал эми айыл ичиндеги жолдорчу? Андан жеңил машине жүрмөк тургай жөө адам бут коюп басалбайт. Жаанда тизеден баткак, күн ачыкта тизеден чаң.

Кызык жери, жолду чоң-кичик бардыгы пайдаланат, сүйлөнөт, сөгүнөт, түкүрүнөт, кантсе да таманы менен таптайт, ал эми жол үчүн жооп бере турган, жан күйгүзө турган эч ким жок. Андан да жаманы — бул маселенин качан чечилерине көз жетпейт. Талды-Суу, Кашка-Суу, Ачы-Суу, Кара-Мык сыяктуу ири кыштактарда да абал дал ушундай, мындай көрүнүшкө республикабыздын бардык тоолуу аймагында кабылабыз — кыскасы, жалпы өксүк. Тоодо жашаган малчы турмуш-тиричилик маселелерин чечиш үчүн айылга кантип келип кетет? Бул өзүнчө узун жомок. Күнүмдүк кереке жарайт го деген үмүттө жылдап акча чогултуп, «Жигули», «Москвич», «Запорожец» сатып алат. Аларын алат, бирок чыгымына жараша пайдалана албайт. Аң-дөңгө урулуп, кечүүдө далай тыгылып тез эле тамтыгы чыгат. Анан кантет? Анан бизде өкмөттүн чоң машинесин минген «Алманбет аке» деген киши бар, ал малчыны жайлоосуна түн жарымы болсо да жеткирүүгө даяр. Ага эмне керек? Ага чөп керек, жем керек.

Экинчи омоктуу маселе жаш балдардын оюнчугу. Ооба, дал ушул дүкөндөрдөн сатып алып ойной турган кадимки эле оюнчук. Жаш баланын бүткүл өмүрүнө таандык кулк-мүнөзү, адамдык дараметинин негизи үч жашка чейин эле калыптанарын илим далилдеп чыкты. Ал эми азыркы жетерине жете татаалданган доордун татыктуу адамын тарбиялап өстүрүү үчүн балага беш жашына чыкканча беш миллиондон ашык ар кандай суроо бере тургандай түрдүү жагдайды түзүш керек экен, беш жаштын айланасында баланын инсанаттык зоболосуна пайдубал коюлуп бүтөт. Мына ошондуктан түрдүү мамлекеттердин балдар үчүн фантастикалык дүйнөнү элестеткен «Айлуу бактарды» куруп, компьютердик татаал оюнчуктарды кеңири чыгарып, аң-сезимди өстүрчү атайын телеберүүлөрдүн көрсөтүлүшү бул жөн эле ашынгандыктын же акчанын артынан түшкөндүктүн ыгы эмес, илимий негизде иштелип чыккан программа. Ал эми айылдачы? Чыбык ат минип, темир машинасын жипке байлап сүйрөп алган, убактысын топурак дөбөдө өткөргөн, короо менен малдан башканы көрбөгөн айыл баласынын мектеп жашына чейинки тагдырына көңүл бөлсөк кантет?

Дасторкон үзүрү — мына ошол үзүрдү камсыз кылган үйдө дайыма боло турган тамак-аш продуктысынын түрү. Кандайдыр бир себеп менен жердештердин үйүнө барганда маселенин ушул жагына кызыгып көрсөм көпчүлүк үйлөрдө негизнен оокаттануусу окшош экендиги маалым болду.

Ал эми жашылча-жемиштин ширесин жасоо жана аны жыл бою пайдаланууга жергиликтүү калк эми гана бирин-серин үйрөнүп ке-

латат, ал да «колу-буту» узун, шаарга барып даярдап алууга мүмкүнчүлүгү жетишкендерде. Деги эле жашылча-жемиш күнүмдүк тамак катары эмес, жетишсиздигинен ыңгайы келе калганда гана бир черди жазып алчу сейрек ырахат сыяктуу пайдаланылат. Анткени айыл дүкөндөрүндө өмүрү жашылча-жемиш, мөмө-чөмө деген сатылбайт. Аны сатуу жагын соода уюмдары дегеле көңүлдөрүнө алып коюшпайт. Ошол эле учурда алдым-жуттум шылуундар бастырса ат тердебеген Алай жерине эмес, алыскы Сибирь калааларына барып дүр-дүйнө жер-жемиштерди сатып жатканын көргөнүндө колдогу соода тармагынын кызматкерлерине ачууң келет.

**Ооба айылдыктардын негизги турмуш-тиричилик маселелери өздүк чарбадан алган кирешеге жараша чечилет:** үй куруу, уул үйлөө, кыз берүү, балдарын окутуу, алыш-бериш, баалуу үй буюмдарды, женил машина сатып алуу мына ушунун бардыгы базарга алпарып саткан малдын, жемиштин акчасы менен ишке ашат. Айыл адамынын жарымынан ашыгы гана туруктуу маяна ала турган иште, бирок булардын да алган айлыгы ары-бери каттоо, чай оокат, күнүмдүк керектелчү буюмдар, ашып баратса эле кийим-кечеден ашпайт. Көпчүлүк үй-бүлө көп балалуу, үйдөн бир гана адам эмгектенет, ошондуктан там-ташын убагында бүтүрө албай, турмуштук максаттарын көп жылдар бою ишке ашыра албай катуу убараланышат. Анткени, кыргыздын тээ илгертеден салттуу таянчы болуп келген менчик чарбанын абалы жыл өткөн сайын оорлоп баратат. Мунун кедергиси жайыттын жоктугу, жем-чөптүн жетишсиздиги, менчик малдын тукумдук сапатсыздыгы. Күн жылып, көк чыгар менен айылдыктарга «жайлоого көчкүлө» деген буйрук дембедем айтылып турат, а бирок кайсы жайлоого көчүү жөнүндө, жайлоого көчүп барган ар бир үй-бүлөгө жетишерлик жайыт бөлүнүп берилиши тууралуу эч ким ооз ачпайт. Дароот-Коргондон алты чакырым аралыкта Жар-Башы деген кыштак жайгашкан, кыштак Чоң-Алай совхозунун бир бөлүмүнүн борбору. Ушул кыштактын эли жакын эле жерге жайлоого көчүп барышат, жайлоо алыстан жашыл тулан сыяктуу, барсан мал жебей турган өсүмдүктөрдүн, бадал-талдын, арчанын арасында кыпкызыл топурактын үстүндө олтурушканын көрөсүн. Жайлоо такырайып, чаны чыгып, мазеси кеткиче беш-алты ай бир конушта олтуруп качан уруксат болгондо кыштакка көчүп келишет. Тойдум, ушул малды күтпөй эле койсом болмок, бирок кантип тиричилик өткөрөбүз деген далай кептерди угасын. Ушинтип ыйлай-сыктай жайлоодон түшүп-түшө электе «ыктыярдуу» эт төгүү деген башталат. Мындан бир нече жыл илгери элден эт, торпок, тай алууну райондук өкүл башында турган айыл активдери жети-сегиз милиционер менен «жумшак» сүйлөшүү аркылуу жүргүзөөр эле, азыр бул да салтка айланып калган. Бирок дале кыйлачылык ташбиш менен бүтөт — ким эле токсон түйшүк менен тапкан мүлкүн арзан наркта бере койсун? Эгерде Оштун базарында беймарал мин сомго сата турган буканыз болсо аны чарбага этке төгүүдөн үч жүз, ашып эле барса төрт жүз сом акчаны бир жылдан кийин алла-тообо менен аласыз (мына бу да табышмак!). Анан да той башталат, ага торпок тапшыруу керек эмеспи — бардыгы биригип базар наркына салыштырганда сиз жыл сайын сегиз жүз, мин сом накта чыгаша тартасыз. Албетте, элден этке мал алуу жайыттардын оттуулугу кескин начарлап кеткендигинин кесепетинен чарбалардын рентабелдүүлүгү төмөндөп, ушул кырдаалды түзүп олтурат, бирок буга эл күнөөлүү эмес да. Үч жылдан бери эки баласынын бирин үйлөй албай жүргөн айылдык бир аксакал менен сүйлөшүп калдым. Карыя арызданып кирди: «Уул үйлөө кандай оор түйшүк экенин билесин го, — деди. — Болор-болбос малым бар, бирөө жарымын багып, базарга сатып акча жыйнайын десем колхоз жыл сайын бирден уюмду, бирден торпогумду шыпырып кетишет, жүрөм аргамды таппай».

— Уулуңуздун сүйлөшүп жүргөн кызы бардыр, алып келбейби? — дедим.

— Бар, алып келем деп апасына айтыптыр. Ай, кое турсун, шерменде болобуз деп тосуп олтурам... Ыйлай-сыктай уулумду үйлөшүн го үйлөйм, анан аны каякка бөлүп чыгарам? Кантип башпаана дегендей үй салып берем, ушуга башым маң, — деди туталанган карыя.

Дагы бир маселе, алайлыктар үчүн ошол колунда бар малын акчага айландыруу да тозок иш. Сатайын десең айылда мал алгыдай кардар өтө сейрек чыгат, анткени көпчүлүк мал күтөт, ошондуктан базарга жеткирүү керек. Базар Ош шаарында, үч жүз чакырым алыстыкта, үч жерге малдын ыланын текшерүүчү карантиндик пост коюлган. Селолук советтен, башкы ветеринардык врачтан справка алуу керек, анан малды жүктөгүдөй машина издейсин, бул да табылбайт. Бир айдын аржак-бержагында эптеп бир шофер менен макулдашып, малды жүктөгөндөн кийин райондун аймагынан өткөрүп сатууга уруксат эмес экен деген сөздү угасың. Болгондо да жанагы карантиндик посттордун бирине барганда угасын, көздү жумасың — чөнтөккө кол саласың... Деги ушул карантиндик пункттар кандай пайдалуу кызмат өтөп жаткандыгын түшүнүү кыйын, малдын ыланынын таралышына эч кандай тоскоолдук көрсөтө албай тургандыгын бир нече жолу Алай өрөөнүндө жайылган малдын жугуштуу оорусу далилдеди, анткени керек болсо күмөндүү малды тоонун арасы менен посттон оной эле айландырып алып өтүп кетүүгө болот, анын үстүнө, көпчүлүк короолор ашуулар аркылуу айдалат. Демек, малдын ыланын, жолдон тосуп эмес, кыштоодо жана жайлоого барган жерде текшерүү керек. Ал эми иш жүзүндө Сары-Таш кыштагынан Ошко чейинки аралыктагы карантиндик посттор элдин социалдык муктаждыгын чечүүгө каршы турган оор кедергиге айланып алган.

Мына ошондуктан көпчүлүк адамдар малын күзүндө Алай өрөөнүнөн жайлоодон кайткан республикабыздын Кара-Суу, Фрунзе райондорунун, коншулаш Өзбекстандын Андижан, Фергана областтарынын малчыларына кошуп Ош, Кара-Суу, Кызыл-Кыя, Үч-Коргон, Кубасай, Фергана ж. б. базарларга жеткирет. Мал узак жолдо арыктайт, чыгашага учурайт, анан айтылган базарларда азган-тозгон мал арзанга сатылат. Малын саткандан кийин алыстан арып-чарчап барган адам бала-бакырасына деп базар-дүкөндөн бир далай буюм алып, акчасынын көбүн ошол жакта иштетет, а бул, башка жактар менен карым-катнашы жок Алай өрөөнүн тейлеген Дароот-Коргон мамлекеттик банкынын кассалык планынын толбой калышына алып келет. Кенемтени толтуруп эмгекчилердин өз убагында айлык алышын камсыз кылыш үчүн Чон-Алай жумушчулар кооперациясы «сергектик зонасында» айына ондогон миң сомдук аракты дүкөнгө чыгарууга мажбур болот. Бул айыл адамынын «кошумча» түйшүгүнүн бир эле чекеси, эт төгүү, жүн чогултуу, май жыйноо, тиги жерде мектеп куруп жатабыз бирден союш бергиле, эми чайхана курабыз, дагы кура турган курулуштар бар, акча чогулткула деген сүрөөндөр биринин артынан бири куйрук улаш «жарыяланып» турат. Бул «салт» окуучуларга чейин таратылууда. Тан каласың, чарбалык экономиканын кубаттуулугу кайда? Айыл чарбасын башкаруунун буйруктуктескөөчүлүк ыкмасынын жарамсыздыгынан, айыл жетекчисинин экономикалык, социологиялык, демографиялык сабатынын ашкере төмөндүгүнүн кедергисинен жаралган финансалык мажүрөөлүк келип эле элдин мүрүсүнөн жылып чөнтөгүнө кол салат.

**Албетте, калайык-калк үчүн бул көнүмүш иш, а бирок элдин айкөлдүк, берешендик, боорукерлик пейлине ар кандай шылтоого жамынуу менен кол салуу болуп жатканын, айыл сактап турган улуттук мүнөздүн ансыз да аз калган көрөңгөсүн какшытып баратканын качан түшүнөбүз? Инсандык экология деген сөз бүткүл адамзатты ойлонтуп жатканда ага биздин түркөй карашыбыз коошобу?** Мындан сырткары айылдык жумушчу-кызматкерлер, ар түрдүү кесиптин ээлери айыл чарба жумуштарына тынымсыз тартылып турат, негизги жумушун таштап бир нече айлап сакмалчы, сугатчы болот, тоют даярдайт, кашар ремонттойт ж. б. Бул «шефтик жардам» негизги иш үчүн жоопкерчиликти жардам берген-

лер тарабынан да, жардам алгандар тарабынан да төмөндөшүнө ал-тарып, чарбанын экономикасын көтөрө турган чара экендигин далилдей албады. Демек, биз «пландуу түрдө чарба жүргүзүүнү» ишке ашыра албадык. Ал эми айылдыктарды ар кандай өөдө-төмөн жумушка тартуу, кысымчылыкка алуу, опузалоо, мажбурлоо менен айкалыша жүргүзүлөрүн айтсак, анда адамдын укугун коргоо маселесинде да көп өксүктөр бар экендиги айкын болот.

Айылдыктар ар кандай турмуш-тиричилик муктаждыктарынын айынан эптеп убакыт тапса маасы-көлөч, чырак шише, женил машинанын запастык бөлүктөрүн ж. б. издеп белгилүү шаарыбыз Ошко карай жөнөйт. Көп жылдык арызданууларддан сон, азыр жай айлары Ошко күнүнө бир рейс автобус каттап калган, ал эми кыш айлары алты ай бою каттабайт. Албетте, беш чарба, ондон ашык мекеме жайгашкан Алай өрөөнүнүн ээлери үчүн бул кендир кескендик. Бир кезде Дароот-Коргондон Ошко күнүнө бир-эки жолу, коншулаш Тажик ССРинин Жерге-Тал кыштагына эки жолу самолет каттаар эле, азыр бул маршруттардын бири да жок. Авиомаршрут кайрадан ачылат деген убаданы чогултса «бир самолет эле жүк» болуп калса керек. Анча-мынчада шаардан жүк тартып келип калган машиналардын айдоочуларына жалдырап жүрүп, эптеп шаарга жетебиз. Анан жүрөктү өйүгөн эле бир ой — кайда барып түнөймүн? Оштун мейманканасынын аты «Алай», алайлыктардын азабын тыңшабаган да ушул «Алай». Жетекчи кызматчылар, анан соода-сатык, материалдык камсыздоо тармагында иштегендер, такай шаарга каттап тургандар эптеп «өздөрү билип» мейманканага жайгашат экен, а малчы, сугатчы, дыйкан, механизатор, карапайым эмгекчи эл эмне кылат? Кур дегенде ушул мейманканалар да кимдир бирөөлөрдүн шылуундугун, жойпулугун кадырлай турган жайга айланып алганы жан күйгүзөт. Ош базарындагы эптеп баш калкалагыдай жайы бар кербен сарай менен (азыр бул да жок) «Алай» мейманканасынын ортосунда ары-бери чуркап жай таппай кайсалап жүрүп канча адамдар карангыталашта кысапырга акчасын тонотту, хулигандардан таяк жеди. Мындан эки эле жыл илгери алыскы окуу жайынан үйүнө каникулга келаткан бир кыз далай убараланып «мейманканадан» орун ала албай жүрүп зөөкүрлөрдүн колуна түшөт... Башка кейиштүү мисалдар канча!

Ошентип бир жагынан айыл жашоосу али да телчиге албай жанына батып жатканда, ага көнүл буруп, элдин турмушун көтөрүүгө, алардын маданий-социалдык шартын жакшыртууга бийлик өкүлдөрү көнүл бөлбөй жатканда, бир жагынан эл ичиндеги жабышкан жаман салттар тамырлап, жинкининди соолутууда.

Мына, узак жылдардан бери карай жаңы салттарды, ритуалдарды турмушка кийирүү боюнча бир топ активдүү иш жүргүзүлүүдө. Бир катар чечимдер кабыл алынып, шаарларда, райондордо, чарбаларда, эмгек коллективдеринде комиссиялар түзүлүп, алардын иш пландары бекитилди, жер-жерлерде областын борборлорунда семинар-кенешмелер өткөрүлүүдө. Албетте, анча-мынча жылыштар бар, бирок негедир эле чечкиндүү өзгөрүү байкалбайт.

Айталы, үйлөнүү тойлору али да калың алып, калың берүү менен, сарыпай (кийит) кийгизүү менен, күтүрөтө мал союлуп, ичимдик ичилип, бир далай акчага музыкант чакырылып өткөрүлөт. Айыл ичинде дагы бир салт бар. Ал — балдарды армиянын катарына узатуу. Байкуш ата-эне баласын узатканда коюн союп, арак-шарапты жайнатып бир чыгым тартса, келгенде дагы да ошондой тосушуп, бир чыгым тартышат. Ал эми сөөк коюу расмисичи? Кээде маркумга кайгырбай эле кара курсактын камын көрүшүп, ала-шала түшүп той сыяктуу дасторкон жайып, додододо эт желип, шише-шише арак ичилгенин көргөнүндө зээниң кейийт.

Кээде жыйындарда чыгып сүйлөгөн адамдар каада-салттар түрүн өзгөрткөнү менен түпкү маңызы «дат баскан бойдон» калып жаткандыгын, дал ушул ашкере чыгымчыл жагы көпчүлүк үй-бүлөнүн турак-жайынын онолушуна, турмуш-шартынын жакшырышына, маданий чөйрөсүнүн кеңейишине тескери таасир берип жаткандыгын жан күйгүзө

айтышат. Бирок ал сөз айтылган жерде калып, эл өздөрү эртеси кайра көнгөн иштерин жасашат. Эски салттын жоюлбай келе жатышы мусулман динине байланыштуу деген пикир көп айтылып жүрөт. Бул туура эмес экендигин мен 1982-жылы Бириккен Араб Республикасына туристтик саякатка барганда толук ишендим. Мусулман дини, тескерисинче, ашыкча чыгымга, ысырапкорчулукка, молдо-кожого негизсиз эле акча, буюм берүүгө каршы турат экен. Жетим-жесирге, бей-бечарага, жардыга каныр садага бер, жардамдаш дейт экен.

Эски салттын жоюлбай келе жатышынын негизги себеби: бай-манаптык, мансапкордук, өзүмчүлдүк пейилдердин сенектик мезгилде жайданышы бюрократизм менен тыгыз камыр-жумур болуп алгандыгында. Республикабыздын кайсы аймагында болбо буга мисал миш-миш кептин далайын угасын. «Калк айтса калп айтпайт» деген эмеспи, кимдир бирөө жогорку окуу жайындагы студент баласынын келечекте кызматтан кызматка көтөрүлүшүн камсыз кыла алгыдай куда издейт, анан ал кантип «капчык толо» калың бербей кое алат? Дагы бирөө бараандуу жетекчинин жаны төрөлгөн баласын беш жүз сом көрүндүк берип көрөт, башка бир чоң кызматкер атасы маркум өмүр бою жыя албаган дүйнөнү, көзү өткөндөгү «шылтоосу» менен бир күндө табат. Шибегени капкаката албайсын дегендей, мунун баары жөө тумандай жылып эл аралайт, тетири мисал болот, көпчүлүктүн пикирин бузат, «канын» бузат. Анткени, дал жанагы жетекчилер трибунадан далай ирет эски салтка каардуу чабуул жасаган, ал эми азыр «кайра куруу» деп кыйкырууда. Демек, эски салттын жоюлушу бюрократизмдин саркындылуу залалын коомдук турмуштан сүрүп салуу аркылуу гана ишке ашат.

Салт тээ байыркы замандан келаткан элдик пейил, ал жүрүп олтуруп мүнөзгө, жашоо образга айланган, өз ара катташуунун, дидар көрүшүүнүн, ал-ахыбалды билип ой-пикир бөлүшүүнүн себепчиси болуп келүүдө, ыймандык парасаттын сактоочусу болуп келүүдө. Салтты — адамдык жигердин уюткулуу көрөңгөсүн — иренжитме алабарман чүмбөттөрдөн тазалап, ыйык нукуралыгын кастарлоо, сактоо, өнүктүрүү ар бирибиздин мойнубуздагы ыйык парзыбыз!..

Кийинки эки жылдан ашуун убакыттан бери Бүткүлсоюздук басма сөздө баа реформасы тууралуу кызуу талкуу жүрүп жатат. Бу боюнча эт баасынын айланасында да түрдүү пикирлер айтылууда. Талкуунун башталышында белгилүү экономисттер, публицисттер жалпы эле мал чарба продуктысын, анын ичинде эттин баасын жогорулатуу керек, бул — тармактын тез өнүгүшүнө шарт түзөт деп далилдүү пикирди айтса, кийинки кезде буга каршы чыккандардын, эттин баасын жогорулатуу төмөн кирешелүү үй-бүлөлөрдүн турмуш-тиричилигине кошумча татаалдыкты алып келет дегендердин үнү басымдуулук кыла баштады. Ошондой эле баанын өзгөрүшүнө байланыштуу эмгек акы маселесин кайрадан карап чыгып, мал чарба продукциясынын баасын жогорулатуу төмөн кирешелүү үй-бүлөлөргө оорчулук келтирбей тургандай чечүүгө болот дегендер да өз сунушун айтууда. Баа жаатындагы азыркы абал кандай? Чарбаларыбыз, мисалы, уй этинин бир килограммын өкмөткө 2 сом 10 тыйын, 2 сом 24 тыйындан сатат, ал эми ошол эле этти өндүрүүгө кеткен бардык чыгымдарды эсептегенде кило эттин өздүк наркы орто эсеп менен 4 сом 75 тыйынга барабар (айырма 2 сом 51 тыйын), кой эти боюнча айырма мындан да көп. Ал эми Ош шаарынын базарында уй этинин килосу 5 сомдон, кой эти 7 сомдон сатылууда, мал киндиктүү Алайдын эли да жергиликтүү соода уюмунун дүкөндөрүнөн, базардан ушул баада сатып алынган этти пайдаланат. Мамлекеттик дотациянын (жардамдын) эсебинен жабылып турган баа менен өздүк нарктын ортосундагы айырма кимдин пайдасына ыйгарылууда? Дал мына ушул маселени талдоого алганда тан калыштуу фактыга туш келебиз, же болбосо пайда ири ишканаларда, завод-фабрикаларда, башкаруу аппаратында иштегендерге, жогорку айлык алгандарга (трест, бирикмелер, министерстволор ж. б.) такай мамлекеттик фондудан бөлүнгөн — мамлекеттик арзан баада сатылган этти пайдалангандарга

таандык болуп жаткандыгы, ал эми майда мекемелердин жумушчу-кызматчылары, ошол этти өндүргөн айыл эмгекчилери бүтүндөй, кооперациялык дүкөндөрдө жана базарда сатылган базар баасындагы этти сатып алып, фондулук эттен пайдалангандарга салыштырганда ар бир үй-бүлө жылына 600-900 сом өлчөмүндө ашыкча чыгым тарткандыгын, ошондой эле эмгекчилердин дал мына ушул категориясы төмөн айлык алгандарды түзөөрүн айтсак, анда эттин баасынын азыркы абалы тескерисинче адилетсиз кырдаалды түзүшү ойлондурбай койбойт. Анын үстүнө кийинки 10—15 жылдын ичинде эл керектөөчү товарлардын баасы орто эсеп менен 23 процентке, айыл чарбасында пайдаланылып жаткан техникалардын баасы эки эсеге жакын өссө да эттин өкүмөттүк баасы бир калыпта келе жаткандыгын эске алуу керек.

Мына ушулардан улам айыл эмгекчисинин эмгегинин эффектүүлүгү анча байкалбай жатат, бул эмгекке кызыгууну жандандырбай жатат. Демек, айыл чарба продуктыларына таандык баа маселесин өздүк нарктын негизинде чечүү айыл жана айылдын таянчы болуп келаткан, азыр чоң өксүккө айланып кеткен жайыт маселесин, ошондой эле социалдык маселелерди чечүүнүн практикалык алгачкы кадамы болор эле...

Бир маселенин оң чечилиши экинчи бир күтүлбөгөн кырдаалды жаратаары турмушта көп эле кездешип жүрөт. Эмгексиз кирешеге каршы закондун кабыл алынышынанбы, же чарбалык эсептин таасириби, болбосо күйүүчү майлардын тартыштыгынан келип чыктыбы, айтор, кийинки кезде жумуштук жана турмуш-тиричилик зарылдык менен кыштоодон, алыскы короосунан, жайлоодон, акыс-кукус барып калган транспорт менен чарбанын борборуна, кыштактагы үйүнө түшүп келип кайрадан жетип алыштын айласын таппай жүргөн малчы-чабанды көп кездештирчү болдук. Булардын дээрлик көпчүлүгүнүн өзүмдүк жеңил машинасы бар, ушул кезге дейре кенен кубатталып келаткан эмгектик жетишкендиктери үчүн женил машинаны сыйлыкка ыйгаруу салты бир топ адамдарды транспорттун ээсине айландырды, анан өз алдынча машина сатып алгандар да аз эмес. Иштин «кокую» дал мына ушул менчик машиналарын малчылардын күнүмдүк муктаждыктарда кенен пайдалана албагандыгында, буга негизги тоскоолдук — айылдан жайлоого чейинки жолдун жылдар бою каралбай суу жеген ан-жарга, чоң машинанын дөнгөлөгү казып бүткөн тилкеленген арыкка айланып кеткендигинде. Чарбалар үчүн жайлоонун жолун ондоп, тегиздеп туруу, тоонун толгон-токой колотторунан агып түшкөн майда сууларга көпүрө салуу такыр эле ашыкча түйшүк, пландаштырылбаган чыгым. Улам көбөйүп жаткан малды жайгаштырыш үчүн кайсы бир алыскы төргө кашар курууда курулуш материалын ташып жеткирүү максатында эптеп техника жүргүдөй соктулуу чыйыр салышат да, анан ошол бойдон көнүл бөлбөй таштап коюшат. Маселе жыйындарда айтылат, чечимдер кабыл алынып, токтомдор жазылат, анча-мынча аракет кыймыл байкалат, бирок абал баягысы баягы бойдон кала берүүдө, жайлоонун жолу дайыма жакшынакай абалда болушуна жан күйгүзө кызыккан адам жок.

Эмне үчүн, көп маселелер козголуп, далай чечимдер кабыл алынса да жайлоонун жолу оңолбойт? Анткени, малчы буга кызыкпайт, келерки жылы башка кашарга көчөт, башка жайытка кетет, анан да колунда зарыл каражаты жок. Чарбанын жетекчиси андан бетер жолду оңдогусу келбейт, анткени бул пландык көрсөткүч эмес, ансыз да алар маянасын алат. А эгерде короо-сарай, кышкы, жайкы жайыт малчыга узак мөөнөткө биротоло бекитилип берилсе ал ойлонмок. Мал чарба продукциясынан алынган кирешенин ээси болсо чарбанын жетекчисине жалдырап олтурбай эле мехпарктын кооперативдик бригадасы менен келишим түзүп жапжакшы жол салдырып алмак, жол — байлыктын негизи экендигин кимдир бирөөгө түшүндүрүп олтуруунун такыр кажети болбой калмак, экономика экономика үчүн эмес конкреттүү адам үчүн иштөөгө өтмөк...

Коомдун мүчөлөрү саламаттыкты чыңдоого, эс алууга, эстетикалык ырахаттанууга, тынымсыз интеллектуалдык өнүгүүгө жетишерлик бош

убакытка ээ болуш үчүн адамдык жашоо-турмуштук муктаждыктарды канагаттандырууну жогорку деңгээлге жеткириш керек. А бул коомдук карым-катнаштарды жөнгө салып, өнүгүүнүн тактикалык жана стратегиялык багытын аныктап, аны ишке ашырууну алдыңкы илимий негизде уюштуруу вазипасы жүктөлгөн жетекчиликтин дараметине кыйла даражада байланыштуу. Демек, адамдардын бош убактыга ыраattуу ээ болушу, ошол бош убакытты маданияттуу жана аң-сезимдүү пайдалана билиши, коомдун өнүгүүсү канчалык даражага жеткендигинин негизги көрсөткүчү — жетекчиликтин тууралыгынын далили.

Мына ушул жерде айыл жана жетекчи деген маселе келип чыгат. Тилекке каршы, сенектик жылдары жетекчилик кызмат номенклатуралык жол менен жогортон даярдалып келгендиктен, кээ бир учурда жогорку жетекчиге «жаккан», элдик пикирге төп келбеген жолбун адамдардын жылуу ордуна айланып кеткен эле. Дал мына ушундан улам жетекчи көпчүлүктүн пикири менен эсептешпей өз ниетин элге тануулоону адатка айландырды, дал мына ушундан улам бюрократиялык кылык-пейилдер жамырай баштады. Жетекчилик кызмат жылуу-жумшак кеңсеге, кызматтык жеңил машинага, складдан, базадан эч ким таппаган тансык буюмду табуучу шартка, ал түгүл элдик мүлккө кол салууга жол ача турган жагдайга айланып кетти. Дал ушул кесепеттен айылдарыбыздын абалы дагы эле кейиштүү бойдон кала берүүдө. Ошондуктан жетекчи маселесин тыкандык жана иш билгилик менен чечүү, айылдын кутмандуу өнүгүшүн камсыз кылуу уюткулуу маселелердин бири. Бул максатты турмушка ашырууда айыл адамынын демократиялык принциптерди пайдалана билиши өзгөчө мааниге ээ болуп турат. Кайра куруу демократиялык укуктун күчү менен ишке ашат, ошондуктан ар кандай ооз көптүрмөлөргө, тымызын уюшчаактарга, сүрмөлүккө салуучуларга жол берилиш керек эмес. Бүгүнкү күндө айыл адамынын демократиялык аң-сезими өтө эле мажирөө, саясий кызыгуусу солгундугун эске алып, жаңы саясий кырдаалга карата демократиялык сабаттуулугун өркүндөтүүнү кечиктирбестен чечкиндүү колго алуу баштапкы партиялык уюмдардын чыныгы авангардык ролу болууда. Кайра куруу жарыялангандан берки үч жылдан ашык убакытта айыл турмушунда кандай өзгөрүүлөр болуп жатат? **Ачыгын айтууга тийишпиз — азырынча эч кандай жылыш жок. Сөзүбүз көп болуп, ишибизде майнап жок.** Мурда кандай болсо азыр деле ошондой. Ушундай абалды көрө-билип туруп, кээде: «Эмне айылга кайра куруунун тиешеси жокпу?» деп да ойлоп кетесиң.

Биз көпкө дейре мактанып келдик, бир кезде негиздүү мактанар элек, анан уламдан улам эле негизсиз мактана турган болуп алдык, өзүбүзгө-өзүбүз мактана турган жасалма кырдаалдарды түзүүгө киришип кеттик. Ои, тообо, э-эй! Бул кылыгыбыз кайда алпарат деп ойлоп койбогонубузду кара! Дүйнөдөгү эң алдыңкы адамзаттык идеалдарды ишке ашырууга ниеттенген социализм өлкөсүндө жашап, анын гражданини болуп туруп жалган айтууга, көз боемочулукка барганыбызды айтпайсыңбы!

Сөздүн кыскасы, мактангыбыз манчыркоого айланарын, көз жумду кош көңүлдүккө айланарын, ыйман парасатты өксүтөрүн, экономиканы төмөндөтүп коерун эми түшүндүк. Кечигип көзүбүз ачылды. Эми баардык нерсени жашырып-жаппай ачык сүйлөшүүчү учур келгенден кийин гана болгонду болгондой айтууга тийишпиз. Антип биз айтып, биз күйбөсөк али да болсо айрым адамдар «айыл жыргап эле жатат» деген баягы жалган түшүнүктө жүрүп жатышпайбы?

Борборлоштуруп жылуулук менен камсыз болгон муздак, ысык суусу жеткирилген, газдаштырылган бардык ыңгайы бар үйлөр, кышында жылытылган кенен бассейндүү жабык спорт комплекстери, эң алдыңкы техникалык жабдуусу бар заңгыраган кенен маданий борборлор, көңүлдү эргиткен дүр-дүйүм буюму, түр-түрлөп мыкты сапаттагы жашылча-эти дайыма белен сатылган дүкөндөр, анча алыс эмес кооз капчыгайлордогу татынакай саякат жана эс алуу жайлары, эң негизгиси —

...ай күндөрү шаардан эле эки күн дем алыш айыл жергесине качан ке-
...ет? Биотехнология, компьютер, маркетинг, менеджер деген азыркы мез-
...илдин алдынкы өрнөгү айылдарыбызда качан күнүмдүк турмушка ай-
...лат? Социализм деген түшүнүктүн маңыздуу деңгээлин кандайча
...лестетебиз? Деги ушул суроолорду берүүгө мезгил жеттиби? А эгер бул
деңгээлге умтулууга дале шарт-ыңгайыбыз туура келбей жатса, анда биз
эмне максат менен жашап жүрөбүз?

Мына ушул жерде бир сөздү тике жана ачык айтышыбыз керек, ушул кезге дейре биз практикалап келаткан башкаруунун — буйруктук, тескөөчүлүк ыкмасы айрыкча айыл проблемасын чечүү жаатында өзүнүн толук ийкемсиздигин жана ...арамсыздыгын көрсөттү, бюрократиялык ...ейилдердин жамырашына жагдай болуудан башка анын келечеги жок экендиги айкындалды. Айыл проблемасын чечүүнүн кайра куруу аныктаган бир гана туура жолу бар. Ал — мүмкүн болушунча тез арада башкаруунун демократиялык ыкмасына өтүү.

Бул чарбадагы бардык эмгектик каражаттарды, жерди коллективге узак мөөнөткө арендага берүү, бул — бир нече кандидаттын ичинен мыкты программалуу жетекчини чыныгы демократиялык жол менен шайлоо, бул — жетекчиликтин жүргүзгөн ишин эмгекчилердин алдыңкы ...күлдөрүнөн түзүлгөн Советтин реалдуу контролго алышы. Бул — толук чарбалык эсеп, кооперативдик түзүлүш, үй-бүлөлүк жана жекече иш аткаруу. Бул — депутаттын коомчулукка баш ийиши, чыныгы элдин өкүлүнө айланышы, элдик пикирдин чечүүчү мааниге ээ болушу. Бул — пландык-товардык экономика, ар кандай тармактардын экономикалык өнөктүгү (социалисттик конкуренция) жана бул — бюрократиялык ниеттерге чечкиндүү каршы турган ан-сезимди коомдун ар бир мүчөсүнө таандык мүнөзгө айландыруу.

Кайра куруу бизге өз алдынча ой жүгүртүүгө жана мүдөөлөрдү тез арада ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берип жол көрсөттү, аны туура пайдалана билүү ар бирибизден, өзүбүздөн. Кайдандыр кимдир бирөө келип биз үчүн абалды ондоп бербейт.

Кайра куруу процесси эч кандай жасалмалуулукту кабыл албайт, ага нукуралык керек.

Дүйнөлүк өнүгүүнүн азыркы этабы электрондук, компьютердик, роботтук техникаларды андаштыруу доорун өздөштүрүп жаткан мезгил. Мына ушул шартта бир гана жол — ал, илимий-техникалык прогресстин алдынкы катарында болуу. Ушул багытты көздөй бараткан биз үчүн кайра куруунун, маалымдуулуктун, айкындыктын күжүрмөн деми менен социализмдин чыныгы артыкчылыгын бүткүл адамзатка ачык көрсөтүү вазипасы — эрдик жасоо милдети турат.

Демек, биз бүгүн болгонду болгондой айтууга, бар кемчиликти жашырып-жаппай тезинен ондоого тийишпиз.

Ошентип, кымбаттуу окурмандар, Сиздерди айыл турмушуна байланыштуу бул маанилүү маселенин айланасында ой жүгүртүп, орой көзү чарай кеп-кенешке чакырабыз...

ТАРЫХ
САНЖЫРА
ЭЛ
КАЗЫНАСЫНАН

# Н. Я. Бичурин. Енисей кыргыздары тууралуу

Акыркы мезгилде республикабыздын коомчулугу тарыхка, тактап айтканда, кыргыз элинин тарыхынын тигил же бул маселелерине айрыкча кызыгуу туудуруп жатышы басма сөзгө, радио жана телевидениеге, Кыргыз ССР ИА тарых институтуна келген кат-кабарлардан улам маалым болуп жатат. Анын үстүнө тарыхый-этнографиялык маалымат чогултуу максатында айыл жерлердн кыдырып, көптү көрүп билген адамдар менен маектешип жүргөнүбүздө кыргыз элинин тарыхына байланыштуу көптөгөн суроолорду берип, ар кыл маселелерди чечмелеп берүүнү өтүнүшөт.

Албетте, окурмандар тигил же бул проблема же тарыхый доор боюнча илимий же илимий-популярдуу китептерди колго алганда өздөрү кызыккан маселелердин бардыгына жооп тапкысы келет. Бирок кээде окурмандын бул оюю ишке ашпай, эмгекте көтөрүлгөн маселелердин чечилишине, же болбосо маселенин коюлушуна көп канааттана албай калат. Мисалы, кыргыз элинин келип чыгышынан 16-кылымга чейинки тарыхы кийинки доордо башынан кечирген тарыхына караганда бир топ себептердин натыйжасында көнүлдөгүдөй чечилбеген, ошол себептен бүгүнкү күндө окумуштуулардын арасында талаш-тартыштарды туудуруп келе жатат. Бул талаштардын негизги маселеси окурмандардын калың катмарына да айдан ачык маалым.

Талаштын негизги маселелеринин бири — Енисей дарыясынын жогору жагында, Минусин (муну кыргызча «Миң суу» деп да айтып жүрүшөт) өрөөнүндө биздин заманга чейинки III-II-кылымдарда кытай тарыхый булактары боюнча белгилүү болгон «кыргыз» деген аттын жана бул ат менен бара-бара аталган географиялык чөлкөмдө түзүлгөн элдин Тянь-Шань тоо кыркаларында бир кыйла замандан кийин пайда болгон кыргыздар менен (башкача айтканда биз менен) түздөн-түз байланышы барбы же жокпу деген суроонун тегерегинде жүрүп жатат. Белгилей турган нерсе бул илимий маселе нары оор, нары татаал.

Бул талаш-тартыштын чечилишине ар кандай себептер тоскоолдук кылууда, алардын эң башкысы тарыхый, археологиялык, этнографиялык, лингвистикалык, фольклордук жана башка булактардын жетишсиздиги. Анын үстүнө бири-бирине карама-каршы турган илимий проблемалар да бар. Ошого карабастан кыргыз окумуштууларынын иликтөөлөрү, СССР Илимдер Академиясынын Сибирь бөлүмүнүн окумуштуу-археологу Ю. С. Худяковдун археологиялык казуулары жана алардын негизинде жазылган илимий эмгектери бул илимий маселени терең изилдөөгө багытталган.

Азыр Түштүк Сибирде жашаган хакастар ошол Енисейде жашаган кыргыздардын түздөн-түз тукуму деген ой бекемирээк далилденип жатат. Бул жагдайда СССР-дин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, археолог-окумуштуу, профессор Л. Р. Кызласовдун эмгеги зор. Бирок бул проблема дале болсо биротоло чечиле элек, ал келечектин иши. Төмөндө ушул проблемага тике тиешелүү тарыхый булактардын биринин котормосун окурмандарга сунуш кылабыз. Бул тарыхый булак атактуу синолог, чыгыш изилдөөчү, Никита Яковлевич Бичурин (Иакинф ата) тарабынан кытай династиясынын тарыхынан которулган.

Өткөн жылы окумуштуунун туулган күнүнө 210 жыл толду. Ал 1777-жылы Казань губерниясынын Чебок Сары уездинин Бичурин кыштагында диний кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. Улуту чуваш. Никитанын атасы дин кызматчысы болгондуктан ошол мезгилдеги падыша өкмөтүнүн саясатына жараша андай адамдын балдары да дин окуу жайларында окуп, келечекте чиркөө жана башка диний жайларда иштөөгө даярдалган. Ошол себептен Никита да адегенде Казандагы диний семинариясында (1786-жылдын август айларында диний академияга айланган) 15 жыл окуган. Академияны бүтүп чыкканда ал классикалык латын, грек тилдерин жана француз, немец тилдерин абдан жакшы өздөштүрүп алган. Казанда окуп жүргөн кезинде эле ал тарыхка, элдин үрп-адатына, салтына өтө кызыгып, көптөгөн ада-

...жылы 15-июлда Н. Я. Бичурин монах болуп, «Иакинф» деген ат менен чиркөө кызматчыларынын катарына кошулган. 1806-жылы диндин тартибин бузду деген себеп менен Тоболь семинариясына көзөмөлдүн астында риторика боюнча мугалимдикке которулат. Тоболь шаарына ал мезгилде падыша өкмөтүнө каршы чыккан адамдарды сүргүнгө айдоочу. Иакинф ата бул жерде да убактысын текке кетирбестен чыгыш элдеринин тарыхына, үрп-адатына болгон кызыгуусун арттырып, ар кандан адабиятты окуп, билимин тереңдеткен.

Ушул жерде анын өмүрүндө бурулуш болот. Никита Яковлевич 1807-жылы 8-майда тогузунчу диний миссиянын начальниги болуп дайындалып, алыскы кытайдагы Пекин шаарына жөнөп калат. Диний миссиянын негизги милдети Пекинде жашаган орус казак-албазиндердин диний муктаждыктарын канаттандыруу, аларда православия дининен ажырап калбоого шарт түзүү болгон. Казак-албазиндер Пекинде императордун гвардиясында кызмат кылышкан. Никита Яковлевичке чейин эле 1716-жылдан бери 8 миссия барып иштеп келген. Ар бир миссия 7 жылда бир жолу алмашкан.

Бичурин Пекинге келген күндөн тартып кытай тилин өздөштүрүүгө зор ынтаа менен киришет. Бара-бара илимий иликтөөлөргө баш-оту менен кирип кетип, өзүнүн түздөн-түз ишине салкын мамиле жасап калат. Анын үстүнө Россияда 1812-жылы Ата-Мекендик согуш башталып, Пекиндеги тогузунчу миссия унутулуп калат. Натыйжада миссионерлер каражатсыз абалда калып, баштарына кыйынчылыктар түшө баштайт. Аларды 1814-жылдын сентябрынан 1815-жылдын июнуна чейинки мезгилде өтүп жаткан Вена конгрессинде гана эстешет.

1821-жылдын 15-майында тогузунчу миссия Н. Я. Бичуриндин жетекчилиги менен кайра Ата Мекенге жол тарткан. Россияга келгенден кийин диний кызматкерлер аны куугунтукка алып, акыры Ладога көлүндөгү Валаам монастрынын түрмөсүнө камайт. Ага негизинен — миссиянын ишин толугу менен бузган, чиркөөнүн мүлкүн сатып жиберген, өзү динге жат иштерди жасаган деген күнөө коюшкан. Ал досторунун жардамы менен 3 жылдан кийин түрмөдөн чыгып, тышкы иштер министерствосунун Азиялык департаментине жумушка орношот.

Бирок Н. Я. Бичурин динге кылган кызматы же ага каршы бузукулук иштери менен атагы чыкпастан, дүйнөлүк чыгыш таануу илимине кытай тарыхый булактарын биринчи ирет алып чыгып которуп, алар боюнча жазган илимий эмгектери менен атактуу окумуштуулардын катарына көтөрүлгөн. Кытайда жүргөн кезинде кытай, манжур тилдеринде жазылган китептерди сатып алып чогултуп, Кытай менен Монголиянын этнографиясы боюнча бай коллекцияларды жыйнаган. Китеп, кол жазма, буюм-тайымдар салынган жащиктердин салмагы 400 пудга жетип, 15 төөгө жүктөлүп келинген.

Н. Я. Бичуриндин талбас эмгегинин натыйжасында дүйнөлүк чыгыш таануу илими баа жеткис тарыхый булактарга ээ болгон. Таланты ташып, күч-кубаты толуп жүргөн жылдары ал ошол өзү алып келген китептердин котормосун биринин артынан бирин берет, кыска мөөнөттүн ичинде Россиянын чыгыш таануу илими дүйнөдөгү чыгыш таануу илимдеринин алдыңкы сабына чыгат.

Албетте, бул таланттуу адам жөнүндө айта берсе сөз көп, бирок айрыкча белгилеп кете турган нерсе — Бичурин дүйнөдө биринчи болуп, кытай тарыхый булактарын илимий негизде карап, аларды Борбордук жана Орто Азия элдеринин келип чыгышы жана кийинки тарыхы боюнча өзүнчө булак боло алат деген жобону айтып, аны илимий эмгектеринде ишенимдүү далилдей алгандыгында. Анын негизги эмгектеринин ичинен төмөндөгүлөрдү атаса болот: «Описание Тибета в нынешнем его состоянии», «Записки о Монголии, сочиненные монахом Иакинфом», «Описание Чжунгарии и Восточного Туркестана в древнейшем его состоянии», «Историческое обозрение ойротов, или Калмыков, с XV столетия до настоящего времени», «Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена» ж. б. Акыркы аталган эмгек көтөрүлгөн маселелердин татаалдыгы боюнча, документалдуу булактарды колдонуушунун кеңендиги боюнча, кытай текстерин которуудагы толуктугу жана тактыгы боюнча башкаларынан айрымаланып турат. Бул эмгектин мааниси күнү бүгүнгө чейин жоголо элек.

Атактуу окумуштуу, Россия Илимдер Академиясынын корреспондент-мүчөсү, Демидов атындагы академиялык сыйлыктын бир нече жолку лауреаты Никита Яковлевич Бичурин 1853-жылы 76 жашында Александр-Невск лаврасында (эркектер туруучу православиялык монастырь) дүйнөдөн кайткан.

Бул окумуштуу доорунун улуу адамдары В. Г. Белинский, А. С. Пушкин менен жакын болгон. Н. Я. Бичуриндин эмгектерин көрүнүктүү чыгыш таануучулар В. В. Григорьев, А. К. Казем-Бек, О. М. Ковалевский, Я. И. Шмидт ж. б. жогору баалашкан. Ал эми чет өлкөлөрдө анын ысымын алдыңкы катарга коюшкан. Немец окумуштуусу, саякатчы Ю. Клапрот «Иакинф ата окумуштуулардын бүтүндөй бир тобу жасай турган ишти жалгыз өзү бүтүргөн» — деп айткан.

Бирок Н. Я. Бичурин жаза баштаган мезгилде эле башка чыгыш таануучулары, мисалы, Петербург университетинин профессору А. К. Казем-Бек, кытай тарыхый текстерине сын көз караш менен мамиле кылуу керектигин айтып, Бичуриндин эмгектеринде илимий комментариялар жок, анын үстүнө батыш европалык илимий эмгектерди аз пайдаланат деп сындаган. Окумуштуулардын кийинки изилдөөлөрү Би-

ТАРЫХ
САНЖЫРА
ЭЛ
КАЗЫНАСЫНАН

# Н. Я. Бичурин. Енисей кыргыздары тууралуу

Акыркы мезгилде республикабыздын коомчулугу тарыхка, тактап айтканда, кыргыз элинин тарыхынын тигил же бул маселелерине айрыкча кызыгуу туудуруп жатышы басма сөзгө, радио жана телевидениеге, Кыргыз ССР ИА тарых институтуна келген кат-кабарлардан улам маалым болуп жатат. Анын үстүнө тарыхый-этнографиялык маалымат чогултуу максатында айыл жерлерди кыдырып, көптү көрүп билген адамдар менен масктешип жүргөнүбүздө кыргыз элинин тарыхына байланыштуу көптөгөн суроолорду берип, ар кыл маселелерди чечмелеп берүүнү өтүнүшөт.

Албетте, окурмандар тигил же бул проблема же тарыхый доор боюнча илимий же илимий-популярдуу китептерди колго алганда өздөрү кызыккан маселелердин бардыгына жооп тапкысы келет. Бирок кээде окурмандын бул ою ишке ашпай, эмгекте көтөрүлгөн маселелердин чечилишине, же болбосо маселенин коюлушуна көп канааттана албай калат. Мисалы, кыргыз элинин келип чыгышынан 16-кылымга чейинки тарыхы кийинки доордо башынан кечирген тарыхына караганда бир топ себептердин натыйжасында көңүлдөгүдөй чечилбеген, ошол себептен бүгүнкү күндө окумуштуулардын арасында талаш-тартыштарды туудуруп келе жатат. Бул талаштардын негизги маселеси окурмандардын калың катмарына да айдан ачык маалым.

Талаштын негизги маселелеринин бири — Енисей дарыясынын жогору жагында, Минусин (муну кыргызча «Миң суу» деп да айтып жүрүшөт) өрөөнүндө биздин заманга чейинки III-II-кылымдарда кытай тарыхый булактары боюнча белгилүү болгон «кыргыз» деген аттын жана бул ат менен бара-бара аталган географиялык чөлкөмдө түзүлгөн элдин Тянь-Шань тоо кыркаларында бир кыйла замандан кийин пайда болгон кыргыздар менен (башкача айтканда биз менен) түздөн-түз байланышы барбы же жокпу деген суроонун тегерегинде жүрүп жатат. Белгилей турган нерсе бул илимий маселе нары оор, нары татаал.

Бул талаш-тартыштын чечилишине ар кандай себептер тоскоолдук кылууда, алардын эң башкысы тарыхый, археологиялык, этнографиялык, лингвистикалык, фольклордук жана башка булактардын жетишсиздиги. Анын үстүнө бири-бирине карама-каршы турган илимий проблемалар да бар. Ошого карабастан кыргыз окумуштууларынын изилдөөлөрү, СССР Илимдер Академиясынын Сибирь бөлүмүнүн окумуштуу-археологу Ю. С. Худяковдун археологиялык казуулары жана алардын негизинде жазылган илимий эмгектери бул илимий маселени терең изилдөөгө багытталган.

Азыр Түштүк Сибирде жашаган хакастар ошол Енисейде жашаган кыргыздардын түздөн-түз тукуму деген ой бекемирээк далилденип жатат. Бул жагдайда СССР-дин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, археолог-окумуштуу, профессор Л. Р. Кызласовдун эмгеги зор. Бирок бул проблема дале болсо биротоло чечиле элек, ал келечектин иши. Төмөндө ушул проблемага тике тиешелүү тарыхый булактардын биринин котормосун окурмандарга сунуш кылабыз. Бул тарыхый булак атактуу синолог, чыгыш изилдөөчү, Никита Яковлевич Бичурин (Иакинф ата) тарабынан кытай династиясынын тарыхынан которулган.

Өткөн жылы окумуштуунун туулган күнүнө 210 жыл толду. Ал 1777-жылы Казань губерниясынын Чебок Сары уездинин Бичурин кыштагында диний кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. Улуту чуваш. Никитанын атасы дин кызматчысы болгондуктан ошол мезгилдеги падыша өкмөтүнүн саясатына жараша андай адамдын балдары да дин окуу жайларында окуп, келечекте чиркөө жана башка диний жайларда иштөөгө даярдалган. Ошол себептен Никита да адегенде Казандагы диний семинариясында (1786-жылдын август айларында диний академияга айланган) 15 жыл окуган. Академияны бүтүп чыкканда ал классикалык латын, грек тилдерин жана француз, немец тилдерин абдан жакшы өздөштүрүп алган. Казанда окуп жүргөн кезинде эле ал тарыхка, элдин үрп-адатына, салтына өтө кызыгып, көптөгөн ада-

би[illegible]арды окуп, бош убактысында Казандын көчөлөрүндө, базарларында ар кыл тилде сүйлөгөн, ар кандай салтты кармаган элдин жүрүш-турушуна кунт коюу менен байкоо жүргүзгөн. 1800-жылы 18-июлда Н. Я. Бичурин монах болуп, «Иакинф» деген ат менен чиркөө кызматчыларынын катарына кошулган. 1806-жылы диндин тартибин бузду деген себеп менен Тоболь семинариясына көзөмөлдүн астында риторика боюнча мугалимдикке которулат. Тоболь шаарына ал мезгилде падыша өкмөтүнө каршы чыккан адамдарды сүргүнгө айдоочу. Иакинф ата бул жерде да убактысын текке кетирбестен чыгыш элдеринин тарыхына, үрп адатына болгон кызыгуусун арттырып, ар кандай адабиятты окуп, билимин терендеткен.

Ушул жерде анын өмүрүндө бурулуш болот. Никита Яковлевич 1807-жылы 8-майында тогузунчу диний миссиянын начальниги болуп дайындалып, алыскы кытайдагы Пекин шаарына жөнөп калат. Диний миссиянын негизги милдети Пекинде жашаган орус казак-албазиндердин диний муктаждыктарын канаттандыруу, аларда православия дининен ажырап калбоого шарт түзүү болгон. Казак-албазиндер Пекинде императордун гвардиясында кызмат кылышкан. Никита Яковлевичке чейин эле 1716-жылдан бери 8 миссия барып иштеп келген. Ар бир миссия 7 жылда бир жолу алмашкан.

Бичурин Пекинге келген күндөн тартып кытай тилин өздөштүрүүгө зор ынтаа менен киришет. Бара-бара илимий иликтөөлөргө баш-оту менен кирип кетип, өзүнүн түздөн-түз ишине салкын мамиле жасап калат. Анын үстүнө Россияда 1812-жылы Ата-Мекендик согуш башталып, Пекиндеги тогузунчу миссия унутулуп калат. Натыйжада миссионерлер каражатсыз абалда калып, баштарына кыйынчылыктар түшө баштайт. Аларды 1814-жылдын сентябрынан 1815-жылдын июнуна чейинки мезгилде өтүп жаткан Вена конгрессинде гана эстешет.

1821-жылдын 15-майында тогузунчу миссия Н. Я. Бичуриндин жетекчилиги менен кайра Ата Мекенге жол тарткан. Россияга келгенден кийин диний кызматкерлер аны куугунтукка алып, акыры Ладога көлүндөгү Валаам монастрынын түрмөсүнө камайт. Ага негизинен — миссиянын ишин толугу менен бузган, чиркөөнүн мүлкүн сатып жиберген, өзү динге жат иштерди жасаган деген күнөө коюшкан. Ал досторунун жардамы менен 3 жылдан кийин түрмөдөн чыгып, тышкы иштер министерствосунун Азиялык департаментине жумушка орношот.

Бирок Н. Я. Бичурин динге кылган кызматы же ага каршы бузукулук иштери менен атагы чыкпастан, дүйнөлүк чыгыш таануу илимине кытай тарыхый булактарын биринчи ирет алып чыгып которуп, алар боюнча жазган илимий эмгектери менен атактуу окумуштуулардын катарына көтөрүлгөн. Кытайда жүргөн кезинде кытай, манжур тилдеринде жазылган китептерди сатып алып чогултуп, Кытай менен Монголиянын этнографиясы боюнча бай коллекцияларды жыйнаган. Китеп, кол жазма, буюм-тайымдар салынган жащиктердин салмагы 400 пудга жетип, 15 төөгө жүктөлүп келинген.

Н. Я. Бичуриндин талбас эмгегинин натыйжасында дүйнөлүк чыгыш таануу илими баа жеткис тарыхый булактарга ээ болгон. Таланты ташып, күч-кубаты толуп жүргөн жылдары ал ошол өзү алып келген китептердин котормосун биринин артынан бирин берет, кыска мөөнөттүн ичинде Россиянын чыгыш таануу илими дүйнөдөгү чыгыш таануу илимдеринин алдыңкы сабына чыгат.

Албетте, бул таланттуу адам жөнүндө айта берсе сөз көп, бирок айрыкча белгилеп кете турган нерсе — Бичурин дүйнөдө биринчи болуп, кытай тарыхый булактарын илимий негизде карап, аларды Борбордук жана Орто Азия элдеринин келип чыгышы жана кийинки тарыхы боюнча өзүнчө булак боло алат деген жобону айтып, аны илимий эмгектеринде ишенимдүү далилдей алгандыгында. Анын негизги эмгектеринин ичинен төмөндөгүлөрдү атаса болот: «Описание Тибета в нынешнем его состоянии», «Записки о Монголии, сочиненные монахом Иакинфом», «Описание Чжунгарии и Восточного Туркестана в древнейшем его состоянии», «Историческое обозрение ойротов, или Калмыков, с XV столетия до настоящего времени», «Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена» ж. б. Акыркы аталган эмгек көтөрүлгөн маселелердин татаалдыгы боюнча, документалдуу булактарды колдонушунун кенендиги боюнча, кытай текстерин которуудагы толуктугу жана тактыгы боюнча башкаларынан айрымаланып турат. Бул эмгектин мааниси күнү бүгүнгө чейин жоголо элек.

Атактуу окумуштуу, Россия Илимдер Академиясынын корреспондент-мүчөсү, Демидов атындагы академиялык сыйлыктын бир нече жолку лауреаты Никита Яковлевич Бичурин 1853-жылы 76 жашында Александр-Невск лаврасында (эркектер туруучу православиялык монастырь) дүйнөдөн кайткан.

Бул окумуштуу доорунун улуу адамдары В. Г. Белинский, А. С. Пушкин менен жакын болгон. Н. Я. Бичуриндин эмгектерин көрүнүктүү чыгыш таануучулар: В. В. Григорьев, А. К. Казем-Бек, О. М. Ковалевский, Я. И. Шмидт ж. б. жогору баалашкан. Ал эми чет өлкөлөрдө анын ысымын алдыңкы катарга коюшкан. Немец окумуштуусу, саякатчы Ю. Клапрот «Иакинф ата окумуштуулардын бүтүндөй бир тобу жасай турган ишти жалгыз өзү бүтүргөн» — деп айткан.

Бирок Н. Я. Бичурин жаза баштаган мезгилде эле башка чыгыш таануучулары, мисалы, Петербург университетинин профессору А. К. Казем-Бек, кытай тарыхый текстерине сын көз караш менен мамиле кылуу керектигин айтып, Бичуриндин эмгектеринде илимий комментариялар жок, анын үстүнө батыш европалык илимий эмгектерди аз пайдаланат деп сындаган. Окумуштуулардын кийинки изилдөөлөрү Би-

чуриндин котормосунда жана изилдөөлөрүндө монгол жана түрк элдеринин келип чыгышы боюнча маселелерди чечмелөөдө бир катар катачылыктарды келтиргенин далилдешкен. Маселен, Монголиянын территориясынын тарыхый өнүгүшүн, этникалык (улуттук) составынын узак тарыхый мезгил ичинде бир нече жолу өзгөрүшүн эске албай, байыркы тарыхый доордо жашап өткөн урууларды, элдерди Бичурин Монголияда өзү көргөн-билген элдердин эле өзү деп эсептеген. Натыйжада гундар, сяньбилер, жуан-жуандар, түрк-тугюлар, уйгурлар жана башкалар Бичуриндин эмгектеринде монгол уруулары болуп калган. Анын үстүнө кытай тарыхый булактарында бир эле элдин аты бир нече түрдө (транскрипцияда) берилиши окумуштуулар үчүн кыйынчылыктарды туудурууда. Мисалы, Енисей кыргыздары — Гяньгунь (Цзяньгунь), Гэгу, Цигу (кигу), Йегу, хакас, хакяньсы, киликцзы; ал эми уйгурлар болсо — гаогюй, хойху, вейвурр деген аттар менен берилген. Буга окшош мисалдардын бир тобун келтирсе болот. Ошого карабастан тарыхчылар мүмкүнчүлүктүн жетишинче өткөн доордун тарыхын калыбына келтирүү жаатында аракеттенишүүдө. Ушул жерде Н. Я. Бичуриндин эмгектери окумуштуулар үчүн баа жеткис жардам берип жатат.

Н. Я. Бичуриндин кыргызча жарыяланган бул эмгеги биринчи тажрыйба деп эсептесек болот. Балким, бу жаатында кызыгуу пайда болуп, кыргыз элинин тарыхына тиешеси бар түрк, араб, парсы жана ошондой эле кытай тилдериндеги тарыхый булактарды кыргызчага которуу аракети күч алып, бара-бара өз эне тилибизде тарыхый эмгектердин арбын жаралышына алып келээр. Ушул ниет менен төмөндөгү котормону окурмандарга сунуш кылабыз.

**Айдарбек КӨЧКҮНОВ,**
**Кыргыз ССР ИА тарых институтунун улуу илимий кызматкери, тарых илимдеринин кандидаты.**

***Н. Я. Бичурин (Иакинф)***

# «Байыркы мезгилде Орто Азияда жашаган элдер тууралуу маалыматтардын жыйнагы»

1. Хаканьсы. Хагас (Кыргыздар). Хагас — байыркы Гяньгунь мамлекети. Ал Хаминин батышында, Харашардын түндүгүндө, Ак тоолордун жанында жайгашкан. Айрымдар бул мамлекетти Гюйву жана Гйегу деп аташат. Калкы динлиндер[1] менен аралашып кетишкен. Хагас аймагы бир мезгилде хунндардын батыш чегин түзгөн. Хунндар аларга багынып берген кытай кол башчысы Ли Линди батыш Чжуки князынын[2] даражасына көтөргөн, башка кытай аскер башчысы Вэй Люйди динлиндерге падыша койгон. Кийинчерээк Чжичы Шаньюй Гяньгундарды багынтып, анын чыгыш Шанью ордосунан 7000 ли батышка, Чешыдан түндүктү көздөй 5000 ли аралыгында туруп калган, андыктан бул өлкөнүн ээлери Хагасты жаңылыш Гйегу жана Гйегйесы деп аташкан. Элинин саны бир нече жүз миңге[3], кошуну 80000ге жетет. Түштүк чыгышка карай түз эле Хойхус ордосуна чейин 3000 ли[4] деп эсептелинген, түштүккө

---

[1] Динлиндер монгол тукумунан болушкан. Алар Байкалдан Енисейге чейинки Иркутск губерниясынын түштүк тарабын ээлеген. Хагастардын борбору жайгашкан Енисей губерниясынын түштүк чегинде азыркы учурда да жергиликтүү түрк монголдор турушат.

[2] Ал Хагастардын падышасы болуп коюлган. Ойхор империясын (Хойху) кыйратуучу анын тукумунан болгон.

[3] Түтүн деп түшүнүү керек.

[4] Орхонго жакын Хангай тоолорунун этектеринде.

карай Таньмань[5] тоосуна чейин созулган. Жеринин кыртышы жайкысын саздуу, кышында кары калын. Адамдары дээрлик бойлуу, сары чачтуу, кызыл жүздүү жана көздөрү көк[6]. Кара чач жакшы жышаан катары эсептелген эмес, ал эми кой көздүүлөр Ли Линдин тукуму деп эсептелинген. Эркектер аялдарга караганда аздык кылган. Эркектер сөйкө тагынышкан. Алар намыскөй жана чыдамкай, эр жүрөктүүлөрү колдоруна белги (орусчасы татуировка) салышкан, ал эми аялдары күйөөгө чыккандан мойнуна белги коюшкан. Эркек менен аялдар бөлүнбөй жашашкан, ошол себептен ыймансыз иштер арбын жолугат. Жылдын биринчи айы Марши ай деп аталат. Ай бул азыркы маанидеги эле айды билдирет. Үч ай жылдын чейрегин түзөт. Жылдар он эки белги менен эсептелет, мисалы, Инь белгисиндеги жыл жолборс жылы деп аташат. Аба ырайы суук келет; ал турсун чоң дарыялар жарымына чейин тонот. Таруу, арпа, буудай жана гималай арпасын эгишет. Унду кол тегирмендер менен тартышат, үрөндү үчүнчү айда сээп, түшүмүн тогузунчу айда[7] жыйнап алышат. Винону боткодон ачытат. Мөмө жемиштер, жашылчалар жок. Аттары чымыр, азоолору мыкты деп эсептелет. Төөлөр, уйлар бар, бирок уйлар менен койлор көбүрөөк. Бай дыйкандарда алар бир нече миң башка жетет. Айбанаттардан элик, бугу сымалдар (орусчасы —сохатые), кара куйруктуу текелер бар. Кара куйруктуу текелер кабыргаларга окшош, бирок чоң кара куйругу бар. Балыктардын ичинен бирөө узундугу жети футка жакын, жылма жана кылкансыз, оозу мурдунун түбүндө[8] болот. Канаттуулардан: жапайы каз жана өрдөк, сагызган, карчыга. Дарактардан: кызыл карагай, кайын, илем, тал, карагай. Акыркысы ушунчалык бийик болгондуктан, жаадан атылган жебе чокусуна жетпейт. Бирок баарынан көп өскөнү кайын[9]. Алтын, темир, калай бар. (Котормодо мындан ары бош орун: кытайча тексте мындай деп айтылган: «Ар бир жамгырдан адатта темир алынган, аны цзя-ша деп аташат. Куралдарын өтө курч жасашат: дайыма тукюэге алып барып турат»). Согушта жаа жебесин жана туу колдонушат. Атчандар курч кылычтан жана жебеден сактануу үчүн колу-бутун жыгач менен каптайт, ийиндерин тегерек жыгач калканч менен жабат. Мамлекеттин башчысы Ажо деп аталат, ошол себептен башчынын аты Ажо деп аталат. Анын турган жеринде туу сайылып турат[10]. Калгандары уруулардын аттары менен аталат. Киштин жана сүлөөсүндүн териси кымбат кийим катары эсептелет. Ажо кышында тумак, жайында төбөсү учтугуй, жээги сыртына кайрылган[11] алтын менен жээктелген калпак кийген. Калгандары кийиз калпактарды кийишет. Дегинкиси, курунда кайракты, б. а. мусат[12] алып жүрүүнү жактырышат. Жардылары кой терисинен жасалган кийимдерди кийишип, калпаксыз жүрүшөт. Аялдары Ань-виден, Бэй-тьхинден жана Дахядан алынган жүн же жибек кездемелерден тигилген көйнөктөрдү

---

[5] Таньмань сөзү Алтайдан Чыгышты көздөй Косоголго чейин созулган кырка тоолордун азыркы аты Танну деген сөз менен үндөш, байыркы убактарда эле хагастардын түштүк чек арасын түзгөн болуу керек.

[6] Азыр Сибирде жана Түркстанда жашаган татарлардын арасында агыш чачтуулар да бар. Томск губерниясын жана Енисей губерниясынын түштүк чет жакаларын ээлеген.

[7] Апрелде жана октябрда.

[8] Ушул убакка чейин Томь жана Обь дарыясында осетр балыгы көп жолугат.

[9] Азыркы күндө да Томск жана Енисей губернияларынын түштүк тарабында кайың жыш.

[10] Сарайдын каалгасынын алдында.

[11] Азыр да бүт Түркстанда ушундай калпактарды кийишет.

[12] Бычакты курчутуу үчүн темир курал азыр да Казан губерниясындагы жашаган урууларда колдонулат. Мусатты курга алып жүрөт.

[illegible]

---

...ын ТӨЛӨМҮШЕВ 1942-жылы Тянь-Шань [illegible] туулган. 1970-жылы Кыргыз мамлекеттик [illegible] факультетин бүтүргөн.

...ттин, К. Симоновдун, А. Зегерстин, В. [illegible] Доможаковдун «Ыраакы айылда» аттуу [illegible] ... которгон.

# Боогачы Жолонбек уулу



ИЗДЕНҮҮ, ТАБЫЛГА, ЭСКЕРҮҮ

# Боогачы Жакыпбек уулу

Боогачынын ашыктык, күйгөн ырлары менен обондору анын ысмын узун элдин үчүнө, кыска элдин кыйырына дайын кылып, «Үкөйү» эл оозунда аңыз аңгемеге айланды. Бирок ушул мезгилге чейин Боогачынын өмүр таржымалы, чыгармачылыгы жайында басма жүзүндө атайын сөз болбой келген эле. Бүгүнкү кайра куруунун, ачык айтып, ак сүйлөөнүн шарапаты тийип, улуттук адабиятыбыз менен маданиятыбыздын залкар өкүлдөрүнүн катарында Боогачы Жакыпбек уулу да эске алынып жатканы кубанычтуу.

Боогачынын көзү барда эки ыр жыйнагы басылып чыккан. Биринчиси «Секетбай» деген ат менен 1925-жылы Москвада 5000 нуска менен басылган, 59 беттен турат. «Айтуучу Нарын уезинде Боогачы Жакыпбек уулу», «Жыйноочу: Арабай уулу» деп көрсөтүлгөн. Экинчи жыйнак — «Күйгөн». 1927-жылы 3000 нуска менен Фрунзеде басылган. 37 бет. «Оңдогон, өзгөрткөн: С. Карач уулу». «Секетбай» китебине «Алгы сөз» деп бир беттен турган чакан баш сөз жазылат. Анда: «Кыргыз журтунун жоголгон халга келген овонун кайтадан жан кийрип, жалпы кыргыз калкынын баарына Боогачынын овону деген овондо жайган Нарын уезинде Боогачы Жакыпбек баласы деген өзү эр ортону болгон адам бар. Бу киши жаш жигит убактында оюнпоз шайыр жигит болгон.



Ошол күлү төгүлбөй күрсүп турган убактында ашыктык толкунуна дуушар болгондон, атын атабай, сүйгөнүнүн атын чын сүйгөндүктөн Секетбай деп обон салып, көңүлдөшүнө колу жетпей калган соң ошого окшош жар издеп, санаа менен далай жерди кыдырган. Мынабу китепче ошол Боогачынын өз оозунан жазылган...» — деп айтылат. Бул жыйнактар совет мезгилинде кыргыз тилинде чыккан алгачкы китептерден эле.

Кийин акындын чыгармаларын жыйып-терип жарыялоого, иликтөөгө аракет кылган Ж. Чолпонбаев, А. Токтомушев сыяктуу бирин-серин адамдар болду, бирок учурунда бул иштен ойдогудай майнап чыкпады.

Азыр Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын кол жазма фондусунда Боогачынын өмүрүнө байланышкан бирин-серин маалыматтар менен айрым чыгармалары сакталып турат. Анда Боогачынын өз оозунан жазылгандары да бар. Аларды 1922-жылы Нарында кыргыз элинин оозеки чыгармаларын жыйнап жүргөн Каюм Мифтаков жазып алган. Бирок Боогачынын чыгармалары, сөз өнөрү боюнча билгени, айткандары толук жазылып калды деп айта албайбыз. Ошентсе да, Боогачынын чыгармаларынан жарыялап, окурмандарды тааныштыруу алдында, азырынча бизге белгилүү болгон оозеки жана жазма даректерге таянуу менен анын өмүр таржымалы, чыгармачылыгы жайында учкай болсо да айта кетүү максат болот.

Боогачы азыркы Ат-Башы районундагы Ак-Муз айылында (мурунку Шаркыратма болушунда) туулуп-өскөн. Өмүрүнүн акыркы жылдарында Нарындын Дөбөлү айылында жашап, ошол жерде дүйнөдөн өткөн. Сөөгү урматтоо менен коюлуп, ка[illegible] эстелик тургузулган. Боогачынын качан туулуп, канча жашка барганы жөнүндө [illegible] маалымат жок. Боогачынын [illegible] Жапар Чолпонбаевдин айтканына караганда, 1866-жылы туулуп, 1939-жылы 73 жаш курагында дүйнөдөн кайткан, ал эми [illegible]

айылдашы Бектуров Ыса карыя 1936-жылы 62 жашында каза болгон дейт ж. 6. у. с. А. Токтомушев болсо 1866-жылы туулуп, 1936-жылы 5-майда өлгөн деп жазды.

Жакыпбек өлгөндө, Боогачы жаш калып, жетимчилик турмуш башына түшөт. Бирок ал өз жанына тың, зирек жана кара кылды как жарган калыс болгондуктан, жүрө-жүрө эл билип, кийин революциянын алдыңкы жылы (1916-жылы) болуштукка көтөрүлөт. Эл манаптарга каршы чыгып, Боогачыны болуштукка шайлап алат. Көп узабай Боогачынын элге алымдуу болуп, кадыр-баркы өсүп баратканын көрө албаган Салмаке, Үмөтаалы, Бөлөкбай, Кыдыр, Абдыраман (аталаш өз иниси) сыяктуу бай-манаптар арызданып, бийлик ээлерине пара берип, Боогачыны болуштуктан бошотушат. Бирок колунда бийлик, мансабы болбогону менен, элдин сүйгөн кадырман адамы бойдон кала берет.

Боогачы өз мезгилинде көпчүлүктөн айырмаланып, алга умтулган жаңычыл, терең ойчул адам болгон, эл агартуу ишине өзгөчө маани берип, элге билим берип, кат таанытуу үчүн колунан келгенин аяган эмес. 1914—1915-жылдары айылда алгачкылардан болуп салдырган өзүнүн там үйүндө Усули-жадид (жаңы метод) мектебин ачып, атайын мугалим алдырып, ага айыл ичиндеги балдарды тарткан, арифметика, география өңдүү мурда белгисиз болгон сабактарды окутуп, балдардын кат жазып үйрөнүшүнө көп көңүл бурган. Ушул мектепте окуп калган Ж. Чолпонбаев мындай деп эскерет: «Мектепте отуз-кырк бала окучубуз, эртең дем алыш деген күндөрү чоң казанга кесме жасаттырып, баарыбызды тегиз тойгузуп туруп, бир чекеден далыдан таптап, кээ бирибиздин акырын ууртан чоюп, «ырдайбызбы» деп мээримдүү күлүп, «кана, Майлыбаш, сен башта» дегенде, Майлыбаш токтолбостон, «Үкөйүмдү» Боогачынын өз обонундай чыгарып, үнүн кубулжутуп ырдап жиберчү. Майлыбашты маңдайынан сылап, калгандарыбызды катарыбыз менен ырдатып, өзү сүрөмөлөп, жайнап-күлүп турар эле. Айрым балдардын үнү кирилдеп чыкса, кээ бириники чыйылдап чыгуучу, анда Боогачы так эле койчунун чооруна окшотуп:

Арай-арай, ай башы,
Айдын бүгүн он беши.
Азыгыма алганым
Ак соолуктун жамбашы.
Ары-бери каратпай
Алдамкул байды жоо басты —

деп ырдаганда балдар бүт каткырып, кичине балдар бутун тыбыратып боору эзилгенче күлүшчү.»

Ошол жылдары «Эркин-Тоо» газетасы чыгат экен деген кабар Ат-Башы элине да чагылгандай тез тарап, жер-жерлерде газетага жазылуу жүргүзүлөт. Боогачы бул ишке да жан-дили менен аралашып, анын демилгеси менен айылда 150 киши «Эркин-Тоого» жазылат.

Элдин айтымына караганда Боогачы өтө боорукер, ак пейил, кайрымдуу жана калыс адам болуптур. Мансапка манчыркап, ашыра байлык күтүүнү жактырбаган ырчы эл менен бирге жашап, калк ынтымагын тилеген. Иниси Абдыраман манаптар менен басташып, жаат куруп, элдин ынтымагын кетирип, тынчын алган киши экен. Боогачы инисинин бул жоругуна капа болуп, «сенин өзүң эмес, отурган ордуңду кетмендеп ташташа болор эле» деп айтчу дешет. Эл ичиндеги жетим-жесир, бей-бечараларга көз салып, зарыл учурда элди уюштуруп, аларга жардам кылган. Кытайга качкан эл төңкөрүштүн кабарын угуп кайтканда, кара тумоо менен чечектен кырылып, бар мүлктөн, үй-жайдан ажырап, арып-ачып келди. Элдин мындай абалын көргөндө, Боогачы кеңеш салып, миңден ашык кой, үч жүздөй бодо жыйнатып бергенин карыялар азыр да кеп кылышат. Боогачы ырчылыгы менен эле эмес, ушундай мүнөзү менен да калк ичинде чоң кадыр-сыйга ээ болгон.

Кийин заманыбыздын оош-кыйыштуу жылдарында акын өзү түшүнбөгөн себептер менен Оренбургга айдалып, ал жакта үч жылча (1929—1932) тургандан кийин бактыга жараша Орунбор аттуу уулдуу болот.

...Нарындан чыгып кыйналып,
Наразы болуп ыйладык.
Ат-Башы ата бооруңа
Алда кандай сыйбадык...

деп жаш төгүп узаган акын аман-эсен эл-жерине кайтып келген.

Укканга караганда Боогачы жаштайынан сөзгө кулак төшөп, шайыр, ыр-обонго ышкыбоз өсөт. Бара-бара чыгармачылык канат байлап, сөзгө чебер, куюлуштура сүйлөгөн жорго сөздүн устасы, акын жана обончу катары чыга келет. Чоң комузчу болбосо да кулакка жагымдуу мукам күүлөрдү чертип, уккандын боюн балкытып, черин жазат. Жаштар арасында, аш-той менен кыз оюндарда ырдап жүргөн Боогачыга тубаса талант-шыгы ого бетер дем берип, ажайып обонго бап келген ыр түрмөктөрү жан дүйнөнү дүргүтүп, тыюу бербей оболойт... Мындай ырлар ооздон-оозго өтүп, Боогачынын кадыр-баркын көтөрүп, даңкын чыгарат.

Азыр Боогачынын «Үкөйүн» угуп, ырдын укмуштуудай касиетине таңданбаган, анын кереметтүү кайрыктарына кулак түрө, моокум кандырбаган адам болбосо керек. Ушуга жараша бул ырдын жаралуу тарыхына байланышкан аңыз кеп, аңгемелер да эл ичинде көп. А. Токтомушев «Үкөйдүн чуусун» «Кыргызстан маданияты» газетасында кеңкесири сөз кылды. Ал киши айткандай, эл оозунда Боогачы менен Үкөйдүн

[illegible] болгон соң «Үкөй» эмес Үкей» болот го) тагдыры бир нече вари[illegible]дын аты [illegible] Көп алардын үйлөнгөн же үйлөнбөгөнүндө эмес, баарыдан мурда алар- (К[illegible]а айтылат [illegible] таза сүйүүдө, аларды бириктирген ашыктык, махабат баянында го[illegible] дын ортосундагы б[illegible]п түрдүү айтылган маалыматты бергибиз бар. Ат-Башы районунун Өшөн[illegible]дагы [illegible] Моюн кыштагында туруучу Муратбеков Турдубек (1903-жылы туулган) карыянын [illegible]на караганда, Үкөй Оторбай деген кишинин аялы болгон. Ага кыз кезинде бар-[illegible]ткан [illegible] Боогачы менен Үкөй бирин-бири жакшы көрүп, Үкөй Оторбайдан чыгып, Боо-[illegible]ган [illegible] тиймекчи болот. Бирок ал кездеги каада-салтка ылайык эл бузулат деп айыл [illegible]ыга [illegible]сакалдары к[illegible]пшы болот. Үкөйдүн агасы Усубаалы деген намыс кылып, илгерки санак [illegible] кырк кесим карага (10 асый, 10 бышты, 10 кунан, 10 тай) Оторбайдан Үкөйдү боюн[illegible]а [illegible] Ошентип, Боогачынын туугандары журт бузулат деп алдырбай койгон-[illegible]чыгарып алат. [illegible]дуган экен:

Күңгөйгө чыккан жекенди,
Жекенди түбү бекемби?
Күйөө бир болбой мен сага
Ушул бир жалган дүйнөдөн
Үкөйүм, күйүттүү бойдон өтөмбү?
Адырга чыккан жекенди,
Жекенди түбү бекемби?
Алалбай калып сени мен
Ушул бир жалган дүйнөдөн
Үкөйүм, армандуу бойдон өтөмбү?
Сен жайлоонун жашыл гүлүсүң,
Жашыл бир алма түрүсүң.
Жакында көргөн түшүмдө,
Жайлоонун толук кезинде.
Адырлуу тоонун бетинде,
Шар аккан суунун четинде,
Көк ала майдан шиберде,
Сени менен биригип,
Үкөйүм, жанаша басып жүрүпмүн.

Боогачы айылдагы ырга жакын, ышкыбоз жаштарды өзүнө имере тарткан, таа-[illegible]лим-т[illegible]рбия берип, шыгына шык кошкон деп эскерет айылдаштары.

Боогачы көпкө балалуу болбой, туяксыз өтөмбү деп жүргөндө уулдуу болуп, атын Ийгилик коёт. Ошол уулу бир күнү катуу ооруп калганда ырым-жырымды барк алоиган. ага анча ишене бербеген Боогачы элди күлдүрүп, таштай каткан байларды, [illegible] бузук молдо-сопуларды, ууру менен ушакчыларды келеке кылып дарымдайт:

Кабактагы Калыбайга бар,
Кайнатасы менен урушкан
Жаңыбайга бар.
Менин уулумда эмнең бар!
Канкор десең Кадырга бар,
Калпты көп айткан
Шыпырга бар.
Менин уулумда эмнең бар!
Кой ичинде текеге бар.
Сопу десең Тагайбайга бар,
Ууру десең Ногойбайга бар.

Боогачынын чыгармачылыгындагы бир өзгөчөлүк — ал туулуп-өскөн жердин кок-ту-колотун, аска-зоо, адыр-түзүн, аккан суу, айнектей көлдөрүн, жер-суу, тоо-ташын, кереметтүү жайларын суктануу менен ырга кошуп, ашыктык сүйүү ырларын андан бетер ажарына чыгарат, ал ыр укмуштуудай обондун коштоосунда уккандын кумар-черин таркатат.

Боогачы негизинен секетбай, ашыктык ырларын жараткан лирик акын, ары кай-талангыс обончу катары таанымал. Дүнүйө табуу максатында бирөөнү мактап-жак-тап ырдаган эмес, башка акындар менен айтышпаган. Боогачы ырларында ашыгына жетпей зарлайт, махабаттка кумарланып, сүйүү күчүнө суктанат, ойноп-күлүп бир жүрүүгө чакырат. Теңсиз заманда өз сүйгөнү, ашык курбусуна жетпей кор болгон, жокчулук жолун бууган жарды-жалчы, кембагал жаштардын ички ой-тилегин ачык чагылдырат.

Кызыл-Дөбө, Жагалмай,
Кысталдым ушул заманда, ай.
Кыялың эске түшкөндө
Кыйналдым издеп баралбай.
Бошотпой турмуш колумду,
Жокчулук тосуп жолумду.
Бек сагындым абыдан,
Перизаттай сонунду...

Букарга барсам унуткус,
Муңумду жазган келинсиң!

Үрп-адат бузук заманда,
Ургаачы жүргөн камоодо,
Малга сатып атасы,
Кармап берген сабоого.

Уруят чыкты жакында,
Ушул иш түштү акылга,

Өткөн күндү ойлонуп,
Убайың тарттым жакында,
Сүйгөнүңө кошулбай,
Сүйлөшпөй калба капылда.

Ушунчалык күйгүзгөн,
Бир жашчылык айыбы,
Кечирип кой, жаш балдар,
Аягы бүттү, байыды.

# Эл оозунан

## Үкөй

Алалуу жылкы элде бар
Ашыктык сарпы сенде бар.
Ашык болдум жете албаи
Үкөйүм, ез милдетиң менде бар.

Кулалуу жылкы элде бар
Курдаштык сарпы сенде бар.
Кусадар болдум жете албай
Үкөйүм, куп милдетиң менде бар.

Айылың короо четинде
Айлыңа барсам кечинде
Асылкеч менин Үкөйүм
Тетиги,
Ак карлуу тоонун бетинде.

Үйүң короо четинде
Үйүңө барсам кечинде.
Күмүшкө окшош Үкөйүм
Тетиги,
Күн тийген зоонун бетинде.

Алтындан чачпак сооруңда,
Айткан сөз болсо ордунда.
Асылкеч менин Үкөйүм
Тетиги,
Ак карлуу тоонун бетинде.

Күмүштөн чачпак сооруңда
Күндөгү сөз болсо ордунда.
Күмүшкө окшош Үкөйүм
Тетиги,
Күн тийген зоонун боорунда.

**Бул ыр 1979-жылы Ат-Башы районунун**
**Ак-Муз айылында жашоочу**
**Салыкбаева Зуурадан [1912-ж.]**
**жазылып алынган.**

## Боогачынын санат ырынан

Теңдиктин жолу чоң болсо,
Айтамын сөздү ар башка
Мына акылы тунук курдашка
Ага-иниң болсо чырлашпа
Акылың болсо чыңдашпа.
Ажал жетсе чымын жан
Чыгып кетет бир паста.
Убада кылгын танбаска,
Ушакчы менен муңдашпа
Ушакчы менен муңдашсаң
Уят кылат бир паста.
Ээй, жамандык ишти таштап кой
Жаныңа жапа кылбаска...

Азамат болсоң ак сүйлө,
Акылман болсоң так сүйлө.
Ээ, алтындан такка минсең да
Армансыз болбойт бок дүйнө.
Базарман болсо үйүңдө
Мактангансып сүйүнбө.

Эсиң болсо эр жигит
Көп күлбөгүн элирип.
Аңдабай жаман сөз айтып
Атаңды сенин дедирип.
Оруну жок сөз айтып,
Уулуң жаман болбосун
Ээй, аталаштын ичинен
Акылсыз жаман болбосун.
Алышкан иттей ыркырап
Жигиттер, алганың жаман болбосун.
Тун кишинин бийиги
Бүлө болгон кула аттай
Акылсыздын көөдөнү
Акпай калган булактай.

**Айтуучу Тердикбай уулу Кылыч.**
**1906-жылы туулган. Кочкор районунун**
**Көк-Жар айылынан.**
**1982-жылы жазылган.**



АДАБИЙ МУРАС

*РЕДАКЦИЯДАН. Санжыра (арабдын шажара деген сөзүнөн — кыргызча ортак тармак дегенди билдирет) белгилүү бир уруунун, элдин чыгыш теги жана таралышы жөнүндөгү тарыхый материалдардын жыйындысы, элдик оозеки чыгармалардын бир түрү. Көчмөндүк турмушта жашап, уруучулдук түзүлүш сакталган Орто Азия элдеринде санжыра урпактан урпакка оозеки түрдө өтүп келген. Санжыра кара сөз жана ыр түрүндө да айтылган. Ал эми эзелтен жазуу сызуусу, китеп басып чыгаруу өнөрү бар орус, немец, англис, француз сыяктуу элдердин санжыралары небак эле өз-өзүнчө том-том болуп жарык көргөн.*

*Ырас, элдик оозеки чыгармачылыктын кеңири өөрчүгөн бир түрү катары жашаган түрк элдеринин санжыралары Н. С. Гродеков, П. П. Рычков, Ч. Ч. Валиханов, Г. С. Саблуков, Н. Аристов, Н. Г. Потанин өңдүү окумуштуу-изилдөөчүлөр тарабынан кагазга түшүрүлгөн, айрымдары өзүнчө китеп болуп да чыккан.*

*Кыргыз санжырасынын беш түрдүү айтылышы (биринчиси — О. Сыдыковдуку, экинчиси — Бала Айылчыныкы, үчүнчүсү — Турсунбек Алымбековдуку, төртүнчүсү — Укаев Арууидуку, бешинчиси — элдики) да жазылып алынып, азыр Кыргыз ССР ИАнын кол жазма фондусунда сакталып турат. Айрым санжыралар кайсы бир адамдардын сандыгында жүрүшү да ыктымал. Ал эми Октябрь революциясына чейин О. Сыдыковдун «Мухтасар тарых-и кыргызийа» (1913), «Тарых-и кыргыз Шабдания» (1914) деген санжыра китеби жарык көргөн.*

*Совет доорунда болсо кыргыз элинин санжырасы С. М. Абрамзон, Я. Р. Винников, А. Т. Тагиржанов жана башкалар тарабынан жыйналган, айрым-айрым бөлүктөрү жарык да көргөн. Албетте, санжырада уруулардын, элдин чыгыш теги гана терип-тепчип айтылбастан, анда ошол элдин тарыхы, уламыштары, дүйнөгө көз карашы, ишеним-ынанымы, тил байлыгы, поэтикасы, каада-салты да кеңири камтылган. Ошондуктан санжыра эл турмушунун өткөндөгү тарыхын, рухий маданиятын иликтептактоодо, үйрөнүүдө тийиштүү өлчөмдө баалуу булак катары кызмат өтөйт.*

*Ушундай зарылдыктардан жана окурмандардын өтүнүчүнөн улам журнал мындан ары кыргыз санжырасынын айрым үлгүлөрүн жарыялап турмакчы. Бул сапар Осмоналы Сыдык уулунун «Мухтасар тарых-и кыргызийа» деген санжыра китебинин айрым бөлүмдөрү жана жандырмасы окурмандарга сунуш этилип отурат.*

# «Мухтасар тарых-и кыргызийа» жана анын түзүүчүсү

Китеп 1913-жылы Уфада басылып чыккан. Нукура кыргыз тилинде жазылган. Ал турган диалект өзгөчөлүгү сакталган. Бул китепче тарых эмес, санжыра. Кыргыздын урууларын Оң, Солдон тартып, негизги чоң урууларды, алардын пайда болушун жазган. Албетте, бул да абдан керек. Китепти түзүүчү бүткүл кыргыз урууларына барып, алардын ак сакалдарынан, санжырачыларынан сураштырып жүрүп жазган. Мунун илимий аппараты — көптү билген карыялар болгон. Ошолордун айтып бергендерин гана кагазга түшүргөн. Ал жөнүндө өзү да «жазуучу — укканын жазат, айтып берүүчүгө ишенет. Айтып берүүчү эмнени жалгаштырды, алла билет!» — деп эскерткен. Бул китепчени жазууга эмне түрткү болгонун автор мындан түшүндүрөт: «Кыргыз кырк кыздан деп, шайых Мансурдун акылга сыйбаган сөздөрү, ошол көрпө, терн алдап алуучулардын сөзү жаныма батып кетти. Ошон үчүн

он беш жыл ацтарып, текшерип, биз дагы асыл заттан экенибизди билсин деп, он беш жылдык мээнетимди бир саатча көрбөй, калемимди тыбырата баштадым» дейт, байкуш автор.

**Китепченин орфографиясы жана тыныш белгилери жөнүндө.**

Илгери, илгери дегеним — Кокон кандыгы заманында эле кыргыздарга Ташкенден, Букарадан, Кашкардан кожолор кыдырып келип, элди динге үндөп, балдарын окутуп, дин китептерин жаттатып, карындарын кампайтып, көп мал таап кетишкен. Китеп окууга үйрөткөнү менен, жазууга үйрөткөн эмес. Ац-сезимдүү адамдар өздөрү эле ошол окуган китептерине ээрчип, өлүнчө «орфография» менен жазышкан. Буга революциядан мурун жазылып калган документтер күбө боло алат. Кептин кыскасы — ар ким өз билген имласы менен жазган. Анын үстүнө ошол кезде жазуу жалпы түрк элдеринде морфологиялык принципке негизделген. Араб-иран тилдеринен кирген терминдерди бардыгы бирдей жазышкан. Бирок өз тилине ылайыктап окуган. Бул узун аңгеме.

**Бул китепчени азыркы жазууга өткөрүшүм жөнүндө.**

Бул автордун китепчесин окуп чыгуунун өзү эле мүшкүл иш. Эгер кыргыздын эле сөзүн арибин ээрчип окусаң — дайны жок эле бир тыбыш айкалышы болуп калат. Муну окуй билиш керек. Мен тажрыйба кылып бир топ адамга окутуп да көрдүм. Баштары катып, отуруп калып жатышты. Бул китепчени биздин эч бир тарыхчыбыз, тилчибиз, адабиятчыбыз окуп чыкпагандыгына мен күбөмүн. Окугусу келген адамдар көп болгон, бирок окуй алышкан эмес. Азыркылар окуй албаган соң — кийинки урпак кантип окусун! Мына ушуну эсте тутуп, мен дагы автордун сөзү менен айтканда тарткан убарамды бир саатча көрбөй, машинкамды чыкылдата баштадым. Дагы айтам — автор нукура эле кыргыз тилинде жазган. Бир эле кыргыздын нукура сөзү бир нече түрдө жазылган. Тыныш белги деген жок. Бир эле сүйлөмдүн арасына нокот да коюлуп калган. Эмне үчүн минтип калды? Жөнү мындай го деп ойлойм; кол жазманын редактору татар, арип терүүчүлөр, корректорлор сөзсүз татар. Автор өзү Уфага барып, басылышына жетекчилик кылган эмес. Ошентип, алар — өз билгениниче терип, оңдогон. Ошонун натыйжасында нукура эле кыргыздын тили (арибин терип окусаң) чаар тил болуп калган. Мен ондоо киргизгеним жок, автордун оюндагысындай бастым. Жалгыз гана түшүнүксүз араб-иран сөздөрүнө кашаанын ичине түшүндүрмөсүн жазып койдум.



Мен байыркы орус тилинде жазылган Радищевдин «Москвадан Петербургга саякат» дегенин кыргыз тилине которгон элем. Мындай машакат чеккен эмесмин. Чеккен машакатым — бир тыйын. Кийинки тукум окуп, алгачкы документ катары бааласа — мен ыраазы. Мен китепти мактагым да, жамандагым да келбейт. Келечек тукум өзү сындасын. Өзү бааласын. Бизде бир жаман адат бар: окубай туруп, китептин мазмунун билбей туруп, «бул китепте манаптарды, уруу башчыларын жазган» деп, керексиз бир сандырак катары баалап жүрүшөт. Андай эмес. Ар бир жазылган нерсе — адамдын башынан чыккан. Ал чыгарма качан, кандай доордо, кандай автор жазды — сын көз менен караш керек го. Аны кийинкилердин адил сынына калтырдым. Ушул китепке байланыштуу мындан эки жыл мурун чыккан китептер жөнүндө да маалымат бере кетейинчи. Балким кереги тиинп калар. Азыр мен бере турган маалымат эч жерде жазылбаган жана эч бир окумуштуу да билбейт.

1. «Кысса-и зилзала». Жазуучу молла Кылыч Төрөгелдин. Казань, 1911-жыл. Хак масулият (чыныгы жоопкерчилик — К. К.) Эшенаалы Арабаевде.

Кылычтын бул «Зилзаласын» окуган тилчи же тарыхчы деле жокко эсе. Бул да араб тамгасында Казанда чыккандыктан, мунун да имласы абдан эле татаал. Көп сөздөр бузулуп басылган. Анын себеби да өйдө жакта айтылгандай. Бул чыгарма жана ошол эле Эшенаалы Арабаев жана Сарсекеев түзгөн биринчи алиппээ «Төтө окуу» жөнүндө менин «Мемуарымда» толук берилди. Ал «Зилзаланы» да так «Тарых-и кыргызиядай» кылып, жаңы тамгага көчүрүп басып койгомун. Кызыккан адамдар ошол менин «Мемуарымды» карасын (эгер жарык көрүп калса). Ошондой болсо да ушул тарых китебине байланыштуу «Зилзаланын» сыртына соода уюмдарынын берген жарнамасын дагы бир жолу келтире кетейин. Татар тилинде:

«Яни басылачак китаплар: 1) Казак кыргыз балалары үчүн оку китеби; 2) Кыска гана куралчылык китаби. Казак кыргыз балалары үчин; 3) Зарзаман. Язувчи молла Кылыч; 4) Кыргызда болуп өткөн чоң адамдардын ашларында болуп өткөн салтанат. Молла Кылыч. 5) Түрлүү куштар. Асыл түрк лугатына ярдамчы (Түрк элинин түшүндүрмөлүү сөздүгүнө көмөк катары — К. К.). Молла Кылыч.

Молла Кылыч язган китаплар сатылачак:

Токмокто ыкоал китапханасында. Пржевальскиде Сулейманов яне Абдивалиев магазиндеринде. Каракоо базарында молла Султан Кыргызбаев сатат.»

Мына ушундан жарнама жазылган. Казандын архивин издеген адам табан алат го деген менде үмүт бар. Мен убагында сурашып атын командировка ала албай койгомун!

Эми «Мухтаçар тарих-и кыргызийаны» жазган Осмонаалы Сыдык уулу тууралуу кыскача маалымат. Албетте, мен ал кишини көргөн эмесмин. Булар тек гана билген адамдар аркылуу алынган маалымат.

Өзү Бухарадан окуган экен. Бул маалымат китебинин ичинде бар. Өзү араб-фарсы тилин жеткилең түшүнгөн түрү бар. Аны колдонгон терминдеринен байкадым. Ата-бабасы, кайсы уруктан экендиги да китебинде. Ошондон маалымат аласыздар.

1919-жылдан бери пенсия алчу экен. 33-жылы камалган. Түрмөдөн качып чыгып, Текеске кетип калган. Үй-бүлөсү бул жерде калган. Бир кызын драматург, жазуучу Эшмамбетов алган. Кызынын аты — Нурийла. Бир кызын Жакишев Өмүркул алган. Аты — Гүлбаара.

Текеске баргандан кийин үйлөнүп, бала-чакалуу болгон имиш. Балдары 1955-жылы көчүп келди. Өзү ошол Текесте каза таптыр. Мен билген маалымат ушул.

Осмонаалы Сыдык уулу «Тарых-и Шадыманийа» деген да китеп жазган. Аны мен илгери окуганмын. Ал китеби деле санжыра болчу. Буга караганда бир топ кеңири эле. Өзү да мурунку «Тарых-и кыргызийасында»: «Бул окуяны эмки китебибизде толук жазабыз» деп, эки жолу кайталаган. Демек, бул адамдын эмгеги экөө. «Тарых-и Шадыманийасын» мен издеп таппай койдум. Айрым үзүндүлөрү — Зыяш Бектеновдун архивинде.

Мен Осмоналы Сыдыковдун ысмын даңазалайын деген максат менен китебин жаңы тамгага өткөрбөдүм. Кыргыз тилинин эстелигинин бир белгиси катары кийинки тукум билсин деп убараландым. «Ыйлагандын көзү жаман, сүйлөгөндүн оозу жаман» кыла көрбөгүлө! Тек, эл билсин деп жаздым.

Кусейин КАРАСАЕВ, профессор

Октябрь, 1984-жыл, Фрунзе.

**Осмоналы Сыдык уулу**

# *Мухтасар тарых-и кыргызийа*

## *Тарых жазуучунун ыры*

Колума калем алдым тарыхты жазмак үчүн,
Туугандарымды курдаштарым билсин үчүн.
Бу тарых жазылды кыргыз үчүн,
Кыргызды кыйла калктар билсин үчүн.
Бу тарых билдирер бабабызды,
Эки жүз миң үйлүү кыргыздарды.
Болуптур түп атабыз Угуз хандан,
Угуз хан бири болур тогуз хандын.
Аңтардым алда канча тарыхтардын,
Кыссасын нечен-нечен өткөн жандын.
Тарых демек — өткөндөрдүн алын билмек,
Ата-баба, олуялар жайын билмек.
Акылы артар пикири өткүрлөнүп,
Бүтүн-бүтүн башка адам болор демек.
Жер жүзүндө түркүм-түркүм адамдарды,
Түрлүү-түрлүү диндерин билүү демек.
Тарыхын казак, кыргыз, ногой, сарттын,
Кай насил, кай уруктан келгендерин.
Бир бирден ар бирлерин баян кылдым,
Катама айып кылба, туугандарым.

Индекс 73046

# Ала Тоо

АЙ САЙЫН ЧЫГА ТУРГАН АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖАНА КООМДУК-САЯСИЙ ЖУРНАЛ

КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН ОРГАНЫ

## МАЗМУНУ

**ПРОЗА**

Сейит ЖЕТИМИШЕВ. Эл арасында, роман (соңу) . . . . . . . . . . 3

**ПОЭЗИЯ**

Исабек ИСАКОВ. Ой канатында, ырлар . 50
Байтемир АСАНАЛИЕВ. Ырлар . . . . . 53

**ПРОЗА**

Мирзохалим КАРИМОВ. Тигил дүйнөдөгү төргөө, Түйшүк, Күзөтте, Менин начальниктим ким?, Эшигинен эмес, тешигинен, аңгемелер . . . . . . . . 57

**ПОЭЗИЯ**

Кемел БЕЛЕКОВ. Ырлар . . . . . . 69
Абдыжапар ЭГЕМБЕРДИЕВ. Ырлар . . . . 73

**ИЗДЕНҮҮ, ТАБЫЛГА, ЭСКЕРҮҮ**

Белек СОЛТОНКЕЛДИ УУЛУ СОЛТОНОЕВ. Кызыл кыргыз тарыхы (уландысы) . . 75

**ПОЭЗИЯ**

Кадырбек МАТИЕВ. Ырлар . . . . . . 116

**АДАБИЙ МУРАС**

Салижан ЖИГИТОВ. Эскерилбей калган үч калемгер . . . . . . . . . 119

**ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВДУН 125 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА**

БУУДАЙБЕК САБЫР УУЛУ. Токтогул Талас жеринде . . . . . . . . . . 123

**ӨНӨР**

Амантур АКМАТАЛИЕВ. Боз үй, этнографиялык этюддар . . . . . 129

№ 4

АПРЕЛЬ

1989

1931-жылдан бери чыгат

ГБ Киргизской ССР
1989
имени В. И. Ленина

АДАБИЙ МУРАС

# Эскерилбей калган үч калемгер

■

*Баш сөзүн жазган жана ырларды басмага даярдаган Салижан Жигитов*

1920-жылдары биздин улуттук көркөм адабиятта калем сынап көргөндөр анча деле аз болгон эмес. Алардын чыгаандары кийин белгилүү жазуучуларга айланды, дагы бир тобу чыгармачылык майдандан четтетилип, ошо бойдон унутулуп калды. Өз убагында бир кыйла катуу чыгып, кийинчерээк чоң калемгерлерден болчудай көрүнгөндөрдүн ичинде Байсерке Калпаков, Бөрү Кененсариев, Шарип Көкөновтор бар эле.

Уулу Муратпек Байсеркеев жыйнаган маалыматтар боюнча, Байсерке Калпаков 1883-жылы азыркы Тоң районуна караштуу Көндөй айлында туулган. Октябрь революциясына чейин башталгыч дин мектебин бүтүрүп, Уфа шаарындагы кайсы бир медреседен (балким айтылуу «Галиядыр»?) окуган. 1916-жылдан тууган айлы Көндөйдө ачылган медреседе («Сасыктын мектебинде») сабак бере баштаган. Үркүн тушунда жердештери менен чет элге барып келген. Октябрь революциясынан кийин, асыресе 1918-1925-жылдары Тоң аймагындагы советтик мектептерде мугалимчилик кылган, 1919-жылы Алматыда ачылган мугалимдерди кайра даярдоо курсунан өткөн. 1926-1927-жылдары «Эркин-Тоо» («Кызыл Кыргызстан») газетасынын редакциясында иштеген, андан кийин өз жерине кайтып, мектептерде мугалим болгон. 1937-жылы ак жеринен «Эл душманы» катары камалып, Борбордук Россияга айдалган, 1941-жылы түрмөдө көз жумган.

Байсерке Калпаков өз убагында ырлар жазып жүргөн. Анын «Биздин журтта» деген ыры 1919-жылы «Көмөк» («Ушкын») газетасында жарыяланган. «Кызыл гүл» (1926) аттуу коллективдүү жыйнакта анын «Биринчи май», «Акмат менен Байгана» «Сагынам» деген үч ыры басылган.

Байсерке Калпаков «Эскиден калган энчилер» деген көп көшөгөлүү пьеса жазган, ал пьеса өз демилгелүү драмалык ийримдер тарабынан коюлган. Бир өкүнүчтүү жери: «Эскиден калган энчилердин» тексти сакталбай калган.

Бөрү Кененсариевдин өмүр баянына тиешелүү фактылар азырынча кагаз бетине түшө элек. Биздин сурамжылап билишибизче, а киши 1896-жылы оокаттуу үй-бүлөдө туулган, эскиче мектептен тарбия алган. 1920-жылдары адабиятка аралашып, көбүнчө акын катары көрүнгөн. Анын ырлары «Эркин-Тоо» («Кызыл Кыргызстан») газетасынын, «Жаңы маданият жолунда» журналынын беттерине абдан эле жыш чыккан; «Кызыл гүл» жыйнагына 16 ыры кирген. Аалы Токомбаев менен авторлошуп чыгарган «Аял айнеги» китебинде Бөрү Кененсариевдин «Калбүбү» аттуу поэмасы, «Эски убактагы аял турмушунан бир көрүнүш» деген аңгемеси басылган. Анын 1926-жылы жазылган «Саркындылар» аттуу пьесасы 1931-1932-жылдары Кыргызстан мамлекеттик улут театрында коюлган. Ал пьесанын кол жазмасы Кыргыз ССР илимдер академиясынын Коомдук илимдер бөлүмүнө караштуу Кол жазмалар фондусунда сакталуу турат. Баса, Бөрү Кененсариев украин жазуучусу Яновскийдин «Ярость» («Каар») деген пьесасын адаптациялап (окуясын кыргыз турмушуна көчүрүп, каармандарына кыргызча аттар берип) которуп чыккан. Ал пьеса Кыргыз мамлекеттик улут театрында 1933-1934-жылдары «Тобурчак» деген ат менен коюлган.

Бөрү Кененсариев жанача илим-билим жагынан өксүсө да, өз убагындагы бир кыйла тың калемгерлердин бири болгон. Бирок ата тегинин айынанбы же дагы башка себептерден уламбы, айтор, өздөрүн пролетарчыбыз деп санаган жаш акындардын казабына калып, 1930-жылдардын башында адабият майданынан четке сүрүлүп таштаган экен. Жазуучулар чөйрөсүндө мамындай аңыз кеп бар: 1932-жылыбы же 1933-жылыбы Ж. Бөкөнбаев менен К. Маликов «Ленинчил жаш» газетасына «Бөрү атылсын!» деген макала жарыялаган имиш, ошондон кийин Бөрү Кененсариев айылга качып кеткен имиш. Мен «Ленинчил жаштын» эки жылдык тиркемелерин караштырып,

АДАБИЙ МУРАС

# Эскерилбей калган үч калемгер

*Баш сөзүн жазган жана ырларды басмага даярдаган Салижан Жигитов*

1920-жылдары биздин улуттук көркөм адабиятта калем сынап көргөндөр анча деле аз болгон эмес. Алардын чыгаандары кийин белгилүү жазуучуларга айланды, дагы бир тобу чыгармачылык майдандан четтетилип, ошо бойдон унутулуп калды.

Өз убагында бир кыйла катуу чыгып, кийинчерээк чоң калемгерлерден болчудай көрүнгөндөрдүн ичинде Байсерке Калпаков, Бөрү Кененсариев, Шарип Көкөновдор бар эле.

Уулу Муратпек Байсеркеев жыйнаган маалыматтар боюнча, Байсерке Калпаков 1883-жылы азыркы Тоң районуна караштуу Көңдөй айлында туулган. Октябрь революциясына чейин башталгыч дин мектебин бүтүрүп, Уфа шаарындагы кайсы бир медреседен (балким айтылуу «Галиядыр»?) окуган. 1916-жылдан тууган айлы Көңдөйдө ачылган медреседе («Сасыктын мектебинде») сабак бере баштаган. Үркүн тушунда жердештери менен чет элге барып келген. Октябрь революциясынан кийин, асыресе 1918-1925-жылдары Тоң аймагындагы советтик мектептерде мугалимчилик кылган, 1919-жылы Алматыда ачылган мугалимдерди кайра даярдоо курсунан өткөн. 1926-1927-жылдары «Эркин-Тоо» («Кызыл Кыргызстан») газетасынын редакциясында иштеген, андан кийин өз жерине кайтып, мектептерде мугалим болгон. 1937-жылы ак жеринен «Эл душманы» катары камалып, Борбордук Россияга айдалган, 1941-жылы түрмөдө көз жумган.

Байсерке Калпаков өз убагында ырлар жазып жүргөн. Анын «Биздин журтта» деген ыры 1919-жылы «Көмөк» («Ушкын») газетасында жарыяланган. «Кызыл гүл» (1926) аттуу коллективдүү жыйнакта анын «Биринчи май», «Акмат менен Байгана», «Сагынам» деген үч ыры басылган.

Байсерке Калпаков «Эскиден калган энчилер» деген көп көшөгөлүү пьеса жазган, ал пьеса өз демилгелүү драмалык ийримдер тарабынан коюлган. Бир өкүнүчтүү жери: «Эскиден калган энчилердин» тексти сакталбай калган.

Бөрү Кененсарневдин өмүр баянына тиешелүү фактылар азырынча кагаз бетине түшө элек. Биздин сурамжылап билишибизче, а киши 1896-жылы оокаттуу үй-бүлөдө туулган, эскиче мектептен тарбия алган. 1920-жылдары адабиятка аралашып, көбүнчө акын катары көрүнгөн. Анын ырлары «Эркин-Тоо» («Кызыл Кыргызстан») газетасынын, «Жаңы маданият жолунда» журналынын беттерине абдан эле жыш чыккан; «Кызыл гүл» жыйнагына 16 ыры кирген. Аалы Токомбаев менен авторлошуп чыгарган «Аял айнеги» китебинде Бөрү Кененсарневдин «Калбүбү» аттуу поэмасы, «Эски убактагы аял турмушунан бир көрүнүш» деген аңгемеси басылган. Анын 1926-жылы жазылган «Саркындылар» аттуу пьесасы 1931-1932-жылдары Кыргызстан мамлекеттик улут театрында коюлган. Ал пьесанын кол жазмасы Кыргыз ССР илимдер академиясынын Коомдук илимдер бөлүмүнө караштуу Кол жазмалар фондусунда сакталуу турат. Баса, Бөрү Кененсариев украин жазуучусу Яновскийдин «Ярость» («Каар») деген пьесасын адаптациялап (окуясын кыргыз турмушуна көчүрүп, каармандарына кыргызча аттар берип) которуп чыккан. Ал пьеса Кыргыз мамлекеттик улут театрында 1933-1934-жылдары «Тобурчак» деген ат менен коюлган.

Бөрү Кененсариев жаңыча илим-билим жагынан өксүсө да, өз убагындагы бир кыйла тың калемгерлердин бири болгон. Бирок ата тегинин айынанбы же дагы башка себептерден уламбы, айтор, өздөрүн пролетарчыбыз деп санаган жаш акындардын казабына калып, 1930-жылдардын башында адабият майданынан четке сүрүлүп ташталган экен. Жазуучулар чөйрөсүндө мамындай аңыз кеп бар: 1932-жылыбы же 1933-жылыбы Ж. Бөкөнбаев менен К. Маликов «Ленинчил жаш» газетасына «Бөрү атылсын!» деген макала жарыялаган имиш, ошондон кийин Бөрү Кененсариев айылга качып кеткен имиш. Мен «Ленинчил жаштын» эки жылдык тиркемелерин караштырып,

андай макаланын журтун да таппай койдум. Эгер эски газеталардын бардык сандары сакталып калбаганын эске алсак, андай макаланын чын эле жарыяланышы да ыктымалдуу экенин белгилей кетүүгө туура келет.

Карыя калемгерлердин оозеки маалыматтарына караганда, Бөрү Кенесариев сталинизм доору өкүм сүрүп турган кыйын чактарда Кыргызстандан тышкары алыскы чөлкөмдөрдө мугалимчилик кылып жүрүп пенсияга чыккандан кийин Фрунзеге келип, 1964-жылы дүйнөдөн кайтыптыр. Анын 1930-жылдардын орто ченинен кийин жазуучулук өнөрүн жашырынча улап жүргөн-жүрбөгөнү, андан кандайдыр бир кол жазмалар калган-калбаганы тууралуу дайын-дарек азырынча жок.

Шарип Көкөновдун качан туулуп, качан өлгөнү, кайдан окуганы жөнүндө кагаз бетинде калган информация биздин көзүбүзгө эмдигиче чалдыга элек. Айрым жазма-басма материалдарга караганда, ал Ташкендеги Орто Азия коммунисттик университетинде (советтик-партиялык мектепте) окуган; «Кызыл Кыргызстанга» жооптуу редактор, Кыргызстан мамлекеттик улут театрына директор болгон. Эски калемгерлердин айтуусунча, ал 1935-жылкы партиялык тазалоодо ВКП(б)нын катарынан чыгарылып, андан кийин айылдык мектептерде мугалимчилик кылып жүргөн. Жаңыча билим жагынан чыйрак болгон эмес дешет анын өздөрү деле билимге анча жарыбаган замандаштары.

Шарип Көкөновдун 1929-жылы «Тап жолунда», 1930-жылы «Жаңы турмушка» деген пьесалары өзүнчө китепчелер шекилинде басылып чыккан, акыркы аталган драмасы 1931—1932-жылдары Кыргыз мамлекеттик улут театрынын сахнасында коюлган. 1934-жылы анын «Жениш жемиши» деген аңгемелер жыйнагы жарык көргөн. Булардан тышкары Шарип Көкөновдун айрым ырлары, поэмаларынан үзүндүлөр газета-журналдарда, коллективдүү жыйнактарда жарыяланган.

Албетте, аталган авторлордун жалпы чыгармалары өз заманындагы улуттук адабияттын орточо идеялык-көркөмдүк деңгээлинен өйдө көтөрүлгөн эмес. Бирок алардын калеминен чыккан ырлардын арасында өз учурунун салыштырмалуу мыкты поэзиялык өнүмдөрүнөн болгондору, азыр деле анча жармач көрүнбөгөндөрү бар.

Арийне, кыргыз совет акындарынын тунгучтары мезгилдүү басма сөздүн талаптарына ылайык көбүнчө саясий, чарбалык темаларга, коомдук маанилүү маселелерге карата агитациялык ырлар жазып, өздөрүнүн ички дүйнөсүнөн поэзиялык саптар «казып» чыгарганга, жекече өмүрлүк таасирлерин, кайгы-касыреттерин, дагы башка адамдык сезим-туюмдарын ыр тилинде айтканга көңүл бурушкан эмес. Тек 20-жылдардын экинчи жарымында өз авторлорунун жандуу эмоцияларын жана таасирлерин чагылдырган, автобиографиялык касиеттер менен мөөрлөнгөн үч-төрт гана ыр жаралган. Алардын бири — Байсерке Калпаковдун «Сагынам» дегени. Бул ырда акын бала чагынын жаркын учурларын ич элжиретип эсине салат, эски замандагы айыл тиричилигинин конкреттүү көрүнүштөрүн таамай сөздөр менен туюндурат, өз өмүрүнүн бактылуу курагын жоктоп кусаланат. Ырдан чын жүрөктөн айтылган ой-сезимдер илеп чачат, таасын байкоолор кылан этет, автордун акындык техникасы дурус экени байкалат.

Бөрү Кененсариевдин «Кыргыз азаматтарына» деген ыры ирония (какшык) манерасында жазылган. Ал — биздин жазма поэзиядагы сатиралык агымдын башаты. Анын ырдык касиеттери, көркөмдүк тарабы да бир кыйла дурус.

Шарип Көкөновдун «Өмүрүмө» деген ырында өз алдынча философчулук кылуу аракети бар. Ырас, ырдын мазмуну анча букта да, терең да эмес, ошондой эле андагы сөздөрдүн өз ордуна коюлушу, айкын маани туюндуруп турушу, уйкашкан жайы деле ойдогудай эмес. Бирок «Өмүрүмө» ыры өз убагындагы ушул темадагы бирин-экин ырлардын жакшысы экенин да белгилеп коюуга тийишпиз.

Төмөнкү үч ыр тең 1926-жылы жарык көргөн «Кызыл гүл» жыйнагынан алынды.

## *БАЙСЕРКЕ КАЛПАК УУЛУ*

### САГЫНАМ

Мен бар болуп дүнүйөгө көрүнгөн,
Кирин жууп, киндик каным төгүлгөн.
Көйнөк менен көпөлөк кууган жерим,
Өлгөнүмчө эч бир кетпейт көңүлдөн.

Мен ошондо жети-сегиз кездемин,
Ойдон-кырдан балапанды издедим.
Сол колумда козу айдасам — көнөчөк,
Куюп айран, түтүк менен ичкемин.

Эрте кетем кармаймын деп көпөлөк,
Кардым ачса, кайра келип төтөлөп.
«Кайда бардың кагылайын балам» деп,
Каймак берип кайран энем өнтөлөп.

андай макаланын журтун да таппай койдум. Эгер эски газеталардын бардык сандары сакталып калбаганын эске алсак, андай макаланын чын эле жарыяланышы да ыктымалдуу экенин белгилей кетүүгө туура келет.

Карыя калемгерлердин оозеки маалыматтарына караганда, Бөрү Кененсариев сталинизм доору өкүм сүрүп турган кыйын чактарда Кыргызстандан тышкары алыскы чөлкөмдөрдө мугалимчилик кылып жүрүп, пенсияга чыккандан кийин Фрунзеге келип, 1964-жылы дүйнөдөн кайтыптыр. Анын 1930-жылдардын орто ченинен кийин жазуучулук өнөрүн жашырынча улап жүргөн-жүрбөгөнү, андан кандайдыр бир кол жазмалар калган-калбаганы тууралуу дайын-дарек азырынча жок.

Шарип Көкөновдун качан туулуп, качан өлгөнү, кайдан окуганы жөнүндө кагаз бетинде калган информация биздин көзүбүзгө эмдигиче чалдыга элек. Айрым жазма-басма материалдарга караганда, ал Ташкендеги Орто Азия коммунисттик университетинде (советтик-партиялык мектепте) окуган; «Кызыл Кыргызстанга» жооптуу редактор, Кыргызстан мамлекеттик улут театрына директор болгон. Эски калемгерлердин айтуусунча, ал 1935-жылкы партиялык тазалоодо ВКП(б)нын катарынан чыгарылып, андан кийин айылдык мектептерде мугалимчилик кылып жүргөн. Жаныча билим жагынан чыйрак болгон эмес дешет анын өздөрү деле билимге анча жарыбаган замандаштары.

Шарип Көкөновдун 1929-жылы «Тап жолунда», 1930-жылы «Жаны турмушка» деген пьесалары өзүнчө китепчелер шекилинде басылып чыккан, акыркы аталган драмасы 1931—1932-жылдары Кыргыз мамлекеттик улут театрынын сахнасында коюлган. 1934-жылы анын «Жениш жемиши» деген аңгемелер жыйнагы жарык көргөн. Булардан тышкары Шарип Көкөновдун айрым ырлары, поэмаларынан үзүндүлөр газета-журналдарда, коллективдүү жыйнактарда жарыяланган.

Албетте, аталган авторлордун жалпы чыгармалары өз заманындагы улуттук адабияттын орточо идеялык-көркөмдүк деңгээлинен өйдө көтөрүлгөн эмес. Бирок алардын калеминен чыккан ырлардын арасында өз учурунун салыштырмалуу мыкты поэзиялык өнүмдөрүнөн болгондору, азыр деле анча жармач көрүнбөгөндөрү бар.

Арийне, кыргыз совет акындарынын тунгучтары мезгилдүү басма сөздүн талаптарына ылайык көбүнчө саясий, чарбалык темаларга, коомдук мааниллүү маселелерге карата агитациялык ырлар жазып, өздөрүнүн ички дүйнөсүнөн поэзиялык саптар «казып» чыгарганга, жекече өмүрлүк таасирлерин, кайгы-касыреттерин, дагы башка адамдык сезим-туюмдарын ыр тилинде айтканга көңүл бурушкан эмес. Тек 20-жылдардын экинчи жарымында өз авторлорунун жандуу эмоцияларын жана таасирлерин чагылдырган, автобиографиялык касиеттер менен мөөрлөнгөн үч-төрт гана ыр жаралган. Алардын бири — Байсерке Калпаковдун «Сагынам» дегени. Бул ырда акын бала чагынын жаркын учурларын ич элжиретип эсине салат, эски замандагы айыл тиричилигинин конкреттүү көрүнүштөрүн таамай сөздөр менен туюндурат, өз өмүрүнүн бактылуу курагын жоктоп кусаланат. Ырдан чын жүрөктөн айтылган ой-сезимдер илеп чачат, таасын байкоолор кылаң этет, автордун акындык техникасы дурус экени байкалат.

Бөрү Кененсариевдин «Кыргыз азаматтарына» деген ыры ирония (какшык) манерасында жазылган. Ал — биздин жазма поэзиядагы сатиралык агымдын башаты. Анын ырдык касиеттери, көркөмдүк тарабы да бир кыйла дурус.

Шарип Көкөновдун «Өмүрүмө» деген ырында өз алдынча философчулук кылуу аракети бар. Ырас, ырдын мазмуну анча букта да, терен да эмес, ошондой эле андагы сөздөрдүн өз ордуна коюлушу, айкын маани туюндуруп турушу, уйкашкан жайы деле ойдогудай эмес. Бирок «Өмүрүмө» ыры өз убагындагы ушул темадагы бирин-экин ырлардын жакшысы экенин да белгилеп коюуга тийишпиз.

Төмөнкү үч ыр тен 1926-жылы жарык көргөн «Кызыл гүл» жыйнагынан алынды.

### *БАЙСЕРКЕ КАЛПАК УУЛУ*

#### САГЫНАМ

Мен бар болуп дүнүйөгө көрүнгөн,
Кирин жууп, киндик каным төгүлгөн.
Көйнөк менен көпөлөк кууган жерим,
Өлгөнүмчө эч бир кетпейт көңүлдөн.

Мен ошондо жети-сегиз кездемин,
Ойдон-кырдан балапанды издедим.
Сол колумда козу айдасам — көнөчөк,
Куюп айран, түтүк менен ичкемин.

Эрте кетем кармаймын деп көпөлөк,
Кардым ачса, кайра келип төтөлөп.
«Кайда бардың кагылайын балам» деп,
Каймак берип кайран энем өнтөлөп.

Жерим турат калыбында жайкалып,
Көрбөсөм да көңүлүмдө байкалып.
Элим турат байыркыдай малы жок,
Кайда кеткен чарбалары чайкалып?

Орунунда Ысык-Көлү мелтиреп,
Ойноп-күлүп кыз-келини мөлтүрөп.
Эриккенде ээн көңүл толкуса,
Элес-булас көз алдыма келтирет.

Кайда кетти ошо күнкү балалык?
Өмүр өттү айым-күнүм саналып.
Байчечекей гүлүндөй өмүр сенин,
Караанынды кайдан издеп табалык.

Эстегенде ошо күнүм сагынам,
Кайра келбейт, сагынганда не кылам?
Кайра келсе кантер элем балалык?
Санаты жок сап алтынга баа кылам.

## *БӨРУ КЕНЕНСАРЫ УУЛУ*

### КЫРГЫЗ АЗАМАТТАРЫНА!

Жоготуп тебетейиң, кийсең шапке,
Жоонсуп жооп бербей кирсең кепке.
Маданият ычкырын[1] мойнуна асып,
Мажилисте кекейип турсаң четте.

Топчуланма бутунда болсо өтүк,
Бешмант кийсең этеги жырык-кетик.
Кыянатын бир башка, кылык порум,
Баш силкип, ийин кагып, кылт-кылт этип.

Өмүрдүн өтсө көбү ичип пийба,
Болсо мейли ичинде испирт, бийна.
Аранда бир, эки, үч аялдардан
Кошо болсо кур калбай ошо сыйда.

Эл кайгысы, кызматты унутуп кой,
Үйүндө күндө болсун шерине-той.
Көчөдөгү аялдын көңүлүн тап,
Мындан башка мээне келбесин ой.

Ошондо эл камкору боло аласың,
Көөнүнө жалпы журттун толо аласың.
Нак ошо жүрүшүңдү таштабасаң,
Чын кызмат улутуңа кыла аласың.

## *ШАРИП КӨКӨН УУЛУ*

### ӨМҮРҮМӨ

Өмүр таттуу, кызык, керек баарыдан,
Өткүр сулуу сүйүп алган жарыңан.
Мага берген убадасы көбүрөөк,
Түгөнбөгөн мөңгү, муздун карынан.

Өмүр — куюн, бороон, шамал, соккон жел,
Кемибеген түпсүз деңиз, дарыя, көл.
Ташып чалкып, толуп болгон кезинде,
Жаз башында тоодон аккан үйөр-сел.

---

[1] Маданият ычкыры — галстук.

ылган «Жылдыздарга саякат» поэмасы чыныгы жаңычыл, новатордук мүнөзгө ээ болгон, кыргыз поэзиясында мурда болуп көрбөгөндөй секирикти, сапаттык бурулушту, деңгээлди белгилеген. Ал чыгарма кагаз бетинде жашай баштагандан тартып, адабиятыбыздагы традициялуу идеялык-эстетикалык чен-өлчөмү өлүүнүн көнүмүш параметрлеринен ажыраганы, жаңыча масштабка, жаңыча ой жүгүртүү маданиятына баш ийгени, бой таштаганы маалым. «Кызгылт багымдаттагы» 6 саптан турган миниатюралык «Эл айткандай» деген ырга назар салып көрөлү. «Поэзия — эски дүйнө баягы, бирок жолдор бийиктеп өр таяды» — деген саптар реалдуу да, символикалык жалпылоочу мааниге да ээ. Акын баягы эле эски таанымал өнөрдү өргө чаба турган мезгил келди деп жарыя кылат. Акын үчүн бул декларация эмес, күч «сынаша» турган гана жаңы «бийиктик». Мындай «жарышта» мөөрөй алып көнгөн акын кезектеги чыгармачылык четки багынтууга даяр экендигин жөнөкөй гана баяндоо аркылуу билдирип койду. Сөз аз болуп, иш көп болсун деген белгилүү саясий чакырыктын поэтикалык эквиваленти сыяктуу кабылданат. А чынында да маселе ошондой. Дүйнөнү илимий таанып билүү менен аны образдык формада чагылтып көрсөтүүнүн ортосунда асман менен жердей айырма же ажырым жатпагандыгы ырасталгансыйт. Акын «бийиктеп», «өр таяган жолдор» аркылуу азыркы учурдагы жазуучулук кесиптин татаалдыгын гана эмес, мезгилдин, коом жана эл чече турган тапшырмалардын татаалдыгын да чечмелеп, туюнтуп койду. Бул — ойду билдирүүнүн бир формасы. Бирок мында акындык ойду жаратуунун кенен потенциалы катылган.

Бул жерде 80-жылдарда канаты кенен жайылып поэтикалык ой жүгүртүүнүн чоң аренасынан өз добушун жаңылбай таап калган Акбар Рыскуловду атай кетүү туура. Өткөн жылы жарык көргөн «Көч» аттуу жыйнагы жаш акындын чыгармачылык аракети тиешелүү берекет менен аякталып жатканын күбөлөйт. Ойду образ менен билдирүүнүн кадимкидей чоң, салабаттуу маданияты, адабият техникасынын сезимдүү, көңүлдү маашырлантккан жасамы, турмуштук проблеманы эстетикалык кабылдоо аркылуу өткөргөндө пайда болгон көркөм дүйнөнүн колго «тутумдуу» белгилери; элестүү жалпы «турпаты» ж. б. жакшынакай сапаттар акындын поэтикалык арсеналын чырмап турат. Акбар Рыскулов турмушту анын өзүнө мүнөздүү болгон карама-каршы жактары менен түшүнүүнү көңүлдө кармайт, ошого жараша жыйынтык чыгарат, баа берет. Тириликтин татаалдыгы, мисалы, «Ажыратуу кыйын» аттуу ырында карама-каршылыктуу белгилери менен сүрөткө тартылса, аны искусстводо же тиричиликте таймаңбай жеңип чыгуунун өзүнчө бир ишенимдүү «рецеби» «Кыйын кез, кыйын учурда» аттуу ырда сунуш кылынган. Же болбосо «Лейлектин турналары», «Күлкүчү кыз» сыяктуу ырларды окуп көрүңүз. Сезимдин, туюунун көп кырдуулугу, адам психологиясынын көзгө ирмелбес «жашоо» жолдору, өзгөчөлүктөрү табияттын өзүндөгүдөй миң түрлөнгөн калыбында тартылат. Кыялдын тынбай, саат сайын, секунд сайын кубулуп, улам жаңы сапатка, мааниге келип турушун автор жазбай сүрөттөйт. Бул деле болсо акындыктын күчү.

Элдин, угуучулардын арасына кеңири тарап кеткен «Насыйкат» аттуу экинчи бир ырын алалы. Мында адам менен табияттын биримдиги аң-сезимдин эң байыркы катмарынан келип, бүгүнкү ырдан жай тапкандай. Ой жеткис замандарда өмүр сүргөн ата-бабалардын тиричилиги, жашоо үчүн табият, жан-жаныбарлар менен болгон күрөшү, кайберендердин адам эрки, күчү менен чырмалышкан, жаа огуна кабыл болгон өкүнүчтүү тагдыры адам сезимин уйгу-туйгу кылган баамда, деңгээлде сүрөттөлөт. Түгөлбай Казаковдун обону көкүрөктү, жүрөктү өрөөнкүткөн, толкуткан мааниге, күчкө ээ. Искусствонун эки түрүнүн куймасынан (биригишинен) келип пайда болгон бул көркөм жаратма өз ичине кайталангыс мүнөздү катып турат.

Жыйнактагы программалык мааниси бар «Чындык сабагы» аттуу ыр чыныгы публицистикалык мазмунда жазылган. Кайра куруунун «өпкөнү тазарткан» абасы, доору акынга шыктануунун булагы катары кызмат кылат. Ошону менен бирге акты-караны ылгабаган, конъюнктуралык жел менен күн көрүүнү адат кылган адам типтери «адалдык доордо» да чыныгы адептик бийиктикке көтөрүлө албай тургандыгы, таасын, таамай сүрөттөлгөн.

Жалпылап айтканда, Акбар Рыскуловдун «Көч» аттуу ырлар жыйнагы мурдагы «Үч кайнар» китеби сыяктуу эле элибиздин поэзиясынын эртеңки тагдыры, келечеги ишенимдүү колдордо тургандыгын күбөлөйт.

«Көч» демекчи, Чыңгыз Айтматов совет адабиятындагы кайра куруу «көчүнүн» башында турган советтик атактуу 4-5 жазуучунун бири эмеспи. «Кылым карытаар бир күн», «Кыямат» аттуу романдары, толуп жаткан макалалары аркылуу жазуучу биздин коом үчүн бурулуш болуп эсептелген ушул процесстин түйүндүү жерлерин, тенденцияларын туура баамдап, жогорку чеберчиликте көрсөтө алды. Мисалы, бизде «жабык тема» деп эсептелген наркомания илдетин искусство каражаттары аркылуу биринчилерден болуп, адамдын үрөнү уча турган социалдык, психологиялык планда сүрөттөп берди. Чынында да бул оорунун залакасы кайра куруу ишине да тийип, коомдун саясий-экономикалык жактан тайсалдабай алга жылыш процессине кедерги болгон олуттуу факторлордун бирине айланды. «Ысык-Көл форумунун» демилгечиси Ч. Айтматовдун «жаңыча ой жүгүртө» билүү жөндөмүнө, мүмкүнчүлүгүнө өзүнүн салымын кошкону акыры келип эле биздин коомдо өтүп жаткан жаңылануу, кайра куруу ишине кызмат кылмакчы.

Ушул эле биринчи суроонун алкагында бир фактыны камтый кетели. «Ала Тоо» журналына академик В. Бартольддун кыргыздардын тарыхына арналган атактуу эмгегинин басылышы жакшы саамалык.

3. КПССтин XIX партиялык конференциясы коомдук турмушубуздагы эстен кеткис чоң окуялардын бири болуп калды. М. С. Горбачевдун докладында баян этилген маселелер өзүнүн курч коюлушу менен, актуалдуулугу менен коомчулуктун көңүлүн бурду. Партиялык бул форумда ада-

бий, маданий ишмерлердин сүйлөгөн сөздөрү, инженер, колхоз, совхоз жетекчилеринин пикирлери өтүп жаткан күрдөөлдүү процесстин кайра кайткыс мүнөзүн айрыкча белгилешти. Союздагы белгилүү станок куруу бирикмесинин генералдык директору О. Кабандзенин сөзү биздин алга жылуубузга тоскоол болгон терс көрүнүштөрдүн тамырларын жылаңачтап көрсөткөнү менен чоң таасир берди. Андай кемчиликтер, мисалы, бюрократизм, тарыхый жагынан да, жалпы дүйнөлүк жагдайда да өтө типтүү көрүнүш экендиги сөздүн, мисалы, Япониялык радио жана телекомпания тарабынан чоң кызыгуу менен кабыл алынгандыгынан байкаса болот. Кабандзенин сөзү япон тилине толугу менен которулуп, радио, телевидение аркылуу бериле тургандыгын, газета, журналдар басууга кызыгып жаткандыгын Москвада иштеген япон кабарчылары, журналисттери жазып чыгышты. Конференцияда талкуугa салынган ушул сыяктуу турмуштук, чарбалык, саясий маанидеги голуп жаткан проблемалар кайра куруу процессине чоң түрткү, демилге бермекчи, кошмокчу. Бул материалдардан адабият, искусство ишмерлери да жаңы чыгармалардын өзөгүн, идеялык багытын табарына шек жок, анткени художниктин фантазиясы, дарамети чындыктын өзүнөн дем, кубат алганда гана андан ары өрчүп-өнүгүп, кийинки ийгиликтерге өбөлгө түзөөрү түшүнүктүү.

4. Адабий сын жөнүндөгү маселени караганда анын эки жагын, эки аспектисин көңүлдө тутуу керек. Бир жагынан алганда сындын маанилүү бөлүгү учурга, күндөлүк өтүп жаткан чыгармачылык процесске түздөн-түз тиешеси бар маселелерди талдоого арналат. Мисалы, жаңы чыгармаларды рецензиялоо, ага учкай пикир айтуу, конкреттүү адабий фактынын айланасында сөз жүргүзүү ж. б. Бул сыяктуу күндөлүк өтүп жаткан маданий, адабий окуяларды теориялык, образдык талдоого өз учурунда салмайынча, эстетикалык аңдап билүүнүн элегинен өткөрмөйүнчө көркөм турмуш толугу менен, бүткүл туруму менен коомчулуктун, окуучулардын көңүлүнө жетпей, толбой турганы түшүнүктүү. Бул жагынан алганда биздин адабий сыныбыз алынолак табылгалар, ийгиликтер, оперативдүү кыймылга келген, ишке кирген ийкемдүү инструментарийдин колдо болушу менен мактана алат.

Ал эми маселенин экинчи жагына назар салсак иштин жагдайы бир аз башка планда, башка ыңгайда көзгө тартылат. Мисалы, адабий сындагы фундаменталдуу, концепциялуу ойлорду ичине камтыган, ошолорду өзөктөгөн изилдөөлөрдүн, эмгектердин аз болуп жаткандыгы, же жокко эсе экендиги байкалат. Мындай абал жалпысынан көркөм теориянын таасирдүү болушуна терс таасирин тийгизбей койбойт. Албетте, эске аларлык айрым жакшы фактылар бар. Мисалы, жакында жарык көргөн «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1-китеп) өзүнүн ортон колдой илимий деңгээли, теориялык жана фактылык тыянактардын, материалдардын кыргыз адабий таануу илиминин бүгүнкү күндөгү бийиктигин, жетишкендиктерин тиешелүү даражада чагылтып турушу менен көңүлдү бурат. Республикабыздагы белгилүү адабиятчылар жана жаш сынчылар тарабынан жазылган бул олуттуу эмгек буга чейинки изилдөөлөрдүн жакшы жактарын жана ошондой эле мүчүлүштөрүн эсте кармап түзүлгөндүктөн алга жасалган бир кадам сыяктуу кабыл алынат.

Ал эми адабияттын тарыхын теориялык планда андап чыгуу татаал жумуш экендигин көпчүлүк жакшы билет. Муну айрыкча 9 томдуу «Бүткүл дүйнөлүк адабияттын тарыхын» жазып жаткан авторлордун моюнга алууларынан байкоого болот.

Бул жерде ошондой эле А. Эркебаевдин республикабыздын азыркы адабий сынынын өнүгүш өзгөчөлүктөрүнө арналган макаласын («Дружба народов», № 7, 1988), андан мурдараак жарыяланган Осмон Ибраимовдун «Сегодняшней мерой» («Литературная газета», № 7, 1987) аттуу макалаларын атай кетүү керек. Авторлор кыргыз адабиятындагы кээ бир мүнөздүү фактыларды алышып (мисалы, кыргыз романы, чыгармачылык процесс, адабий сын жана турмуш), анын негизинде мунун баарын тарыхый момент менен салыштырып талдоого аракет жасашат. Кийинки жылдардагы кыргыз адабиятынын өнүгүш өзгөчөлүктөрү биринчи кезекте роман жанры менен аныкталат деген сыяктуу тыянактар чыгармачыл процесстин реалийлерин эске алып жасалган жана маселенин өзүн андан ары тереңдетип анализдөөгө шарт түзөт.

Биз жазуучулардын, сынчылардын айрымдарын гана атай алдык. Бул жерде Өскөн Даникеевдин «Көкөй кести» романын атап кетсе болот. Сүрөттөө каражаттарынын аскеттик мүнөздө берилиши, психологиялык атмосферанын драматизм менен чулганып турушу, чыгарманын кээ бир жактары япон режиссеру Кането Синдонун атактуу «Жылаңач арал» («Голый остров») аттуу белгилүү фильмин эске салат. Кеп мында ар башка тарыхый кырдаалды сүрөттөгөн, ар башка континентти мекендеген сөз сүрөтчүлөрүнүн дүйнө көрүүсү бирдей күчтүү эмоцияны, сезимди жаратып тургандыгында. Ал эми кайра курууга активдүү катышкан автордун саны алда канча көп экени түшүнүктүү. Муну атайын эскертип жатканыбыздын себеби бар. Анткени, кээде айрым макалада, материалда козголуп жаткан проблемага, контекстке жараша, ойдун логикасына ылайык тигил же бул автордун аты аталбай калса, мындан кандайдыр бир «криминал» табылып, адаттагы фактыдан тенденциялуу тыянактар жасалган учурлар жолугат. Бу да болсо баягы эле өзүбүзгө мүнөздүү болгон эски кемчилик, «энчи» тамга. Оппоненттин канчалык жериген учурда да минтип, адабиятты эсеп-кысаптын, статистиканын, математикалык теңдеменин калыбына, алкагына салып кароонун адаттары чындыкты тактоого, тариздөөгө жардам бербейт.

Ошентип, редакциянын койгон суроолоруна жооп издегенде азыркы адабий процесстин айрым мерчемдүү кубулуштары, тенденциялары колго урунат. Аларды талдоо аркылуу көркөм ой менен үстүбүздө өтүп жаткан революциялык жаңылануунун ортосундагы карым-катнаштардын табияты, өзгөчөлүгү тууралуу жетишерлик түшүнүк алууга болот.

## Качкынбай Артыкбаев,

филология илимдеринин доктору, профессор

Алды менен журналдын койгон суроолорунун өтө олуттуу экендигин белгилемекчимин. Баамымда өтө көп маселелерди камтыган. Баары — бүгүнкү маданий майданда жүргөн адамдын көкүрөгүндө сайрап турган жагдайлар. Албетте, суроолор чаканыраак, конкреттүүрөөк коюлса деле болмок. Бирок мында журнал жооп берүүчү адамды кандайдыр бир калыпка салбоону, тигил же бул маселе деп анын ой жүгүртүүсүн чектебөөнү максат кылса керек. Журналдын берген ушул багытына ылайык, мен да «биринчи», «экинчи» деп пункттар боюнча жооп берүүнү ылайык көрбөдүм да, журнал койгон суроолорду аз-аздан болсо да өз ичине камтыган ой-пикирлерди айтууга аракеттендим.

1967-жылы «Кыргызстан маданияты» жаңыдан чыга баштаганда анын 1-санына «Адабияттын алгачкы башатына көз чаптырсак» деген макалам жарыяланган. Орто кылымдагы адабий эстеликтерибизди адабиятыбыздын тарыхына киргизип үйрөнүү жөнүндө ал макалада айткан ойлорум кызуу талаш-тартышты туудурган эле. Ошондо Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг», Махмуд Кашгаринин «Дивани лугат-ат түрк» аттуу эмгектерин кыргыз элине эч тиешеси жок, бул уйгур элинин адабий мурастары деп макала жазып талашып чыккандар да болгон. Аларга карата жооп иретинде жазган макаласында урматтуу аксакалыбыз Т. Сыдыкбеков «ит атасын таанубайт» деген ачуу сөздү айтууга чейин барган эле.

Жусуп Баласагындын поэмасынан айрым главаларды которуп, 1967-жылы «Ала-Тоо» журналына жарыялагандан кийин, басмаларга бул поэманы которууну бир нече ирет сунуш кылгам. Планга киргизилип, жогору жакка барган санын сызылып отурду. Күндөрдүн биринде жогору жакта отургандардын бирөө чакырып, сиз Октябрь революциясына чейин кыргызда жазуу болгон деп жазыпсыз деп суракка ала баштады. Жазуу жөнүндө эмес, адабий эстеликтер жөнүндө сөз кылган элем деп жатып араң кутулдум. Аңгыча дагы бир чоң кызматтагы адам университеттин жалпы партиялык чогулушунда чыгып сүйлөп, «араңарда революцияга чейин кыргыз элинде жазуу болгон деп айтып жүргөндөр да бар. Алар мурда жазуу болгон деп айтуу менен Улуу Октябрь революциясынын маанисин атайы кемиткилери келишет, алардын аттарын азырынча атабай эле кое турайын» — деп, сөөмөйү менен көзгө сайгансып, жүрөктүн үшүн алган эле. Көрсө, революцияга чейин жазуу болгон эмес деп республиканын башкы жетекчиси доклад жасап, анан китеп чыгарган экен. Туура болсо да, болбосо да анын айтканын айткандай орундатуу аракети ошентип көп жылдар бою өз өкүмүн жүргүзүп келди.

Дагы бир фактыны айта кетейин. 1968-жылы Белек Солтонкелди уулу Солтоноевдин мурастарын үйрөнүүгө кызыгып калдым да, анын кызы Зайнахан менен көпкө иштештим. Белектин кол жазмаларынан бир ыр жыйнакты даярдадым. Анан анын мурастары жана асыресе жазган тарыхы жөнүндө көлөмдүү макала жазып, «Кыргызстан маданиятына» бердим. Бирок газетанын кызматкерлери коркуп, жарыялабай коюшту.

Белек Солтоноев окумуштуу тарыхчы, этнограф, фольклорист жана акын адам болгон. Анын көпчүлүк ырлары революциядан мурда жазылган. 1910-жылы жазган айрым ырлары кийин жарык көргөн. Ал кыргызда биринчи жолу поэтикалык котормону баштаган. 1921-жылы Жуковскийден, Толстойдон которгон. Жакында «Ала Тоо» журналы бул адам жөнүндө алгачкы маалыматты берип жана жыйнаган тарыхый материалдарынан жарыялап жакшы иш кылды («Ала Тоо», 1988, № 11, 94-144-беттер). Бирок Б. Солтоноев жөнүндө айтыла турган сөздөр дагы алдыда. Анын тарыхчылыгы жөнүндө атайы илимий иш жүргүзүү керек. Ал эми ырлар жыйнагы кеч болсо да тезинен жарыяланып, анын адабияттагы эмгеги тарыхтан тиешелүү ордун ээлөөгө тийиш.

Кайра куруунун мезгили адамдардын жаныча ой жүгүртүүсүнө, мурдагы көптөгөн маселелерди кайрадан карап көрүүсүнө кенири мүмкүнчүлүктөрдү ачып отурат. Республикабызда бул багытта кыйла жакшы иштер иштелип, айрыкча улуттук маданиятыбызга тиешелүү болгон көптөгөн маселелердин ажаты ачыла баштады. Унутулуп келаткан адамдарыбызды иликтеп, кайрадан маданиятыбыздын тарыхына кошуп алуу милдеттери дагы алдыбызда турат. Адабиятыбыздын тарыхы эми жалпы түрк элдерине орток болгон адабий эстеликтерди эске алуу менен түзүлүүгө тийиш. VII—IX кылымдардагы Орхон, Енисей жазуулары, андан берки орто кылымдагы «Кутадгу билиг», «Дивани лугат-ат түрк» эстеликтерибиз баш болгон көптөгөн акындарыбыздын, агартуучуларыбыздын, тарыхчыларыбыздын эмгектери көмүскөдө калбай толук иликтенип үйрөнүлүшү зарыл. Бул жагынан, «Кыргызстан маданияты» газетасы менен «Ала Тоо» журналы бүгүнкү күндүн талабына ылайык колдоого татыктуу иштерди жүргүзүүдө. Молдо Кылыч, Боогачы, Касым Тыныстанов өңдүү чыгармачыл адамдар жөнүндөгү материалдар көпчүлүк тарабынан кызуу кабыл алынып, алар эми адабиятыбызга кайрадан келип кошулгандай болушту.

«Кыргызстан маданияты» газетасы республикабыздын аймагындагы жер аттарын кайра карап көрүү, ошондой эле Ысык-Көлдү сактап калуу сыяктуу эң чоң маселелерди бир кыйла курч түрдө коюп, коомчулуктун талкуусуна сунуш кылды. Азыр башка республикаларда да мындай маселелер курч түрдө көтөрүлүүдө. Казак жолдоштор мисалы Павлодар, Петропавловск, Гурьев, Ермак, Целиноград өңдүү шаарлардын аттарын өзгөртүп, алардын байыртан бери келаткан мурдагы аттарын коюуну сунуш кылып жатышат. Бизде да мындай фактылар өтө эле көп. Жер аттары,

шаар аттары да чоң тарбиялык, патриоттук мааниге ээ болууга тийиш. Падыша Алекс[illegible]ардын, же кыргыз жергесинде да [illegible]н эзген орус байларынын аттарынын [illegible]өрүлүп, ал жерлердин мурдагы аттарынын калыбына келтирилиши нукура интернационалчыл максатка кызмат өтөмөк. Бизде жадакалса Кыргыз өкмөтү чыгарган буйруктар да акыр аягына чейин аткарылбай жаткан фактылар кездешет. Шопоков, Ак-Суу деген шаарлардын аттары ушул бүгүн да жол боюна орусча кыргызча бадырайта жазыла элек. Жер аттарын өзгөртүү боюнча газетага жарыяланган сунуштарды тиешелүү органдарга жиберип, алардан жоопторду алып, жыйынтыктарын газетага кайра жарыялап, миңдеген окурмандарга билдирүү жагын редакция жана Кыргызстан жазуучулар Союзу колго алса дейбиз. Ошондой эле Ысык-Көлдү сактап калуу маселесине жазуучулар жапа тырмак киришип, тиешелүү тармактардагы мыкты адистердин баарын катыштыруу менен такай тынчсыздануу атмосферасын түзүү азыр өтө зарыл болуп турат го дейм. Антпей, бирин-экин макаланы жарыялап коюп туруп калуу анчалык пайда бере койбойт го...

Көркөм адабиятыбыздын жашап турушунун башкы негизи болгон улуттук тилибизди сактоо, үйрөнүү маселесин өркүндөтүү жана ошол багытта республикада кош тилдүүлүктү өркүндөтүү жөнүндө Кыргызстан КП БКнын кабыл алган токтому ар тараптан колдоого арзыйт. Андагы белгиленген иш чаралары жүзөгө ашса, көп эле жакшы иш болчудай. Бирок ушул токтомдун өзүндө да өтө маанилүү жагдайлардын эске алынбай калгандыгы бизди өкүнтпөй койбойт. Мисалы, токтомдун долбоорун талкуулоо учурунда республиканын бардык мамлекеттик мекемелеринде, ишканаларда, завод-фабрикаларда, колхоз-совхоздордо, сот, прокуратура, милиция органдарында, окуу жайларында, почталарда, турмуш-тиричилик жактан тейлөө тармактарында, кыскасы, турмуштун бардык тармактарында иш кагаздары эки тилде жүргүзүлсүн деген сунуштар айтылган болчу. Ушул маанилүү жагдай болмоюн, башкача айтканда, кыргыз тилин үйрөнүүнүн табигый зарылдыгы болуп турмайын, башка улуттардын өз каалоосу менен эле жапырт кыргыз тилин үйрөнө коюусу эч мүмкүн эмес. Анткени, буга чейинки турмуштук тажрыйба бул пикирдин тууралыгын толук ырастабады беле.

Экинчиден, Кыргызстан жазуучулар Союзунда атайы мектептер менен байланышта иштөө секциясын уюштуруу керек. Мындай секция Казакстан жазуучулар Союзунда уюшулуп, анын иштери мыкты натыйжаларды бергендигин биз билебиз. Ал секциянын мүчөлөрү, мисалы, Алматы шаарында жашоочулардын үй-үйлөрүн кыдырып, балдарын казак тилинде окутууну каалагандардын тизмесин атайы журналдарга толтуруп, колдорун койдуруп, анан квартал-кварталда жашаган бир миң, эки миң каалоочулардын атынан республикасынын өкмөтүнүн алдына маселе коюп, окуу казак тилинде жүргүзүлө турган бир канча мектептерди ачтырышкан. Ушул эле жол менен улуттук бала бакчаларды уюштуруу иштерин колго алышкан. Ошентип, алар бул мамлекеттик чоң ишке ушундай иштиктүү, конкреттүү практикалык аракет аркылуу жардам берип жатышат. Теорияны көбүрөөк айтканга караганда мындай практикалык ишти аткарууну биздин чыгармачыл союздарыбыз колго алышса дейбиз. Ушундай эле практикалык иш аракеттери аркылуу кыргыз элинин улуттук жумушчу табын өстүрүү, ошондой эле кой багууга башка улуттардын өкүлдөрүн тартуу маселелерин чечүүнү да ойлонуп көрүү керек. Бул чаралар теориядан практикалык ишке айланганда гана улуттардын аралашуусуна, биримдигине, достугуна негиз боло турган табигый турмуштук шарттар түзүлмөкчү.

Кыскасы, Ч. Айтматов күйүп-жанып белгилегендей, улуттун, улуттук маданияттын, өзгөчө адабияттын жашап турушуна негиз болуучу улуттук тилдин сакталып өркүндөшү үчүн шаарлардагы бала бакчалардын, мектептердин улуттук тилде иштешине толук жетишүүбүз керек. Улуттук адабиятыбыздын тарыхындагы ала-була калган жерлерди толуктоодон тартып бала бакчаларды ачууга чейинки маанилүү иштерге жапа тырмак кол кабыш кылуунун ордуна кээде биз, жазуучулар, адабиятчылар бири-бирибизди аңдып, бирибиздин кылган ишибизди экинчилерибиз калыс баалабай, же ашкере мактап, же ашкере жамандоо менен алек болуп, ошол негизде пайдалуу иштерди иштөөнүн ордуна убакыттын көбүн орунсуз чыр-чатакка коротуп, нервди кайнатып, ден-соолуктарды кемирип-кесүү менен убарабыз. Чыгармачылык иштерибиздин өркүндөшүнө ушул өңдүү эски оорулар чоң эле тоскоолдук кылып келатат.

80-жылдары бир кыйла активдүү иштеген кыргыз жазуучуларынын, адабиятчыларынын катарына мен Ч. Айтматовду, С. Эралиевди, Н. Байтемировду, Т. Касымбековду, А. Стамовду, К. Акматовду, Ш. Бейшеналиевди, С. Өмүрбаевди, М. Байжиевди, Ж. Садыковду, Б. Жакиевди, М. Тойбаевди, О. Султановду, Ө. Даникеевди, М. Мураталиевди, К. Асаналиевди, А. Эркебаевди, О. Ибраимовду, Ж. Алыбаевди, Т. Кожомбердиевди, К. Ташбаевди, М. Гапаровду, Т. Мияшовду, З. Сооронбаеваны, А. Жакшылыковду, Э. Турсуновду, Э. Ибраевди, А. Рыскуловду кошор элем. Бизде кээде кээ бирөөлөр, Ч. Айтматовду эсепке албаганда, акыркы он-он беш жылдан бери адабиятыбызда эч бир өсүш жок, колго илинер чыгармалар жок, бүткүл союздук окурмандарды толкундаткан эч нерсебиз жок деп алаканын жайып, оозун куу чөп менен аарчып турчу болду. Менимче, мындай пикир бир беткейирээк. Бул — өзүбүздү өзүбүз көрө албагандык, баалабагандык, адабий турмушубузду даана талдай албагандык болуп жүрбөсүн. Бүткүл союздук окурмандарды толкундаткан чыгармалардын жыл сайын пайда болуп турушу эч бир доордо, эч бир заманда болгон эмес, болбойт дагы. Чыныгы чоң таланттар тегирменден чууруп турган буудайдай жыл сайын төгүлүп турчу көрүнүш эмес. Ушундай болсо деп тилейбиз, бирок ал эч качан ишке ашчу тилек эмес.

Адабий өнүгүштүн илимпоздор али иликтеп тактай элек закон ченемдери көп. Адабий өнүгүш көп учурда деңиз толкунун көз алдыга элестетет. Бирде төө өркөчтөнүп,

күр-шар эте жээкти карай толкуп атырылса, бирде артка чегинген толкун сымал көзгө төө өркөчтөнүп көрүнбөй, жай-жабыр көлкүп жаткан деңиз бетиндей мемирейт. 80-жылдардагы кыргыз адабияты көйкөлгөн деңиз бети кейиптенип мемиреп деле калган жок. Прозада Ө. Даникеевдин «Көкөй кести», Т. Касымбековдун «Кел кел», драматургияда Ж. Садыковдун «Манастын уулу – Семетей», «Сейтек», поэзияда О. Султановдун «Адамдын турмушу» (биринчи китеби) Ж. Мамытовдун, Т. Кожомбердиевдин ыр китептери сыяктуу чыгармалардын пайда болгонун кантип көз жаздымында калтырып коюуга болот? Дурус чыккан прозалык, поэтикалык китептер бар. Аларды кунт коюп окуп, жакшылап иликтеп, адабий сындын адилет анализинен өткөрө албай жатабыз. Ошондой эле ортосар жана халтуралуу чыгармалардын чыныгы кейп-кебетесин ачып көрсөтө элекпиз. Кээ бир активдүү деген сынчыларыбыз ар ким, ар кимдин бул же тигил китебинен чөп башылап үзүндү алып, анан ошол автор жөнүндө же бир беткей мактоо, же бир беткей жамандоо айтууга ык алып жүрүшөт. Бул менин жеке баамымда адабий сындагы чон жаңылыштуу жол. Ар бир акындын чыгармачылыгын башынан баштап кеңири иликтөөгө алып, бардык чыгармаларын болбосо да негизгилерин анализдеп, анан адилеттүү, калыс тыянактарды чыгарганда гана анын жүзү бир аз көрүнмөк.

Кийинки кездерде кыргыз жазуучуларынын чет элдик жазуучулар, адабиятчылар менен болгон байланышы кеңири кулач жаюуда. Айрыкча бул иш Чыңгыз Айтматовдун ишмердигине, чыгармачылык ийгилигине байланыштуу мурда болуп көрбөгөндөй деңгээлге жетти. Башканы айтпаганда да, Кытай Эл Республикасында жашоочу кыргыздардан чыккан жазуучулар, акындар, фольклорду жыйноочулар менен акыркы жылдардан бери менин да анча-мынча байланышым боло баштады. Белгилүү акын, драматург, маданий ишмер Мамбет Асан-Эргинин жана акын Гүлайым Матилинин ырларынан, дастандарынан «Советтик Кыргызстан», «Кыргызстан маданияты», «Ленинчил жаш» газеталарына жарыялап, окуучуларыбызга тааныштырдым. «Ала-Тоо» журналынын окурмандары Мамбетказы Эминалы жыйнап китепке жарыялаган Кытай кыргыздарынын жомокторунан окушту. Ал эми Кытай кыргыздарында биздин Чыңгыз Айтматовубуз баш болгон бир катарларыбыздын чыгармаларын жарыялоо иши колго алына баштаган экен. Эмки кеп — ушул өндүү иштерди кандайдыр бир деңгээлде бириктирип, аны мүмкүн болушунча пландуу нукка буруп, системалуу маданий байланыштын процессине айландырууга көмөк болуп туруучу мекемени уюштурууда турат. Мисалы, Москвада СССР жазуучулар Союзунун алдында чет эл комиссиясы иштейт. Бизде мындай аппаратты уюштуруу мүмкүн болбосо да, Кыргызстандын Жазуучулар Союзунан атайын бир кишини дайындап, ага ушул жооптуу ишти милдеттендирип койсо жаман болбос эле.

Биз кээде айыл жерлерине чыккан кезде айылга кыргызча китептердин, айрыкча көркөм адабияттын жетпей жаткандыгын байкайбыз. Ошондой эле кээ бир жазуучуларыбыздын, акындарыбыздын китептеринин өтпөй, дүкөндөрдө жыйылып турганын көрөбүз. Кыргыз ССРинин Басмамкому андай авторлордун китептерин чыгарууну токтото туруу, анын тескерисинче, окурмандардын талабына ылайык келген авторлордун китептерин көбүрөөк жана тезирээк чыгарып туруу маселесин колго ала баштады. Албетте, бул толук кубаттай турган көрүнүш. Анткени, ар кандай иштеги теңдемечилик жакшы натыйжаларга алып барбай тургандыгын турмуш өзү көрсөттү. Мен айтар элем — биздин өсүшүбүздүн алга карай тез темп менен бара албай жатышынын көп себептеринин бири дал ушул теңдемечиликтин али турмушубуздун көп тармактарында өкүм сүрүп келе жатышы. Алыс барбай эле өзүмө көбүрөөк тааныш жогорку окуу жайларынын турмушунан бир мисал келтирип көрөйүн. Бизде бир канча жыл бою эч бир илимий же окуу-методикалык эмгек бербей, «кысыр» калган профессорлор, доценттер ондоп саналат. Алар беш жылда да бир макала жарыялашпайт, коомдук иштерге, илимий-педагогикалык кадрларды даярдоого активдүү катышышпайт. Тескерисинче, жылына эмгектер, макалалар жарыялап, тигилерден ашса ашып, кем эмес окуу-тарбия иштерин жүргүзүп, коомдук иштерди да аткарып, илимий кадрларды даярдоого активдүү катышып жаткан профессорлор, доценттер бар. Бирок тилекке каршы, ушул түшүмдүүлөр түшүмсүздөр менен бипбирдей айлык акы алышат. Албетте, бул дегеле эч бир акыйкаттуулукка сыйышпаган көрүнүш болсо да, ал азырынча өз өкүмүн жүргүзүүдө.

Ушундай теңдемечиликтин туура эмес экендигин катуу сындап айткан күндөрүбүз да болду. Андай учурда аты аталган түшүмсүздөр аябай чычалап, чогулуштарда кайра өзүнө асылып, анан жети атаңа чейин изилдеп, тоголок арыздарды ышкырта жазышып, бир жылда бир нече комиссия чыгып текшерген убактар да болду. «Бетке айткандын заары жок» — дейт элибиз. Бирок чынын айтсак, көпчүлүк адамдар кемчиликти бетке айтуудан ийменип, жедеп суу жүрөк болуп, коркоктукка баш коюп калган экен. Ошонун кесепетинен жолдоштук сын айтуу жоголуп, а кокус кез-кез айтылган сын болсо, аны көтөрмөк турсун, кайра сындаган адамды биринчи душманы катары санап, сындан тышкары турган чыц тийбестерге айланып (өзгөчө жетекчи кызматтагы адамдар), кыскасы, «сен мага тийбе, мен сага тийбеймдин» заманы өкүм сүргөн. Эми кайра куруунун революциялык доору келген кезде баягы ичине айтар сөзү батпай буулугуп калгандар оюна эмне келсе, ошону айта башташты. Албетте, сын айтууга кеңири жол берилип, чыныгы демократия өкүмүнө кире баштаган мындай кырдаалда адилеттүү акыйкат сын менен катар, адилетсиз, апыртма сындар да кездешүүдө. Алар кайра куруунун ураанына жамынып, өздөрүнүн өч алуу тенденциясын күчөтүп, акты кара, караны ак деп айтууга чейин барып жатышат. Дал мына ушул

жагдайды байкаган М. С. Горбачев сын кандай болуу керек деген маселеге атайы кайрылып, мындай деп эскертти: «Сындын негизинде нака чындык болгондо гана ал кайра куруунун эн натыйжалуу куралы боло алмак...» («Правда», 1987, 15-февраль).

Коомдук турмушубуздун бардык тармактарында дал ушул чынчыл, адилет сындын болушу катуу талап кылынып жаткан кезде адабий сыныбызга канчалык чон жоопту милдеттер жүктөлүп жаткандыгы өзүнөн өзү түшүнүктүү. Бул маселеде да чындыкты айтууга тийишпиз. Акыркы 5-6 жылдан бери бир катар сынчыларыбыз биздин түшүнүгүбүздөгү адабий сын менен эмес, көбүнесе «сын тагуу» менен алек болушууда. Алар, өздөрү көзгө урунарлык, колго кармардык сын эмгектерин жаратуунун ордуна өзүнө жакпай калган авторлордун ар кайсы эмгектеринен тексттерди үзүп-жулкуп, орунсуз, адилетсиз сын тагууну күчөтүштү. Албетте, мындай сындар чыгармачылык атмосфераны булгагандан башка кымындай да пайда бере албайт. Ч. Айтматовдун чыгармалары жөнүндө К. Асаналиев, А. Акматалиев, Барпынын чыгармачылыгы тууралуу К. Даутов үнүлүү менен үзүрлүү иштеп жатышат. Бизге ушул сыяктуу адабий сын деп айтууга арзый турган эмгектер керек. Жогоруда мен активдүү иштеп жатышат деген жазуучулардын көпчүлүгү жөнүндө бүгүнкү күнгө чейин кенирирээк изилдөө сындары жазыла элек. Андай иштерди иштөө сынчылардын алдындагы кечиктирилгис милдет десем да болор эле.

Сынды өнүктүрүү үчүн практикалык муктаждыктардын да жүзөгө ашышы өтө зарыл. Мисалы, белгилүү сынчылардын томдорун чыгаруу, бул жагынан аларды акындардан, жазуучулардан кем калтырбоо жагы колго алынууга тийиш. Башка республикаларда бул муктаждыктар эчак эле орундалган. Сынчылардын томдору алардын өздөрү үчүн эмес, эң биринчи кезекте студенттер, окуучулар, мугалимдер үчүн өтө керек экендигин түшүнүүгө убакыт жетти го деп ойлойм. Анткени сынчылардын эмгектеринин көпчүлүгү окуу программалары боюнча сөзсүз окуп үйрөнүлө турган адабияттар катары сунуш кылынарын басма жана китеп соода кызматкерлери ушул убакка чейин биле албай келе жатышса керек.

Адабий сындын сапатын, анын илимийлүүлүгүн, чынчылдыгын камсыз кылуу үчүн газета, журнал, басмаларда ушул тармактарды тейлеген кызматкерлердин билимдүүлүгү, болгондо да адабий сын жагынан билимдүүлүгү жана жалпы эле эстетикалык сабаттуулугу болууга тийиш. Көп учурда адабий сындагы чыр адилетсиз, чынчыл эмес сындын жарыяланып кетишинен келип чыгат. Ошон үчүн сын материалдарын жарыялоого даярдаган кызматкерлердин жоопкерчилигин күчөтүү зарыл. Алар ошондой далилсиз, бир беткей, тенденциялуу, адилетсиз сындарды жарыялоого сунуш кылгандыктары үчүн керт баштары менен тиешелүү администрация, партиялык уюм алдында жооп берүүлөрү керек. Компетенттүү эмес андай кызматкерлерди кармап отуруунун эч зарылчылыгы жок. Демократия — бу ким көрүнгөн оозуна эмне келсе ошону айта берүү, жаза берүү, ким эмне алып келсе ошону чыгара берүү эмес, ар ким ар бир жерде өз сөзү үчүн, өз жазганы үчүн, жарыялоого сунуш кылгандар компетентсиздиги үчүн жооп бергенде гана, кыскасы, чындык сөз айтылган жерде гана нукура демократия жашамакчы. Кайра куруунун адабий сынга койгон талабы да мына ушул чындыкка тикеден-тике байланыштуу.

## *Жалил Садыков,*

акын жана драматург, Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы
**Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты**

1-суроого жооп. Кайра куруунун жүрүшү, үстүбүздөгү жылды кошуп эсептегенде, 4-жылга аяк басып отурат. Бул мезгилдеги болуп жаткан коомдогу өзгөрүштөрдү арыбери эле көркөм чыгармага (көлөмдүү роман, повесттерге) айландырып жаза салыш кыйын. Ал, жеңил-желпи жаза сала турган макала эмес. Жазуучу аны көз менен көрүп, акыл элегинен өткөрүп, анан столго олтурушу керек. Ан үчүн убакыт керек. Балким, жазгандар жазып жаткан чыгаар. Атайын китеп болуп чыкканын мен али окуй элекмин. Бирок, кайра куруунун жүрүшүнө мурдатан эле үн кошуп, ага колкабыш кылып келе жаткан жазуучулардын көп эле чыгармаларын билем. Айтсак, Айтматовдун «Гүлсарат» повести менен, «Кылым карытаар бир күн», «Кыямат» романдары. Абдымомуновдун «Бюро жүрүп жатат» драмасы менен «Жарыктык карыларым» комедиясы. Өмүрбаевдин «Көк жайык», Абдырамановдун «Дыйкандар» аттуу романдары. Мен, булардын ар биринде, кайра курууга байланыштуу мындай маселе козголгон деп бирден санап чыккым келбейт. Анткени, окугандар, көргөндөр өздөрү, бул айтылган сөзгө калыс болуп берет.

Жогоруда аты аталган көлөмдүү чыгармалардан тышкары, майда жанрдан, кайра курууга мурдатадан бери тикелей кызмат кылып келе жаткан жанр катары, мен, сатиралык чыгармаларды баса көрсөтүп айта кетким келет. М. Турсуналиев, Ж. Алыбаев, Э. Ибраев, Э. Чопиев, С. Кадыров, Ж. Рыспаевдердин сатиралык ырлары менен тамсилдери топтолук бойдон менин айткан сөзүмө күбө.

2-суроого жооп. Менин оюмча сиздердин 2-суроо, өтө орчундуу суроо. Кайра куруунун мезгилинде, экономикада, маданият майданында жана адамдардын аң-сезиминде кандай нерселер коомубузга кедерги болуп жаткандыгын өз көзүбүз менен көрүп, акыл-сезим менен аңдап турабызго. Бирок, «музоосунда сүздүрүп койгон неме, уй болгондо да коркот» — дегендей, сталинизмден бери кайра курууга чейин, көз көрүп турса да, көргөндү ачык айткандан коркуп жүрүп көбүбүз дудук болгонго кө-

# АЛА ТОО

1989 ж.

№:5

ИЗДЕНҮҮ.
ТАБЫЛГА.
ЭСКЕРҮҮ

**_Белек Солтонкелди уулу Солтоноев_**

# *Кызыл кыргыз тарыхы**


## Ошол замандагы кыргыздын колдонгон тамгалары

Кыргыз эң эски замандан бери бүткүл малына эн тамга жана сырга сала келген. Эгерде малы жоголсо, ошол эн тамгаларына карап, таанып алган. Эн менен сырганы кулагына салса, кой-эчки, уйдун кулагына эн салып, жылкынын кулагына эн менен сырга жана да санына тамга салган. Төөнүн кулагына салган энди «сөйкө» деген. Төө жаңыдан тууганда ал туулган ботосунун кулагына сөйкө салып, энесинин башын жаңыдан тууган катындыкындай кылып, ак элечек менен ороп, өзүн ком менен жаап, анын үстүнөн дагы ала кийиз менен ороп-чулгап белинен бекем курчап койгон. Эгерде ботосу өлсө, энеси көзүнүн жашын көлдөй кылып боздойт, төөнүн боздогону башка бүткүл жан-жаныбардан, адамзаттан дагы муңдуу болгондуктан, аны лакап кылып, «ботосу өлүп боздогон дагы үнү муңдуу экен» деген сөз бар.

Жылкынын кулагына эн-сырга салгандан башка артыкча кылып, санына тамга салуу себеби: 1) кыргыздын бүткүл оокаты ат үстүндө жүргөндүктөн жана да согушуу болсо да жалаң гана атчан болгондуктан аттын кадыры өтө артыкчылыгы; 2) Кымыз менен эти жоодо жаралы болсо жана бир түрлүү кеселге жылкынын жалаң ич этин жеп жана терисине төшөнсө айыгып кетүү жана да катуу суукта жылкы майынын башка майдан өткүр болуп, ичкенде кишини үшүтпөгөндүгү; 3) Башка малга караганда жылкы өзүнчө болсо да, уурдалып болсо да тез убактан жайытынан өз өрүшүнөн алыстап узап кеткендиги, анысы жоголуп кетишке себеп болгондугу; 4) Көчмөндүк себебинен бүткүл кыргыздын тиричилигинде жылкынын биринчи даражада роль ойногондугу, ушул себептен ар уруу-урук малына өзүнчө тамга салган. Кыргыздын колдонуп келе жаткан тамгалары эң эски замандан колдонуп келө жатса да, Анжиан-Алайга барганда өздөрү тентип кетип, малдарынын жоктугунан тамгалары калып калган, аркага келгенде ар урук ажырай көчүп, ата-бабасынын эски конуштарына конуп, бир-бирине алыстап жана малы өсүп, анын үстүнө кыргызчылыгын карматып, бир-биринин малын уурдай баштаганда эски тамгаларды кайтадан салган, ал тамгалары төмөнкү:

1) Солто — ай тамга ) Енесейде кыргыз турганда тамгасына окшойт.

2) Саяк — керки тамга 1 у и б тамгаларына окшойт.

3) Саяк — кылыч тамга  Бул тамганы кийин салса көрек.

* Уландысы. Башы журналдын № 11 (1988), 3 (1989) — сандарында.

Енисей тамгаларында учурайт.

4) Бугу — N / тамгасына окшойт.
5) Са багыш — / жагалмай тамга / тамгаларына окшойт.
6) Чорик — x жагалмай тамга. Тескери к тамгасына окшойт.
7) Карабагыш — X тамгасына окшойт ж. б.

Бүткүл тамгалардын сүрөттөрүн текшере келгенде ээелки кыргыздын Енесейде турган заманындагы жазуу тамгалары болуп, ал жазуу тамгалары көбүнчө эски түрктүн тамга арибдерине дагы окшоп, бул тамгаларды илим ээлери Енисей ариби, Орхон ариби деп термин берген. Бул тамгалардын көбүнчө жазылганы эски түрк хандары Билге хан жана Күлтегин хандын бейиттерине ташка оюлуп, бүгүлгөнү үчүн ал тамгаларды төмөндө жаздым: Муну тапкан, таржымалаган Томсен.

## Кыргыздын калмактан жылкы алып, айылын чаап турганы

Кыргыздар ичте казактар менен чатакташып турса, күлүк аттуу, идердүү жигиттери эң азында жүз кишиден болуп куралып, калмактан жылкы тийип, айылын чаап, башын олжолоп турган.

Болоттун Эсенкул деген кан соргуч баласы (сарбагыш) 300 жигит алып, аттанып барып калмакты Тарбагатай деген жерден барып, элин чаап, жылкысын тийип алып келе жатканда, артынан көп калмак жыйылып, куба чыгып, Иленин күн жаккы тоосунда катуу согуш болуп, согушта Эсенкулдун Кожомшүкүр деген иниси өлүп калып, анын сөөгүн арык тукумунун (бугу) Ит ала деген күлүк аты менен согуш үстүндө калың калмактын арасынан Эсенкул эңип алып, качып кутулган. Бул урушта бугу, сарбагыштан 37 киши өлгөн. Кечке жакын качып бара жаткан жигиттерден бир жүз чамалуу жараланбаган эр жигиттердеи ылгап алып, жолдун туурасынан бугуп туруп, калмактын бир далайы качкан кыргызды кубалап өткөндө Эсенгул баштык бугу, сарбагыш качырып чыгып калмакты кырып таштаган. Көп карыянын токтолгон кабарында 370 калмак өлгөн. Кыргыздар кайтадан калмакты элине жете сайып барып, көп мал алып, 20—25 сулуу кыз-келинди олжолоп алып, «мен аламын», «мен аламын», деп, жаңжал чыгарганда, Эсенкул «Камчы карматкыла, кыз-келиндин кармаганы кимдин камчысына түшсө, ушул алсын» — деген. Камчысы түшкөн кыз-келинди алып тарашкан. Ушул колго түшкөн кыздын бирин алган бугу кыргызынан арык тукуму Кыдырдын чоң атасынын атасы Олжобай баатыр. Бул кыз артыкча кошокчу болуп, Эсенкул өлгөндө анын кошкон кошогу:

Жөлдүсүнө жүздү алган,
Олжосуна кызды алган.
Октон кайра тартпастан,
Өбөлгүгө үздү алган.
Ойрот менен кыйрашып,
Эрдигине бизди алган.
Ажал чиркин аткан ок,
Акыры сокту бул жалган.

Бул узак кошок болуп, замандын озуу боюнча көбү унутулуп кеткен. Эсенкул заманында арка кыргызынын (кабарлардын кан Садыр болбосо) биринчи кишисинен саналган, мунун кылган баатырлыгы төмөндө көрсөтүлөт. Өзүнө теңтуш молой уругу сарбагыштан Рай деген баатыры болгон.

Кыргызда макал бар: «эгерде катыны жакшы болсо, камчысы жакшыга түшкөн» экен деген. Ушул макал боюнча Эсенкул камчы карматса керек. Сарбагыш кыргызынан Жантай уругунан: Ажыгул, Бешкемпир жана Боктубай үчөө бир нече жыл Текес, Жылдыз, Күнөз, Тарбагатай жана Алтайдагы калмактан Ибике, Инжим, Жакам, Сенкилтай, Ма-

дыхан деген туушкандарын издеп жүруп, табалбаган. Калмактын ханын көтөргөндө түшүп кеткен кишилерин издеп, мындан барган кыргыздар анда барып колго түшкөн кыргыздын бир далайын таап алганда алардын өздөрү жана катын-балдары ыйлашып көрушкөндө, калмактын улуктары көруп, ырайым кылышып, буларды азат кылган. Мунун ичинде жогоруда айтылган Ибике, Инжим, Жакам, Сөнкилтай, Мадыхан дагы болгон. Жана да бугу кыргызынан Тынымсейит уругунан Шопок бирге болуп, буларды алып келип, солто кыргызы Үкү багып турганда (сыягы калмакка барган кыргыздардын баштыгы солтодон болорго керек) Ибике баштык жакын тууганын, жогоруда айтылган Боктубай таанып, бул кишилер менин бир тууганым деп касам берип, элине ээрчитип кеткен. Бул беш агайын кишилердин тукуму азырында беш калмакы аталып, Чүй району Чоң-Кеминде турушат.

Жогоруда айтылган Боктубай, Бешкемпир деген бир тууган инисин дагы бир далай жолдош алып, эки бир тууганын калмактан дагы да бир далай жылы издеп жүрүп, табалбастан кайта келе жатып, калмактан жылкы алып, калмактар уруша чыгып, кыргыз жеңилип калып, башка жолдоштору өлүп кетип, Боктубай, Бешкемпир жана бир жолдошу үчөө бир ат менен качып кутулган. Бир канча күнү ачка жүрүп, баткак жеп, көк чолок деген атынын эки кулагын бышырып жеп, кара санынан кан алып бышырып жеп, үчөө бир атты алмак-салмак минип жүрүп отуруп, акыры Боктубай менен Бешкемпир жолдошун өлтүрүп этин жеп, ошону менен элине жетишкен.

Бугу кыргызынан бапа уругунан Садык баатыр деген бугу, сарбагыштан 200 жигит алып, калмака аттанып барып, Иленин түн жак тоосунан өтүп, нары барганда күн жагы бийик тоо, түн жагы көз жеткис талаа болуп калганда тоо башына жолдошторун таштап, өзү Кыркмачкөр деген күлүк аты менен кечинде жер чалып кетип, күн чыгарда келип, мындан ары жол ээн экен деп, ал күнү кечке жүрүп жана таң аткыча жүрүп, күнү-түнү жол жүрүшүп, калмактын айылына жетип 3 миң жылкы жана бир далай кыз-келин алып кайткан. Ошол олжого түшкөн кыздан бир кызды бугу Бирназарга бергенде аны Жылкыайдар деген жылкычысына алып берип, андан Тилекмат туулуп, андан атактуу манап Чыныбай жана башкалар туулган. Ушул чабуулда колго түшкөн калмактар кыргыз болуп, калганынын тукуму 30 түтүндөн артык болуп, анын көбү 1916-жылындагы бузукта кырылды.

Сарбагыш кыргызы Жантай уругунан Көзөкөнүн Тыныбек деген уулунун Ажыгул баштык беш бир тууган балдары калмактын колуна кетип, анын малын багып, жан сактап жүргөн. Калмакка түшкөн кыргыздар астыртан кабарлашып ар жерден чогулушуп качып жатканда, башка жерде калмакта кызмат кылып жүргөн эки иниси кабарсыз калып, Ажыгул эки иниси, бир карындашы менен качып келе жатып, түн ичинде жашынып, от жагып, тамак кылып жатканда калмактын кароолчулары от улап келип, Ажыгулдун инисин атып өлтүргөндө Ажыгул мылтыгын ала коюп, атышууга камынганда, карындашы баарыбызды кырат,— деп чыркырап кармап калып, отту дароо өчүрө сала качып чыккан. Караңгыда кайда кеткенин калмактар билбей калган. Ажыгул калган бир иниси жана карындашы менен бир далай жерге келгенде инисине чечек чыгып калып, аны багышып, бир туюк чердин арасына жатып калышкан. Бир нече күндөн соң иниси кокустан тукумсуз болуп калабыз, суук түшө электе элге кетүүгө камынгыла, суунун жээгине чөп алачык кылып берип, жанына көп отун коюп, оттук бычагымды таштап, жана көп таш үйүп коюп, өзүңөр кеткиле, эгерде издеп келип калсаңар өлгөн болсом, таш үйүлгөн боюнча калар, тирүү болсом ташты чачып кетейин, ошондон билерсиңер, — деп айтканындай кылып, Ажыгул карындашын ээрчитип алып, кыргызга бет алып жүрүп кеткен.

Ажыгул кыргызга келип, карындашын солтонун Айрыкком уругуна берип, өзү саруудан катын алып, андан Итигул жаңыдан туулганда Жантай уругу Бердике деген балага катын-баласын тапшырып, менин айтканым: балага мылтык атканды үйреткүн деп өзү чечек чыгып калган

бир туугану жана калмакка калган эки бир туугапын издеп, калмакка жүрүп кеткен. Чечек чыккан инисине келсе, үйүлгөн таштан бири калбастан чачылган. Андан ары калмакка барып, үч инисин Алтайга жете тогуз жыл издеп жүрүп табалбастан, эч кабарын билбестен кайта келген. Келсе Ажыгул өлгөн экен деп түңүлүп, катынын Бердике бала алган. Өз балаңызды таанып алыңыз деп Итигулду көп балдардын арасына аралаштыра койгондо, өз баласы Итигулду таанып алган. Ошондо Итигул 9 жашта экен.

Бул Ажыгулдун тукуму Чүй району, Чоң-Кеминде болуп, бир жүз чамалуу түтүн азырында ВКП(б)нин партиясында: Термечиков, Жумабаев Фрунзедеги кызматчыдан жана совет кыргызынын биринчи совет акыны болуп таанылган Аалы Токомбаев.

Бир кабарда мындан соң дагы Ажыгул калмактан туушкандарын издеп барып табалбастан, агайын-туугандары жогоруда айтылган: Ибике, Инжим, Жакам, Сенкилтай, Мадыханды таап ээрчитип келген. Ошол үйгү-түйгү аламан заманында Алтайдан калмактын сүрүү боюнча келген 4000 түтүн Кыргыздын Иле менен Таластагы чачырандысынан Ала-Тоодогу кыргызга келип туруп калгандары дагы болгон. Бирок алардын тукуму баланча деп эч ким билбегендиктен айталбайт. Алыс жолдон калмактан тентип келген оң-сол кыргыздан үч жүз кишини, солто кыргызынан үкү уругунан Ногой деген киши Карабалтанын башына бир жыл чамалуу багып турган.

Казак, каратигин жана өзбекке сиңип кеткен кыргыздын буткүлү менен дээрлик келбестен анда туруп калган. Кашкар менен Турпанга кеткендери дагы болгон.

Кайсы элден болсун, кайтадан элин-жерин издеп, бирин-серин келе жаткандын көбү жолдо ач-жылаңач болуп келе жатып көп өлгөн, сенделип жалгыздап келе жатканда карышкыр жегени да көп болгон.

Сарбагыш кыргызынан жантай уругунан Каратермечик (Айуке) баш болуп, көп киши Иленин башына барып, калмактан жылкы тийгенде калмак уруша чыгып, кыргыздар эртеден кечке чейин кара жер качса да, Каратермечик качпайт деп, Каратермечиктин жолдоштору качканда ал качпастан атышып жатканда ок Каратермечикке тийип өлгөн. Жолдоштору келип Итийбас деген агасына угузганда, ал «өзүм болсом өлтүрөт белем» — деп сакал-мурутун жулуп жатып өкүргөн. Чамасы 1770—75-жылдарда болгон.

Калмак менен кыргыздын, көбүнчө бугунун ортосу орус оторчусуна кыргыз караганга жете бузулуп жүрүп, тынбастан жылкы алып, айыл чабыш, катын-кыз олжолоп алуу болуп мунун арты 1865—66-жылдарда тыйылды. Мындан соң дагы бугу саяк кыргыздарынын бирин-серин барып, калмактан жылкы уурдап алуу, 1916-жылындагы кыргыз бузугуна жете болуп турду. Ушул себептен качып барган кыргыздын малын, мүлкүн, катын-кызын Текес калмагы талай баштады.

## Казак менен кыргыздын бузулушунун башы

**БИРИНЧИДЕ КАЗАК ТАРИХИНАН АНЫН КИМ ЭКЕНДИГИНЕН МААЛЫМАТ БЕРЕМИН**

«Элхан[1] Магул элине падыша болду. Жогоруда айткан элек. Татар хандарынын тогузунчусу Сүйүнүч хан деп, Элхан менен Сүйүнүч хан экөө замандаш эдилер. Ар убакыт экөө бир-бири менен урушуп жана талашып туруучу эле. Көп убакта Элхан үстүн болор эле. Ушул себептен Сүйүнүч хан кыргыз-казак ханына элчи жиберип, көп нерселер белек берип жана башкаларына көп нерселер убада кылып, аны өзүнө жакын жана эл кылды. Ал жерлерде эл көп эле. Монгол ал элдердин баарды-

[1] Тарых, шежире түрк, 20-бет.

тынан көбүрөөк эле. Ар убакыт уруш жана талаштары болгондо бир урукка моголдор үстөмдүк кылар эле. Ал түрк элдеринде монголдун огу өтпөгөн жана колу тийбеген эл жок эле. Бул себептен бүткүл элдер монголго кас болуп, ай, сени деп кайтышчу эле. Сүйүнүч хан кыргыз-казак ханынын өзүнө таандык кылган үчүн элдердин баары элчи жиберип, өзүнө кубат жыйып, баланча айдын 10-күнүндө баланча жерден табышып, монголдон өчүбүздү алалык, — деп ушул дайындаган жерлеринде баары бирге кошулуп, монгол элинин үстүнө жүрүштү. Монгол үйлөрүн жана балдарын бир жерге жыйып, аскери үйлөрүнүн жанынан ор казып олтурушту. Сүйүнүч хан барып урушту, ар күнде могол үстөм болду. Бир күнү Сараскер Сүйүнүч хан бүткүл элдердин хандары жана бектери менен обочодо кеңешти. Жана айтышты: моголго айла кылбасак, ишибиз жаман болот деп. Экинчи күнү эртең менен качкан аскерге окшоп, оор жүктү жана малдарды таштап көчүп кетишти. Монголдор ал урушка туруштук бере албай качты деп, артынан куба барып жетишти. Татар калкы монголду көрүп, ошол замат кайтадан катуу урушту. Согушта татарлар монголду жеңди. Өлтүрө-өлтүрө үйлөрүнө жетти. Бардык монголдун үйлөрү бир жерде эле. Үйлөрүн жана малдарын ошончолук талады. Монголдун бир үйү да эсен калбады. Улуктарынын бардыгын кылычтан өткөрүп жана кичинекейлерин кул кылып, ар ким бирден алып кетти. Жана монголдон киши калбады. Калганы болсо ар кимдин эшигинде пенде болду. Кожоюну кандай эл болсо, ошонун наамында жүрдү. Душман болгон монгол калбады. Кашкар менен Чыңгыздын 22-бабасы бир течене болуп, орто эсеп менен эки арасы 600 жыл. Чыңгыздын өмүрү 73 жаш, өлгөнү 1227-жыл, моголдордун эркине кулда туруп калганы 450 жыл. Бул кабарга караганда бул могол, татар, казак, кыргыздын согушу биздин эрадан жүзүнчү жылдар чамасында болуп, гунь түрктөрүнүн күчү кетип, бытыраган заманына туура келет. Демек бул тарихтин кабарына караганда, биздин эранын жүзүнчү жылдар чамасында казактын (кыргыз менен бир болсо да) өзүнчө малекети бардыгы билинет.

Дублитский жазган тарихта казакты биздин эрадан мурун «Камчыт» деген хандык эле дейт.

Зубнун-Зарипнин Калидун, Фергана, Шаш мамлекетинде «Казлак» деген эл бар, — деген. «Маратил гайнатта» казакты баатыр аскер деген. Эски замандагы Хаңлы түрктөрүн казак деген тарихчилер бар.

Тарих Камсада кыпчактын кыскартылганы «казак» деген. Скив, Сармат, Масагыт, Аландардын калган саркындысы Касух деген бир урук эл болуп, Кавказдын түн жагында турган.

Биздин эранын X кылымында азыркы черкести казак деген. Иран падышасы Казнави (XI кылымда болгон кул түрк султаны) Фердоси жазган «Шанамада» да казак ханы казак деген сөз бар. 960-жылында (Карамзин кабары) орустун Святослав деген баатыры Кубан чөлкөмүнөн Касекти чапкан. Еверис деген тарихчынин айтуунда 956-жылында өлгөн араб тарихчиси Максуди «Касек» — деп жерди жазган.

Никондун жазуунда 1223-жылында Чыңгыз аскери Кавказ тоосуна ашып келип, «Касах» жерин басып өтүп, кыпчакты кыйраткан.

Жуучунун кичи катынынан туулгандын бири Могол деген киши болуп, анын Ногой деген небереси Батыйдан соңгу мыкты падыша болуп, 1306-жылында өлгөн. Ошол Ногой падышанын заманында Кавказда черкести чакырып келип, Рынсык деген каланын кашына орноткон. Алар өздөрүн казакпыз деген.

1397—1410-жылдарда Крым татарларынын бир азы Литва элине оон барган. Литва королунун кат ташыгыч жигити татар-казак аталган. Ал кезде орустун казак орусу чыкпаган кези. 1470-жылында Крым ханы Меңликерей, орус князы III Иванга «сени чапмакка уулумду казагымды жиберем», деген. Морозов деген орус түрк султанына «сенин казактарың бизге тийе берет» деген.

# Казак ичиндеги азыркы казак аталган уруктардын (племя) башка улут республикаларда жүргөнү

1. Кыргыз ичинде найман. Тарихка караганда найман эзелки журт болуп, өзүнчө мамлекет болуп турганда Чынгыз анын Таян деген падышасын өлтүрүп, элин караткан. Анын Күчлүк деген баласы Иле боюнда өкмөт жүргүзүп турганда Чынгыздын Жебе деген ноену кубалап келип, элин каратып, качкан Күчлүктү Памир тоолорунда (Сарколдо) жетип, 1218-жылында өлтүргөн.

Күн жак күн жүрүш казактын көбү усун аталат. Усундун кыргыз экендигин жогоруда көрдүк.

2. Азыркы казак арасындагы алчын уругу 1300-жылдарда Кавказ, Кара-Деңизден көчүп келип, Волгага (Эдил) орногон.

3. Крым татарларынын арасында: аргын, кыпчак, коңурат, найман, алчын, бай уулу, жагалбайлы, тама, керейит, каңлы, ширин, дүрмөт, алаша, алаш деген уруктар бар. 4) Астараханда: найман, баганалы, жагалбайлы, коңурат, кыпчак, кете уруктары бар. 5. Башкуртта: табын, тама, кыпчак, керей, таз, бай уулу бар. 6. Кавказда: аргын. 7. Кара-Калпакта: найман, кыпчак, коңурат, алым, чомон, тама, жагалбайлы, усун, балкалы, кайчылы, каңлы, карамайын, баганалы, терис, тамгалы, карагерей, садыр, байбакты бар. 8-9. Болганын орто агымында казан татарында: аргын, кыпчак, алчын бар. 10. Түркмөндө: усун, герей, аргын, кыпчак, алчын бар. 11. Өзбекте: усун, канлы, жалайыр, ширгели, очокту, кыпчак, найман, коңурат, ачамайлы, алчын бар.

Айтылып өткөн уруулардан кыргыз ичинде усун, наймандан башкасы маселен: коңурат, кыпчак, аргын, алчын, каракесек, каңлы, тамак уруктары дагы бар.

Азыркы Казакстандын ичиндеги ири чоң уруктары жогоруда айтылып өткөн уруулардан куралган. Ал уруктарды тарихтардан текшере келсек эң эски жана заманында ар кимиси бир башка мамлөкет курап тургандыгы көрүнөт. Маселен: 1. Аргын Алтайдагы түрк мамлекетин 745-жылында таратып, өзүнө караткан эл уйгур менен басмул болгон. Басмулдун бул чактагы тукуму «Аргын». 2. Найман. Анын Чынгыз тарабынан быт-чыт болуп, падышасы Таян, анын баласы Күчлүктүн өлтүрүлгөнү жогоруда көрүлдү. Кээ бир тарыхчи маселен: Клапрот найманды кыргыз деген. 3. Усундун тарихын жогоруда көрдүк. 4. Чынгыз заманында Керейит деген эл болуп, Чынгыз менен катуу согушуп жеңилгенден кийин караган. 5. Коңурат эзелки журт болуп, Чынгыздын Бөртө деген байбичеси Коңураттын кызы болгон. Коңурат өзүнчө эл болуп, Чынгызга караган. Могол насили. 6. Жалайыр могол насили. Чынгыздын аскеринин көбү жалайырдан куралган. 7. Дуулат — насили могол. Атактуу кан ичер Темирдин уругу Дуулат болгон. VIII ыкылымдын башында араб менен Чүй бою, азыркы Токмок жанында алты ай согушкан. Кара түргөчтөрдүн бири уругу Дуулат болгон. Бул Дуулаттын арасында асыгы-күчүгү деген уруктар болуп, анын тарихи жогоруда асык темасында айтылып өттү.

Казак карыяларынын кабары: Байдыбек баатырдын улуу катынынан 9 уулу болуп, анын тукуму азыркы Иле боюндагы «сары үйсүн», усунден Майкы бий, Чынгыз хандын биринчи бийи болгон. Байдыбектин экинчи катыны Томолок Чеченден Жаргылчак, анын балдары азыркы бүткүл Дуулат аталган казак (Алма-Ата, Чимкент, Олуя-Ата, Мерки арасында). Байдыбектин үчүнчү катыны Мапыраштыдан Чапыраштı казагы, эң кичүү токол катыны Сылан, андан Енте казагы.

Усундун балдары: Албан, Субан, Дуулат, Чапыраштı, Сариусун, Коңурбөрк, Еште деп айтышат. 8. Алчын. Кээ бир тарихчилер финдин тукуму дейт. 9. Кыпчак — бул кыпчакты 1055-жылында орустар биле

*гыз мектеби канча?.. Не өз каамыңарга келген каттарга силер өз эне тилиңерде жооп жазасыңарбы? Эгерде жоопту эне тилде жазып калсаңар, аны кыргыз тилинде бастырар машинисинер обкомдун аппаратында барбы?*

*Балдар бакчасы, тамеки сарайларында тамекиге уугуп зумбул-бешиктерде уктап жаткан балдардын убалы кимдерге? Ошондой эле талаа жумуштарындагы оор эмгектерди жүргүзгөн ата-энелер кимдер? Алтургай баштапкы класстарды жаап салып жаш балдарга пахта тердирүү деги эмгек нормосуна шарттуубу?*

*Ушундай суроолорго жооп бериш мындай турсун иштин бардыгы сонун болуп жаткансып апыртма мактанып, көз боемочулдукка салуу — дал ушундай терс көрүнүштөр партияга, системага шек келтирүү менен достуктун ыйык үйүнө жик салат!*

*Ошондуктан да тилге, мураска, тарыхка, көркөм өнөргө, адабиятка чоң билгичтик менен өтө сак жана калыс мамиле кылуу керек!*

*Жок «катаны» таап, ага тыюу салыш, авторду куугунтуктоо орой көрүнүш. Мындай оройлуктун түбү зомбулукка согот. Маданиятка чоң зыян келтирет. Баарыдан коркунучтуусу таланттуу кишилерди мүңкүрөтөт.*

*Мындай зыяндуу көрүнүштү көз көргөн соң азырынча кат аркалуу болсо да сизге эскертишке туура келди.*

*Ачык сөзгө капалык болбос.*

*Түгөлбай* СЫДЫКБЕКОВ
*15.IX.72 ж.*
*Фрунзе*

***АВТОРДОН:***

Тек кенеш иретинде жазган катка Ош обкомунун биринчи катчысы Султан Ыбрайымов жооп бербеди. 1972-жылы 17-июлдагы республикалык партактивде жаш жазуучу А. Камаловдун жиберген катасын эскерте келип, аны адлетсиз сындан коргогон мени да Султан Ыбраимов карандай жемелеп өттү.

Ак кеңешке союл көтөрүш жеке Султан Ыбраимовдун ынтасы эместиги, «ээнбаш жазуучуну тартипке чакырып коюш» ага тапшырылганы анык болду.

Ошондон кийин деле, биз белчебизден бата баштаган орчундуу кем-кетиктерди, саясий мааниси зор терс көрүнүштөрдү көрмөксөнгө салганыбыз жөнүндө Кыргызстан КП БКнын бүйрөсүнө эң этиет жазылган кат жөнөттүм.

## КЫРГЫЗСТАН БОРБОРДУК ПАРТИЯ КОМИТЕТИНИН

**БИРИНЧИ КАТЧЫСЫ Т. УСУБАЛИЕВГЕ,**
**ЭКИНЧИ КАТЧЫСЫ Н. Н. ТАРТЫШЕВГЕ,**
**БАШКА БҮЙРӨ МҮЧӨЛӨРҮНӨ**

*Республикадагы жаш акын-жазуучулар, окумуштуулар маал-маал өз чыгармаларын жиберип менден кеңеш күтүшөт. Аларга чыгармачылык жактан кеңеш берүү милдетим.*

*Быйыл март айында оштук жаш автор Абдимитал Камалов мага ошондой кеңеш менен кайрылып, «Бир ящиктеги жүзүм» деген аңгемесин жиберди.*

*Жаш автордун ал чакан аңгемеси мага жакты. Кишилердин кыял-жоруктарында кездешчү кем-кетиктерди туура сынга алган. Албетте, жаш автор жазган аңгеме көркөмдүк жактан анча жеткилең эмес. Майда-бачек кемтиктер бар. Ошентсе да али турмушубузда кездешчү терс көрүнүштөрдү өз алынча жымыйып, шыкактап баяндоосу менен аңгеме баалуу. Автобуста кызмат өтөгөн чыптачынын жүргүнчүлөргө иштеген орой мамилеси, ошондой эле уул үйлөндүрүүгө аракеттенген колхозчу карыянын калың жөнүндө ойлонушу, артык баш машакаты, кыйналышы, акырында эзилген жүзүм менен калышы окуучуну өкүнтөт, жымыйтат. Ушундай машакатты тартпай койсо оң болмок курган киши деп айтып жибересиң.*

*Аңгеменин тарбиялык мааниси дал ушунда.*

*«Аңгемедеги чыптачы аялча орой болбо. Карыядай артык баш түйшүк тартпа» деп айтсак жалпы ишке пайда болор эле.*

*Тилекке каршы, партиянын Ош обкомунун жетекчилери антип туура курал этүүнүн ордуна аңгемеден элдердин достугуна зыян келтирет, эски калдыкты жактайт деген «саясий каталарды» табышкан. Жаш автор кызматынан бошотулган. Бар болгону ж. Султан Ыбраимовго мен аңгеме зыянсыз экендигин айтып кыскача кат жазган элем. Адресимди, телефонумду жазууну да унуткан эмесмин. Жок дегенде ал киши биз менен пикир алмашар деп күткөмүн. Бирок обкомдун катчысынын маданияты, коммунисттик этикасы 1972-жылы 17-июлда өткөн республикалык партактивдин трибунасынан бизге көк союл жаскаш менен бүттү.*

*Айла канча? Кепке — кеп. Кеңешке — кеңеш. Союлга — союл. Бул байыртадан бекем түзүлгөн укмуш эреже!*

*Пайдалуу иш үчүн болгон күрөштөрдө биз чындыкка тике карап көнгөнбүз. Бийик үстөлдү ээлеген айрым жолдоштор өздөрү туура эмес ишти башташып басмырлай берүү мүнөздүү болуп баратат. Биз ага жол беришке тийиш эмеспиз. Артыкча адабият менен көркөм өнөргө зомбулук этүү өтө коркунучтуу. Зомбулук адабиятты өстүрбөйт. Талантты мокотот, өчүрөт. Буга өгөле көп мисалдар бар.*

Азыр жалпы деңгээл көтөрүлүп, кишилердин ички дүйнөлөрү кеңейип калган кезде, ошондой жетекчилердин артыкбаш кыраакылыктары пайдага эмес, алардын артыкбаш соктыгын, кошоматчы-жанбактылыгын аныктайт.

Бул көрүнүш тек ошол айрым кишилердин тайкылыгынан кана болуп жатат деп баштадык, ал анча коркунучтуу болбос эле. Бул терс көрүнүш партиянын атына, системага шек келтирет. Мындай көрүнүш көпчүлүктү наразы кылгандыгы, кишилерди терс түшүнүктөргө бургандыгы, «Эмине болуп жатат?», «Эмине үчүн ушундай?» деген суроолорду туудурары айгине.

Жеке жазуучу, окумуштуу эмес, мугалим, врач, инженер, алтургай колхозчу, жумушчу ушундай суроолорду алдыга койгон учурлар аз эмес.

— Жазуучулар, силер эмнеге эле жым-жырт болуп калдыңар? Эмине үчүн чыгармаларыңар жансыз. Турмуш анча эле жылма эмес. Жалпы иштердин пайдасы үчүн кем-кетиктерди да жазыш керекко, акыры. Ооруңду жашырсаң, өлүмүң ашкерелейт. Айлаңар канча. Жаза албайсыңар. Жаздырбайтта кемтикти... — деп бетке айтышат.

Туура. Кишилердин бизге койгон бул доолорун жалган десек калпыбыз бултуят.

Биз баарыдан мурда республикалык басма сөздөрдү барактап карайлы. Кезит, журналдардын беттеринен орун алган материалдар сипсак, бир беткей-бир ыңгай тек жетишкендиктерди кана санаш. Мактоо, мактаныш. Артыкча мактоо өңчөй бир өңчөй болсо, баарыбыз бөркүбүздү колго алып айкай салабыз... Залды жаңырта алакан чаптырабыз. Элибиздин тарыхын, эне тилин, маданий мурасын, кай бир жакшы касиеттерин айтып көр. Оозуңа калкан тосулат. Тоскон башка-а. Аны тостурган кол канчалык көрүнбөс болуп турса да, ал Кыргызстан Борбордук партия Комитетинин үгүт-насаат иштери боюнча катчысы Бейшен Мураталиев не дагы бир көрүнбөс жолдоштун күчтүү колу экендиги таасын байкалат.

Алтургай чок баскан мышыктай ыргып туруп, түз эле «улутчул» деген токмокту көтөрө чабычулар бар. Азыр эле башканы артыкбаш мактоодо кол чаап олтурушкан жоoптуу жолдоштор мында сумсая калышат. Аябай сурданып сумсаят кайбирлери.

Ушундан кийин экинчи бир жолдош тигил «улутчулду» аябай басмырлап сынап салышка милдеттүү!

Мындай учурда көбүнчө жаңычыл жаштардын сөзү өтүмдүү.

Туура. Келечек жаштардыкы. Аларга жол берүү парыз. Бирок мында улуулар менен кичүүлөрдү эриксизден кайраштыруу болуп жатпайбы. Артыкча ал жаш азамат мансапкор болсо, ал күүлөнгөндө эч тайгылбастан күүлөнөт. Мындай терс жосунга атайылап жол ачууга болобу?..

Мындай терс жосунду азыркы кезде бардык эле кишилер оңой байкашат. Ошондуктан мансапкор кишилер кайсы учурда кимге кандай кошомат этишти алдын ала жик билгизбей эптештирет. Буга да ак ниет кишилер аябай наразы. Бул терс, залалдуу көрүнүшкө кишилер жийиркенет, кыжырланат, өкүнүшөт. Бул көрүнүшкө атайылап жол берүүгө болобу?..

Биз элибиздин тили, тарыхы, маданияты жөнүндө сөз козгогон кезде баарыдан мурда элдердин достугун эске алабыз. Башка элдердин жакшы жактарын тааныган сайын биз ал элдерди сыйлай баштайбыз. Ошондой эле биздин элдин да жакшы жактарын тааныган сайын башкалар да бизди сыйлашат. Демек тең укукта сыйлашуу чоң достукка эшик ачат. Улам барган сайын чыныгы достук бекемдейт.

Сөздү ачык айтуу жалпы ишке пайда.

Биз элибиздин тарыхын, маданий мурастарын эстен чыгарып келатабыз. Өзүбүздү өзүбүз жамандап, «жапайы», «жарым жапайы» элек деп элибизди кордоону мактаныч иретинде айтып көрдүк. Ушинтип өзүбүздү өзүбүз кемсинтүүнүн натыйжасында жылдызыбыз түшүп шагыбыз сынчу.

Ушул жерден советтик чоң окумуштуу Н. И. Конраддын «Түп-тегинен алга кеткен, не түп-тегинен артта калган эл болбойт. Батыштын жана чыгыштын бардык эле өркөнү өнүккөн элдери өз тарыхында тездик менен алга кеткен мезгилдери, не өнүгүшүн басаңдаткан, ал тургай таптакыр бир калыпта туруп калып убактылуу артта калычулукка алып келген мезгилдери болгон»[1] деп айтканын эске алганыбыз орундуу го.

Жогоруда айтылган тенденциялардын кесепетинен жадаса окумуштуулардын ичинде кыргыз тили кыргыздарга гана таандык кичине тил деп түюнгандар бар. Ал тургай ушул кичине тилде кезит-китептер чыгарып, телевидениеде берүүлөрдүн, радио уктуруулардын кажаты кинча?! Жалпыга түшүнүктүү орус тили эле жетишпейби деген пикирлер жок эмес.

Дал ушундай басмырлаган тенденция али күчөп турган кезде, аны кубаттагансып, «экинчи эне тил», «Пушкин, Тургенев, Ленин тилин билүүгө милдеттүүбүз» деген ураанды үстөккө-босток айтабыз.

Биз сүйлөгөнүбүз үчүн гана орус тили башка тилдерден улуу, касиеттүү деп не Пушкин, не Тургенев, не Ленин качан аныкташты эле?

Деги экинчи эне тил деген терминдин өзү илимге кайчы эмеспи. Себеби, адам жедеп акыл эсине, ой-дилине эне сүтү менен сиңип турган тилди кана эне тилим дейт. Андай тил бирөө кана, демек, ар бир тилдеги ар бир сөздөрдүн түюндурмалары өзүнчө.

Не биздин ушул ураандарыбыз Орто Азия элдерин орустар зордоп орусташтырып жатышат деп ушактагандардын тегирменине суу куйганы байкалбайбы? Не бир тилди ашыра мактоо экинчи бир элдин маданиятын кем баалаш, анын маанисин төмөндөтүү эмеспи?

Тескерисинче, орто кылымда араб баскынчылары: араб тили — куран тили, куран

[1] Н. И. Конрад. Батыш жана Чыгыш. М., 1966, 31-32-беттер.

тили — алла тили деп өз тилин башкаларга зордоп таңышкан. Бирок андай зомбулуктан арабдар өздөрү зыян тартышкандыгы тарыхта белгилүү.

Көп улуттуу Советтик Социалисттик өлкөдө орус тили элдердин ортосунда көп колдонулуучу тил. Ошондуктан бул чоң тилди артык баш мактабаса деле ар улуттун кишилери үйрөнүшөт. Муну турмуш өзү талап кылууда. Ошондой эле башка тилдерди орустар да үйрөнүшкө тийишко?

Дал ушундай урматташуу эки тараптан ак болгондо достук чыңалат.

Бизде дал ушул эки тараптан ак урматташуу жок. «Благодаря...» деп туруп орус маданиятын, тилин деле орус кишилерин апырта мактай баштаганыбызда республикадагы айрым жооптуу кызматтагылары ага кичи пейилдик менен мамиле этип:

— Силер бизди артыкбаш мактай бербегиле. Ал бизге зыян. Силердин да жакшы жактарыңарды биз билишке тийишпиз, — деп айтышканы угулбайт. Антип айтыш ак тургай ошол жолдоштордун көбү бизге төрөлөрчө жогортон карашка көнүп алышкан.

Узак убакыт Кыргызстан Борбордук Партия Комитетине экинчи катчы болуп иштеген Гаврилов жолдош коньяк ичиште, кызматчыларды кайраштырууда өгеле «улуу» болду. Асты биздин улуттук маданият жөнүндө бир сөз айтууга убактысы болгон жок. Ошондой эле республикага келишкен жооптуу кызматчылардын кайбирлери жылдар бою республикада иштеп жүрүшүп да «у нас» деп айтуунун ордуна «у вас» деп өздөрүн бөлүп сүйлөгөндөрү өкүнүчтүү...

Биз ийгиликтерибизди канчалык санасак да дал ушул 1972-жылы борборубуз Фрунзеде кыргыз эмгекчилери жок дегенде шаар калкынын 20 процентин түзбөгөндүгү шаардын жүзү улут республикасынын борборуна окшобогондугу дал ошол элдердин достугун чатынатар көрүнүш.

Деги эмгектин эң оору койчумандыкка 100 процент дээрлик кыргыздар иштеши социалисттик ыңгайда кесип бөлүштүрүшкө туура келеби? Келсе келер. Бирок ошол койчумандар шаарга келгенде:

Кой багарга мен эптүү,
Үй саларга сен эптүү... —

деп ырдап кеткени достукка анча пайда болбос.

Жакында эле «Советская Киргизия», «Литературная газетасынын» жаңылыштыгын оңдоп басуунун ордуна «...самым прославленным манасчы был Токтогул Сатылганов» деп жаңылык ачты?! Балким бул жаңылыктан бечара Саякбай Каралаевдин сөөгү кабырында үч оодарылгандыр... Асты бул анчалык пайдалуу жаңылык эмес, республикадагы орус жолдоштор кыргыз элинин маданиятынан таптакыр кабары жоктугуна күбө болор осол көрүнүш. Баса партиялык кезит ушундай осолдук жиберип жатканда, маселен, айыл чарба көргөзмөсүндө кызмат өтөгөн экскурсовод аяштын:

«Буларда (кыргыздарда) эч жазуучу жок. Бул коюлган портреттер жөн эле саясат үчүн» деп айтары эп?!

Биз өзүбүздү өзүбүз жамандообуз башкаларга дал ушундай түшүнүк берерин байкайбыз. Байыркы элдерден экендигибизди, V—IX кылымдарда эле рун жазуубуздун болгондугун, соңку кылымдарда араб тамгасында жазуубуз болгондугун танабыз. Маданий мурастарыбызды баалабайбыз. Орус тамгасына өткөндүктү акташ үчүн эми араб тамгасы жамандала баштады. Бул деле илимге, тарыхка кыйчалыш келген осол көрүнүш.

Ушул айтылгандар элдердин маданиятын эриш-аркак үйрөнүү иштери бизде эң начар экендигине далил. Маселен, өзбек, казак жана башка республикаларда улут тили жана улут адабияттары республикадагы орус мектептеринде сабак катары өтүлөт. Алар үчүн атайын түзүлгөн окуу куралдары бар. Бизде орус мектептеринде кыргыз тилин, не адабиятын сабак катары өтүү мындай турсун, жооптуу кызматчылар баш болушуп өңчөй койчумандардын, не пахтакерлердин кеңешмелеринде орусчалап баяндама жасоо мактаныч иретинде болот. Ал гана эмес, райондон тарта борбордук мекемелердин жетекчилери орусча бир ооз сөз билбеген карыялардын каттарына көбүнчө орус тилинде жооп беришет.

Баяндамаларда бизде китеп, кезит, журналдардын тираждары көбөйүп жаткандыгы саналат. Бул эң жакшы. Чынында чоң жетишкендик бар. Бирок тилдин тазалыгы, байлыгы жөнүндө кеп боло калса, делдее калып сактаныш, этиет болгула дегенсип эдирейиш чынында эне тилге, адабиятыбызга анча баа бербей карагандык эмеспи.

Биз жогоруда чыныгы достукка жик салар салакалуу, зыяндуу, туура эмес көрүнүштөрдү эске алдык. Чындыгында дал ушундай көрүнүштөр чоң достукту бузат.

Айрыкча соңку кездерде адабий чыгармаларды ийне-жибине чейин аңтара карап, болор-болбостон шек саноо, айрым сөздөргө жабышуу өтө эле күчөп кетти. Бул, социалисттик маданиятыбыздын өркүндөшүнө ак дили менен ат салышкан чыгармачы кишилерге ишенбестик туудурары айгине иш! Эң зыяндуу көрүнүш!

Адабиятка, көркөм өнөргө, тарыхка болгон бул мамиле айрым жооптуу жолдоштордун артыкбаш сактанышынын кесепети десек туура болот. Илимий мамиле тарыхый кырдаалдарды талап этер маанилүү зор иштерди тек күнүмдүк саясатка ыңгайлаштыруу маданияттын өнүгүшүнө кедерги болор зыяндуу нерсе. Мындай көрүнүш шыктуу кишилердин шыгын өчүрөт, демилгени мокотот. Баарыдан өкүнүчтүүсү бул көрүнүш душмандын тегирменине суу куят. Достү өкүнтөт. Элдердин ортосундагы достукту чатынатат.

Ошондуктан ушундай көрүнүштөр турмушта орун алып жаткандыгын ачык жазууга туура келди.

*Жазуучу катары калам тарткан күнүмдөн эмгекти, маданиятты, Совет бийлигинин артыкчылыгын, азаттык үчүн болгон күрөштөрдү, аял, эркектин теңдигин ырдап келатамын. Ошолордун ичинде менин ыйык баалаган темам — элдердин достугу. Бул темага мен көлөмдүү чыгармаларымды арнагам. Азыр да арноодомун. Дал ошон үчүн элдердин достугуна доо кетирер терс көрүнүштөргө мен эч чыдабаймын.*

*Мага, кош кабат эзилген шордуу элиме азаттык алып келген Октябрь революциясынын жеңиштери жана жемиштери кымбат!*

*Наадандык, көшөкөрдүк, өзүмчүлдүк, жан бактылык сыяктуу терс сапаттар менен күрөшүү жазуучулук милдетим!*

*Түгөлбай СЫДЫКБЕКОВ.*
*Сентябрь, 1972-жыл.*

## *АВТОРДОН:*

Тилекке каршы, ак иш кыйчалыштап, арамза сын башталган сон момурап тим калышка болбоду. Не көк союлга баш жардырып сендел, не ак сөзүңдү ачык айт. Эртеңки күнү элге жарык жүздө тике кара. Ал үчүн сыйлык, сыймык, атак-даңктан аша кеч дедим өзүмө.

Бул пикирге келишиме жеке эле «коргоочулук» себеп боло алмак эмес. Улам тамырлап күңүрттөп бараткан биздеги бир беткейлик — ак адил иштерге кедерги эткени; баягы бизди ынандырган талаа-түзгө серпилип калайыкка тегиз энчилүү жакшылык эмес, ийненин көзүнөн өткөн жарыктай жылт-жулт этип тек эптүүлөрдү жыргаткан чеңелүү жакшылык мени чочутту.

Жыл өткөн сайын жакшылыкка эм — ачык сөз кунсуз болду. Калп канат күүлөдү. «Калптын арты кайгы» болору оюмдан кетпей калды.

Эки жүздүү, арам сөздүү кишилер керт башынын кызыгы үчүн адамгерчиликти аттап, жолдошчулукту сатты. Көз боемочулук, паракордук, кошоматчылык мамлекеттик деңгээлде жайгашты.

Ушундай терс көрүнүштөрдү калкка жарыя айтычу жазуучунун тили буулду. Ою бөксөрүп, сөзү мокоп, өзү наадандыкка көз каранды болду.

Чындыкты тике айтычу элем. Мен кандаймын бул күндө деп, өзүмдү өзүм абайласам тымызын сенек болуп баратыпмын.

Тек байкоо сенек-кеселге эм болор эмес. Муун-жүүндү тондура баштаган көк музду эритмейин сенек-кеселден сакайыш кыйын көрүндү.

Киши өзүнүн ким экенин жазбай таанып: өзүн өзү сындап, турмуштун айдарымына тике бет тосcондо өз дүнүйөсүн муздаткан сенектиктен сакаяры, жүзү жарык болору мени ынандырды.

Айдарымга бет тостум да, Кыргызстан КП БКнын бүйрөсүнө кат жөнөткөм. Катта айтылган маселелер жалпы иштин пайдасы үчүн ак дилде эн этиет эскертилсе да, жетекчи жолдоштор аны кыйгач кабыл алышты.

Неге дегенде сын сөз тургай кеңеш иретинде айтылган он пикир анча эске алынбай, бир беткей нуска бериш жыл өткөн сайын тамырлады. Күчөдү, чыйралды. Ага башкы себеп: дале болсо «балык башынан...» деген калктын кеменгер аныктамасы дагы бир жолу чындыкты аныктады.

— Бизге совет калкы ишенет! — деп, баягыда Н. Хрущевдун бир айтканы күмөндүү угулган. Чынында, ишенимди баса айткан сөзүндө тункуюк арамзалык бар. В. И. Ленин баштаган партиянын көсөмдөрү эч убакта өздөрүн антип пайгамбар этип, калкты тек пенде катары сыйына беришке чакырышкан эмес.

Өзүнө өзү абдан ынап алган Хрущевдун чакырыгы көп улуттуу совет калкы аталган коомдун улуу биримдигине доо кетире баштаганда, кудай жалгап, ал «пайгамбарыбыз» сапарын аяктады.

Арадан жети жыл өткөндө КПСС БКнын баш катчысы Л. Брежнев:

— Партиялык, советтик аппараттарда бекем орношкон (утвердившиеся) кадрларга советтик эл ишенет, аларды урматтайт, сыйлайт! — деп чоң жыйындын бийик трибунасынан аныктады.

Бул аныктоонун сыры эминеде деп делдейишти сергек кишилер. Көрсө, биз жан кейитпей жыргайлык. Калк бизге ишенгиле. Бизди урматтагыла, дептир.

Ошондон кийин баш катчы тамшанып койсо, аны урматтагандар алакан шапалакташты. Турмуш дымыгандан дымыды. Маяктар күндүз жанды. Бардык көрсөткүчтөр эки эсе, ал тургай үч эсе «аткарылды...»

Улутчул болуш үчүн эмес, ошо даана чатынаган биримдикти калыбына келтирүү чарасы — чындык экенин айтып, Кыргызстан КП Борбордук Комитетке 1972-жылы сентябрде кат жөнөттүм. Катка жооп берүү мөөнөтү бир ай болсо да, үч айсыз жооп болбос деп, оорулуу байбичем экөөбүз Крымга кеттик. Эки ай он беш күндө үйгө кайттык. Жымжырт экен. Дагы алты айча өттү. Каттан жооп жок. Бирок «Түгөлбай улутчул болуптур. Бардык наамынан, сыйлыктарынан ажырайт экен» деген кабар ууру жорткон желдей мага да жетти. Байкасам чындыгы бар.

Сени кат жазыптыр дешет... Деги эмине жөнүндө жаздың эле? Ачык түрдө кезитке да сындай башташты — дегендерге, чочуур эчтеме жок дедим.

— Деги сактан. Ишеним жок, — дешти кишилер.

— Эминеден сактанам? — Делдейип жүрө бердим.

Арадан сегиз ай өттү.

1973-жылдын сегизинчи майы. Иштеп олтургамын. Телефон чырылдады. Союздан экен.

— Түкө, президиум чогулуп калды. Келе коюңуз! — деп катчылардын бири Касым Кайымов мени шаштырды. Шашпадым:

— Эртең тогузунчу май! Жеңиш күнүн куттуктап иштеп олтурамын.

— Келишиңиз керек. Катыныз каралат!

Антковру чочудум:

— Ээ! Мен бойдок уюмга кат жаздым беле?.. Катты, Кыргызстан КП БКнын бюросуна жибергемин. Тогуз айга карады...

Алар бизге тапшырышты кароону...

— Э, тапшырса карагыла, менсиз. Мен бюродон жооп аламын!

Бул айтканым тек кыр көргөзүү болучу. Чындап көгөрүп барбай койсом не болот дегенимде, — «Антишин — иттик. «Жоонун» сыртында калбай ичинде бол» — деди кабыргам. Кабыргамдын тилин алдым. Союзга келдим.

Кандай ой менен жиберишсе да жетекчилер акылсыздык этишиптир. Беттешкенден баштап эле колума көзүр тийди. Башынан кектүү Аалыкең өзүнө таандык аксымдык караөзгөйлүгүн агытты:

— Түкөлөп эркелетпегиле. Бу кишинин Түгөлбайүп Сыдыкбек деген өз аты бар... — дегенинде мен жылмайдым:

— Туура айтасыз Алийүп Токомбай...

Мен башынан эле айтып жүрбөймүнбү. Коркпойт. Баатыр да бу киши... Бу жолу мына, өз жүзүн өзү ачып салды. Көз карашы терс — улутчул болучу башынан эле. Эми ага маоисттик кошулду — кытайчыл... Тыяктан кабар алып турат өзү. Капиталисттин агенти... Жогор жакка жооп берет...

Кытанчылдыгым: Текестен келген Аман Саспаевге чыгармачылык жол ачканым. Капиталистке агенттигим: батыш радиолордон эшиткен илим, адабият, медицина, деле ар кандай маалыматты угуза айтканым.

Антор, чырагына май тама калганга Токомбаев өз дилиндеги ыплас ылайды мага шыбады дейсиң, тим эле төбөсү көккө тийгендей өз сөзүнө өзү ынады.

Чынында эле айрым кишилердин дүйнөсүндө уруучулук сезимине батып калганы мени таңкалтырды. Пейлимди кыйла жакшы билген, биз урматтап жүрчү Касымалы Баялинов (Касыкем), 1932-жылдан дилдеш курбум Абдырасул Токтомушовдор Аалынын кызылдай жалаасын кубатташканда, алар менин колума көзүрдүн тузун берип коюшту...

— Аалыке! — деди бир-эки кишиден кийин Чыңгыз: — Ар бир калктын наркы-салты бар. Бизде улуусун урматтап атынан атабайт. Сизди — Аалыке дейбиз. Түкөмдү — Түкө дейбиз. Сиз аны тыйдырып кое албайсыз...

— Ичиңиз тар, аябаган кекчил киши экенсиз. Түкөм мени деле далай сыздатты. Ага кек сактап, өч алгым келбейт. Түкөм өз байкоосунда жанын кейиткен туура маселелерди жазыптыр. Аны жазба деп айталбайбыз. Акыбыз да жок. Тил, тарых, ата мурастары бардыгыбыз кам көрөр проблема. Туура жазыпсыз. Жаза бериңиз, Түкө!

Бирине бири карама-каршы айтылган эки кишинин пикирлерин мен кыскача эскердим.

Токтоболот Абдымомунов, Шатман Садыбакасов, Салижан Жигитов дагы бир катарлары калыс пикирлер айтышты. Катты кубатташты.

«Жоонун сыртында калбай ичинде болгонум» бул жолу мага канат бүтүрдү.

Ошол эле күнү экинчи катты баштадым.

### КЫРГЫЗСТАН КП БОРБОРДУК КОМИТЕТИНИН БИРИНЧИ КАТЧЫСЫ — Т. УСУБАЛИЕВГЕ, ЭКИНЧИ КАТЧЫСЫ — Н. Н. ТАРТЫШЕВГЕ, БАШКА БЮРО МҮЧӨЛӨРҮНӨ

*Бүткөн иш — бүткөн иш. Ой-санааны бөлүп турган бүтө элек иштер чыгармачы адамдын тынчын алат. Ошондуктан ал ар дайым өз алдына чоң милдеттерди коет. «Эгерде тирүү болсом буларды жазамын...» деп Лев Николаевич Толстой күндөлүгүнө жазгандай, эгерде тирүү болсом буларды жазамын деген пландар менде да бар. Мезгил шаштыргандыктан, 1960-жылдан баштап чыгармачылык ишиме эки эсе жоoптуу кароо менен ага бардык күчүмдү зарып этүүдөмүн.*

*Соңку он эки жыл ичинде бир сыйра иштелген кол жазмаларды эске албаганда, Академиянын тапшыруусу боюнча илимий монографияларга берген рецензияларды, пикирлерди, консультацияларды, редактырлык иштерди эске албаганда, калкыбыздын байыркы тарыхын жана анын маданиятын дагы жакын үйрөнүү үчүн болгон изилдөөлөрдү эске албаганда, ушул жылдардын ичинде мен үч романды колдон чыгардым. Ондогон макалалар, аңгемелер жана публицистикалык эмгектер жазылды. Ушул он эки жылдын ичинде колумдан чыккан чыгармаларымдын жалпы көлөмү — 130 басма табак. Булардын — 15 — поэзия.*

*Үч романдын бири «Зайыптар». Мында окуя 1880-жылдардан башталып, азыркы кезге чейинки өмүрлөр баян этилмек. Бул романдын эки китеби кыргыз жана орус тилинде жарык көрдү.*

Экинчи роман элибиздин эртеги өмүрүн чагылыштырган «Көк асаба». Эгерде бул роман жарык көрсө, адабиятыбыздагы ак так болуп турган мезгилди толуктап, нак бүгүнкү күндүн кызыкчылыгы үчүн үлүш кошоруна толук ишенем. Бирок роман доорду туура чагылыштырган пайдалуу чыгарма деп окумуштуулар калыс баа бергендерине карабастан, эмнегедир кол жазма кармалып келатат.

Үчүнчү роман «Ыманбай пейили». Бул романда Ыманбай, Соке, Шарше, Карымшак сыяктуу каармандардын тагдырлары уланат. Соңку отуз-кырк жыл ичиндеги катаал күрөштөр Ыманбайдын көз алдынан өтөт. Ата Мекендик согуш, өлкөбүздүн өнүгүшү, элдердин достугу, бирдиктүүлүгү мында терең жана элестүү, таасирдүү сүрөттөлөт.

Жолдоштор, туура түшүнгүлө!

Мен ушундай мыкты иштеген жазуучумун деп мактанып жатпаймын. Башка кемчиликтерим бардыр, мактануудан алыс турган кишимин. Алтургай, мактангандары, калп айткандары, көз боемочулук этип элди алдагандары, бой көтөргөндү, кошоматчыны, мансапкорду табиятымда жектейм жана андайларды чыгармаларымда сынга алып келатамын!

Буларды айткан себебим соңку жылдарда чыгармачылык иштеримди кандайча зерттеп, кандайча ишке ашырып жаткандыгым жөнүндө аздыр-көптүр Сиздерге түшүнүк берейин дегеним. Кишилер канчалык жакын жүрүшпөсүн, алар бирин бири түшүнүшпөй калган учурлар аз болбойт. Бүгүн кат жөнүндө сөз болуп жатканда, ал каттын авторун дагы жакыныраак билип коюш Сиздер үчүн зыян эмес!

«Чагым — өлтүрөт, мактоо — жеткирет» деген макал бар элибизде. Бул биздин күнгө да абдан мүнөздүү...

Тарыхый темага мен баштатан эле көңүл буруп келатканыма карабастан, «Көк асаба» романын жазганымдан кийин «Сыдыкбеков азыркы заманды жек көргөндүктөн эскини көксөп жатпайбы...» деген арамза айыңды кулагыбыз чалды.

Бул карасанатайдын арамза ушагы. Ушундай ушактардын кесепеттери — эчен аппак өмүрлөрдү соолткондугун биз ар дайым эстей жүрүшкө милдеттүүбүз!

Эң алгачкы поэмамдан, романымдан тартып ар бир маанилүү чыгармаларым курч сындарга дуушар. Менимче, талаш-тартыш туудурган чыгарма ал жөн болбойт. Көбүнчө данектүү чыгармалар ар түрдүү пикирлерге энчилеш.

Ошентсе да талаш менен талаштын, пикир менен пикирдин айырмасы бар! Терең баамдаган калыс пикирлер чыгарманын өнүгүшүнө көмөктөш. Калтыс арамза пикирлер чыгарманын өнүгүшүнө кырсык жана талантты кордоп аны өчүрүп да салат!

Ушундай сындардын зыяндуу жагын биз турмуштан алда нече ирет көрүп, өзүбүз да анын ачуу данегин татып келатабыз.

Совет бийлигин жана колхоз курулушун даңктаган тунгуч романдарымды каралаган сынчылар «Сыдыкбеков тап душмандарына трибуна берди, молдого совет өкмөтүн жамандатты»... дешти.

«Биздин замандын кишилеринин» айрым үзүндүлөрүн окуп алышып эле «Ушулар да биздин замандын кишилериби» деген сот өкүмүнө мүнөздөш макалаларды ушул эле «Советская Киргизия» өз бетинен орун берип ушакчы сынчыларды шыктандырган!

Ошентсе да, дал ушул романы үчүн автор Советтер Союзунун Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты болду.

Эске алар жакшы жагдай ушул: ар мезгилде болгон арамза «сындардан» сактап, БК менин чыгармаларыма калыс баа берип келди. Мындан эч жаңылыштык болгон жок, ошол чыгармаларым аздыр-көптүр кыргыз совет адабиятына өз салымын кошту.

Мени эргиткен темалар: эмгек, көп улуттуу элдерибиздин биримдиги, достугу, социалисттик өлкөбүздүн өнүгүшү, колхоз курулушунун жеңиши, аялдар азаттыгы, кишилердеги жаңыруу, алардын өз-өз ара жаңыча мамилелери. Дал ушул үчүн мени тарыхый тема да кызыктырат. Бүгүнкү күндү абдан так жана салмактуу баалаш үчүн, эртеңки болорду даана көз алдыга элестете көрүш, тарых сабагын, андагы калктардын башынан кечирген трагедияларды билиш эң зарыл.

Кимде ким менин чыгармаларым менен баштан аяк тааныш болсо, ал биз атаган урунттуу маселелер жана темалар менин чыгармаларымда өз алдынча чагылышканын сезип турар.

Ушул соңку кездерде эмнегедир чочушкансып чыга калышып, мага акыл айтышкан айрым сынчылар болжошкондой менде өткөндү көксөп көз жаш төгүш, заманыма наары болуп муңканыш, арбакка сыйыныш, артымдан кетиш сыяктуу сандырамалар үч уктасам түшүмө кирбей турган, менин жаратылышым таптакыр кабыл албас апыртма куру жалаа!

Айрым терс көрүнүштөрдү өнүктүрбөс максатта өз оюмду ачык айтып бүйрө мүчөлөрүнө кат жазганымдан кийин мени жана менин чыгармаларымды ушактаган мазасыз сын сөрөйлөрдүн партиялык басма сөздө орун алып жаткандарына таң калам, кейиймин, өкүнөмүн.

Арбагынан өтүнүп энем жөнүндө жазган ырымды өзүнчө терс көрүп бурмалай салган сынчым, мени арбакка сыйынат деп айыптагысы бар. Спритизм мага жат. Эч кандай арбактарга мен ишенбеймин. Бирок «арбак» деген түшүнүктү айрыкча көркөм адабиятта, көркөм формада кабылдоо ал анча терс жана айыптачу нерсе эмес. — «Пусть озаряет нас дух наших предков — Минина Пожарского, Александра Невского, Дмитрия Донского...» деп, биз ушул эң күчтүү көркөм формада айтылган сөз менен совет калкын Ата Мекендик согуш кезинде майданга чакырганыбыз чын беле? Чын болчу. Эмесе, мен өз энемдин арбагына сыйынганым да чын!

Эгерде мен өз энемдин арбагына сыйынбасам, анда эч кимдин, эч кимдин, жадаса, деле Невскийдин да, Донскойдун да арбактарына сыйынганым жалган...

Эгерде мен өз калкымдын өмүрүн көз алдыма элестете албасам, алардын рухун

*баркtап баалай албасам, анда башка калктардын ата-бабаларынын дүбүртүн эшите албаймын. Башка элдердин рухун барктап сыйлай албаймын!*

*Демек, мен өз ата-бабамды билбей туруп, тек интернационалистмин деп айкыра беришим эки жүздүүлүк болор эле.*

*Жок, жолдоштор! Андай эки жүздүүлүк менин табиятыма таптакыр жат. Андай эки жүздүү кишилерди жек көрөмүн.*

*Өз ата-бабамдын дүбүртүн эшитип, тарыхын, асыл мурастарын барктай келип кана биздин өлкөдөгү бардык калктардын, бүткүл дүйнөдөгү эмгекчил элдердин бабаларын жана алардын өмүр-тарыхын, асыл мурастарын чоң урмат менен сыйлаган кишимин.*

*Ошондуктан, Совет өлкөсүндөгү бардык ак ниет кишилериндей эле мен жер жүзүндө тынчтыкты самаймын. Жер жүзүндө алаамат согуш кайталанбаса деп тилеймин.*

*От кармаган колуңдан учуп чыкты*
*Пайда көрөр бекенсиң ракетаңдан!*

*Дегенимде бирден бир ядролук курал көз алдымда элестейт. Империалисттик заводдон чыккан кыйраткыч курал жер өрттөп, кан куйкалап, социалисттик заводдон чыккан кыйраткыч куралдар чөлгө гүл өндүрүп, өмүр бере турган болсо, мени жазалагыла. Кыйраткыч курал — кыйраткыч курал!*

*Азыр бардык өлкөлөрдө тынчтыкты каалаган калайык калк кыйраткыч куралдарга тыюу салууну талап этүүдө. Бардык ак ниет окумуштуулар, ошол кыйраткыч куралдарды чыгарган авторлордун өздөрү бул каардуу куралдарга тыюу салышты өкмөт башчыларынан талап кылууда. КПССтин жана БКнын саясий бүйрөсүнүн эл аралык саясаттагы туткан курсунун эң негизгиси дал ушул кыйраткыч куралдарга тыюу салыш демилгеси!*

*Дал ушул асыл демилге биздин партиябыздын эң негизги иши экендигин мен жакшы түшүнөмүн.*

*Адам өз колуна ушундай кыйраткыч куралды кармап турган кезде, мен дал ушундай ыйык демилгелерге таянып, от кармаган колдо турган кыйраткыч куралдардан чочулап, андан сактаналы деп адамга кайрылдым!*

*Партиялык таламдын эң зору жана жоопкерчилиги дал ушул маселе деп билемин!*

*Куралга сыйынуу — согуш көксөгөн империализмдин желдеттеринин тилеги.*

*Куралга сыйынуу — тынчтыкты каалаган тараптын жана империалисттерге каршы турган тараптын кызыкчылыгын саткандык.*

*Элдердин достугу, биримдиги — менин дилимдеги тема. Бул темага мен негизги чыгармаларымды багыштагам жана аны башкы милдетим катары улантуудамын!*

*Картөшкө айдашка, бак тиккенге, техниканы башкарууга бизге орус, украин жана башка алдыңкы элдердин ак ниет кишилери таасир этишти. Улан-кыздарды окутушканда, аларга жаңы маданиятты, илимди жүгүзгөндөр да ошол тууган элдердин алдыңкы адамдары.*

*Баарынан сонуну кыргызга марксизм-ленинизм илимин үйрөтүшкөн революционерлер да, партиялык-советтик ишмерлер да ушул элдердин алдыңкы өкүлдөрү.*

*Ушул асыл иштерди чактым келишинче мен өз чыгармаларымда баян этип келатам. Жакында Москвада орус тилинде чыккан «Зайыптар» романында кыргыз Батийна, Гүлсүн, Зуураканлар менен бирге орус Валентина Капылова, татар Рабийга, өзбек Анорхон, калмак Ракыйма бар. Украиндык Якименко, казак кызы Нурпеисовалар бар. Бул ар улуттун кишилеринин карым-катнаштары, бири бирине тийгизген арка-бели Улуу Октябрь революциясынын эзилген элдерди азаттыкка баштаган кезинен уланган эл достугу романда улам бекемдей берет.*

*Азырынча жарык көрө элек «Ыманбай пейили» деген романда достук темасы — Ыманбай, Рыбкин, Маша, Булгаковдордун өмүрлөрү жана алардын өз-өз ара мамилелери, бирин бири жакшы түшүнгөндөрү аркалуу таасын сүрөттөлөт.*

*Ушул кол жазманы окуп чыккан бир адам:*

*— Мен Рыбкинди Ыманбайдан да жакшы көрүп калдым. Атаа, Назаровдо Булгаковдун баамчылыгынын үчтөн бири болсо эле, Ымакеме шек кетпейт болучу, — деди.*

*Мен да ушундай деп ойлоймун!*

*Жакшы көрүнүштөр, жакшы башталыштар жана кишилердеги жакшы мүнөз, жакшы жорук-жосундар, ынтымактуу мамилелер мага чыгармачылык азык берип, мени шыктандырып турат.*

*Ошондой эле терс көрүнүштөр, жаман жорук-жосундар, кишилердеги менсинүүлөр, уруучулдук, жалкоолук, улуттук бой көтөрүүчүлүк мени кайгыртат, өкүнтөт.*

*Не ушундай терс көрүнүштөр достукка зыян келтирбейби? Албетте, зыяны чоң! Себеби, жергиликтүү улутчулдуктун пайда болушуна шовинизм себепкер болорун бизге В. И. Ленин эскертпеди беле. Ошондуктан, биз «майда» деп көңүл бурбай коючу терс көрүнүштөрдүн ушундай зыяндуу жагына көңүл бурганыбыз оң.*

*Шаарыбыз чоң индустриалдуу борборго айланууда. Микрорайондор тоого чейин канат жаюуда. Көптөгөн түтүндөр ыңгайлуу, жакшы квартиралуу болуп жатышат.*

*Бул абдан кубанычтуу!*

*Бирок жаңы имараттарга карайлычы. Бардыгы опокшош — боз коендой супсур. Аларды жаңы көргөн кишилер эмес, айлап турушкан кишилер кай кездерде өз квартираларынан адашып калышат...*

*Адамдын тарбиясына айланадагы жаратылыш чөйрөсү да таасир этери жалпыга*

дайын. Эмесе, шаардын үйлөрү да жакшынакай болушу шарт. Жансыз бопбоздук кишилерге жаман таасир этет.

Азыр башка өлкөлөрдөн тынымсыз делегаттар келишет. Бизге пейилдеш достор, бизге пейли терс кастар келишет. Достор менен жолугуш кызыктуу. Бизге сын көзү менен карагандар келген кезде, балким, кафедранын башчысы деп пенсиядагы эжекени отургузуп койсок болор... Асты үйлөрдүн бетине шырдак жаап архитектурабызды жашыра албаспыз.

Чет элдик делегаттар мындай турушсун, өзүбүздүн республикалардан, борбор шаарлардан келишкендер адегенде эле шаар көркүнө, кишилердин түспөлүнө көңүл бурушат.

— Кайсы республикага келдик? Кыргыздары кайда? — деп сурашат.

Өз кишилер тек таң калышаар. Тигил четтен келгендер кыңыр жылмайышкандары жалганбы? «Орустар азиаттарды басып алды» деп ушак айтышканы жалганбы? Ушундай ушактарын айтуудан мурда, алар көчөлөргө, чоң-чоң имараттарга, маселен, Академиябыздын алдыңкы жана арткы беттерине көз салышат. Биз атайы ошолор көрүшсүн дегенсип: «Слава Советской науке!» деп ар тамганы зор этип бир тилде жазабыз. Ушундай эле ураан кыргыз тилинде турса, кимдин башын оорутат эле?!

Жок, жолдоштор! Биз ар качан эки тарапты бирдей баалап, бирдей даңазалап турганыбызда кана чыныгы лениндик ынтымакты чыңай алабыз.

Бир тарабын ашыра мактоо, бир тарабын кемите басуу — чоң зыянга чабырын ар дайым турмуш сабагы эске салып туратко.

Орус тилин жакшы билүүгө бизди турмуш өзү эле демилгелеп жатыр. Бирок бул үйрөнүү эне тилдин эсебинен болуш зыян. Ал табийги түрдө жүрсүн. Асты орус тилин үйрөнүү куру кыйкырык ураандарга айланбасын!

Башка эле тилдердей эне тилибиз деле чоң илимге эшик ачаары тестиерлерге жеткириле түюндүрүлсүн. Эне тилин билбей калуу — өз калкынын маданиятынан куру калуу экендиги азыр белгилүү болду!

Биздин арабызда өз эне тилинде жазалбаган, сүйлөй албаган окумуштуулар пайда боло башташты. Кай бир академиктер, журналисттер, алтургай жазуучулар кыргыз кезиттерине орус тилинде макалалар алып келишкенин чоң жетишкендик деп санашат!

Эне тилибизди дал ушундай кемсинтүүнүн кесепетинен биз эң маанилүү жалпы жоопту макалаларда, колдонмолордо, Кодекстерде, бийик трибунада сүйлөгөн сөздөрүбүздүн кыргызча котормолорунда тантык, түшүнүксүз сүйлөмдөрдү, саясий каталарды, калкка тескери үгүт тарата турган түюнмаларды камырабай кезит, журнал беттеринде жарыялап келатабыз.

Ушул сөзүбүзгө далил эң мүнөздүү бир-эки мисал келтирели: «Кыргыз ССРинин нике жана үй-бүлө жөнүндөгү кодекси» (долбоорунда) 19-статьясы никелешүүгө жол бербечү түюнмада — "**... туура жогору карай туугандары бар, туура төмөн карай туугандары бар адамдар ортосунда, толук жана толук эмес туугандыгы бар ага-инилер жана эже-карындаштар ортосунда...**" деген түюнманы деги кыргыз баласы түшүнүүгө болор бекен?

Ал эми «жогору карай, төмөн карай», «толук, толук эмес туугандарга» берилген түюнма андан бешбетер түшүнүксүз. Алтургай анын мааниси аял, эркекти, ата, энени түздөн түз кордоп шылдыңдап турат.— "... **бир атадан түрдүү энелерден туулган балдар, же бир энеден түрдүү аталардан туулган балдар айтылат**" деген түюнманы баш мыкчып түюна албадык. Деги биздин кишилер кишиби? Же түрдүүчө өң-түспөлдөргө айланып, үйүр-үйүр айбанчылыш болуп калган кандайдыр бир жаныбарларбы?

Адамды кордогон ушул сандырамалардын кыргызча мааниси эң так жана кыска: **бир туугандар, ага-инилер, эже-карындаштар, энелештер, аталаштар, таяке-таажелер, жээндер, бөлөлөр ортосунда нике жүрбөйт** деп коюччу кеп!

Бирок эне тилдин касиетин эстен чыгарып, орусча түшүнүккө жакындатабыз менен өз түшүнүгүбүздү таптакыр бурмалап, эне тил касиетин тепсеп салганыбыз мында айгине го?!

Айталык ушул сандырама «Правданын» бетинде басылган болсо, ар бир кезит окуган орус кишиси чатак салар эле.

Биздечи? Бул сандырамалар «Советтик Кыргызстандын» бетинде басылды. Андан кийин өзүнчө китеп болуп чыгып, биз бардыгыбыз ушул катасы менен Жогорку Советтин сессиясында кулактан жогору колдорубузду сербейтип: «Калыс—жок»! «Каршы—жок»! болуп бекилди...

Котормодогу кемчиликтерди, каталарды эске алып коюш үчүн сөз суралды. Бирок сөз тил жөнүндө болорун билген соң сессиянын төрагасы сүйлөчү депутатка сөз берген жок. Кийин «ооз эки эскертилсин!» дептир.

Экинчи бир мисал: Турдакун Усубалиевдин КПССтин XXIV съездинде сүйлөгөн сөзүндө: «Нас искренне радует прочно утвердившаяся в партии и стране атмосфера глубокого доверия, доброжелательности к кадрам...» деген сүйлөмдүн кыргызчасы: «Партияда жана өлкөдө БЕКЕМ ОРНОП калган кадрларга, адамдарга карата терең ишенгендиктин жана ийгиликтерди каалагандыктын атмосферасы...» деп берилген.

Мында, партияда жана өлкөдө БЕКЕМ ОРНОП алышкан кадрларга жол болсун?! Ушинтип сөз мааниси таптакыр тескериге айланган учурлар аз эмес. Жадаса, В. И. Лениндин айткандары бурмаланган учурлар бар.

Эгерде ушул терс маанилүү сүйлөмдөр, сөздөр «Правда», «Известияда» орун алган болсо, анда ошол эле күнү кезит окурмандары чуу салышмак. Биздин окурмандар

*дай авангардизм болбостугун бизге В. И. Ленин көп эскертип осуят калтырбады беле? Көсөмдүн ушул осуятын партиябыз ар дайым колдонмо этип келатканы, Москвада болуп өткөн коммунисттик жана жумушчулар партиясынын эл аралык кеңешмелеринде көсөмдүн көргөзмөсү ачык белгиленгендиги бекеринен эмеско!*

*Эл акыны Аалы Токомбаев өзүнө таандык аксымдыкты, карамзгөйлүктү талкууда эң эле орой пайдаланды. Ал өз башындагы төөнү көрбөй, бөлөктүн башындагы чөптү көрө калганына аябай кубанды. Өгөлө «коркунучтуу» коңгуроолорду мага тагып туруп:*

*— Сиз бизди түшүнбөсөңүз, сизди жогор жак да түшүнбөйт... Жогор жактан эңчиңизди аласыз?! — деп мени коркутту.*

*Эгерде Токомбаев чектегендей жаман иштерим болсо, ал үчүн эң оор «эңчини» алууга даярмын!*

*Мен Токомбаевчилеп ишти былгытып салып... анан башыма күч келгенде ыйлап жаш төгүп, өзүмө «аянычь» туудуруп көнгөн адам эмесмин!*

*Мен өз элимди жана эне тилимди барктап-баалагандай эле, бардык элдерди жана анын тилдерин барктап-баалаймын. Бардыгын, бардыгына жакшылык каалаймын! Ошондуктан ураан салбастан эле орус тилин бизге илим бере турган чоң тил катары баалап, аны үйрөнөлү деймин! Бул пикирди мен В. И. Лениндин тилге берген аныктамаларына таянып айттым.*

*Токомбаевче ураан салып ашыра мактоо, ошол орус элинин өзүнө зыян келтирерин да В. И. Ленин эскерткен. Себеби, бир беткей кызыл кыйкырык элдерди кайрыштырып, биримдикке, достукка жик салар зыяндуу көрүнүш экендигин турмуш өзү да далилдеп турат...*

*Ким — ким, Сиз, Турдакун Усубалиевич бизде уруучулдук деген жаман илдеттер бар экенин билесиз го? Андай болсо, менин ак пейлимди, адал эмгектеримди ыпластоого не үчүн кыйдыңыз? Же Сиз мени ушул кезге дейре биле элек белеңиз? Же мен Сиздин жана БКнын ишениминен чыккыдай оор кылмыш кетирдимби?*

*Жок! Үч кайра жок!!!*

*«Душман сүйгүзө айтат. Дос күйгүзө айтат» дейт элибиз. Биринчи катта ошо достук тилекте күйгүзө айттым. Чычалап кабыл алдыңыздар. Катты сегиз ай кармап... чыгармаларымды сынага баштадыңар. Бул достук эмес — кастык.*

*Бардык күч-кубатымды, акыл-эсимди, мүмкүнчүлүгүмдү жарык жана асыл иштерге арнагам! Мен адамдык ар-намысымды, ак эмгектеримди, жакшы салтымды эч кимге тепсетпеймин!*

*Ошондой эле менин атыма көлөкө түшүрүп... анан өзүнө саясий бизнес тапкысы келген киши болсо, анын ошол арам максатына сокку уруп, өзүмдүн ар-намысымды жана эмгектеримди сактап калууга беленмин!*

*...Сындар күчөп, айыптоолор башталган кезде, алтургай, мага «Сыдыкбеков бардык тасмиясынан ажырап улутчул болуп жатыптыр...» деген айың жетти.*

*Повестте стакандагы аракты кагып жиберди деген сүйлөмдү кимдир бири буйруп: стаканды — чыны, аракты — чай деп, чынысдагы чайды кагып жиберди деп оңдотуп китеп чыгарыш болор?! Бирок ак ниет кишинин тагдырын кагып салыш оңой эмес бул заманда!*

*Бул сөздүн аныгын баамдаш үчүн ар бирибиз чыныга чай куюп аны кагып көрөлүчү? Ал муздак болсо, бактыбыз. Тамагыбызды сылап кетер. Ал эми ысык чай көз жашыбызды төгөр...*

*Өмүрү боюнча Совет курулушун, эмгекти, элдердин достугун, жаңы маданиятты жана бардык ак-адил иштерди ырдап келаткан Түгөлбай Сыдыкбеков ал — муздак чай эмес!*

*Мен Советтик Социалисттик улуу өлкөнү — эң зор үй-бүлө деп билемин! Өзүм ошол зор үй-бүлөнүн бир мүчөсүмүн!*

*Демек, ушул зор үй-бүлөнү тейлеген кеменгер ата кай кездерде уулдан, кыздан кеңеш эшитишке мажбур болотко. Ошондо атага акыл кошор уул-кыздары көп болгону жакшы го. Ал эми мен атамын деп эле, өз үй-бүлөсүнүн добушун эшитпей күчкө сала берсе, андай ата баарыдан мурда ошол өз үй-бүлөсүнө барксыз болуп каларын турмуш көп жолу баян этпеди беле?*

*Ошондуктан, биздин доордун акыл-эси, ар-намысы жана абийирин сактаган ак-адил коммунисттер — Сиздерге, ансыз да ишиңер көп экендигине карабастан, мага окшогон жаман уулдун кеп-кеңешин угаар деп ушул каттарды жаздым!*

*Жазуучу Түгөлбай СЫДЫКБЕКОВ,*
*Май, 1973-жыл, Фрунзе.*

***АВТОРДОН:*** Жума күнү түштөн кийин экинчи катты почтого тапшырып үйгө кайтканымда батман жүк үстүмдөн түшкөндөй жеңилдик сездим.

Эртеси адаттагыдай иштеп олтургамын. Саат он бир чеңде телефон чырылдады. Тыңшоорду кулагыма койдум. БКнын үгүт-насаат иштери боюнча катчысы Кеңеш Кулматовдун тааныш үнү жумшак эшитилди. Ал-жай сурады, жайдары айтты:

— Борбордук Комитетке келип кетиңизчи, Түкө.

— Күнгө дем алыш. Эминеге барамын?

— Катыңызды окудук. Кеңешели дедик...

— Ии, окусаңар жакшы болуптур. Кеңеше бергиле. Алгачкы каттын жообун сегиз ай күткөмүн. Анан байкеңиздин көк союлу төбөмө согулду. Эсиме келейин. Жок дегенде сегиз күн күткүлө, мени...

Кеңеш жумшак күлдү:

— Таарынасызбы?

Таарынчы жок. Ошондой салт бизде.

— Тиги кишни да окуду, — деди Кулматов сыр ачып. — Пайдалуу проблемалар козголуптур катыңызда. Аларды ишке ашырыш жөнүндө өзүңүз менен кеңешелик. Келишиз?

Мен үндөбөдүм.

— Атайы күтүп олтурам Сизди.

Ошол күндөн атайы кездешүүлөр башталды. Тийиштүү бөлүмдөрдө, Агартуу министрлигинде тарыхка, тилге, мураска тийиштүү маселелер жөнүндө кеңири пикир алышуулар уланды.

Турдакун Усубалиев менен да, Кеңеш Кулматов менен да ачык сөз болду. Ушул жерден эскерер нерсе:

— Сиз Турдакун Усубалиевичке барып коюңуз? — деп өтүндү адегенде Кеңеш.

— Айтарымды айттым каттарымда. Керек болсом өзү чакырсын!

— Этика ошондой, барып коюңуз? — дей берди Кулматов.

Мен чындап көшөрдүм:

— Партиялык этиканы нак сактаса, ал киши өзү чакырсын. Кат жазган элем эмне болду, деп сеңделмек белем. Бүт бүйрөнөрдөн жооп күтөмүн. Угушума караганда Төрөбай аке ачуу кыйкырат дешет. Кыйкырбасын! Ал киши шахтерчо кыйкырса, мен кырдагы батракча айкырамын. Бизде да үн дарылдак! — деп көшөрдүм көшөргөндө да.

Балким ушул ыманбайчылыгым себеп болдубу? Тан. Ким-кимиси болбосун маекте тиет, жумшак сүйлөштү. Алтургай анекдоттор айтылды. Каткырыштык. Бирибизге бирибиз чындап таң калыштык...

Маселен, маданият бөлүмүн тейлеген Жумагүл Нусупованын суроосу боюнча калкыбыздын байыркысын баян эткен тарыхый китептерди, маалыматтарды бергенимде, «История Сибирден» кыргыздар жөнүндө кенен маалыматтарды окуп алып:

— Муну эмнеге биз билбейбиз, Түкө? — деп Жумагүл таң калды. Бөлүм башчысынын балача таң калганына кеп-сөз айталбай мен аңкайдым.

Агартуу министринин кең кабинетинде министрдин орун басарлары, бөлүм башчылары катышкан маектерде ар жолу төрт сааттан эки күн маектешкенибизде да ошондой аңкаймалык аз болгон жок.

Орхон-энесай жазмаларындагы кыргызга таандык учурлар, Махмуд Кашкарынын «Сөздүгү», Жусуп Баласагындын «Кут Китеби», деле урпакка белек этип байыркы бабаларыбыздын калтырган издери кепке алынганда олтургандар жопжоош момурашты.

Жаак талып маек аяктап, кабинеттен мени узатып чыгышкандардан:

— Сиз сөзгө алган атамурастары жөнүндө көбүбүз кабарсызбыз, Түкө. Ага таң калбаңыз. Биз тарыхыбызды, ата мурастарын таптакыр унутуп салбадыкпы. Министр өзү уга элек сөздөр айтылды. Сурасаңыз жооп бере албай уят болмокпуз далайыбыз...

Ачык моюнга алуу — ак дилдик. Ошентсе да тек «унутуп салдык», «кысым бар эмеспиге» шылтап таптакыр эндей калыш өзүбүздүн камкөштүгүбүз. Намыссыздыгыбыз. Кимдир бирөө алтын кашык менен оозго салып беришин күтүп кенкейип жүрө бериш биздин тукумга мүнөздүү көрүнүш.

Албетте, эртелеп эле бардык улуттарга боз чапан кийгизе салып, бир тилде сүйлөтүү тенденциясы айрыкча сенек жылдары күч алганы чын. Улуттук мүнөз, улуттук өзгөчөлүк тургай тилге, тарыхына кайдигер кароо кишилерди басынтканы да чын.

Деле элдердин биримдигин ириткен арамза саясатка көшөкөрлөнө кызмат өтөш — наадандыктын чегине жеткизип жатканын сезүү, байкоо эси бар кишиге дапдайын болучу.

Тилекке каршы, кошоматчылык, жеке кызыкчылык, жан бактылык кишилерди кыңк эттирбеди — маңкурттукка үйрөттү...

Ага биздин турмушубуздагы огеле көп терс көрүнүштөрдөн бир эле мисал: Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы, Академиябыздын президенти, вице-президенти, Агартуу министри, ректорлордон тартып совхоздордун деректирлери, колхоз башкармасына чейин тарыхчылар жетишти. Бирде бири өз элинин тарыхын эстеп койбоду. Эстемек тургай өздөрү баш болушуп тарых тамырына балта чабышканы болду.

Сан жагынан алганда тил илиминин кандидаттары, доктурлары, Союзга таанылган академиктер бар. Бирок эне тилибиз жетим, чүнчүп жоголуп барксыз калды. Ак жеринен атылып кеткен Касым Тыныстан уулун атоодон корктук. Ал эми эне тил үчүн этиет кам көргөн академик Болот Жунушалиев улутчул атанып жүрүп кейиштен инфаркт болду. Элүү жетисинде дүнүйө салды.

Ата мурасы, тарыхы, тили үчүн анча-мунча кам көргөн кишилер али «зеленый» — «улутчул» атанды. Куугунтукталды. Ак дил кишилерге союл соккон мансапкорлор дайыма алдынкы катарда «Партиянын ишине ак берилген зрелый» болушуп ишенимде жүрүштү.

Жеке маектерде жогорку эске алынган кем-кетиктер ачык айтылды.

Кашкайган чындыкты укмаксанга салып:

— ...Бартольд буржуазный ученый... Анын «великодержавиясы» эч болгон эмес... Енисей мезгилин танбайбыз. Бирок компонентный тарыхчылар кыргыздар байыртан бери Тянь-Шанды жердегенин аныкташып жатпайбы... Тил жөнүндө Указ бар... Кыргыз коюн козгобоңуз. Жылкы башка... Коонду кеп кылбаңыз. Бизге кант кызылчасы пайдалуу — деген туюнмаларды этиет айтты Турдакун.

— Куйруктуу койдун тукумун курутуу кечиримсиз кылмыш. Улуу Тоодо, Ала Тоодо өзөн, төрлөр кенен. Уяң жүндүү меринос тукумун, өзүнчө, кылчык жүндүү куйруктуу койду өзүнчө асыроого болотко, — дедим.

Айтор, каттарда козголгон маселелерди далилдедим.

— Сиздерге жиберген каттарда козголгон маселелер боюнча ачык айтып ак сүй-

лөө милдетим. Анткени мен Кыргызстан Борбордук Партия Комитетинде сөз козгоп жатамын.

Укмуштай алааматтарды, кыргындарды, айыгышкан күрөштөрдү кылымдар бою баштан кечирген калкыбыз өз эркиндиги үчүн аябай күрөшүп турду. Буга «Манас» баштаган ондогон дастандар, санжыралар, улуу сөздөр, байыртан жазылып келаткан тарыхый маалыматтар далил!

Дал ошол тарыхый мезгилдерди марксттик илимдин негизинде талдап баа берген болсок, калкыбыздын өнүккөн кездерин да, оор кырдаалдарга дуушар болуп өчкөн кездерин да көрөр элек.

Эгерде Совет бийлиги кыргыз жерине келбесе, анда, ак падышанын чектөөсү боюнча тоо артына сүргүндөлгөн кыргыз уруулары бул кезде жоюлуп бараткан Америкадагы индейстердей аябаган артта калган шордуу тукум болору айгине болучу.

Советтик Социалисттик эркин республикалардын союзунда, жарым кылым мезгилде таанылгыс өстүк. Кыргыздар бардык элдер менен тең укукта кишилердин бут табиятын жаңырып, акыл-эси артып, рухий дүйнөлөрү баюуда! Жыйырманчы кылымдын адымы менен өркөндөп жаткан биздин республикабыздын зор жеништери азыр ар бир эле адамга белгилүү. Аны бүйрө мүчөлөрү менден жакшы билишери анык!

Бирок ушундай тез жана зор адым менен өнүккөн жеништерибизге кичине болсо да кедерги тийгизер «майда» нерселерди көз жастыкта калтыруу зыяндуу экенин эскердим.

— Бизде адабий тилибиз өнүгүп, калыптанып жатпайбы. Китеп, журнал, кезиттер он миңдеген, жүз миңдеген нускада чыгып калкыбызга тарап жатпайбы? — деген суроо болду.

— Абдан туура! Китептерибиз да, кезит, журналдарыбыз да көп нускада жарык көрүп турат. Алардын ичинде өз китептерим чет өлкөлөрдүн далайына тарады. Бул эң жакшы көрүнүш!

Мен бул ийгиликтерге абдан ыраазы болуп туруп эле, ушул зор ишибизге анчамынча көлөкө түшүргөн кемчиликтерди эскердим. Баса, тескери мааниге өткөн бир сөз маселен, жүз миң нускада көбөйүп калкка тарашы, ал анча кичине кемчилик эмес...

Калкыбыздын байыркы тарыхын кеңири изилдеп, ага туура баа берген болсок Орхон-Енисей жазмаларындагы «кыргыз» деген өздүк атты, «Ал башка кыргыз. Биз башка кыргызбыз...» дебес элек.

Байыртан берки маалыматтар кыргызда рун жазмасы болгонун аныктайт. Биз аны «байыркы эмеспиз» деген эки сөз менен эле четке кагып салдык да... байыркы жана орто кылым мындай турсун, жаңы тарыхыбызды алиге тактап ала элекпиз.

Маселен, кыргыз эли менен орус элин агайындаштырган тарыхый кырдаалдарды, социалдык жана саясий себептерди жеткилең аныктабай туруп эле, бирде — «присоединение», бирде — «вхождение», бирде — «добровольное вхождение» дей берип, академик Бегималы Жамгырчиновдун бир китебине он кайра ала чапан жаптык...

Падышалык Россия империясы «Элдерге түрмө болучу» деген В. И. Лениндин так аныктамасын да биз бул жолу анча эске албадык.

Эгерде элдердин биримдигине пайдалуу болсо, кишилерди ынандырып бүгүнкү жана эртеңки таламга жооп бере алса, биз ушул аныктамага ынанып койсок болор эле.

Бирок тарыхты бурмалоо зыянга чабарын бизге көсөмдөрүбүз эскертпеди беле?..

Үгүт-насааттагы көзгө көрүнгөн кемчиликтер ушундай. Ал эми көзгө көрүнбөй, бирок кишилерге терс таасир этип чыныгы ынтымакка салака тийгизген нерселерди далилдеш кыйын.

Баягы жылдары Чернышевский атындагы китепканада окурмандар менен болгон бир жолугушууда, мугалим — эне көз жашын сыгып айткан эле:

— Күйөөм майданда каза болду. Советтик калктын биримдигин элестүү сүрөттөгөн жазуучубузга ыракмат. Өз балдарымды да, окуучуларымды да достук сезимде тарбиялоого убадамды беремин!

Мугалим-эне убадасын актады. Уулу Анатолий Зайцев мукам обон кубулжутуп, сахнада кыргызча ырдап турганда уккандардын моокуму канчу.

Тилекке каршы, азыр аны андагыдай уккан орус жолдоштор өтө аз. Ал тургай Анатолийдин кыргызча ырдаганын жактырбагандар да бар бул кезде. Буга, балким, жанагыдай эч интелектсиз ооз ачма сүрөттөрүбүздү тартуулай беришибиз да себеп болбосун?..

Койчулук ак эмгекти талап эткен кирешелүү кесип экендигине жергиликтүү кишилерди эле үндөйбүз. Эмине? Ушундай жакшы кесипти биз башкалардан кызганабызбы? Социалисттик өлкөдө кесип ырасалык белгилер менен чектелбейтко? Андай болсо, биз— кыргыздар, маселен, орус не украйындык, не өзбек, дунганды ушул пайдалуу кесиптен четтетип коюшубуз бериде өзүмчүлдүгүбүз го?..

Деле соңку жылдары бизде өзүмчүлдүк күчтүү болуп кетти. Тымызын уруу-урууга бөлүнүп, унутулган урууучулукту кайра эске салчу болдук...

Ушундай салакалуу көрүнүштөр «майдабы», майда эмеспи. Аны каттарымда өтө этнет эскердим. Ошондой эле соңку он-он беш жыл ичинде эне тилге кам көрүү, аны баалаш керектигин унут калтырганыбызды танабызбы? Өткөн жылдардын аралыгында партиялык басма сөздө эне тилге көңүл бурган бир да маанилүү макала басылган жок. Ушунун өзү эле бул маанилүү маселеге кайдигер карагандык го?

Нукура кыргыз мектептеринде кош класстар бар. Бири окууну эне тилинде өтүшсө, бири, албетте, ата энелердин каалоосу менен бардык сабакты орус тилинде өтүшөт. Балким, тилек жакшыдыр. Биздин балдар билим алсын деген максаттыр. Бирок өз чөйрөсүндө өз эне тилинде жетише элек баланы бир сөз билбестигине карабастан, орус тилинде окутуш кандай?

Педагогикалык жана психологиялык жагдайларды таптакыр элес албай, тек ойго келгенди иштеп, жаш муундарга мындай тажрыйбаны жүргүзүү, эч бир илимий тажрыйбага туура келбейт. Жаман көрбөңүздөр, бул бизде гана болучу укмуш тажриба.

Орто жана жогорку окуу жайларында, профтехникумдарында жиндарды окута окутабыз. Бирок кесип алып чыккан кишилер үчүн кам көрүшүбүз анча эмес. Алтымыш квартирлүү үйдөн, маселен, беш-ону жергиликтүү кишилерге берилип калса, «квартираны өздөрүнө ыйгарат» дешип тоголок кат жазуучулар четтен чыгышат. Ал эми 128 квартирлүү үйдөн араң эки квартира жергиликтүү үй-бүлөгө бөлүнүш бизде көндүм...

Орус, же украйындык тейлеген өндүрүш жайларда, мекемелерде жергиликтүү адистер жокко эсе. Кыргыз башкарган жерде жердештик, туугандык өкүм сүрүп калды... Ушундай майда иштерди катта эскерген себебим: аз болсо да жалпы ишибизге пайда болор бекен дегеним. Бар кемтиктерди эч апыртпадым. Болуп жаткан кем-кетиктерди эң этиет эскердим.

Маселен, борборубузда кыргыздар 12 процентке да жетпесин так билемин. Бүгүнкү күндүн мүнөзүнө жараша мен атайылап келечегинде жетишер деген тилекте 8 процентке апырдым — шаар калкынын 20 проценти дедим.

Же тиги милисия тобунун ээнбаштыгын тек далил катары эскердим. А чындыгында квартирага тийиштүү бул окуя — чатак да, коркунучтуу да. Улуттук наразылыкка чапкан өтө курч маселе. «Майда» деп коюшка болбоду. Жазууга туура келди. Кыргызстан КП БКнын бүйрөсүнө жазбаганда кимге жазасың анан?

Ар башка улуттун кишилери бирин-бири тууганлардай түшүнүш жакшы эмеспи. Иште, мамиледе, карым-катнашта бирин-бири сыйлашуу, урматташуу нагыз адамдык касиет го!

Ажы, мен дал ушундай адамдык ынтымакты ырдап келаткан кишимин. Эртең да достукту дал ушундай ырдоого дилим ак.

Жеке кишилердин ортосундагы жакшы иштер, асыл сапаттар, мүнөздөр эле эмес, деле жаратылыштагы жакшы жана кызыктуу, кооз жана таза нерселер жазуучуну шыктандырат. Ошондой эле терс жана жаман нерселер өкүтөт. Мен да биздин турмушубузда көңүл чөгөрөр кем-кемтик, терс иштер болбосо деймин. Көңүлгө өбөлгө, шыкка канат, жакшылык биздин турмушубузда кенен өнүксө, бардык жакшылык өркүндөсө деймин.

**Пикир алышуудагы суроо-жооптор.**

Төрөбай Кулатов:

— Бул жерде Сиз сүйлөдүңүз. Сөзүңүздү дит коюп уктум. Бул маселеде Союзда да талкууланды. Катыңызды да окудум. Катта жиберген кандай каталар бар деп билесиз?

Менин жообум:

— Каттарымдын негизги мазмунун азыркы сөзүмдө кыска, так түшүнүктүү баян эттим. Дагы бир жолу тактаймын, мен каттарымда биздеги бир беткейликти, илимге качы — тайкы жүрүп жаткан иштерди, турмушубуздагы кем-кетикти белгиледим. Кыргызстан КП БКнын бүйрөсү аны туура кабыл алып, тийиштүү жыйынтык чыгарар деп күтөмүн.

Төрөбай Кулатов:

— Ошентсе да Сиз жооптуу участкада иштейсиз. Кыргызстан КП БКдан бул маселенин текшерилиши суралды. Биз баарыбыз сүйлөдүк. Сиздин түшүнүктү мен окудум, ал козголгон маселеге туура келбейт. Эмнеге жанагыдай баалайсыз?

Менин жообум:

— Сиз Союзда өткөн талкууну айтып жатат окшойсуз... Анда иш Сиз баамдагандан таптакыр башкача болгон. Туура. Кантсе да Борбордук Комитеттин бүйрөсүнө жазылган кат Жазуучулар Союзу сыяктуу коомдук уюмга жиберилиштин өзүнчө арамза максаты болгону да чын. Бактыма жараша, Союздун президиумунун көпчүлүк мүчөлөрү каттын тууралыгын айтышты. Аттарын атабайын. Кайбирлер мага укмуштай ярлыктарды такты. Менин жазаланышымды талап этишти... Ошондон улам мен Кыргызстан КП БКнын бүйрөсүнө экинчи катты жазгамын. Биринчи кат сегиз ай унут калып коомдук уюмга жиберилсе, экинчи катка почтого салгандан кийин эки күн өтпөй көңүл бурулду. Мен ошол эки катты бирдей эсиме тутуп жооп бердим.

Турдакун Усубалиев:

— Менин суроом тактоо жөнүндө. Сиз орус тилин үйрөнүүнү эне тилге каршы койгонум жок дедиңиз. Экинчи каттан мен окуп берейин: — «турмуш талап эткендиктен орус тилин билүү милдетибиз, бирок аны үйрөнүүдө эне тилге салака тийбесин» дейсиз.

Кандайча салака? Мында эмнени айтып жатасыз?

Менин жообум:

— Биздеги бир беткейликти айтып жатамын. Эне тилдин мааниси жөнүндө Владимир Ильич Ленин эң таамай айтып салган. А бизде болсо айрыкча соңку 15-20 жылда республикада партиялык басма сөздө эне тил жөнүндө бир жолу да кеңири сөз боло элек. Кеңири түгүл тилибизге деле көңүл бурулбай калды. Орус тилин үйрөнүү жөнүндө үзбөй сөз болот. Туура түшүнүщөлү. Урааига салып мактоо менен тынымсыз айта берген нерсени калк анча кабыл албайт. Муну эске алуу оң. Үгүт-насаат эки жакка бирдей көңүл бурганда иш оңунда.

Турдакун Усубалиев:

— Сиз бирдей болсо дейсиз. Бир жарым миллион кыргыздан орус тилин 250 миң киши кана билишет. Бул эң аз процент бизде орус тилин билгендерибиз. Ошондуктан

бизде орус тилин билгендерди көбөйтүш үчүн пропагандалашыбыз керек. Же анти пропагандалаш болбойбу, сиэче? Канткенде биз бул маселени чечишке тийишпиз?

Менин жообум:

— Кыргыз мектептеринде орус тил сабагы начар жүрүп жаткандыгы айтылууга тийиш...

Турдакун Усубалиев:

— Туура, биз бул маселе боюнча да чечим кабыл алганбыз.

Менин жообум:

— Мен да ошону айттым. Окуу сапатын көтөрүүнүн ордуна ураанга салып орус тилин сүрөөнгө алуунун жемиши ачуу... Бардык мектептерде, алтургай мугалимдерди камдаган жогорку окуу жайларында тил дарсы ойдогудай жүрбөйт. Ага кошумча биз — кыргыздар абдан ыкшообуз. Илимге кызыгып талыкпай эмгектенүү жагынан кашаңбыз. Бул жагынан биздин мугалимдер да биринчи орунда. Ошондуктан жеке эле орус тили дарсы эмес, эне тил сабагынын сапатын көтөрүү колго алынышы зарыл иш.

Неге дегенде орус тили эле эмес, эне тилин билбей калгандарыбыз бар. Катардагы мугалимдерибиз эмес, тил илиминин кандидаттарынын кол жазмаларын көрүп коюңуздар! Мына, жакшылап караңыздарчы. Карала-торала?! Эгерде кызыл сыя менен оңдолгон болсо, тим эле кызылала күлкайырдын өзү болмок. Ал эми кандидатыбыз эмес, академиктин кол жазмасын окуу кыйын.

Турдакун Усубалиев:

— Мен адабий тилди эске алып жатамын, жандуу сөздөрдү эмес. Бизде бир жарым миллион кыргыздан 250 мини кана орусча сүйлөй алат. Бул жагынан биз башка республикалардан арттабыз. Ошондуктан орус тилин үйрөнүүнү пропагандалашыбыз керек.

Кыргыз тили жөнүндө бир дагы макала болбоду дегениңизге мен кошуламын. Бирок чоң тиражда кезиттер чыгып жатпайбы. Мен редактор болгон кезде «Советтик Кыргызстандын» тиражы 40 мин нуска болучу. Бул кезде 114 мин. Көрүңүзчү, кандай прогресс.

Кыргыз жазуучуларынын китептерин деле алалы. Анын ичинде өзүңүздүн китептериңиз бар. Бизде китептердин жалпы нускасы миллиондоп саналат. Бул кыргыз тили үчүн кам көргөндүк эмеспи?

Термин сөздүктөр 670 басма табакта жарык көргөнү. Ал эми сапаты кандай? Башка маселе. Бул да кам көргөндүк.

Ошондуктан жеке эле бир дагы макала болгон жок дегенде негиз этип эне тилге кам көрүлбөйт дегенге керт башым анча макул эмесмин. Сиз орус тилинин грамматикасын өздөштүрүү жөнүндө маселе койсоңуз, кыргыз тилин өздөштүрүү жөнүндө айтсаңыз башка маселе болмок. Мында орус тилинин тийиши жок.

Сиз «үй-бүлө жана үйлөнүү» боюнча закондун котормосун кеп кылдыңыз. Бул биздин дөдөйлүгүбүздөн болду. Орус тилин жана кыргыз тилин билген киши мындайча которбойт.

Менин жообум:

— Которгон киши орус тилин начар билгени мындай турсун өз эне тилин андан начар билгендиктен котормо баш аламан. Сиз адабий тилдин камын көрүштү айтасыз. Мен деле ата, энебиздин тилин билбей баратканды айтамын. Анын себеби, баарыдан мурда жанагы бир беткейлик. Эне тилибиз эч ишке жарабайт тура деген дөдөйлүккө чач тик турат...

Ошонун кесепетинен кезиттерибиз окулбай калды. Жандуу сөздөрдү өлүү сөздөр менен алмашты. Нуска канча болсо, ошончо түшүнүксүз жасалма ката сөздөр. Калкты манбаш этүүдө. Кеп санда эмес, сапатта — жандуу сөздөрдүн өнүгүшүндө...

Биз башка республикалардан жеке эле орус тилин билүүдөн артта калып калбадык. Деле көп нерселер боюнча биз коншулардан арттабыз... Албетте, 250 мин аз. Бирок улутка тийиштүү асыл нерселер (тил эң асылыбыз) процент менен чечкенде артында ачуусу күч... Ошентсе да биз бул жерде чүрпөлөрдү, карыяларды эске алсак, орус тилин билген кыргыздардын проценти кыйла жогору. Анан дармекти да эске алыш керек. Ага кошумча шартыбыз кандай? Жети жашарга бир маалда тилди да, илимди да өздөштүрүш кыйын го. Мындай оор жүктү көтөрүшкө кудурет берген кунт, шык, акыл-эс керек. Ал деген жандын баарында бирдей эмес... А биз болсок Улуу Тоонун алыскы өзөндөрүндөгү кыргыз мектептеринде сабакты жапырт орус тилинде окутуп тажрыйба жүргүзгөнүбүз кандай?..

Турдакун Усубалиев:

— Котормонун түшүнүксүз болгон себеби котормочу орус тилин начар билет. Өзү которгон ишти да түшүнө албаган. Ошондуктан анын котормосу ушундай болуп калган...

Менин жообум:

— Ооба, өз эне тилин начар билген киши сөздүн ички туюнмаларын жакшы билбесе, анын маңызын, касиетин туура баамдай албайт. Кеңири баамдап сөз маңызын кылдат талдай албаган соң эминени ойлоп, эминени жазып жатканын да билбей калганын көрдүкко. Ал эми аныcы аз келгенсип биздин шартыбызда саясий ката жиберип койбоюн деп кылчактаса, сөзмө сөз котормолоп эптеп... «жогор жактан келаткан, төмөн жактан келаткан туугандарды» издей баштаганда ал үчүн эне тилибиз залал тартып жатпайбы...

Турдакун Усубалиев:

— Россия мамлекетине кыргыз элинин өз эрки менен кошулгандыгына да Сиз шек келтирип жатасыз. Муну кандай десек болот? Бул тарыхый маселе документтерге тийиштүү изилденди. Бүткүл кыргыз эли эргип кабыл алды өз өмүрүндөгү белгилүү көрү-

нүн катары. Эми он жыл өткөндөн кийин бүгүн шектенгендигиңиз бизге түшүнүксүз? Кантсе да эсиңиздедир, 1963-жылы саясий коомдук иштери боюнча, эл чарбасынын бардык тармагы боюнча кандай өнүгүү болду эле. Аны эл билет. Эми он жыл өткөн соң Сиздин минтип айтканыңызга мен кошулбаймын. Биздин окумуштуулар, кантсе да, мунун чындыгын далилдешер деп ойлоймун.

Дагы тымызын түрдө кишилерди уруунун белгиси менен ажырымдагандар кандай кишилер? Кимдер деп билесиз?

Эгерде Сиздин Борбордук Комитетке жардам этер оюнуз болсо, жардам этиңиз. Ачык атаңыз. Эгерде ал кишилер билими тайкы, же саясий жагынан сабатсыз кишилер болушса, анда бир иш, эгерде алар жетекчилердин катарында болушса, анда абдан коркунучтуу, күрөшүү керек.

Ушул менин эки суроом.

Менин жообум:

— Эки эмес, бир нече суроо болуп кетти Сиздин суроонуз. Ошондуктан суроонузга суроо менен кайрылайын — өзүңүз айткандай элибиздин тарыхына тарыхый маалыматтардын негизинде гаптык мамиледе каралган он. Кандай десек да жерсиз калган дыйкандардан (ходяктардан) мурда бизге Россиядан казак орустардан куралган кошундар келгендиги өз кезинде жазылган бардык мемуарларда так баяндалат. Мамлекеттик документтерде орус империясынын кошуундары (армиясы) Жети Суу аймагын басып алганын аныктайт. Дал ошон үчүн маселеге биз гаптык көз караште баа беришке тийишпиз. Россия империясынын падышачылык бийлигине кыргыздардын көз каранды болуп беришин биз кандай гана жымсалдабайлык, ал колонизациялык акты болгон. Аны биз күөултуп, оңдоп-түзөгөнүбүздө баарыдан мурда Өктөбүр көнтөрүшүнө доо кетиребиз. Маанисин төмөндөтөбүз. Падышалык бийликтин көз көрүнөө иштеген колонизаторлук актысын мактоо, аны майрамдоонун залалы ушундай. Муну туура деп жактоого болобу?

Кийинки суроолорго тийиштүү кепти мен каттарда да, сөзүмдө да түшүнүктүү эле айттым. Бу айрыкча кийинки жылдарда арттан ээрчиген кара көлөкө сыяктуу терс көрүнүштөр. Колдон кармап далилдей салчу нерселер эмес, улуу муундарда анча байкалбайт. Таң каларлык жагдай жаштарактарда, айрыкча студенттерде көбүрөөк байкалат. Кай кездерде мунун себеби эминеде деп ойлоносуң...

Бул салакалуу көрүнүшкө чек коюлса экен деп айттым. Колдон алып көрсөтө коюш кыйын. Бирок улам ырбап бараткан зыяндуу көрүнүш. Үч-төрт, алтургай ондогон кишини атынан атап, аларга чара колдоно коюш менен чектей салчу иш эмес. Ал анча деле жыйынтык бере койбос. Бул зыяндуу көрүнүштү түп тамыры менен жоюш үчүн Борбордук Комитет кабелтең чара колдонсо деймин.

Урууучулуктун зыяндуу кесепетин ачык айтпай жатканыбыз негизги себеп. Биз «уруу» деген сөздү айттырбайбыз... Ал эми урууучулуктун арбагы кадимкидей сөлөкөттөнүп жатканын көрмөксөн болобуз...

Сатин Бегматова:

— Эмине үчүн Сиз Борбордук Комитет чара колдонсо дейсиз, официалдуу пропагандада эч материал жок, ким менен күрөшүүгө болот, официалдуу пропагандада материал болбогон соң?

Менин жообум:

— Бул өтө кытыгылуу маселе. Мен анын көрүнбөстүгүнөн өйдө айттым. Бул эч көрүнбөйт... бирок кайбир кишилерди ал көлөкөсүндөй ээрчип алды. Үгүт-насаат аны көрө албай жатышы да ыктымал...

Турдакун Усубалиев:

— Эгерде жетекчи жолдоштор жөнүндө сөз баратса, бул жерде тар чөйрө олтурабыз, кимдир бирөөлөрү арабызда олтурса, атап коюңуз?

Эгерде ушундай тенденция болсо, анда аны менен куру чакырык менен күрөшүүгө болбойт. Дем берүүчүлөр менен күрөшүү керек.

Ошондуктан кимдер «ага», «байке» деп айтат. Сиз билесиз го. Атап айтыңыз.

Менин жообум:

— Бар! Андайлар көбөйүп кетти...

Турдакун Усубалиев:

— Кана, андай дем беричүлөрдү билсеңиз, аттарын атап жибериңиз?

Менин жообум:

— Өтө билгилик менен мамиле эткенде чечиле турган маселе экендигин айтпадымбы. Бул тек кишилердин фамилияларын атай салганда кана чечиле коючу иш эмес.

Сатин Бегматова:

— Мени бирөөлөр ысык көлдүк бугу десе, бирөөлөр жумгалдык саяк, дагы бирөөлөрү казакка жээн экен деп айтышат дебединизби. Ошондой деп айткандар ким? Кимдир бирөөлөр мени ызалады дедиңиз. Кимдер. Ачыгын айтыңыз?

Менин жообум:

— Кыргыздарда тууганддыктын чеги жана анын түшүнүгү кыйла, кыйла кыяланган жолдорду бастырары Сатин Бегматова Сизге түшүнүктүү го, деймин... Куурай учу үлп эткидей гана дем берип коюңуз, ошонуңузду укмуштай пайдаланып кетичү кишилер бар...,

Ардайым балга чымын жабышат... Ушул сыяктуу маселелер боюнча бөлүмдөн тарта Кыргызстан Борбордук Партия Комитетинин биринчи катчысы Турдакун Усубалиевге чейин жеке маектерде жетишерлик пикир алышуу болгон. Турдакун менен болгон бир жолку маекте, мен уруу жөнүндө энциклопедияда да эскерилбей, деле термин катары бул сөз оозго алынбай калганы менен бизде урууучулдук жанданып бараткан айта келип: «Балга чымын жабышат. Катчынын таптаза үстөлүнө мансапкор, кошомат-

чы, ушакчылар жакындашка элтүү. Андайлар баарыдан мурда жердештикти, туугачылыкты, жолдошчулукту беттерине кармайт. Ошондойлордон сак болсоң, үстөлүң таза болот» дегенимде, мен ал кишиге уруучулдукка жол берилип келатканын туюндура айтканым бар.

Анда Турдакун «Бул даанышман кеп экен» — деп блокнотуна жазып алганы бар.

Эч кимдин атын атагым келбегени да ошондон. Бул жолу, Бегматованын суроосуна. «Балга чымын конот» дегенимде — «кергем саа айтамын, келиним сен ук» деген калк накылы менен жоопту аяктаган себебим ким-кимиси болсо да байкашар дегемин. Чынында менин жообумдун төркүнү байкалгандай болду...

Ушундан кийин БҚнын айыл чарба иштерин тейлеген катчысы Наумов суроо жаңыртты:

— «Аларда жазуучу жок, портреттери эле бар» деген ким, фамилиясын атаңызчы?

Менин жообум:

— Мындан бир аз мурунураак болгон.

Наумов

— Билесизби, ал киши деле иштеп жүрөбү?

Менин жообум:

— Жок, ал азыр иштебейт...

Турдакун Усубалиев.

— Сиз аны тааныйсызбы?

Менин жообум

— Андай кеп монгол делегациясы келген кезде болгон деп айтышкан мага.

Наумов.

— Сиз аны эч кимге билдирген жоксузбу?

Менин жообум:

— Бул сөздү мага кыйла жогорку даражадагы киши айткан. Ал киши өзү чара көргөндүр... Бул фактыны мен тек мисал катары айттым. Айрымдарда мындай көрүнүштөр күчөп баратыр.

Акматбек Сүйүнбаев:

— Жанагы бет тырмарлык жөнүндө. Тиги Камаловго эмине айтмаксыз? Же өзүңүздүн «Көк асаба» романыңызга. Деле жалпы эле чыгармаларыңызга карай пикир айтылса, аны эске алып ондойсузбу, жокпу? Мен жеке эле саясий (!) катаны эске албаймын, жалпы эле чыгармадагы тарбиялык мүнөздөрдү?

Менин жообум:

— Жаш жазуучу Камаловго менин эч доом жок. Тескерисинче, мен аны коргоого алдым.

Өз чыгармаларыма колдон келишинче жоопту карaймын. Маселен, 1933—1935 жылдары жазылган «Кен Суу» романын элүүнчү жылдары кайрылып жетилте редакцияладым. Ошондой эле ырларымды да эстен чыгарбадым. Четтен пикир күтпөстөн эле өз чыгармасына жоопту кароо жазуучулук милдет. «Көк асабада» эч кандай идеялык кемчилик жок. Көркөм жазылган тарыхый роман!

Акматбек Сүйүнбаев.

— Мен китебиңизден окуп берейин («Адамга кайрылуудан» «Биздин үйдө» деген ырды окуду).

Сыр жашырган жетим кыздай тунжурап
Биздин шаарда биздин көчө көңүлсүз.
Кара таштай залкар түйшүк зыңгырап,
Кишилердин көбү муңдуу, көбү суз.

Аз сүйлөштүк, ачуу терди сүртпөдүк,
Намыс кайнап — эрин кесе тиштенип,
Ачуу доошу замбиректин чочутуп,
Күн да, түн да жанды сабап иштедик.

Жетим кыздай менин көчөм томсоруп
Эски асфальты оймо-чийме жарылган.
Баскан сайын жүрөк сыздап, уу толуп
Таманыма уруп турчу чагылган...

Министрлер Советинин төрагасы Акматбек Сүйүнбаев куплеттерди окуган соң: мында саясий ката болбосун, дегендей болду.

— Сиз окуган куплеттер кайсы мезгилди мүнөздөйт? — деп сурадым.

Акматбек үндөбөдү.

— Айя, бул жеңиш күнүнө арналган ыр! Мында согуштун оор жана каардуу күндөрү сүрөттөлгөн. Анда биздин көчөлөрдөгү асфальт гана эмес, биздин кишилердин жүрөктөрү жарылган. Калайык томсоргон. Жаш-кары күнү, түнү тынымды билбеген. Майданда да, ооруктa да жеңиш үчүн күрөштүк. Ошон үчүн фашисттик Германиянын гитлердик канкор армиясын жеңип чыкканбыз.

Кенеш Кулматов:

— Бир гана суроом бар. Орус тилине тийиштүү суроо. Кантсе да Сиз ушул жөнүндө айкын жооп айталбадыңыз. Калк кыжырланат деген кеп оозуңуздан чыгып кетти. Бүйрө мүчөлөрүнө так туюндурунузчу. Тынымсыз кайталап ураан сөздөр менен мактай берүү — «Орус тилин үйрөнгүлө» деп кайталай берүү келечекки муундарга да жакпайт

дедициз. «Кыжырлантпагыла», «почутуп албагыла» дегениңиздин жөнү эмнеде? Өз көз карашыңызды тактап айтыңызчы?

Менин жообум:

— Сүйлөгөн сөзүмдө өз көз карашымды так, түшүнүктүү — ачык эле айтпадым бы, — дедим. Бул маселеде менин көз карашым айдан ачык. Ал Владимир Ильич Лениндин аныктамасына таянат: «...что великий и могучий русский язык не нуждался в том чтобы кто-бы ни было изучал его из-под палки. Мы не хотим загонять в рай дубинкой», — деген В. И. Лениндин илимий аныктамасы мени колдоит.

Ал эми: «Орус тили улуу тил. Пушкиндин, Толстойдун, Лениндин тили...» деп ураан салып мактап берүүнү сынга ала айткан дал Лениндин аныктамасында: «...другие национальные группы, создаст миллион новых трений, усилит раздражений, взаимопонимание и т. д.» дебеди беле.

Лениндин ушул даанышман сөзү азыр иш жүзүндө аныкталып жатканын да байкап жүрөбүз. Улам кайталанган ураандарга кыжыры келген кайбир ызакор кишилердин: «Апенди кызын мактагандай чени жок мактаган тилин үйрөнбөй койсо не болот экен. Баламды кайсы тилде окутсам эрким. Же ага да зомбулук этишеби» дешет.

Мына ашкере ураан кай жакка чабарын көрүңүздөрчү.

Менин көз карашым эч кандай ураансыз эле, маселен, эсепти, физиканы окугандай эле эң керектүү сабак катары орус тилин билүү колдон келсе, төрткө, бешке билүү!

Ошондой эле эне тилди таптакыр унутуп салбоо!

Сатин Бегматова:

— Сиз сөзүңүздө кадр маселеси жөнүндө, кадрды тандоодо Борбордук Комитет кыйла жөндөмдүү иштейт деп айттыңыз да жердештик, колдоочулук, кошоматчылык бар дедиңиз. Ушуларды аныктай турган далилиңиз барбы?

Менин жообум:

— Мен өз сөзүмдө бизде кадрды тандоо алардын жөндөмдүүлүгүнө, иш билгилигине карай мамле башынан болуп келатканын айттым. Биздин республикада Борбордук Комитет болсун, өкмөтүбүз болсун негизинен кадрды тандоодо ошол принципти колдонмо этип келишти...

Бирок биз бардыгыбыз кишибиз. Ал эми кишиде аркандай мүнөз, жорук-жосун болот тура... Ошондуктан кайбир жолдоштордо жөндөмдүүлүктөн мурда жөнү келе калганда туугандык, жолдоштукту, жердештикти, алтургай уруучулдукту тымызын колдон койгондор деле даражалуу кишилер. Аны бизге караганда өзүңөргө даана байкалар, чындап калыс байкасанар...

***АВТОРДОН:***

Өлкөбүздүн алдында турган зор иштерди өтөө үчүн улуу ынтымак сөзүбүздө эле эмес, жигердүү ишибизде өнүксүн. Дал ошондо тамчыдан деңиз толот, кумдан тоо өнүгөт.

Колумдан келишинче, мен жазуучу катары дал ошол иш үчүн иштедим. Аны мындан ары да өтөймүн. Каттарымда жана сөздөрүмдө турмуштагы жакшы көрүнүш мени кубантат, шыктандырат, ишиме демилге берет дегеним да ошондон.

Бирок челек толо балды кашыктагы карамай уулаганга өкүнөм, тынч кала албайм. Ал эми айрым бир тар дүнүйөлүү кишилердин менсине карашын мен жалпы элге таандык этпеймин. Аркандай кишилер бар. Бири алысты көрө албайт, тек менсинет. Бири атайылап эле өзүн жогору эсептейт. Ал эми айрыкча улут маселесиндеги бир беткейликке чапкан үгүт-насаат оң милдетти өтөө ордуна дал ошондой менсинмеге жол берип, аны шыктандырарын В. И. Ленин бизге эчен кайра эскертип: ага жол бербей андан сактангыла дегенине карабастан, азыркы биздеги бир беткейлик улуу орус шовинизмин ойготту.

Ушундай терс көрүнүштүн байкалгандыгын мен өтө этиет белгиледим. Дүнүйөсү тар, маданияты төмөн кишилердин ал менсинүүлөрү баарыдан мурда өз элине көлөкө түшүрөт.

Сиздин ахыбалыңыз мага түшүнүктүү, жолдош Вакулов. Бир аз чычалагандай болдуңуз. Шовинизмдин ойгонушун орус кеп кылса оңунан болмок. Кыргыз, мен кеп кылган соң, албетте, мени «ушу улутчул болбосун» деп шек саноочулар четтен. Ошого карабастан, бул терс көрүнүштү мен кепке алдым. Ишке пайда болор деп үмүттөнөмүн. Эгерде ушул мен айткан сөздү, маселен, дүнүйөгө атагы чыккан орустун жазуучусу Михаил Александрович Шолохов айткан болсо, аны эч ким улутчул деп айыптамак да эмес жана анын айтканы менин айтканымдан жүз мертебе таасирлүү да болмок. Эмесе, менин ой-пикиримде эч кандай кошунство жок экенин билиңиз, жолдош Вакулов.

Алп М. А. Шолохов, албетте, мага муктаж эмес... Бирок ошол алптыгы аны бийик болушка милдеттендирет. Эгерде биздин Шолохов бүгүн А. М. Горькийдин салтын улап, көп улуттуу совет адабияты үчүн кам көрсө, кандай асыл иш болмок...

Өтө өкүнүчтүү, ал горькийлик сапат биздин Михаил Александровичте жок.

Калкыбыздын адабияты, тили, тарыхы жөнүндө сөз болду. Ушул саясий жана маданий мааниси чоң маселелер жөнүндө пикир эшитейин дегем. Бирок айрым жолдоштор үстүртөн кайпытты. Алтургай тетири кетишкени мени өкүнттү.

«Советская Киргизия» кезитинин редактыры ж. Кузичевдин справкасы жаңы фактыларды далилдеди. Демек, өткөн жылы мен биринчи катта жазган кем-кетиктер туура экен, иштин пайдасына айтылыптыр. А «Советтик Кыргызстан» кезитинин редактыры ж. Турсуновдун сөзү куру жалаа. Менин ырларымды түшүнбөй калганы, романымды окубагандыгы сөзүнөн билинди. А өзү эркинче сындаймын деп, азыркы кездин редактырындай эмес, кыркынчы жылдагы кызыл кыйкырык жалакор сынчыларды дагы бир жолу көз алдыма келтирди...

Азаматтын аныcына да ырахмат!

Жеке эле материалдык байлыкты байытып, жаңы маданиятты жаратуу менен чектелбестен, биз, өткөн муундардын акыл-эсинен жаралган байлыктарды да, урпактарга арналган асыл белектерди да, жаратылыштын эчилерин да сактоого милдеттүүбүз.

Ачыкын эле айтайын. Мен коңшу республикаларда болгонумда ардапам, ичим күйөт. Алматы, Ташкенди, Бакуну көрүңүздөрчү. «Бакудөй көзөл шаарды аны баалап-барктаган калкы жан-дили менен өз шаарынын камын көргөнү байкалат» дебедиби, баш секретарь Л. И. Брежнев!

Башка республикалардын борборлору да дал ошондой эле сүйгүнчүктө макталат.

А биз жеке эле шаар курууда эмес, коңшу республикалардан өгөле көп иштерден арттыбыз. Жадаса, өз элибиздин тарыхын, маданий мурастарын таптакыр унут калтырдык. Жусуп Баласагындын «Куттуу билигине», Махмуд Кашкаринин «Түрк сөздөрүнүн жыйнагына», Орхон-енесай жазмаларына бардык түрк элдериндей эле мурасчы экендигибизди танабыз.

Ал асыл байланышты, бизге дал таандык экендигин эстеликтер өздөрү далилдейт!

А биз болсок аны эшиткибиз келбейт. Туюнбайбыз, жерийбиз.

Эмне үчүн туюнгубуз келбейт? Ушуну ойлонолучу! Деле улуттук маданиятыбыз өркөндөсүн десек жалныбыз кам көрүчү ишп!

. 1973-жылы 17-июнда өткөн республикалык партактивде Турдакун Усубалиев калкка жарыя билдирди:

— Урматтуу жазуучубуз, академик Түгөлбай Сыдыкбековдун Кыргызстан КП БКнын бүйрөсүнө жиберилген каттарында көрсөтүлгөн маселелер боюнча кенен пикир алышуулар болду. Туура айтылган бир катар кем-кетиктерди оңдоону БКнын бүйрөсү эске алды... Кайбир ойлору үстүртөн айтылгандыгы жазуучуга эскертилди.

Чынында пикир алышууда эч кандай үстүртөн айтылган оюм болгон эмес. Ырасы, тилдин тазалыгы деп эмнени айтып жатасыз деген суроо болгон. Ага четтен келген терминдер эле эмес, төл сөздөрүбүздү бурмалоо тилибизди булгап жатат деген так жоопту алган.

Эгерде Турдакун Усубалиев кийин «аргын эмгегинде» аты-жөнү жок, бирок «некоторый писатель» деши менен коомчулукка менин ысмымды «байкагыла, улутчулдук жыттанат» дегенди табышмактап сунуш этерин билсем, ошондо эле далилдүү айткан сөзүмдү «үстүртөн» дегенин эч кечирмек эмесмин.

Жанбакты киши акыры уятка калары байыртан белгилүү. Чындык өзүнө көө жугузбасы бул кезде айкын болду дечи.

Ачуута азгырылбай, мен аны кечирип койгомун.

Кечиримсиз нерсе: «Эне тил жана кыргыз адабиятын» окутуу жолго коюлушу жөнүндө август айында Борбордук Комитет чечим кабыл алмак. Бирок ал жылы да, кийинки жылдын августунда да токтом кабыл алынбады.

Көрсө, эне тилибиз да, адабиятыбыз да ушунчалык ээсиздикке учураптыр. Токтом кабыл алуудан мурда таптакыр жокко эсе болуп бараткан окуу китептерин чыгарыш керек болду деген Кенеш Кулматовдун сөзүнө ишенип туруп эле ишенгим келбеди. Неге дегенде үчүнчү катчы Кулматов эмес БКнын биринчи катчысы Усубалиев Энциклопедияга тийиштүү өтө жооптуу иште үч калпты удаа айтып койгону бар. (Бул өзүнчө токтолчу кытмыр көрүнүш).

Ошондон улам деле далилдүү нерсеге шектене карачумун...

Ал жолу Кулматовдун кабинетинен чыгып, түз эле «Мектеп» басмасынын директири Кангелдиев Нургазыга бир тийдим:

— Эмине иштеп жатасынар?

Оюмду сурабай билген Нургазы мага бажырая карады:

— Окуу китептерин чыгаралбай жанды сабап жатабыз, Түкө.

— Эмнне, мурда эшек такалап жүрдүнөрбү?..

— Ошондой болуп калыптыр.

Экөөбүз бирдей каткырдык. Өкүнүчтүн да, кубанычтын да каткырыгы. Баса, эл катары урпакка кам көрүш кубанбай коючу ишпи.

Токтом кечигип чыкты. Эне тилди жана кыргыз адабияты дарсын жолго коюуга арналган конференция да өттү. Бирок ошондон кийин деле тил-адабият сабагы чектеле берди. Атамурасты, тарыхты кеп кылган кишиге кыйгач кароо күчөдү. Жүз тубардан жүз токсон сегизден төл алгандан тартып таланттуу акын, жазуучу тексиз калды.

Кадимки аксакалдык бийлик дагдая төш жайып калган кезде... оңолуу, жаңылануу, ачык айтып ак сүйлөө ошол биздеги залалдуу көрүнүштөргө сокку ура баштагансыды. Арийне, сокку дегенибизде, тек тиш кычыратышып кек алыш эмес; наадандыкка батып, улуттук ар-намысыбызды тепсетпейли. Ооз ачма маноолуктан арылалы. Уруучулуктун сазында сенделбейли. Жанбактылык, көшөкөрдүк, ич тардык, ыкшоолук, жекечилдик деген жаман кеселдерден өзүбүздү сактайлы дегенибиз.

Замандар бою жер балдары ар-намыстын жарышында! Ал жарыштан алга озгондор өркөндөөнүн сапарында, АЧЫК КҮН жарыгын берүүдө!

Кана, адам баласына арналган ошол ак сапарда өркөнү өскөн эл менен биздин тукум тизгиндеш болсун!

Көзгө сайган чындыкты өксүтүш — алдыдагы улуу жарышта жаратылыш бизге ак арнаган өз энчибизден өксүп калуу.

Ал — урпак алдында кылмыш!

**Түгөлбай СЫДЫКБЕКОВ.**
**1975**

ТАРЫХ САНЖЫРА

ЭЛ КАЗЫНАСЫНАН

**Реми Дор**

# «Манастын» Памирдеги үзүндүсү

Кыргыз элинин монументалдуу эпосу «Манасты» жалпы калайыкка кайрадан жаныртып тааныштырып олтуруунун кажаты деле жок болсо керек. Мына бир кылымдан кыйла ашуун убакыттан бери элдик-эпикалык мурасты изилдөөчүлөрдүн баары тең, М. Парриден тартып А. Б. Лордго чейин, ага-инилүү Чедвиктерден тартып Бауэрге чейин мына ушул байыртан бери жашап келаткан элдик оозеки поэзиянын салттуу үлгүлөрүнүн нукура көрөңгөсүн түзүп турган, анын калыптанган поэтикалык ыкмаларын үйрөнүүдө жана таанып билүүдө, илимий изилдөө иштеринде тендешсиз материалдарды өз ичине камтыган адабий мурастын маанисин бир оздон баса белгилеп келатышат. Эпос ошону менен бирге эле көчмөн кыргыздардын жашоо-шарты, каада-салты, ой-санаасы, максат-тилеги жана умтулууларынын багыты тууралуу аябагандай кенен жана терең маалыматтардын түпсүз булагы болуп эсептелет.

«Манастын» алгачкы эпизоддору Ч. Валиханов тарабынан Ысык-Көл өрөөнүнөн 1856-жылы кагазга түшүрүлгөн. Ал материал атактуу «Көкөтөйдүн ашы» аталган «Манастын» өзүнчө бир негизги өзөк эпизоду. Ушул үзүндү Оксфорд университетинин профессору А. Т. Хатто тарабынан 1977-жылы англис тилине мыкты которулуп жарыяланды.[1] Валихановдон кийин Кыргызстанга В. В. Радлов эки жолу барган. 1862-жылы Текестеги бугулардын арасына, 1869-жылы Ысык-Көлдөгү сарбагыштар менен Токмоктогу солто урууларынан жыйналган «Манас» эпосунун эпизоддору ушул азыркы күндө да бири-бири менен тыкыс байланышкан, эпостун эриш-аркак өзөктүү версияларынан болуп саналат. Алар Радловдун «Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрүнүн» V-томун толук бойдон ээлеген. (С.-Петербург, 1885-ж.). Акырында белгилей кетчү нерсе, азыр Кыргыз ССР Илимдер Академиясы көптөгөн манасчылардан жазылып алынган миллиондогон сап Манастын варианттарына эгедер. Алардын ичинен эң негизгилери катары кыргыздын залкар акындары Сагымбай Орозбак уулу менен Саякбай Каралаевди атап кетүүгө болот. Так ошол бай материалдарга таянып Б. М. Юнусалиев 1958-1960-жылдары «Манас», «Семетей», «Сейтек» трилогиясынын кыскартылып бириктирилген төрт томдугун бастырып чыгарган.

Ушу мезгилге чейин жыйналган жана жарыяланган материалдардын баары негизинен кыргыз диалектилеринин түндүк тарабынан чогултулгандыгы белгилүү. Бирок, Кыргызстандын ичинде «Манас» эпосу анын чет жакасындагы башка элдер менен тыкыс байланышта турган жерлерине чейин, атүгүл андан сырткары жактарда жашаган кыргыздарга чейин таралгандыгы да табигый көрүнүш. Мисалы, майда улут-

[1] Ч. Ч. Валиханов жазып алган вариант («Көкөтөйдүн ашы») өз кезегинде К. Ботояров, Ш. Ибраев тарабынан азыркы кыргыз жазмасына транслитерацияланып «Ала-Тоо» журналы 1979-жылдагы № 7 санына толук бойдон жарыяланган. А. Т. Хаттонун англисче которуп, комментариялап жарыялаган китеби да К. Ботояров тарабынан орус тилинде борбордук басма сөз бетинде өз баасын алган. Караңыз: «Английское издание эпоса «Манас». (Текстологические аспекты) Китепте. «Фольклор, поэтика и традиция» М., Изд. «Наука», 1981 г. 211-222-бет.

**Реми ДОР** — француз түркологу. «Ооган Памириндеги кыргыздар (тарыхый-этнографиялык очерк)», «Ооган Памириндеги кыргыздардын диалектиси» деген эмгектердин, «Синцзян кыргыздарындагы «Манас» (Кытай окумуштуусу Ху Чженьхуа менен бирдикте) деген очерктердин автору.

Ал «Дүйнө кыл чокусунун ырлары», «Манастын Памирдеги үзүндүсү», «Кыргыз элдик жомоктору» деген китептерди француз тилине которуп чыгарган.

[illegible]лорунун табият көрүнүштөрү болсун, Пржевальский өз башынан кечирген, көзү менен көргөндөрдүн баарлыгын таасын жана так, чеберлик менен кызыктуу баян эткен. Ал эми кыйынчылык менен коркунучтар, оору-сыркоо менен алдан-күчтөн кетүү саякатчыларды ар дайым шилилеп турган. Атүгүл, Борборазиялык 3-экспедициянын учурунда Пржевальский дайынсыз жоголуп, курман болгондугу жөнүндөгү имиш-имиштер таркап, газеталар бул кайгылуу окуяны бүт дүйнөгө жар салууга шашышкан... Бирок орус саякатчысы жан шериктери менен аман-эсен калып, жергиликтүү бийлөөчүлөрдүн арам ойлорун, жаратылыштын катаал сыноолорун кайраттуулук менен жеңип чыгышкан. Ал өзүнүн саякатка бирге чыгып, чогуу сапар чеккен шериктеринин эмгегин, кошкон салымын эң жогору баалаган. «Экспедиция сиңирген эмгектин басымдуу бөлүгү, — деп жазган Пржевальский, — мага эмес, менин шериктериме таандык. Алардын ишке баш оту менен берилүүсүз жана күч-кубатысыз, каармандыгысыз албетте, азыр жасалган иштин кымындай да бөлүгү жүзөгө ашмак эмес... Ооба, эрдикке татыктуу урмат-сый да көрсөтүлөөр».

Пржевальскийдин изилдөөлөрү материктин мына ушул бөлүгү жөнүндөгү түшүнүк-маалыматтарга төңкөрүш жасады жана аны изилдеп-үйрөнүү ишиндеги жаңы барактарды ачты. Окумуштуунун сиңирген эбегейсиз эмгегин, анын дүйнөлүк жана Ата Мекендик илимге кошкон орчун салымын Н. М. Пржевальскийге көптөгөн өлкөлөр өздөрүнүн жогорку сыйлыктарын тартуулашы талашсыз далилдеп турат. Ал Россия илимдер академиясынын ардактуу мүчөсү болуп шайланган, Москва университетинин зоология боюнча доктору, ошондой эле ал 20 илимий коомдун — анын ичинде 10 чет өлкөнүн ардактуу мүчөсү болгон...

**Николай Михайлович Пржевальскийдин дүйнөдөн өткөнүнө туура жуз жыл толуп отурат. Бирок анын жасаган иши, эмгеги унутулган жок.**

---

П. К. Козлов. В азиатских просторах. Хабаровск, 1971, 181-б.

АДАБИЙ СЫН, АДАБИЯТ ТААНУУ

# 1988-жылдын аңгемелери: Кайра куруунун илеби барбы?

Мындан үч-төрт эле жыл мурун биздин таптакыр эле «кынтыксыз» коомубуздун гүлдөп келе жатканын даңазала... аңгемелерди мактап, негативдүү көрү... ...рүн чагылдырганы болсо колдон ке... ...шинче айтчу сөздү аябай айтып, аны ...ган авторду бери дегенде талантсыз ...атураак кетсек социализмге карата ... жаман, ай ушу каапыр, коомубуз... ...н таш талканын чыгарып жүрбөсүн деген ... жалаа жаап салмакпыз. Тилекке жа... ...ошентип анткорлончу мезгил артта ...ган сыяктанат. Кечээ шыбырап да айта ...баган кебибизди бүгүн коркпой эле, ...пөй эле борбордук аянтка чыгып алып кыйкырып жатпайбызбы. Көрсө, кыйкырып ... кулүп да, керек болсо ыйлап да ...чу кемчиликтерибиз өгөлө көп экен. ...бардыгы жакшы дөп айласыз мелмил... ...ел жашаган убакта эмнелер гана болгон эмес! Алар жөнүндө күн санап болбосо да күн аттап мезгилдүү басма сөз беттеринен окуп, радио менен теледен угуп-көрүп жатабыз. Шумдугуң кур, жүз ...дегөн сомду жеген партбилети бар жолдоштор менен кошо жашаптырбыз, жанагы 198ден козу алган чабандардын «кайгылыгине» кол чааптырбыз, коммунист болуп туруп атасына топурак салганга укугу жок адамдарга боорубуз ооруптур, карaанын көргөндө калтырап кетчү чоңдорубуздун көбү эл башкармак турсун өздөрүн башкара албаган ...немелер болуп чыкты, кеп кыскасы акты капкара, караны аппак деп, кол көтөр десе көтөрүп, түшүр десе түшүрүп, ураалардын үстүндө болуп келбедикпи. Эми ошонун бардыгы чыныгы жүз менен көрүнүп, таптакыр башка турмушка кадам таштадык. Чындык кудайга үнү жетө чыркырап, бүк түшүп калды эле, эми аздап кас туруп дегендей, сыркоосу айыгуу алдында дегендей... айтор бир топ эле оңуп калдык. Мына ушул кырдаалда өткөн жылы аңгеме жанрында кандай өзгөрүштөр болду, же болбосо аңгеме жанры кайра курууга кандай салым кошуп жатат, кеп ошол жөнүндө болсун. Бул жерде эки маселени эске алганыбыз абзел, биринчиден, кайра куруу мезгилинде аңгемелердин өзүнүн сапаты оңолдубу, экинчи маселе — кайра курууну аңгеме жанры кандай чагылдырып жатат.

Аңгеме өзү чакан жанр болгону менен көркөм сөздүн тээ байыркы түрү. Не бир орошон ойлорду камтыганга кудуреттүү. Алыска барбайлы, М. Шолоховдун «Адамдын тагдыры» менен Ч. Айтматовдун «Атадан калган туяк» аңгемелерин эле алалычы. Аларды окубаган окурман жок десек аша чапкандык эмес. Эмне үчүн андай? Анткени, ал чыгармалар чыныгы художниктин калеминен жаралып, ошого жараша турмуш менен үзөңгүлөш кадам таштап, адамдын дилине төп келгендигинде, акыры келип эле тарбиялык маанисинин бардыгында.

Кыргыз аңгемечилеринин ичинен Т. Сыдыкбеков, Н. Байтемиров, К. Каимов, Ж. Мавлянов, Ө. Даникеев, А. Жакыпбеков, А. Саспаев сыяктуу жазуучулар кезегинде бир сонун аңгемелерди жаратышкан. Алардын коомдук-экономикалык, нравалык-социалдык, адеп-ахлактык маселелерди камтыган бир катар аңгемелери окурман дилинде жашап келет. Кийин эмнегедир бул жанрда оозго аларлык, аңыз болуп тарап кетерлик, жалпы адамзаттык проблемаларды козгоп окурман дилинде көпкө жашаган аңгемелер аз болуп жаткансыйт. М. Гапаров, К. Жусубалиев, М. Абакиров, К. Акматов, Э. Борбиев, Ж. Медетов, О. Айтымбетов, Ж. Жапиев сыяктуу жа-

**Баратбай АРАКЕЕВ** 1951-жылы Жети-Өгүз районундагы Жон-Булак айылында туулган. 1979-жылы КМУнун филология факультетин бүтүргөн. Бир катар адабий сын макалалары, рецензиялары жана аңгемелери мезгилдүү басма сөз беттерине, альманахтарга жарыяланган.

зуучулардын аңгемелери жалпы эле аңгеме жанрынын бөксөсүн толтурууга аздык кылгандай, анткени алар саналуу гана, саз жазса да аз жазат.

Биз ушул макелага байланыштуу аздап санак жүргүзүп көрсөк, жылына газет-журналдарга, китептерге чыккан аңгемелердин саны эки жүз чамалап барат экен. Ойлогон кишиге бул оңбогондой эле сан. Көппү — көп. А бирок ошол эки жүз аңгеменин ичинен окурман дилинде түбөлүк жашап калчу канча аңгеме чыгат? Ушул суроого так жооп бериштин өзү кыйын. Бул санды ой жүгүртүүгө жем таштап гана айттык.

Сөз башы Алымкул Мамбетакунов деген автордун «Жаратылыш достору» («Мектеп», 1988) аттуу балдарга арналган аңгемелер жыйнагына топтолгон чыгармалар жөнүндө. Дароо айтарыбыз — аларды сыпаттоо үчүн тиииштүү сөз да табылчудай эмес. Анткени, ушуичалык кунары жок баяндалгандыктан, аңгеме эмес эле пионер газетасына окуучунун аты-жөнү менен чыккан кандайдыр бир кабар-окуяларды элестетип турат. Окуяны баяндоосу да, көркөм деталдарды пайдалануу да, айтылган ой да, кыскасы, көркөм чыгармага коюлчу мүнөздүү нерселерден караманча куру, дааналап айтсак, жыйнактагы тогуз аңгеменин бири дагы толук кандуу аңгеме болуп берүүгө жараксыз. Балдар үчүн десе эле майда-баратты чоркок тил менен баяндап берсе болот деген түшүнүк — оозго алгыс эң жаман түшүнүк. Керек болсо, балдар үчүн жазуу оңбогондой оор да, оңбогондой түйшүктүү да. Жогорудагыдай китептерди балдарга жаа атым жакын жолотпош керек, колдон келсе басмадан дароо макулатурага өткөрүп жиберсек бизге утуш — миндеген сом чыгым болсок да балдардын дили таза калат, акчасы да жерге кирсинчи!..

Аңгеме жазып жатам, демек салыштыруулардын не бир түрлөрү болуш керек деген принциптеги автор болсо-болбосо деле, жарашса-жарашпаса деле салыштыра берет. Аатордун «Азамат» деген аңгемесинде Тилек аттуу бала бороондо калат. Анан үймөктүн түбүнөн бороонго буюккан козуну таап алып, оозуна чөп тыгат. Мисалдаталы: «Жашылданган кунарсыз көзү тескерисинен айланып, ирмелбейт, «Мени өлүмдөн алып кал, адамзат» дегенсип көзү жалжылдайт». Бул сөздөргө караганда козу эмей эле боштондук кыймылынын бир патриоту туткунда жаткандай элес берет. Албетте, адабий шарттуулукту эске алышыбыз зарыл дениэчи. Деле ошенткен күндө да одоно экендиги дааналанып эле турбайбы. Андан ары автор минтип улантат: «Аракет текке гана кетти! Жүнүн жулуп таштагандай такыр каптал, узун куйрук митис козу акыркы ирет дирт этти да, түбөлүккө көз жумду. Калыбы, өпкөсүнө суук өтүп, боору үшүп калса керек». Сүрөттөө болбосоң коё кал — чоң курсак ветеринардын бүтүмүнөн айырмасы жок. Тилек эми адашып калды. Ээн жерде караңгыдан коркуп, энекелеп бакырбаса да аздап коркпойбу, кенедей бала. Жок, антсе баатыр баланын образын берейин деген автордун тилеги ойрон болбойбу. Мындай кыйын ситуацияда калган бала тээ алтымышынчы жылдары башкаруусуз калган баржада 49 күн тамак-ашсыз калган Зиганшин баш болгон төрт баатырды, Павлик Морозов менен Кычанды, алар аз көрүндү эле Шолоховдун «Адамдын тагдыры» аңгемесиндеги Соколовду эстеди. Алар да аздык кылды, ырамат Чолпонбай жардамга келди. Келбей калгандар кырк чоросу менен эле Манас баатыр экен. Чын эле адамдан өшкөн кыйын балабы, же автордун турмуштан тыш ойлонгон эркиби, айтор, Тилек илгерки ата-бабалардан таш менен от тамызды. Уктап калса, от үймөккө жетип өрт чыкты, антсе да он алты козуну сактап калды, совхоздогулардан ыраазычылык алды. Деги төгөрөгү төп келген каарман-баатыр жаралды да калды. аты Азамат аталды. Бул аңгеменин мунусу начар, анысы начар деп санап берүүгө туура келсе, анда абракадабрадай чубалып кете берер эле. Мындан башка аңгемелери да ошондой. Балдарды түрдүү турмуштук ситуацияларга кабылтып, ойлоого мүмкүндүк бербей эле дегдеңдете жетелеп алып жүрө берет. табигыйлык жокко эсе, анан калса каармандарынын дээрлик бардыгы эле сыдыргыга салгандай тартиптүү, олчой-[illegible] ойлуу. Балдарга мүнөздүү шоктук, туура эмес иштерди жасап жиберүү сыяктуу көрүнүштөр жокко эсе. Анан ошол балабы? Же элибизде шайтаны куюлган балдар түгөнгөнбү? Балдардын табиятын анча жакшы билбей. аларды чоң кишилердей аракет кылдырып. табигыйлыгынан тайган жасалма окуя, жасалма образ жасаган мындай аңгемелерге А. Камаловдун «Адай менен Мадай» («Жаш ленинчи» № 1,2) аттуу аңгемесин да кошууга болот.

Ал эми Д. Сулаймановдун «Сырдуу сандык» («Адабият», 1988) аттуу китеби кандайдыр бир деңгээлде китеп катары, көркөм чыгарма катары өз миссиясын аткара алат сыяктанат. Жыйнактагы бир катар аңгемелер баланы бала кылып, алардын кылыктары, жүрүш-туруштары нукуралыкка жакын да, жакшылыкка жетелее, идеяга үндөө дааналангансып турат. Антсе да кай бир аңгемелердин көтөргөн темасы, ага жараша идеясы анча деле жугумдуу, анча деле алгылыктуу эмес. Алсак, «Атамдын атын өзгөрткөндө» аңгемесиндеги Алтынбектин фамилиясы Аманкулов. Ал буга капа, анткени фамилиясы тизменин баш жагында келип биринчи суралат. Ал эми Яматов деген бала (кыргызда мындай фамилия жок, шаарда башка улуттардын кездешиши мүмкүн, бирок окуя элет жеринде өтөт) болсо журналдын аягында болгондуктан кийин суралат, бешке окуйт. Алтынбек бир күнү фамилиям Яманкулов болсун дейт. Мугалим буга күлүп. баары бир доскага биринчи чыгарат. Бул аңгеменин канчалык деңгээлде таасири бар экендигин чечмелеп отурууга болбойт. Жөн гана автордун фантазиясынан жаралып калган нерсе. Деги балдар үчүн чыгарма жаратуу өтө кыйын, ошондуктанбы, прозага аралашып жүргөн жаштардын чыгармаларында балдар үчүн жазылган алгылык-

[illegible] ңгемелер жокко эсе. Ш. Бейшен-
[illegible] салтын улантчулар кайда?
[illegible] Лондон, Лев Толстой, Мухтар Ауэзов, Чыңгыз Айтматов сыяктуу жазуучулардын чыгармачылыгында жаныбарлар өзгөчө бир орунду ээлеп турат. Та[illegible] замандан адам менен айбан бир [illegible] келгендиктенби, адам турмушу[illegible] жеринде сөзсүз түрдө жаны[illegible] ээлеген өз орду бар. Ошон[illegible] жогоруда аталган жана аталбай [illegible] бир катар жазуучулар кай бир чыгармаларын ошол жаныбарларга ар[illegible], алардын нти менен карышкырынын, [illegible] төөсүнүн образдары биздин [illegible] дилибизде жашап келет.

О. Айтымбетов бул жагдайда «Боз байтал» («Ала Тоо», № 8) аңгемесин жараткан экен. Албетте, айбандарды каарман кылып алган учурда алар адамдашып, адамдар кандай ой жүгүртсө, алардан калышпай турмуштун философиясына че[illegible] чечмелеп жибериште. Экинчи бир аңгемелерде — айбанды айбан катары сүрөттөгөн аңгемелерде андай болбойт, чала моңол ой жүгүрткөнү менен алардын оюнда кандайдыр бир примитивдүүлүк, рефлекстүүлүк, ошонун натыйжасында дароо пайда болуп кайра шарт жоголгон ойлордун жыйындысы болот. Ушул эки маанайда жазылган Айтымбетовдун аталган аңгемесиндеги Боз Байталдын жашоосу окуган адамды бир топ эле ойго салып таштайт экен, а турсун кумарлантып да жиберет. Айтымбетов жар салып айтылбоочу сезимди жазганга кыйын, ал белгилүү, алыс барбай эле бир кезде студенттер кууп жүрүп окуган «Торгойлуу талаа» повестин мисалдатсак жетиштүү болот. Бул аңгемеде да ошол сезим (айбандыкы болсо да) өтө кынапталып иштелип, биз чочугандай болбой чыкты. Бир кезде жаштыгын арнап койгон Чабдарды жоктоп, Боз Байтал көрбөгөн азапты көрүп муңканганы муңканган. Боз Байтал кай бир аялзатына караганда сүйүүгө бекем, ээси тааныштырган Тору Айгырды канчага чанып жүрдү. Жалпы жонунан алсак, аңгеме дурус иштелген, моралдык тазалыкка чакырып, көп нерсени эске салып, көп нерсени көңүлдөн өткөрүүгө түрткү берет. Кээ бир аялзаты уялбай келип эле ушул Боз Байталдан үлгү ала тургандай.

Автордун экинчи бир аңгемеси «Көлүктөгү элес» («Ала Тоо», № 8) деп аталат да аракеч Көкөнүн эң сонун сүрөтүн тартат. Анын бардык турпаты турмуштун казанында кайнап, ушул кантип болсун, бул калп деп айтууга эч кандай ооз барбайт. Мурун мындай ар эпизоддо ичкилик аралашкан чыгармалар жокко эсе эле, К. Каимовдун «Ийри жыландар» деген повестин эске албаганда. Анткени, биздин коомдо аракечтик жок болчу, аракечтик тиякта — капиталисттерде эмес беле. Эпадам арак ичкен адамды сындап жазсаң, «Кой кокуй, арактын оозго ала көрбөгүлө, арактын ордуна бозо ичиргиле да типтүү аракеч кейипкериңерди сүрөттөй бергиле» дегендер да чыкты. Э кокуй, качан эле бозо ичип алкаш болчу эле?!

А. Пазыловду биз адегенде сынчы катары таанычук эле, көп өтпөй поэзиядан кездештирдик. Эми анын алгачкы аңгемеси менен таанышып отурабыз. Анын «Бүтпөгөн баян» («КМ», № 55) аттуу аңгемесин окуп, Пазылов ушул жанрда да өзүн бекер сынап жатпаганына күбө болуп койдук. Жанагы коомубузду кыйладан бери булгап келаткан илдет — ичкиликтин айтып бүткүс азабы бул аңгеменин алган темасы. Аңгемедеги эрди-катын ичкиликтин айынан жарык дүйнө менен кош айтышты. Аттиң де, бала-чака багып бапырап, небере эркелетип турчу жубайлар өз башына өздөрү көр казды. Аңгеменин финалында гана чыйралуусунан жанып кеткендей сезилбесе, койгон проблеманы кыйла дурус чечкен аңгемелерден.

«Ала Тоо» журналынын 9-санына жарыяланган К. Осмоналиевдин «Бүркүтчү» аттуу болумушу (көлөмү аңгемеден чоң, повесть деп да айтууга болбойт, ошондуктан аңгеме катары сөз кылуу мага туурадай көрүндү) Саза аттуу мүнүшкердин турмушун камтыйт. Бул болумушта белгилүү бир идея же болбосо кандайдыр бир социалдык маселе чечилбейт. Анткени менен чыгарманын нукура улуттук тили, окуялардын логикалуу уланышы, элибиздин өткөн турмушунан бир үзүм эң сонун баяндап бергени окурманга жакшылык алып келбей койбойт. Осмоналиевдин тили өтө бай, эски турмушту да мыкты билет, биздин дилден улам чоочундап бараткан нукура кыргыздын психологиясы, ой жүгүртүүсү, анан калса бири-бирине жасаган мамилелери, сөздүн кудуретин баалай билүү, улууну сыйлап, кичүүнү урматтоо ыйык салты сыяктуу маселелер бул жазуучунун чыгармачылыгынын негизги өзөгүн түзөт эмеспи. Айтарым — К. Осмоналиевдин чыгармалары менен таанышкан адам ата-баба салтын, алардын пейилин, ыйманын, басып өткөн тарыхый жолун, деги эле бүткүл турпатын үйрөнө алат. Аталган чыгарма да ошолордун бири. Мындай кыргыздын нукура психологиясын, сөз кудуретин мыкты чагылдырган чыгармаларга Т. Сыдыкбековдун «Айбат», «Өлөң менен Союл» («КМ», № 43) аңгемелерин да кошууга болот.

Элибиздин өткөн тарыхына сөрп салсак, кандай гана таза, кандай гана кең пейил, ар ишинен, ар сөзүнөн ырыскы куюлуп, чыныгы адамдык турмушту сүрүп келген тура. Азырчы? Азыр коомубуз таптакыр башкача өнүгүп, байлыгыбыз саат сайын өсүп, курсак ток, кайгы жок дегендей эле... Бирок бири-бирибизге жасаган мамилебиздин сыркоосу бар сымал, кай бирде ыйманды жыйыштырып таштасак, сеникинен меники көп болсун десек, биреөбүздүн ийгилик биреөбүзгө катуу тийип калса, ачуу сөз айтып койсоң кечирим деген улуу нерсени эске албай араздашууга чуркасак... айтор, баш катырчу маселе көп эле бар. Мамат Жакыповдун «Касым балбан» («КМ» № 18) аттуу аңгемесиндеги Касым өзү да балбан, дили да балбан адамдардан. Атаганат де, ушул Касымдай буура булчуңдуу болбосок да ыймандилибиз ошонукундай балбан болсочу деген өкүнүч аңгеменин соңунда сөзсүз

мазеин алат экен. Ошентип ойлонтуп, бушайман кылууга жарап берген аңгеме «Касым балбан».

Биз бир катар аңгемелар менен таанышып чыккандан кийин мындай бир ой кетти. Көпчүлүк аңгемелер анча деле сөз кылууга арзыбаган майда көрүнүштөрдү ээмелеп, тек гана көркөм чыгарма жаратуу милдетин өтөө үчүн жасалгандай. Белгилүү го, кандай гана көркөм чыгарма болбосун, анын ичинде аңгемелер да, белгилүү бир теманы чечмелөөгө, белгилүү бир идеяны көтөрүп чыгууга багытталат. Ал үчүн турмуштун миң сан көрүнүштөрүнүн бирин алып, ошол аркылуу жанагы идеяны жар салат. Акыры келип эле окурманды, демек, жалпы элди кандайдыр бир жакшылыкка жетелөөгө, оюна ой кошууга келип такалат. Ал эми биз таанышып чыккан бир катар аңгемелер андай миссияны өтөөгө кудуретсиз. Анткени, алар жасалма окуя курап, жасалма маанай түзүп, жасалма образ жаратат.

Жазуучу Шабдаңбай Абдырамановдун чыгармачылыгы азыр бир кыйла бийик деңгээлге көтөрүлүп дегендей, ооштурмуш кыйыштары менен окурманга кеңири белгилүү эмеспи. 88-жылы ал жазуучунун «Турмуш сырлары» аттуу китеби «Мектеп» басмасынан жарык көрдү. Биздин милдет аңгемелерди айтуу болгондуктан, жыйнактагы сегиз аңгемени кылдаттык менен карап чыктык. Жазуучудагы талантты жалпы таразалоо биздин милдат эмес, ал жөнүндө айтылып келатат, тиешелүү учурда айтыла берет. Менин бир байкаганым эң сонун деп, болбосо андан пастатып жакшы деген жакшы сөздү айтып кончу аңгемелер менен эле бир катарда колуна жаңы эле калем кармап бирин-эки аңгеме жаратып келген жаш автордун аңгемесинен аша албаган аңгемени да жыйнакка киргизип жиберген. Ш. Абдырамановго аңгемеңиз мыкты экен десек дароо ишенет, ак көңүл эмеспи, ал эми кай бир аңгемелеринин начар экендигин ишендирүү үчүн мыкты даярдыгы бар бир рота сынчы керек... Чыгармаларынын Москвада которулуп жаткандыгын дээт кылып алып коргонуп берсе... ротаң эмес дивизияң эмне болуп калыптыр!.. Жазуучунун «Алыскы уул» аңгемеси менен таанышып чыккандан кийин анын турмуш реалдуулугунан алыс тургандыгы дароо баамга урунат. Кыргызстанга алыскы Белоруссиядан майор Алексей Капаров келип түшөт. Келген себеби, атасына кезигүү. Окуя мындай болгон. Өзүнүн аскер курбулары менен ресторанда отуруп, эмнегедир эле ким кайсы улуттан экендигин сүрүштүрө кетишип, Алексейдин досу Муравейка аны түрксүң дейт. Ошондо Алексейдин оюна чын эле мен киммин деген ой келип энесинен сурайт. Көрсө, согуш кезинде Мария Капар деген кыргызды сүйүп, экөө баш кошушкан экен. Көп өтпөй Капар маанилүү тапшырма менен кетип ошондон дайынсыз болот. Сөз кыскасы, экөө бирин бири табыша албайт. Капар Кыргызстанга келип үй-жайлуу болот. Суроо туулат: Алексейге мурун фамилиям эмне үчүн Капаров, өңүм эмне үчүн белорустукуна көп окшобой түрк уруусунан чыкканда атам ким деген суроолор эмне үчүн келген эмес? Эми ал кырк үчкө чыкканда гана ушулар жөнүндө ойлонуп олтурат. Ойлоп көрсөңүз, ал кырк үч жашына чейин күтүп жүргөнү Шабданбай Абдыраманов аксакал ушул аңгемесин качан жазат деп күтүп жүргөн сыяктанат. Албетте, мындай окуянын болушу толук мүмкүн дейнзчи, бирок тээ мектепте жүргөндө эле, эң кеч болгондо аскердик училищада окуп жүргөндө эле тек-жайын сүрүштүрүп албайт беле. Ошентип, Алексей атасын издеп келип табат. Ошол жерден экөөнүн ортосунда мындай сөздөр болот:

«— Ошол мариянын боюнда сизден үч айлык күмөнү калганын билесизби?

— Ананчы! Үч айлык күмөнү калганы чын. Алтын Мариям... оор шартта эсенаман көз жарып ала алды бекен? — Чалдын көз жашы өзүнө ээ-жаа бербей куюлуп кетти. Чал белиндеги курун чечип, бетине басып, көз жашын токтотуунун аркетин кылды. Алексейдин да каңырыгы түтөп кетти. Ал негизги оюн айтууга шашты.

— Дал ошол Марияңыздын үч айлык күмөн калган баласы мен болом...

— А-а-а-а! — Чал бакырып жиберди. Анан Алексейге бой таштап, мойнунан бекем кучактап калды: бетинен, маңдайынан өпкүлөп, көкүрөгүнө бекем кысты. Чалдын салаалаган көз жашы Алексейдин бетине шыбалды. — Айланайын уулум!.. уулум!..»

Көрүнүп тургандай, жасалма маанай түзүп, анын натыйжасында окурмандын эмоциясын козгоп жиберүүгө кылган далалат турмуш чындыгынан бута атым тайып турат. Болуптур, ата-бала табышканда сөзсүз куаныч, ый болот, бирок бул шартта эмес. Ошондон бери кырк үч жыл өтүптүр. Экөө өмүрү жүз көрүшкөн эмес. Андай болгон күндө алар ары сылык. ары уялыңкы мамиле жасашат эле. Минтип дароо эле бири-бирин кучактап, көзүнөн жашты каалагандай куюлтуп кенектетпейт болчу. Тапкан ата эмес, баккан ата, кейедейиндеги наристе жытын бир искебесе, анан кырк үчкө чыккан эңгезердей немени эле басып жыгылып өпкүлөп жатып калат беле?! Сөз кыскасы, аңгеме накуралыктан тайган боюнча шатыра-шатман жакшылык менен аяктайт.

Автордун ушул эле жыйнагындагы «Байтүп терак» аңгемесинде дагы бир ашкан эмоциялуу, болгондо да чээнден чыккан эмоциялуу Энезар деген чал бар. Аңгеменин көтөргөн темасы колго алгылыктуу тема, ыйманыбыз ак болсун, боорукер бололу деп жар салып турат. Бирок эмнегедир эле окурман дилине күмөн санатып салат. Мына ошол чал базарга эки кап сабиз, бир кап картошка алпарып сатып келатса, жанына Салима аттуу бойдок келин олтурат. Айылга энесинен акча сурооого, анан кызын көргөнгө баратат. Турмушу начар экен. Ошондо чалдын боорукердиги кармап, Салимага жүз сом берет да экөө бир жерден түшүп, булактын жээгине олту-

...ушат. Оңтою келди керүнет, дал ушул ...ерден авторго сез берели:

«Күй...нычы ичине батпаган Салима езүн эркин кармады: сулуу кош тизесин ...ышыктуу бүктеп, бир колу менен ...р таяна, саал кыңкайып олтурат, бир жер... нерселерди айтып кыткылыктап күлсе, ...ленеси жер термелгендей титирейт, ...че чейин оюлган жука кейнегүнен теш, кош кекүрегү балбылдап жармыгына чекин керүнет. Дал ушул укмуш керүнүштүн езүнен чал алда качан жоготкон... дорун — Бүбүкандын гүлдеп турган жаштыгын керду. «Бүбүканым, кымбатым...» деп жиберди чал, ичтен — анын жүрегү каршы-терши тилинип жатты. Чалды ээ-жаа бербес ички сезим бийлеп кеткендиктен кездерүн боз чалып, жанында олтурганы Салима экендигин тапакыр унутуп калды — кобурап жалбарып жиберди:

— Айланайын Бүбүканым... Мен сени сагындым — куса болуп сагындым. Келчи кучагыма... кадимкидей эркелечи...

Чал Салиманы имере тартып, дебеленүп балкылдаган кош кекүрегүнүн арасына тумшугун тыгып жиберип, аңкагандай жыттап, эси ооган бойдон тешелген каптардын үстүне кырлаиып жыгылып кетти... келин да кошо кетти...

— Аба... аба, кантесиз! — деди келин акырын шыбырап, — коюң.

Күчтүү сезимден улам кулагы чып бүтүп калган чал келиндин сездерүнүн бирин да уккан жок. Бирок кантсе да ез оюндагысын айтты:

— Жок, биерге эч ким келбейт... келбейт... — деди аптыккан чал.

Келин жоон билегин кездеруне туурасынан калкалап үнсүз болуп калды. Чал негедир кепке чейин күймелдү, анан екүнүчтүү күңкүлдедү:

— Алда соолуп калгыр ай, соолуп калгыр?..

Чал дагы эле жакшылыктан үмүт үзген жок, убакыт етүп жатты». Мына сооп болот деп, адамкерчилик болот деп бейтааныш келинге акча берген чалдын кылыгы. Албетте, турмуш миң кырдуу, миң сырдуу. Мындай ашкан эмоциялуу, чээнден чыккан тентек чалдар да, жогоруда келтирилгендей окуя болушу да толук мүмкүн. Бирок аңгемеде адамдардын бири-бирине боорукерлиги, кыйынчылык учурда бири-бирине кол сунуп жардам берерин жар салгысы келген автор, езүн езү танып, ошол жардамдын акысын кайтарткысы келип жатпайбы. Чал ошондон кеп етпей эле елүп калды, баян боюнча келинге жанаша албай калып, кайгыга батып елдү. Автордун бүтүмүнде күүден калуу бул оор трагедия. Жок бул трагедия эмес, ар адам жаратылышы, сезсүз болчу нерсе. Ал эми сезсүз болчу керүнүш трагедия эмес! Деги бул аңгеме менен таанышкан адам эки анжы ойдо калат экен. Бир жагынан чалдын бечарага жардам берейин деген тилеги коштосо, экинчи жагынан анын ыйманын булгап койгон жоругу кыжырды кайнаткандай. Тирүү жан болгондон кийин бул чалдын оюна нелер келбейт да нелер кетпейт. Сүйгенүн эстесе эстесин, жанындагы келиндин кекүрегүн керүп делебеси козголсун. Бирок ошону сыртка алып чыкпай эле чал болгондон кийин ичине эптеп сактап койбойбу. Эми ушуидан кийин ал чалдын образы окурманга эмне жакшылык алып келет... Балким, мага ошондой керүнгенү менен кай бир окурманга жагып да кетер, негизги сезду окурман айтат эмеспи.

Ш. Абдырамановдун «Илегилек» аттуу аңгемеси жогорудагы аңгемелерден айырмаланып, чыныгы турмуштун казанында кайнаган окуялардан ары ишенимдүү, ары таасирдүү чыккан. Адам менен айбандын ортосундагы мамиле, адамдардын тирүү жандыкка жасаган гумандуу аракеттери, ошону менен эле катар миңдин биринен чыккан таш боор адамдын элеси кашкая керүнүп турат.

Аты жалпы журтка белгилүү болуп калган кандай гана жазуучунун чыгармасы болбосун окуй электе эле кызыгууну туудуруп, кептү күттүрүп коёт. Биз Өмүрбаевдин «Кечкү» («КМ» № 38) аттуу аңгемесин дал жогорудагы маанай менен окуй баштадык. Андан соң аттиң дедик. Анткени, аңгеме биз күткендей болбой, тек гана тоодогу чабандын кечкү астында калганын, анын аялынын бушайман болгондугун аңгемелеп берет. Албетте, кандай маселе айтууну кездесе да кандайдыр бир окуянын негизинен чыгат эмеспи. Аталган аңгемеде окуя бар да биз күткен турмуштук бүтүмдер, тыянактар жок сыяктуу, чабандын аялы Батыйдын жүрегү түшкендегү ойлору биринин артынан бири чубалып олтуруп, бир нерсе күтүп жатып эле аңгемеиин соңуна чыгып саласың.

Ушуидан экстремалдык ситуация болгон соң ошого жараша чечмелее кажет да.

Автор адам башына кыйынчылык келгендеги мүнезүнбү же чабандардын оор турмушунбу, же болбосо жубайлардын бири-бирисиз жашай албай кан-жаны сиңишип калганынбы, айтор, эмнеге басым жасап чечмелеп берейин дегени табышмак, жалпысынан метеорологдордун отчетуна гана окшоп турат. Аңгеменин башында Акбаев аттуу бир актив катышып, болду болбоду баягы сезү менен иши дал келбеген тышы жылтырак, ичи калтырак езүмчүл бюрократтардын бири го, эми ал эмненин үстүнен чыгар экен, баягы айта албай, жаза албай жүрген мезгилде бук болгон ойлор фонтандай атырылат эмеспи деп күттүк эле, ошол эле жерден жер жуткандай жок болду. Кыскасы, бул аңгеме аңгемелик милдетин ете албай калган.

Ж. Медералиевдин «Ар» («КМ» № 3) аттуу аңгемеси бир топ кызыктуу чыккан. Автобуста баратып жанына олтурган жигитти адегенде жактырбай, андан соң анын тийишүүсүн самаган кыздын бушаймандануусу — адамдын кебетесине караба, дилине кара деген ойду айтат. Албетте, мындай окуя ар бирибиздин башыбыздан етүшу мүмкүн. Маселе ошол каармандын ичи-койнун аңтарып аны ситуацияга карата езгертүп, дилинин миң түркүн психологиялык абалын терең да, шашпай да сүреттеп бергендигинде.

Турмуштан сырт нерсе жазылбайт эмеспи көркөм адабиятта. Ал эми көркөм сөзгө тап коюп чыгарма жаратқандардын милдети ошол биз билген эле, көргөн эле, а турсун кечээ эле баштан өткөрүп койгон ар кыл окуяны көркөм сүрөттөп берүү го. Андай чыгармаларды окуганда «ырас эле, чын эле, баса десең» деп автор менен макул болуп кете бересиң, андан соң дилиңе сан ой келип, баскан жолуңду дагы бир таразалоого өтөт эмессиңби. Ким гана болбосун өзүнүн баскан жолун таразалай жүрсө — ал адамда жамандыктан жакшылык сапаттары алда канча көп деп эсептей бериңиз. Бул жагдайда Жылкычы Жапиевдин «Парздан кутулуу» («КМ» № 44) аңгемесинде адам турмушунун оош-кыйыштары, бир туугандык мамиленин түркүн түстөгү көрүнүштөрү, жашообуздагы пендечилигибизге жеңдирип жиберген учурлар белгилүү деңгээлде ишенимдүү сүрөттөлөт.

Кай бир аңгемелер өзүнүн күтүүсүз аякташы менен, окурман күткөндөй болбой калышы менен кызыктуу. Анан калса андай аңгемелер мурун көрбөгөн бир нерсени көргөндөй, мурун билбеген нерсени үйрөнгөндөй таасир этсе да түпкүлүгү эмне деген гана санааны, ойду алып келбейт. Мына ушундай аңгемелердин бири Д. Казакбаевдин «Түрмөдөн чыккан жигит» («КМ» № 8) аңгемеси. Аңгемедеги Жолочу ичинде арамдыгы жок, жигит деген накта атты алып жүргөндөрдүн бири. Кай бирде эчен сонун эр азаматтардын башынан мүшкүл кетпей, турмуштун накта даамын татпай, көп кыйынчылык көрүп өтөт эмеспи, дал ошол тагдыр Жолочуда. Өңгөлөрдүн баарын өзүндөй ак дил, адамкерчиликтүү көргөн, колунан келгенди эч аянбай кимге да болбосун жардам берген ушундай жигиттердин жоон тобу дилиңе келип, ага байланыштуу дагы көп нерсе дили элегинен өтүп, айтор, аңгеме окулуп бүткөндө көңүл бороон. Ушул жерден айта кетчү сөз, адатта түрмөгө түшкөн адам жөнүндө баян болсо, ал жаман адам. Туура, түрмөгө жакшы киши түшпейт, бирок кокустук деген баатырды эстен чыгаруубуз болбойт, мына ошол кокустуктун айынан канча адам эркинен ажырайт, Думбадзенин «Закон вечности» аттуу чыгармасын окуган адам ак дил «жаман адамдын» мыкты элесин көрөт. Дал ошондой адам Жолочу.

Жунай Мааляновдун «Ошондон бери ыйлабайм» деген аңгемеси чыйрак жазылып, окурманга бир топ эле түйшөлүүнү алып келет.

Аңгемедеги сөз — баңгиликтин зыяны бул аңгемеде дурус эле ачылгандай. Жаш наристенин дараметине жараша дүйнөгө болгон көз карашы, адамдарга болгон мамилеси табиятынан жазбай берилет. Антсе да баңгиликтин зыяны талдоого терең алынбай, факты катары гана баяндалгандай таасир берет.

«Кыргызстан маданияты» газетасынын 7-санына эки автордун — Т. Субанбековдун «Бир мертебе ажайыпканада» жана Р. Тургановдун «Кемпир» деген аңгемелери басылган.

Т. Субанбеков алгачкы жыйнакты чыгарууга жетишип, проза жанрында дагы бир келечектүү автор келгендигинен кабардап койду. Анын ошол «Издер өчпөйт, издер жаңырат» аттуу жыйнагы менен тааныштыгыбыз бар жана ал жыйнактын кадыресе жазуучунукундай чыкканын жоопкерчилик менен айтып коюуга милдеттүүмүн. Аңгеменин каарманы Акмат он беш жашта. Бала энесин билбейт, анткени, төрөт үйүнө таштап кеткен, балдар үйүндө тарбияланат. Акматка окшогон канча жетим балдар үйүндө тарбияланып, атанын да, эненин да мээримин көрбөй өскөнү дилди оорутат. Өгүнү бир кино көрсөм, ошол кинодогу балдар үйүндө тарбияланган жетим бала: «Атам болсо мени кайыш менен токмоктобойт беле» деп капа болуп жатпайбы. Кандай азап. Бул аңгеме да ошол маселени козгогон бир топ түйшөлтчү аңгемелерден. Бирок сыдыргыга салгандай иштелген десек анда туура сөздөн тайыган болор элек. Аңгемеде кандайдыр бир очерктин же болбосо макаланынбы, айтор, бир нерсенин жыты келип турат. Аңгеменин финалында «бала мотураңдап кетип баратат» дейт. Он бешке чыккан бала мотураңдабайт, мындай деталлдарды эстен чыгарбообуз абзел.

Рахманберди Тургановдун аңгемесин автордун керт башына шек келтирбей айткан күндө деле, аңгеме деп айтуудан жазганасың. Ырас, көркем чыгармага мүнөздүү сүйлөм курулуштары, автордук баян, каармандар бар. Бирок көркөм чыгарма болууга негизги сапат — көркөмдүк, айтайын деген маселенин тактыгы жана анын чечилиши таптакыр эле көрүнбөйт. Аздап мисалдатпасак сөзүбүз кургак болор. Аңгеменин каармандары кемпир-чал уулу соттолуп кеткенде кетип калган келини жөнүндө сүйлөшүп жатат. Анысы мурапка тийип алган го, аны уулу сабап коёт экен, бу сөз ушуну менен бүттү да, эми кемпир-чалдын кайым айтышуусу башталат. Анан чал жакага кетет, кемпири аны жоктоп калат. Болгону ушул. Автордун айтайын дегени белгилүү — чал, кемпирдин бири-бирисиз жашоосу өтө кыйын, саамга бири-бирин көрбөсө бир нерсеси жок еңденүп, бир капшыты эңшерилип дегендей, айтор, жан бирге экендигин көрсөтүү. Маселени коёрун коюп алып, болгондо да татынакай ойду чечмелеп берүүгө белсене киришкен түр көрсөтүп, анан ушул сыяктуу аркы-беркиден кеп салдырымыш болуп баяндоо окурман дилин анчалык деле көрктендүрүп жибере албасы белгилүү эмеспи. Анын экинчи бир аңгемесине («Балдар», «КМ», № 45) деле ушундай сөздү айтууга болот.

Азыркы убакта биздин элге чоочун болгон жумушчу кесибинде эмгектенген улан-кыздарыбыз арбып баратат. Мына ошолордун турмушун камтыган колго аларлык аңгеме баамыбызга урунган жок. Аксакал жазуучубуз С. Сасыкбаевдин жолун улап, кайнаган курулуштарда, зоот-фабрикаларда болуп, алардын турмушун көркөм сөзгө ту-



…огулдай ырчы бол!»


Формуляр книги

28.02.90
28.02.90
1.03.90
1.03.90
1.03.90
5.03.90г
6.03.90г
12.03 90г
13.03 90г
18.06.91г

27.02.90г



# Ала Тоо

АЙ САЙЫН ЧЫГА ТУРГАН АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖАНА КООМДУК-САЯСИЙ ЖУРНАЛ

КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУНУН ОРГАНЫ

№ 6

ИЮНЬ

1989

1931-жылдан бери чыгат


## МАЗМУНУ


ПРОЗА

Касым КАИМОВ. Орун бирөө, повесть . . . 3

ДҮЙНӨЛҮК АДАБИЯТТАН

Назым ХИКМЕТ. Хопа түрмөсүндө көргөндөрдөн, ырлар . . . 35

ПРОЗА

Муса МУРАТАЛИЕВ. Чымчым топурак, роман. (Соңу) . . . 42

СОВЕТ ПОЭЗИЯСЫНАН

Анна АХМАТОВА. Ырлар . . . 100

«АЛА ТОО» ЖУРНАЛЫ БАЛДАРГА

Токтосун САМУДИНОВ. Ырлар . . . 102
Каныбек ЖУНУШЕВ. Ырлар . . . 105

ИЗДЕНҮҮ, ТАБЫЛГА, ЭСКЕРҮҮ

Белек СОЛТОНКЕЛДИ УУЛУ СОЛТОНОЕВ. Кызыл кыргыз тарыхы . . . 108
Өмүркул КАРАЕВ. Кыргыздын тунгуч илимпозу . . . 135

ЖАШ КАЛЕМ

Дубанбек АСАНАЛИЕВ. Ырлар . . . 137

ОЧЕРК, ПУБЛИЦИСТИКА

Аман САСПАЕВ. Синьцзянда 66 күн . . . 139

«АЛА ТОО» КҮНДӨЛҮГҮ

Кушчубек КАЧИБЕКОВ. Санжыра, тарыхка так мамиле . . . 155
Жолугушуу . . . 158

— Оо-о, — дейт Ишен өкүнүчтүү башын чайкап, — өкмөт эгер тыюу салбаган болсо бугу-марал эбак тукум курут болмок. Кийин бугу-маралды кармоонун не бир ыкмалары чыкты. Кылтак коюп кармашты. Бугунун мүйүзү азыр да кымбат...

Илгеркиче кыдырып кымыз ичип, кайра төмөндөдүк. Түшкөн эле кыргыздын үйүндө сый урматка бөлөнөсүн. Ата-бабабыздан калган салт. Үйгө келген эле адам төрдүн кожосу, тамактын ырыстуусу анын оозунда. Бирок мени эзгилеген башка ойлор да пайда болду. Биз салтыбызды алдыбыздагы кылымда да өз калыбынан жазбаса дейбиз. Мунун бардыгы жакшы ниеттен гана чыгып отурат. Турмуштун дагы бир жагын карагын да келет экен. Илим, техника, коомдук прогресс азыр бардык жерде турмушка мойноп кирип жатат. Буга илешүү гана керек. Асыресе, жаштардын рухий дүйнөсүнүн өзү заманга ылайык өнүгүшү керек. Анткени, алар болочок коомдун ээси. Эт жеп, кымыз ичип, абасы таза жайлоодо жашаган ата-бабаларыбыз ыкшоорок, жалкоороок болгон экен. Болбосо, там салуу, эшик-терезе жасоо, саат менен шайтан арабаны оңдоо өтө эле сыйкырлуу, колдон келбес иш болбосо керек. Азыркы заманда бизге тийген шыбага — илим үйрөнүү, техниканы башкарууну билүү, жогорку маданияттуу жашоо турмушун үйрөнүп өздөштүрүүдөн гана турат. Келечеги бар оокат мына ушулар. Эмне үчүндүр Көк-Теректеги күндөрүмдө бул өңдүү жөнөкөй ойлор менден арылган жок.

Көк-Теректе жүрүп биз жергиликтүү манасчы Сатыбалды Аалы уулу менен дидарлаштык. Бул адам мага төмөнкү кызыктуу маалыматтарды айтып берди:

— Мен арапча катты энем Гүлбарымдан үйрөнгөм. Мектептин төрт эле сыныпты бүткөм, — дейт Сатыбалды менин кызыгуума байланыштуу түшүндүрүп. — «Манасты» айтып калганымдын себеби бул: атактуу манасчы Акылбектен таятам Эшимбек манасты 12 китеп кылып жазып алган экен. Анын төрт китебин кытай уруусунан чыккан Турсунбай деген адам Мекенине кеткенде ала кетиптир. Калган китептерин кичине чагыман элге окуп берип жүрүп баары жадымда калыптыр. Мен «Манасты» Жакыпкандан баш табайм. Тескерисинче, Жакыпкандан аркы тогуз атасынын башынан өткөндөрүн айтам. Маселен: Жакыпкан Ороздунун баласы, Орозду Халмамайдын баласы (өөдө карата антканда), Халмамай Чыңгожоштун баласы, Чынгожош Чоюнкандын баласы, Чоюнкан Чаянкандын баласы, Чаянкан Бөйөнкандын баласы, Бөйөнкан Жамгырчынын баласы, Жамгырчы Көбөйкандын баласы, Көбөйкан Түгөйкандын баласы. Мен жазып, тиги-и, «Манас» редакциясына өткөргөнүм ушул Түгөйкандан башталат. 1982-жылы манасчыларды чогултуп айттырганда мени тандап алышты. Ошондон тартып Үрүмчүгө каттап жүрүп, алты жыл дегенде бардыгын жаздырып өткөрүп бүттүм. Аны изилдеген Асанбай Матыли деген жигит 1989-жылына чейин иреттеп басмага берем дегенди айтты. Бардыгы жүз миң сап. Сегиз жарым том болоор деген ойдобуз...

Бул сөздөрдү угуп отуруп катуу өкүндүм. Үрүмчүдөгү кезимде билген болсом, ал жөнүндө угушпайт белем. Жусуп Мамай аксакал мага ал жөнүндө эч нерсе айткан эмес.

— Чынымды айтсам, — дедим мен, — «Манастан» аркы тогуз атасы жөнүндө баяндалган жомок бар экенин биринчи жолу угуп отурам. Акылбектен жазып алынган кол жазмалар барбы дегн?

— Жок. Дагиминде («Маданият революциясында») баарын өрттөп салышкан...

Дегн, биз кыргыздар ыр жандуу эл экенбиз. Балким, Сатыбалды Аалы уулунун китебин да окуп калаарбыз. Манастын аталары эмнелерди иштегендигин сураганымда Сатыбалды мындай жооп берди:

— Аларда да зор кагылышуулар бар. Уруулар менен уруулар, туугандар да өз ара кагылышат. Калмак, кытайлар менен алар да согушкан...

Көк-Теректен узаарда коштошуу чайына атайын чакырып, Сатыбалдыдан «Бакайдын арманы» деген үзүндүсүн магниттик лентага жаздырып алдым.

Баарынан да бала кезимде ойногон жерлер эске түшө берген соң, жездем Ошуракундун үйүнөн аттанып Дуулатов экөөбүз Көк-Теректин этегиндеги Ачылуу түпөк деген жерди көрүүгө бардык. Күн батыш кырканы жээктей кайракка айдалган зыгыр аныздарын бойлоп жүрүп отурдук. Төмөндө Кош-Дөбө деген аштык айдалуучу күр жерлердеги эгин такталанып текши баш алыптыр. Аныза адамдар жүрөт. Кендир же кычыларды жулуп, отоп жүргөнүн билдик. Кыргыз дыйкандары да аштыгын ушулардай бапестеп өстүрүүсүн каалар элем.

Кашаттагы бүлдүркөн терип ойногон бетке аттан түшүп отура кеттим. Дуулатов бүлдүркөн издеп убара. Акыры: «Баякы бүлдүркөнүн жок, айдирейин» деп кайра келди. Дөңдө канчалык карап отурсам да, Текес дарыясынын кумдак жээгинен жалгыз отуруп алып шаар салып ойногон, кара суусунан ит чабак кармап, жээгинен кемирчек казып жеген саздакты илгерки бала кезимде көргөнүмдөй элестете албай койдум. Бирок ал кездин элеси азыр да көңүлүмдө дап-даана көрүнүп тургансыйт.

Менин жаштык чагым Кытайда өттү. Жаш кезимде эле элдик кызматка илээштим. Очерктин баш жагында эскерткенимдей, кытайдагы кийинки саясий кырдаал эткен эмгекти эш кылгансыган. Ошол жактагы аз кыргыз эли үчүн жаштык ууз күчүмдү арнаганымды унутушту деп ойлогом. Бирок унутушпаптыр. Кытайдагы революциялык кыймылда кыпындай болсо да эмгегим бар экенин Үрүмчүдө өз кулагым менен уктум.

Көк-Теректе үнү жакшы, обончу балдар бар экен. Көбү биздин обончулардын ырларын аткарышат. Окен, Чаргын, Муктар, Беккожолор ырдашып, тааженем Айымбүбү берген узатуу чайын көңүлдүү өткөрүштү. Мага көп убактым бош өтүп кеткенсиди. Сапарымдын убактысына алиде бир айдай убакыт бар экендигине карабастан элге кетүүгө кам урдум. Жүрөккө эстен кеткис жылуу сезимдер уялады. Бир кездеги каат заманда «эми көрө албастырмын» деп муңайган эл-жер менен коштошуп, элиме кетип жатып, көңүлүмдө дагы дидарлашаарбыз, деген жакшы үмүт пайда болгонун сездим...

# Санжыра, тарыхка так мамиле

Учурдагы айкындыктын шарапатында элибиздин өткөн тарыхый бай санжыраларын көркөм чыгарма аркылуу чагылдыруу, колдон келишинче андай эмгек жаратууда далилдүү архивдик материалдарга таянып, көркөм сөздү ыйык тутуп доордон-доорго айтып келишкен тарых санжырачыларынын сөздөрүн кана иликтеп, аларды көркөм өнөр менен жаратып элге жеткирүү, тарыхчы жазуучуларыбыздын ыйык милдети. Акыркы жылдарга чейин, элибиздин баштан өткөргөн доорун, өз элин тышкы душмандардан ат жалынан түшпөй коргоп келген айрым элдик баатырларды көркөм сүрөттөрдө, ал каармандарды ошол доорго мүнөздүү кээ бир феодалдык көрүнүштөрүнөн баскынчылык, уруучулук «далилдер» табылып, айрым акын-жазуучуларыбыздын ансыз да бирин-экин саналган тарыхый көркөм чыгармалары жарык көрө албай жабыр тартты. Жарык көрүп, калк кызыгып окуп жатса да найзалуу курч адабий сындарга туш болушту. Алсак, Т. Касымбековдун «Сынган кылыч», «Кел-кел», Ш. Үмөталиевдин «Өзөктөгү өрт», андан мурунку К. Маликовдун «Балбай баатыр» чыгармалары. Ал эми «Өзөктөгү өрттү» окурмандар толук эмес үзүндүлөрүн гана журналдан окуп калышты. Адабий сын боюнча ал чоң эненин жомогундай болуп калган экен.

Ырас, өз мезгилинде элибиздин тарых таржымалдарын тизмелеп жазуудан кур келсек да, В. Радлов айткандай «чечендиктен ушунчалык даражада ыракат алган» элибиз өткөн доордун тарых санжыраларын, арман окуяларын оозеки көркөм өнөр, кара сөз менен айтып жүрүшүп бизге жеткиришти. Кылымдан кылымга элибиз адеп-ахлактык рухий маданиятын, этикалык мүдөөсүн улуу «Манас» баштаган кенже эпостор, жөө жомоктор оозеки санжыралар менен толтуруп келишкен. XV-XVI кылымдарда айрым көзү ачык адамдар[1] жазып калтырган «Маджму ат-таварик» (Тарыхтын жыйнагы), «Тарих-и Рашиди» (Рашидинин тарыхы), Казань архивиндеги «Казак кыргыз тарыхы» жана башка тарыхый булактар кыргыз элинин өткөн доорунан кабар берчү зор табылгалар.

Эмесе, кеп «Ала Тоо» журналынын 1989-жыл № 1 санындагы С. Жунушалиевдин «Жалпынын талдоосуна коемун», «Тарыхый чыгарма жазуу оор иш» аттуу макаласына үн кошуу. С. Жунушалиев жазуучулар К. Осмоналиевдин «Көчмөндөр кагылышы» жана Э. Медербековдун «Кызыл жалын» аттуу тарыхый чыгармаларына окурмандын оюн айтып, андагы тарыхый окуяларга эл ичиндеги санжыра айтуучулардын сөздөрүн салыштырат. Атап айтканда «Көчмөндөр кагылышында» Баскындын карындашы Бибикандын түшүнө, «Кызыл жалындагы» Аблай, Кенесары жөнүндө элдик санжырага салыштырып, жазуучуларга доомат коет. Менин оюмча С. Жунушалиев да жана аталган авторлорубуз да тарыхый чыгарма жазууда элдик санжыраларды дагы терең иликтеп, тарыхый далилдерге, боордош казак, өзбек элдеринин тарых санжыраларына да кайрылышса болмок.

Э. Медербековдун «Кызыл жалынына» карата С. Жунушалиев Эржан, Сарман, Аблайкандын кичүү аялынын балдары, Аблайдын 4-5 аялынан Кенесары, Норузбай, Эржан, Саржан жана Бопухандар деп санжырадан укканын эскертип жана Кенесары, Норузбай, Кудаймендилердин энелери кыргыз болгон деп жазылганына, Аблайдын кыргыз аялы бар дегенин укпаганын айтат.

Эмесе, аталган китептердеги айрым тарыхый окуяларга жана С. Жунушалиевдин эскерүүлөрүнө биз да оюбузду билдирип көрөлү.

Адегенде, Аблайкан деген ким болгон? Аблай Вали уулу (өз аты Абылмансур, кийин чоң атасы Аблайдын ысмын алган), Жучинин түздөн-түз тукумдарынан болуп, казак элинин орто жүзүндөгү аргын уруусунан чыккан 1450-жылдары казактарды Чыңгызиддердин ордосунан бөлүп биринчи казак хандыктарын (Ак ордосун) түзүшкөн Жа

[1] Сабаттуу, кат тааныган деген маанide

Кечээ жакында эле жашап өтүшкөн Таластагы Үмөт, Нурмат молдолордо сейрек тарыхый кол жазма китептер дайынсыз болуп кетти дешет. Кыскасы, карылардын сөздөрүн кулакка салып жүрүү оң. Биз сөз кылган Бүргө жөнүндө чакан көркөм баян болчудай санжыралар топтолууда. Өткөн кылымдардагы тарыхый атуулдардын көркөм образдары көбүрөөк жаралса. XI кылымдагы М. Кашкари, Ж. Баласагун, XVI кылымдагы Кашкарды эзип турган чоңбагыш Койсары бий жана анын уулдары, Яркентке жети миң кол менен аттанган Сокур бий, 1620-жылдары Ташкент, Анжиянда, Казак-кыргыз хандыктарында саясий ролго ээ болушуп ойротторго каршы бирге аттанышкан Эшимкан, Турсункандар сыяктуу тарыхый личносттордун образдары ачылса гана.

Жогоруда биз сөз кылган айрым тарых каармандарында уруусу кошо айтылып жатты. Аталган чыгармаларда да ал адамдардын чыккан уруусу жазылган. Ошол кырк уруулуу кыргыздын уруу-уруулан келип, андан оң-сол канатка тактальш бөлүнүүсү убагында бул феодалдык башкарууга ыңгайлуу болсо да кыргыз элинин улут болуп, социалдык, кыргыз этногенезине, территориялык жактан коомдук өнүгүшүнө түрткү болуптур. Кыргыз урууларынын аттарын таныш, же тескерисинче ал уруучулуктан жеке кызыкчылыкты көздөп, эскирген жагымсыз көңдөй жаатчылыкты пайда кылбай жана да интернационалдык сезимге доо кетирбей элибиздин кызыктуу карт тарыхын үйрөнүүнү көздөйлү. Ар бир рухий маданияттуу адам өз элинин таржымалын билүү зарыл.

Казак эли 1460-жылдары Каратоо Нурадагы жыйында айтылуу Асанкайгынын катышуусу менен территориялык башкаруу биримдигинин зарылдыгы аркасында үч жүзгө бөлүнүптүр. Ал эми байыркы баатыр кыргыз эли кайсы кылымда этникалык саясий жактан толук калыптанышына байланышканы тарыхчылар арасына талаш пикирлер айтылып келатат. 1958-жылы жазылган Кыргызстандын тарыхынын I томунда кыргыз уруулары оң солго кайсы жылдары бөлүнгөнү белгисиз деп келип, кушчу, саруу, кытай, мундуз, басыз урууларын сол канатка киргизсе, 1984-жылы чыккан «История Киргизской ССР» (том I) боюнча жогорудагы уруулар оң тарапка кирип калганы кандай? (232. 465 беттер). Айла жок, тактоо максатында КСЭнин 3-томунун 561-бетин ачып кыргыз уруулары оң-сол канатка 1127-жылы бөлүнүп, жогоруда аталган уруулар кайра сол канатка кирерин айтылуу «Мажму ат-таварикте» үстүртөн жазылганына ынандык.

Акырында, көркөм санжыра тарыхта деле, илимде деле адилет, терең изилденип жалпы окурмандарга жетсе дейбиз.

**Кушчубек КАЧИБЕКОВ,**
**Талас шаары**

# *Жолугушуу*

Жакында «Ала Тоо» журналынын редакциясында Казакстан жазуучулар союзунун башкармасынын секретары, «Жылдыз» журналынын башкы редактору Мухтар Магауин меймандa болду. Жолугушууга журналдын кызматкерлери, авторлору жана редколлегия мүчөлөрү катышышып, пикир алмашуу боордош элдин ортосундагы адабий жана маданий, анын ичинде, журналдар арасындагы байланыштарды чыңдоого, тажрыйба алмашууга арналды.

Жолугушууну ачкан Кыргызстан жазуучулар союзунун башкармасынын секретары, «Ала Тоо» журналынын башкы редактору Кенеш Жусупов төмөнкүлөргө токтолду:

— Казак жана кыргыз элдеринин ортосундагы маданий байланыштын тарыхы кылымдарга терең сүңгүп кетет. Бул үчүн Чокан Валихановду жана «Манас» эпосун, Мухтар Ауэзов менен Чыңгыз Айтматовду эске түшүрүү эле жетиштүү. Тилекке каршы, кийинки учурларда бул өндүү адабий жана маданий байланыштар солгундай баштагандай сезилет. Ошол себептерден улам «Ала Тоо» журналы «Жылдыз» журналы менен бирге бул багытта ишти жандандыруу үчүн өз ара кызматташтыкты баштады. Маселен, өткөн жылы «Жылдыз» журналы азыркы кыргыз адабиятына орун берип, «Ала Тоо» журналы бизде меймандa» деген рубрика алдында кыргыз жазуучу, акындарынын чыгармалары менен казак окурмандарын кеңири тааныштырган. «Ала Тоо» журналы да өз кезегинде казак жазуучу, акындарынын чыгармаларын басууга даярдап жатат. Бирок ошону менен эле чектелип калбай, мындан кийин да кыргыз окурманына белгисиз казак жазуучуларынын чыгармаларын, айрыкча мурда репрессияланып кетишип, элге жетпей калган акын, жазуучулардын чыгармалары менен тааныштырабыз.

Мухтар Магауин Казакстан жазуучулар союзунун жана «Жылдыз» журналынын азыркы кайра куруу, айкындык мезгилиндеги турмушу жөнүндө кеңири баяндама жасап, пикир алмашуу үчүн төмөнкү ойлорун ортого салды:

— «Казак кыргыз бир тууган» деген сөз тарыхый мазмунга ээ. Чындыгында эле эки элдин ортосунда жалпы нерселер көп. Тилибиз да окшош. Маданий жана адабий байланыштарга келе турган болсок, тээ өткөн кылымда жарыяланган «Көкөтөйдүн ашы» деген «Манастын» үзүндүсүнөн тартып, азыркы кыргыз жазуучуларынын, асыресе, Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары менен казак окурмандары жакшы тааныш.

Эми минтип журналдарыбыз ошол ишти дагы өркүндөтүү үчүн ишти колго ала баштаганы кубанычтуу маданий окуялардын бири.

Акыркы жылдарда кайра куруунун илеби казак адабий чөйрөсүндө таасын сезилип, чоң өзгөрүүлөр болуп жатат. Алсак, ак жерден соттолуп репрессияга дуушар бол-

гон акындардын адабий мурастары элге тартуулана баштады. Казактын улуу акындарынын бири, Абай Кунанбаевдин окутуучусу Шакеримдин акталышы, анын бай адабий мурасы менен казак адабиятынын казынасы толукталышына алып келди. Шакерим казак поэзиясына жаңычыл формаларды, салттарды алып кирген акын. Ал биринчилерден болуп орус адабиятынын үлгүлөрүн, атап айтканда Пушкиндин «Дубровский» романын, жана башка чыгармаларды казак тилине которгон.

Казак поэзиясы үчүн ушундай эле чоң фигуралардын бири — акын Магжан Жумабаев да жалган жалаадан улам «улутчул» аталып репрессияга дуушар болгон. Ал бош тондукка үндөп, басып алуучуларга каршы пафостогу ырларды жазган. Бул эч кандай улутчулдук эмес.

Мындан башка да казактын алгачкы чыгармачыл интеллигенциясынын жоон тобу «Алаш ордо» уюмуна катышышып, репрессияланып кетишкен. Ошол ак жеринен «улутчул» аталып кеткендердин бири — Ахмет Байтурсунов. Ал казак маданиятында чоң роль ойногон адам. Казак тилинин алгачкы грамматикасын, арибин түзгөн. Өз учурунда улуу көсөмүбүз В. И. Лениндин кабыл алуусунда болуп аңгемелешкен. Ошол учурдагы чоң жазуучулар, маданий ишмерлер тобу «Казак» аттуу газетаны чыгарышкан. Бул газета 1910-жылдан 1918-жылга чейин жарык көрүп турган жана алгачкы казак интеллигенциясынын муунун тарбиялоодо, жалпы эле адабий, маданий багытта көп иштерди аткарган.

Кайра куруу учурунда бул маселелер ачыкка чыгып, кайрадан өз баасын, татыктуу ордун таап жатышат. «Жылдыз» журналы ушундай маселелер менен катар эле азыркы күндүн маселелерине да көңүл буруп жатат. Анын ичинде эң орчундуу маселелердин бири — экология маселеси. Өзүңүздөргө белгилүү — Арал деңизи кургап баратат. Бул трагедиялуу абал азыр бүткүл өлкөнүн масштабында тынчсыздандырып жатат. Экибастуз шаарынын аба-ырайы шарттары да ачык шахтанын зыяндуулугуна байланыштуу начарлап кетти.

«Ала Тоо» журналы сыяктуу биз дагы чет жерлерде жашаган казактардын адабий мурастарына да көңүл бурабыз. Маселен, коңшулаш Кытай Эл Республикасында жашаган казактар менен да маданий байланышты чыңдап, алардын «Шоола» аттуу адабий журналын «Жылдызда» мейманда деп жарыялоого даярдап жатабыз. Алардан башка дагы Афганистанда, Иранда казактар жашайт. Алар менен да мамиле түзүп, өз ара кызматташтыкты колго алууну пландаштырып жатабыз.

Тарыхый чыгармалар көп эле жарыяланып жатат. X кылымдан тартып азыркы күндөргө жете окуяларды камтыган бир топ эле романдар бар. Азыр күн тартибинде турган маселелердин бири — ошол романдар кандай көркөмдүк деңгээлде жазылган жана тарыхый чындыкты сактай алганбы — ушул суроолорду тактоодо турат.

Кеңеш Жусупов:

— Биздин адабиятта бул тема азыр козголо элек дың жер десек да болот, анткени XIX кылымдын окуяларын камтыган бир нече тарыхый романдардан башка Түгөлбай Сыдыкбековдун гана байыркы кыргыз, түрк элдеринин тарыхына байланышкан «Көк асаба» деген романы бар. Бул жагдайда биз аткара турган иштер өтө көп.

Мухтар Магауин:

— Ооба, бизде да аткарчу иштер көп. Максат тарыхый чындыкты сакташ керек. Баса, сиздердин журналдын жарыкка чыккан сандарын карап олтуруп көп окшоштуктарды таптым. Сиздер да биздей эле мурдатан ар түрдүү себептер менен ачыкка чыкпай келген адабий мурастарыңарга кайрыла баштапсыңар. Алардын ичинен мен үчүн өзгөчө кызыгуу туудурганы Белек Солтоноев менен Касым Тыныстанов болушту. Мунун себеби кайсы бир өлчөмдө аталган авторлордун азыр биз аңгемелешүүдө айтып жаткандай эки элдин ортосундагы боордоштукка, адабий жана маданий тыгыз байланышта го деп ойлоймун. Белек Солтоноев өзүнүн «Кызыл кыргыз тарыхында» өз элинин гана тарыхын жазуу менен чектелбестен, коңшулаш казак эли менен болгон мамилелерин да кеңири жазганы биз үчүн да баа жеткис байлык. Ал эми Касым Тыныстанов алгачкы ырларын казак тилинде жазган. Анын ырлары 20-жылдардагы казак поэзиясынын бийик үлгүлөрүнүн катарынан орун алат. Биз Касым Тыныстановду казак окурманы менен кеңири тааныштырсакпы деген ойдобуз. Ошентип, ал бир эле мезгилде эки тилде жазганына байланыштуу эки адабияттын — казак жана кыргыз адабиятынын өкүлү деп аталууга толук акылуу.

Жолугушуунун аягында «Ала Тоо» журналынын башкы редактору Кеңеш Жусупов аңгемелешүүнүн, пикир алмашуунун маселелерин жыйынтыктап, мейманга ыраазычылыкты билдирди.

Жолугушууга журналдын редколлегия мүчөлөрү жана акын, жазуучулар катышышып, өз ойлорун ортого салышты, журналдын иштери жөнүндө өз пикирлерин билдиришти.

* * *

Март айында Ош педагогикалык институтунда окурмандар менен «Ала-Тоо» журналынын конференциясы болду. Конференцияны Ош педагогикалык институтунун проректору Ж. Шериев ачты.

Журналдын баш редактору К. Жусупов журналга жарыяланган материалдардын маани-маңызы, журналдын келечектеги иш планы тууралуу токтолуп, адабий журналга жарыялануучу материалдардын таасирдүүлүгү, алардын көркөмдүк сапатын дагы жогорулатуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу кеңири баяндап берди.